اللغة الفرغيزية

Кыргыз тили
Кыргызча

# Шейх доктор Хайсам Сархандын илимий китепканасы

المكتبة العلمية للشيخ د. هيثم سرحان

Шейх доктор Хайсам Сархандын илимий эмгектери жана түшүндүрмөлөрүнүү жыйнагы. Ал төмөнкү китептерди камтыйт:



01 Аллахтын Элчисинин ﷺ өмүр баяны



02 Маанилүү сабактар



03 Ислам деген эмне?



04 Таухид китеби



Шейх мурда Пайгамбар мечитинде (Аль-Масжид ан-Набавий) жана Куба мечитинде сабак берген. Ошондой эле ал Mahad Sunnah – معهد السنة· онлайн билим берүү институтунун илимий жетекчиси.

معهد السنة
MAHAD SUNNAH

# АЛЛАХ ТАНДАГАН ПАЙГАМБАРДЫН ﷺ КЫСКАЧА ӨМҮР БАЯНЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ


**Бул китепчени Аллахтын кечиримине муктаж**

**ХАЙСАМ ИБН МУХАММАД САРХАН даярдады**

**Медина шаарындагы Пайгамбарлык мечиттин карамагындагы институтта мугалим болуп эмгектенген жана**

http://attasseel-alelmi.com **сайтынын жетекчиси**


**Аллах анын өзүнө, ата-энесине жана бул китепти басып чыгарууда көмөк көрсөткөндөргө кечирим тартууласын**

# الْمُخْتَصَرُ الْمُفِيدُ لِسِيرَةِ النَّبِيِّ الْمُصْطَفَى ﷺ وَشَمَائِلِهِ

بقلم الفقير إلى عفو ربِّه:
هيثم بن محمَّد سرحان

المدرِّس بمعهد الحرم بالمسجد النَّبويِّ -سابقًا-
والمشرف على موقع التَّأصيل العلميِّ

http://attasseel-alelmi.com

غفر الله له ولوالديه ولمن أعانه على إخراج هذا الكتاب

Биринчи басма

Китепке болгон баардык укуктар корголгон

Ким бул китепти бекер таркатуу үчүн башка тилге которууну каалаcа, төмөнкү электрондук дарек аркылуу автор менен байланышса болот:

islamtorrent@gmail.com

# КИРИШ СӨЗ

**Мээримдүү жана Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен!**

Албетте, бардык мактоолор Аллахка гана таандык, биз Ага алкыш айтып, Андан жардам тилеп, кечирим сурайбыз. Өз напсилерибиздин зыянынан жана амалдарыбыздын жамандыгынан коргоону Аллахтан тилейбиз. Кимди Аллах туура жолго салса, аны эч ким адаштыра албайт жана ал кимди адаштырса, аны эч ким туура жолго сала албайт. Күбөлүк беремин: "Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Кудай жок. Ал Жалгыз, эч бир шериги жок жана Мухаммад Анын кулу жана элчиси".

Аллах Таала Куранда айтат:

**"О, ыйман келтирген адамдар! Аллахтан чындап корккула жана мусулман** (ыймандуу) **болуп гана өлгүлө"** (Аалы Имран сүрөсү 102-аят)

**"О, адамдар! Раббиңерден корккула! Ал силерди бир жандан** (Адам-Атадан) **жаратып, андан** (анын кабыргасынан) **жубайын жаратып, анан ал экөөнөн көп аял-эркектерди таратты. Жана Аны**(н ысымы) **менен бири-бириңерден нерсе сурай турган Аллахтан корккула жана тууган-уруктардан** (алыстап кетүүдөн) **абайлагыла. Албетте, Аллах силерди Көзөмөлдөөчү".** (Ниса сүрөсү, 1-аят)

**О, момундар! Аллахтан корккула жана жалаң чын сөздөрдү сүйлөгүлө!"** (Ахзаб сүрөсү, аят 70)

Андан соң:

Жогоруда айтылган сөздөр, өз пайгамбарын жана ал үйрөткөн жолду таанып-билүүгө умтулган адам үчүн өтө маанилүү. Ибн аль-Каййим (Аллах ага ырайым кылсын) айтат: "Эгер адам баласынын эки дүйнө бактылуулугу пайгамбардан ﷺ, мурасталган жетектөөгө байланган болсо, демек, өзүнө жакшылык каалап, азаптардан алыс болуп, бактылуу болгум келет деген адам, милдеттүү түрдө анын ошол жетектөөсүн, өмүр баянын окуп билип, пайгамбар жөнүндө кабар албай калгандардын катарынан чыгып, анын жолун жолдогондордун катарына кошулушу керек".

Бул жаатта, адамдар үч түрлүү болот: кичине билгиси келгендер, көп билгиси келгендер жана кур калгандар. Жоомарттык болсо Аллахтын колунда – Ал кимге кааласа Өзү тартуулайт жана Ал улуу берешендиктин ээси.

Менин Аллахтан суранаарым, мени Пайгамбарды ﷺ сүйгөндөрдөн кылып, ал буюрган иштерге моюн сундуруп, ал тыйган иштерден жүз бургандардан кылса экен.

О, Жараткан Аллах! Мухаммад жана анын үй-бүлөсүнө, Ибрахим жана анын үй-бүлөсүнө бата бергендей батаңды бер! Мухаммад жана анын үй-бүлөсүн, Ибрахим жана анын үй-бүлөсүн берекелүү кылганыңдай берекелүү кыл! Албетте Сен – мактоого татыктуу, Улук Затсың! Ааламдардын Эгеси – Аллахка мактоолор болсун!

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ:

# ПАЙГАМБАРДЫН ﷺ ЖЕКЕ СЫПАТТАРЫ ЖАНА ЖЕТЕКЧИЛИГИ

# ПАЙГАМБАРДЫН ﷺ ЖЕКЕ СЫПАТТАРЫ

## АНЫН АТА-ТЕГИ

Ал ﷺ – Мухаммад ибн Абдуллах ибн Абдуль-Мутталиб ибн Хашим ибн Абдуманаф ибн Кусай ибн Киляб ибн Мурра ибн Ка'б ибн Луай ибн Галиб ибн Фихр ибн Малик ибн Надр ибн Кинана ибн Хузайма ибн Мудрика ибн Ильяс ибн Мудар ибн Низар ибн Ма'ад ибн Аднан.

Ал эми Аднан - курмандыкка чалынмакчы болгон Ибрахимдин уулу Исмаилдин тукумдарынан.

Демек, анын ата-теги жер-бетинде өмүр улаган эл арасында эң жакшысы. Рим падышасы Ираклий Абу Суфьянга кайрылган хадисте айтылгандай: ***“Мен сенден анын ата-тегин сурасам, ал кадыр-барктуу уруудан болот дедиң, бирок бардык пайгамбарлар өз элиндеги кадыр-барктуу уруулардан болушкан”***.

## ПАЙГАМБАРДЫН тандалышы

Аллахтын элчиси ﷺ мындай деген: "**Чындыгында, Аллах Ысмайыл уулдарынан Кинана уруусун тандап, Кинана уруусунан Курайшийлерди, Курайш уруусунан Хашим уулдарын, Хашим уулдарынан мени тандаган**".

## АНЫН ЫСЫМДАРЫ

Бул ысымдар жөн гана элдикиндей ысым болбостон – мүнөздөмө маанисин да туюндурат. Бул ысымдар анын мактоого ылайык кемчиликсиз сыпаттарынан алынган.

### МУХАММАД

Бул анын эң кеңири белгилүү ысымы жана ушул ысым менен Тоорат китебинде так айтылган. Бул ысымдын мааниси - көптөгөн мактоого татый турган сыпаттарга ээ дегенди билдирет.

### АХМАД

Бул ысымдын мааниси – Аллахтын макулуктарынын арасынан эң мактоого татыктуусу дегенди билдирет. Ушундай даражалуу сыпаттары үчүн ага жер-асмандагылар жана эки-дүйнө тургундары бүт алкыш айтат. Бул ысым менен аны Ыйса пайгамбар атаган.

### МУТАВАККИЛЬ

Бул ысымдын мааниси – Аллахка тобокел кылуучу, таянуучу. Анын бул ысым менен аталып калышынын себеби, ал Ислам динин иш-жүзүнө ашыруусунда Аллахка болгон тобокелчилиги, эч бир макулуктун тобокелин теңине алган эмес.

# АНЫН ЫСЫМДАРЫ

| | |
|---|---|
| АЛЬ-МАХИ | Ал ﷺ аркылуу Аллах каапырчылыкты жок кылат жана бул иште ага эч бир макулук тең боло алган эмес. |
| АЛЬ-ХАШИР | Анын ﷺ тегерегине элдер чогулушат жана ал элдерди чогултуу үчүн жиберилгендей. |
| АЛЬ-АКЫЙБ | Ал ﷺ пайгамбарлардын мөөрү жана андан кийин пайгамбар келбейт. |
| АЛЬ-МУКАФФ | Ал ﷺ өзүнө чейинки пайгамбарлардын жана элчилердин жолун улаган, ошондуктан Аллах Таала аны алардын орун басары кылып койгон. |
| НАБИ АТ-ТАУБА | Ал ﷺ аркылуу Аллах Таала жер бетиндегилерге тооба эшиктерин ачып, алардын тообаларын кабыл кылган. Буга чейин мынчалык деңгээлде болгон эмес эле. Ал эми Аллахка эң көп тооба кылып, истигфар айтып турган бул – пайгамбар болгон. |
| НАБИ АЛЬ-МАЛЬХАМА | Ал ﷺ Аллахтын душмандарына каршы күрөшүү үчүн жөнөтүлгөн. Аллахтын элчиси ﷺ жана анын үммөтү кылган иш-аракеттерди бир да пайгамбар өз үммөтү менен кылган эмес. Ошондой эле, мындай улуу беттешүүлөр да мурун болгон эмес. |
| НАБИ АР-РАХМА | Аны ﷺ Аллах Таала ааламдарга мээрим катары жөнөткөн. Жер бетинде өмүр улагандардын бардыгына жиберип, Аллах аларга мээримин төктү. Ыймандуулар бул нээматка толугу менен татышкан. Ал эми каапырлар, мисалы христиандар жана жөөтөр, мусулмандардын карамагында, убадаланган кепилдигинде жана камкордугунда жашашкан. |
| АЛЬ-ФАТИХ | Ал ﷺ аркылуу Аллах Таала чоң чайпалууга дуушар болгон чыныгы акыйкаттын эшиктерин кайрадан ачык кылып, ал себептүү Аллах сокурлардын көзүн, дүлөйлөрдүн кулактарын жана бекип калган жүрөктөрдү ачып койду. Ошондой эле Аллах бул пайгамбарды себеп кылып каапырлардын өлкөлөрүн, Бейиш дарбазаларын, пайдалуу илим жана жакшы амалдардын жолун ачты. |

## АНЫН ЫСЫМДАРЫ

### АЛЬ-АМИН

Ал ﷺ бул ысым менен аталууга эң татыктуу адам. Аллах ага Өз динин жана вахийлерди ишенип тапшырган. Жер-асман тургундарынын арасында ишеничке ээ. Атүгүл каапыр курайшийлер дагы аны пайгамбарлыкка чейин: *“бул арабыздагы эң ишеничтүү адам”* - деп айтышчу.

### АЛЬ-БАШИР

Анын динине моюн сунгандарга кубанычтуу кабар айтып сүйүнчүлөгөн, ал эми ким баш ийбесе аны азапталып калышын эскерткен.

### САЙЙИД УАЛЯД АДАМ

Пайгамбар ﷺ айтат: ***"Сурак Күнү Адам баласынын алдыңкысы менмин жана мен муну мактаныч кылып айтканым жок”.***

### АС-СИРАЖ АЛЬ-МУНИР

Ал ﷺ – өрттөнбөстөн нурдантуучу.

## АЛ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ БАЯНДАМА

Ал ﷺ – Абдуллах, аябай берилип ибадат кылгандыгы менен өзгөчөлөнгөн Аллахтын кулу.

Пайгамбар ﷺ тууралуу эң жакшы баяндама бул өзү айткан сөздөр: ***"Мен – Мухаммад, Аллахтын кулу жана элчисимин жана мага Аллах берген даражадан өйдө коюшуңарды каалабаймын”.***

Ал ﷺ адамкерчилиги жана адеп-ахлагы боюнча адамдардын эң жакшысы болгон. Аллах Таала айтат: ***"...жана сен улук ахлактын үстүндөсүң"***. (Калам сүрөсү 4-аят) Ошондой эле Аиша (رضي الله عنها) айтат: ***"Анын ахлагы Куран болгон"***. Ал Куран менен жашап, анда коюлган чектен ашкан эмес жана Куранга ылайык болсо ыраазы болуп, Куранга каршы келсе ачууланган.

### ХАЛИЛ АЛЛАХ

Ал өзү ﷺ мындай деген: ***"Чындыгында Аллах мени Ибрахимди*** *(жакын)* ***дос кылып алгандай*** *(жакын)* ***дос кылып алды”.***

## АНЫН КЕЛБЕТИ

### АНЫН ШАРАПАТТУУ ДЕНЕСИ

Анас ибн Малик айтат: *«Аллахтын элчисинин ﷺ жүзү жаркырап акжуумал болгон, ал эми тердегенде тер тамчылары бермет сымал эле. Басып баратканда оңго-солго ийилип басчу жана мен Аллахтын элчисинин алаканындай жумшак жибек же дибаж да кармап көргөн эмесмин, Аллахтын элчисинин ﷺ жыпар жытындай жагымдуу миск же амбра жытын да жыттап көргөн эмесмин».*

## АНЫН КЕЛБЕТИ

### АНЫН БОЮ

Аль-Бара ибн Азиб айтат: *«Аллахтын элчиси ﷺ орто бойлуу, кең далылуу, чачтары болсо кулактарынын учтарына тийип турчу. Бир жолу мен аны кызыл кийимчен көрдүм, андай көркөм, жагымдуу эч кимди көрө элекмин».*

### АНЫН ЖҮЗҮ

Ка'б ибн Малик айтат: *«Мен Аллахтын элчиси ﷺ менен учурашканда, анын жүзү кубанычтан жаркырап турган эле. Аллахтын элчиси ﷺ бир нерсеге кубанса, жүзү жаркырап, айдын бир бөлүгүндөй болуп калчу, биз анын жүзүнөн билип калаар элек».*

Аль-Барадан сурашты: *"Пайгамбардын ﷺ жүзү кылычтай беле?"*, ал жооп берди: *"Жок, тескерисинче айга окшоп турчу".*

### ЧАЧТАРЫ

Анас ибн Малик айтат: *«Пайгамбардын ﷺ колдору чоң эле, мен кийин ага окшош эч кимди көргөн жокмун жана анын чачтары өтө тармал эмес, түз дагы эмес, орточо болчу».*

### КӨЗДӨРҮ

Джабир ибн Самура айтат: *«Аллахтын элчисинин ﷺ оозу чоң болчу, көздөрүнүн актарында кичине кызгылт байкалчу жана согончоктору эттүү эмес эле ».*

### ТЕРИНИН ЖЫПАР ЖЫТЫ

Анас ибн Малик: айтат *«Күндүзгү маалда пайгамбар ﷺ биздин үйгө келип, бир аз уктап алганы жаткан кезде, тердеп кеткен экен. Ошондо анын жанына менин энем барып бир шишеге анын тер тамчыларын чогултуп баштады. Пайгамбар ﷺ ойгонуп:* ***"О, Умм Сулейм, эмне кылып жатасың?"*** *— деди, анда ал:* ***"Бул сенин тер тамчыларыңан, биз муну атырларга кошобуз, анткени бул эң жыттуу атыр сымал"*** *— деди.*

### ПАЙГАМБАРЛЫК МӨӨРҮ

Анын ﷺ эки далысынын ортосунда тубаса такка окшош пайгамбарлык мөөрү даана көрүнүп турчу.

Жабир ибн Самурадан мындай кабар жеткен: *«Мен анын далысынан көгүчкөндүн жумурткасындай болгон пайгамбарлык мөөрүн көрдүм, көрүнүшү анын денесинин сүрөтүн чагылдыргандай болчу».*

# АНЫН АДЕП-АХЛАГЫ

## САХАБАЛАРЫНЫН УРМАТЫ

'Амр ибн аль-'Ас айтат: *«Мен эч кимди Аллахтын элчисинен ﷺ дагы көбүрөөк сүйүп, андан артык көргөн эмесмин. Мен аны ушунчалык сыйлаганымдан, жүзүнө тике карай алчу эмесмин, ал эми менден аны сүрөттөп бер дешсе, сүрөттөп бере албаймын, анткени эч качан аны тике карап көз салган эмес элем».*

'Урва ибн Мас'уд ас-Сакафи Худайбия күнү курайш уруусуна Аллахтын элчисин ﷺ сүрөттөп берип жатып мындай дейт: *«Аллахка ант, мен өз жакындары тарабынан, Мухаммадды сахабалары сыйлагандай, сыйга ээ болгон бир дагы падышаны көргөн эмесмин. Аллахка ант, ал түкүргөндө бирөөсүнүн алаканына шилекейи чачыраган болсо, ал адам сөзсүз бетине же денесине шыбап коет. Кандай иш буюрбасын, аткарууга шашылышат, даарат алса, андан калган сууну талашып, урушуп кете жаздашат. Эгер ал сүйлөп баштаса унчукпай туруп калышат, өзгөчө сый-урмат көргөзүшөт, жада калса жүзүнө тике карашпайт».*

## АЛЛАХКА БОЛГОН МАМИЛЕСИ

Абдуллах ибн аш-Шиххир айтат: *«Биз Аллахтын элчисине ﷺ: **"Сен биздин падышабызсың!"** – дедик эле, ал ﷺ: **"Падыша бул – Улуу, Кадырлуу Аллах"** – деди. Анда биз: **"Биздин арабыздагы эң татыктуу!"** – деп айтсак, ал ﷺ: **"Айтчу сөзүңөрдү айта бергиле, бирок байкап сүйлөгүлө, шайтан силерди азгырып кетпесин"** - деди"».*

## ЭРДИГИ

Али ибн Талиб айтат: *«Согуш кызыгына жетип, эки тарап беттешип калганда биз корголоп Аллахтын элчисине жакындап барчубуз жана арабыздан душманга андан ашып жакындаган эч ким болгон эмес».*

## ТАКЫБАЛЫГЫ

Пайгамбар ﷺ мындай деген: ***«Аллахка ант, чындыгында мен Аллахтан силерден көбүрөөк корком жана Анын азабынан силерден да көп кооптоном».***

## ЭҢ ЖАКШЫ БАГАРМАН

Пайгамбар ﷺ мындай деген: ***«Араңардан эң жакшыңар - өз үй-бүлөсүнө эң жакшы мамиле кылганыңар, ал эми силердин араңардан өз үй-бүлөсүнө эң жакшы мамиле кылган бул - менмин».***

## УЯТТУУЛУГУ

Абу Са`ид аль-Худри айтат: *«Аллахтын элчиси ﷺ парданын артындагы жаш кыз бери жакта калгыдай, өтө чоң уяттуулугу менен айырмаланып турчу, Ага жакпаган иш болуп калса анын жүзүнөн байкап калчубуз».*

## ЖЕҢИЛДЕТҮҮСҮ

'Аиша رضي الله عنها айтат: *«Аллахтын элчиси ﷺ эки иштин бирин тандаш керек болсо, сөзсүз жеңилирээгин тандачу. Бир гана күнөө аралаш иш болуп калса, элден биринчи болуп андай иштен алыс качат эле...».*

# АНЫН АДЕП-АХЛАГЫ

| | |
|---|---|
| **ӨЗҮ ҮЧҮН ӨЧ АЛГАН ЭМЕС** | 'Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) رضي الله عنها айтат: *«Аллахтын элчиси ﷺ эч качан өзү үчүн өч алган эмес, бирок Аллахтын кайсы бир тыюу салынган өкүмү бузулса, ошол үчүн өч алган».* |
| **ТАМАК-АШТЫ ЖАМАНДАГАН ЭМЕС** | 'Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: *«Аллахтын элчиси ﷺ эч качан тамак-ашты жамандаган эмес, кааласа жечү, каалабаса калтырып койчу».* |
| **БЕЛЕК АЛГАН** | 'Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: *«Аллахтын элчиси ﷺ белек алган жана ордуна кайра бир нерсе белек берген».* |
| **САДАКАДАН ЖЕЧҮ ЭМЕС** | Пайгамбар ﷺ айткан: ***«Чындыгында, Мухаммадтын үй-бүлөсү садака катары берилген нерседен жебейт».*** |
| **ООР-БАСЫРЫКТУУ-ЛУГУ** | Укба ибн Амир айтат: *«Бир жолу пайгамбарга ﷺ бир адам келип кайрылып калды. Анан сүйлөп жатып, толкунданнуудан улам үнү титиреп баштады. Анда пайгамбар ﷺ ага:* ***"Жайдары бол, чындыгында мен падыша эмесмин, сүрсүгөн эт жеген аялдын эле баласымын»*** *- деди».* |
| **ҮЙДӨГҮЛӨРҮНӨ ЖАРДАМ БЕРГЕН** | Аль-Асвад ибн Йазид айтат: *«Мен Айишадан (Аллах андан ыраазы болсун):* ***"Пайгамбар ﷺ үйдөн эмне кылчу эле?»*** *- деп сурасам, ал мындай жооп берген:* ***«Үйүндөгүлөргө үй иштеринде жардам берчү, ал эми намаз маалы келгенде намазга кетчү».*** |
| **НААДАНДАРГА КӨҢҮЛ БУРЧУ ЭМЕС** | Абу Хурайранын кабарында Аллахтын элчиси ﷺ сахабаларына мындай дегени айтылат: *«Курайшийлердин сөккөндөрүн жана каргыштарын Аллах менден кантип буруп койгондугу силерди таң калтырбайбы? Алар "музаммамды" сөгүп, "музаммамды" каргап жатышат, мен болсо Мухаммадмын».* |
| **ЧЫНЧЫЛ-ДЫГЫ** | Абдуллах бин Мас'уд айтчу: *«Чынчыл, ишеничке ээ Аллахтын элчиси ﷺ айтып берди...».* |
| **КЫЗМАТЧЫЛАРГА БОЛГОН МАМИЛЕСИ** | Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: *"Мен Аллахтын элчисине ﷺ он жыл кызмат кылгам, ошондо ал бир да жолу мага -"Уф!" , – деген эмес. Бир нерсе кылсам, бир да жолу - "Эмнеге андай кылдың?", деген эмес. Ошондой эле, эч нерсе кылбай койгон учурда, бир да жолу - "Эмнеге муну кылбадың?" – деген эмес.* |

# АНЫН АДЕП-АХЛАГЫ

## АЛ САХАБАЛАРДЫН АРАСЫНАН ӨЗГӨЧӨЛӨНГӨН ЭМЕС, АНЫН КЕҢ-ПЕЙИЛДИГИ ЖАНА АЧЫКТЫГЫ

Анас, Аллах андан ыраазы болсун, мындай кабарлайт: *“Бир жолу биз Аллахтын элчиси ﷺ менен мечитте отурсак, төө минген бир адам жакындап келди. Ал төөсүн мечиттин алдына чөктүрүп, тушап коюп, бизден сурады:* ***“Араңардан Мухаммад деген ким?”*** *Ал маалда пайгамбарыбыз ﷺ адамдардын арасында колун таянып отурган эле. Биз ага:* ***“Тээтиги, жарым-жартылай колун таянып жаткан ак-жумал адам”*** *– дедик. Анда ал киши:* ***“Ибн Абд аль-Мутталлиб сенсиңби?”*** *– деди. Пайгамбар ﷺ ага:* ***“Сени угуп жатам”*** *– деди. Ал киши ага:* ***“Мен сенден кененирээк сурап алайын, мага ачууланба”*** *– деди. Анда пайгамбар ﷺ:* ***“Каалаганыңды сура”*** *– деди. Ал киши:* ***“Сенин жана сага чейинкилердин Раббисин ортомчу кылып сурайм, сени ошондо адамзатка Аллах жибердиби?*** *Анда пайгамбар ﷺ:* ***“Оо, Аллах, ооба”,*** *- деди. Ал киши анан:* ***“Сенин жана сага чейинкилердин Раббисин ортомчу кылып сурайм, бизди күн-түн ичинде беш маал намаз окушсун деп сага Аллах буйрук кылдыбы?*** *Анда пайгамбар ﷺ:* ***“Оо, Аллах, ооба”,*** *- деди. Ал киши кайра:* ***“Сенин жана сага чейинкилердин Раббисин ортомчу кылып сурайм, ошондо бизди бир ай бою орозо тутушсун деп сага Аллах буйрук кылдыбы?*** *Пайгамбар ﷺ:* ***“Оо, Аллах, ооба”,*** *- деди.* Ал киши кайра: ***“Сенин жана сага чейинкилердин Раббисин ортомчу кылып сурайм, ошондо арабыздагы байлардан садака алып кембагалдар арасында таратып бер деп сага Аллах буйрук кылдыбы?*** Анда пайгамбар ﷺ: ***“Оо, Аллах, ооба”, -*** деди. Ошондо ал адам: ***“Сен алып келген нерсенин баарына ыйман келтирдим, мен – Димам бин Салямамын, бану саад бин бакр уруусунун туугандарынан болом, мени биздин уруудагылар сага жөнөтүшкөн”*** *– деди.*

## ЖЕГЕН НАНЫ

Аиша, Аллах андан ыраазы болсун мындай деген: *– Мухаммадтын ﷺ үй-бүлөсү, ал өлөөр-өлгүчө эки күн бою буудай нандан тойгуча жеп көргөн эмес.*

## ДҮНҮЙӨКОР ЭМЕСТИГИ

Пайгамбар ﷺ айтат: ***“Ухуд тоосундай болгон алтынга ээ болуу мен үчүн бир гана учурда кубаныч тартууламак: эгер аны үч күн аралыгында Аллахтын кулдарына бир да динар калбай калгыча ар кандай түрдө тараткан болсом, бир гана карыздардан кутулуш үчүн кичине алып койбосом эле!”***

# АНЫН АДЕП-АХЛАГЫ

**УРУШКАН ЭМЕС**

Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) мындай дейт: *"Ал ﷺ уяттуу эч нерсе кылган да эмес, айткан да эмес, базарларда кыйкырчу эмес, жамандыкка жамандык менен жооп берген эмес, тескерисинче кечиримдүү болгон".*

**ЧООЧУН АЯЛГА КОЛУ ТИЙИП КӨРГӨН ЭМЕС**

Аиша, Аллах андан ыраазы болсун айтат: *"Аллахтын элчисинин ﷺ алаканы ага чоочун аялдын алаканына тийип көргөн эмес".*

**АНЫН ТУРАК-ЖАЙЫ ЖАНА ТИРИЧИЛИГИ**

Умар бин аль-Хаттаб айтат: «*Мен Аллахтын элчисине ﷺ кирсем, ал пальма жалбырактарынан токулган төшөнчүдө жаткан экен, жанына отурдум. Отурсам, изарын чоюп денесин жаап алды, үстүндө башка кийими жок эле. Токулган төшөнчү денесине өтүп кетип, токуманын издери калып калыптыр. Аш сактоочу жайын карасам бир са' арпа тургансыйт, бөлмөнүн башка тарабында дагы ошончолук араб акациясынын саадактары илинип турат жана толук ашатыла элек бир тери турат".* Умар айтат: *"Ошондо эки көзүм жашка толду". Анан ал ﷺ менден сурады*: ***"Ыя, аль-Хаттабтын баласы, эмнеге ыйлап жатасын?"*** *Мен айттым: "Оо, Аллахтын пайгамбары! Кантип ыйлабай коем? Төшөнчүң денеңе так калтырып жатса, аш сактаган жайыңда тигинден башка эч нерсе жок. Ал эми Персия падышасы-Хосрой менен Византия императору мөмө-жемиштер, дарыялар арасында жүрүшөт. Сен болсо Аллахтын элчисисиң, Ал сени тандаган, анан сенин аш сактоочу жайың ушубу?!"* Анда ал: ***"Оо, аль-Хаттабтын баласы! Аларга бул дүнүйө, бизге болсо түбөлүк акырет берилээрине ыраазы эмессиңби?"*** *– деди. Мен ошондо: "Ооба, албетте ыраазымын" – деп жооп бердим*».

# БИРИНЧИ ЭКЗАМЕН

| СУРООЛОР: | ТУУУРА | ТУУРА ЭМЕС |
|---|---|---|
| • Адам баласынын эки дүйнө бактысы Пайгамбарды ﷺ ээрчүү жолуна байланган. | ☐ | ☐ |
| • Бардык пайгамбарлар өз элинде белгилүү уруулардан болушкан | ☐ | ☐ |
| • Пайгамбарга ﷺ эң жакшы баяндаманы ал өзүнө өзү берген, ал мындай деген: ***Мен – Мухаммад, Аллахтын кулу жана элчиси.*** | ☐ | ☐ |
| • Жибек менен дибаж пайгамбардын алаканынан да жумшак. | ☐ | ☐ |
| • Аллах Таала Өз пайгамбарына эң сонун адеп-ахлакты, адамкерчиликтүүлүктү, илимди жана улуулукту тартуулаган. Эки дүйнө бактылуулугуна ээ кылчу себепти ага тартуу кылып, андан башка эч кимге андай нерсени берген эмес. | ☐ | ☐ |

• Адамдардын арасынан ата-теги эң жакшы болгон бул:
☐ *Йунус ибн Матта* ﷺ ☐ *Мухаммад ибн Абдуллах* ﷺ.

• Анын ысымдары бул: ☐ *жөн гана ысым эмес, сыпатын дагы чагылдырат* ☐ *башка элдердикиндей эле жөн эле ысым* ☐ *кемчиликсиз мактоого тете сыпаттарынан келип чыккан* ☐ *бардыгы* ☐ *биринчи жана үчүнчү*

• ***"Анын ахлагы Кураан болгон"*** – дегендин мааниси: ☐ *Кураанга ылайык келген нерседен ыраазы болгон* ☐ *Кураанга каршы келген нерсеге нааразы болгон* ☐ *Экөө тең*

• Халил Аллах бул: ☐ *Ибрахим пайгамбар* ☐ *Мухаммад* ﷺ *пайгамбар* ☐ *Экөө тең*

• «Аллахтын элчисинин ﷺ жүзү жаркырап турчу, демек:
☐ *эгин өңдүү болгон* ☐ *ак –жумал болгон* ☐ *сары болгон*

• Эң сонун жыпар жыт бул: ☐ *Мисктики* ☐ *Пайгамбардын* ﷺ *тер суусу*

• Пайгамбарыбыз ﷺ : ☐ *орто бойлуу болгон* ☐ *узун бойлуу болгон*

• Анын пайгамбарлык мөөрү: ☐ эки далысынын ортосунда ☐ *анын тулку-бой денесин чагылдырып тургандай болчу* ☐ *көгүчкөндүн жумурткасы менен тең болчу*
☐ *бардыгы туура*

| Аллах тандаган: | Кинанадан | Хашим уулдарынан | Ысмайылдан | Курайшийлерден |
|---|---|---|---|---|
| Кинананы | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Курайшты | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Хашим уулдарын | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Өз пайгамбарын ﷺ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| Анын ата-теги | Аты | Атасынын аты | Чоң-атасынын аты | Чоң чоң-атасы | Ата-бабасы | Эң улуу бабасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Хашим | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Абдулмутталиб | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Абдуллах | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Мухаммад | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Исмаил | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Ибрахим | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| Ар бир ысымын маанисине жараша белгиле | Мухаммад | Ахмад | Акыйб | Сирадж |
|---|---|---|---|---|
| Раббисин баарынан көп алкыштаган | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Тутанбастан жарык берүүчү | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Көптөгөн мактоого тете сыпаттарга ээ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Ал пайгамбардардын мөөрү жана андан кийин байшка пайгамбар болбойт | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| Пайгамбар ﷺ ээ болгон: | Алакандарга | Жыпар жытка | Үй-бүлөсүнө кылган мамилеси менен | Адеп-ахлак-ка | Такыбалык-ка |
|---|---|---|---|---|---|
| Адамдардын эң жакшысы деген сыпатка | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Эң жумшак | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Эң жагымдуу | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Эң мыкты | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Эң күчтүү | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| **Пайгамбар ﷺ :** | **Аллах үчүн** | **Тамак-ашты** | **Өзү үчүн** | **Садака менен** | **Белек** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өч алган эмес | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Өч алган | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Жамандаган эмес | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Кабыл алган жана өзү да берген | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Тамактанган эмес | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

# АНЫН ЖЕТЕКЧИЛИГИ

## АНЫН КИЙИНГЕНИ, ЖЕГЕНИ ЖАНА ИЧКЕНИ

| | |
|---|---|
| **ЖАКШЫ КӨРГӨН ТҮСҮ** | Ал ак түстү жакшы көргөн. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: ***"Кийимдериңердин эң жакшы түстөгүсү – бул ак кийимдер, андыктан өзүңөр кийгиле жана маркумдарыңарды ошондойго орогула".*** |
| **КИЙИМИ** | Аябай жөнөкөй кийинген. Жүндөн, пахтадан же кендирден кийим кийген. Кийимди оң жагынан баштап кийген. |
| **КИЙИМИ МЕНЕН ӨЗГӨЧӨЛӨНГӨН ЭМЕС** | Кээ бир салафтар айтышкан: *“Аябай кымбат же аябай эскирген кийим кийгенди жактырчу эмес”.* Ибн Умар Аллахтын элчисинен ﷺ кабарлайт: ***"Кимде-ким бул дүйнөдө, көйрөңдөтүүчү кийимдерди кийсе, Сурак күнү Аллах ага басынтуучу кийим кийгизип туруп Тозокко киргизет".*** Мындай адам текеберленип, өзүн башкалардан өйдө сезип турат, ошол үчүн Аллахтан жазасын алат. Ошондой эле Ибн Умар Пайгамбар ﷺ айтканын кабарлайт: ***“Текеберлигинен улам кийимин шөлбүрөтүп жерге сүйрөп кийген адамдарга Сурак Күнү Аллах назар салбайт”.*** |
| **ЖЕГЕН ТАМАГЫ** | Турган тамакты чанган эмес, жок тамакты эңсеген эмес. Эмне тамак берилсе ошону жечү, жегиси келбеген тамакты жараксыз экен деп жарыялабай эле калтырып койчу. Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: ***«Аллахтын элчиси ﷺ эч качан тамак-ашты жамандаган эмес, кааласа жечү, каалабаса калтырып койчу».*** Мисалы, ал кескелдирикти жеген эмес, анткени андай этке көнгөн эмес болчу. |
| **ТАМАКТАНГАНЫ** | – Көбүнчө ал ﷺ жерге төшөлгөн тасмалдан тамактанган.<br>– Ал ﷺ тамакты үч манжасы менен жеген<br>– Тамактанып отурган кезде чалкалап жөлөнгөн эмес.<br>– Тамактанууну **“бисмиЛлях”** (“Аллахтын аты менен”), деп баштаган жана аяктаганда дагы Аллахка шүгүр келтирген.<br>– Тамактанып бүткөн соң манжаларын жалап койчу. |
| **СУУСУНДУК ИЧКЕНИ** | – Көбүнчө ал ﷺ отуруп ичкен жана отура албагыдай бир себеп болмоюн туруп ичүүгө тыюу салган.<br>– Өзү ичип бүткөн соң, улуулар сол тарапта турса дагы ага карабастан, суусундук куюлган кумараны оң тарабындагыларга сунган. |

## ҮЙЛӨНГӨНҮ ЖАНА АЯЛДАРЫНА КЫЛГАН МАМИЛЕСИ

– Пайгамбар ﷺ айткан: ***"Бул дүнүйө кызыктарынан мен жыпар жыттарды жана аялзатын жакшы көрөм , ал эми намаз мага ырахат табуу үчүн берилди"***.
– Өзүнүн аялдарына сарпталган каражатты, биргеликте өткөргөн убакытты жана түндөрдү адилеттүү бөлүштүргөн.
– Аиша (Аллах андан ыраазы бослун) айтат: *"Пайгамбарыбыз ﷺ жолго чыгаарда аялдарынын ортосунда чучук-улак карматып, кимдин жебеси чыкса ошону ала кетчү жана ошол сапар учурундагы түндөрүн башка аялдарына кайра толуктап берчү эмес".*
– Өзүнүн аялдарына жасаган мамилеси бул эң жакшы адеп-ахлактын жана мамиле куруунун үлгүсү.
– Ал Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) менен ойноп турганга ансарлардын кыздарын жөнөтүп турган. Эгер кайсы бир оюн ага жагып калып, ал оюндун жаман жактары болбосо, анда ойногонго тыюу салчу эмес.
– Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: *«Аллахтын элчиси ﷺ далай жолу менин этек кирим келип жаткан учурда, тиземе башын коюп, мага жөлөнүп алып Куран окуган»..*
– Анын этек кири келген маалда деле изарын кийгизип алып аны менен ырахаттанган.
– Орозо кармаган кезде деле аялын өпкөн.
– Ойногонго уруксат берип, өзү кошо бир эмес эки жолу жарышып чуркап, үйдөн чыгып бара жатып түртүшүп ойногондору анын ﷺ кичи-пейилдиги жана боорукерлигинен кабар берет.
– Эгер ал алыскы сапардан түн ичинде кайтып келип калса аялынын үйүн такылдаткан эмес жана башкаларды дагы тыйган.

## АНЫН УКТАГАНЫ ЖАНА ОЙГОНУУСУ

– Аллахтын элчиси ﷺ төшөкө жатайын дегенде: ***"О, Аллах ! Сенин атың менен мен тирилем жана өлөм"*** – дечү. Ошондой эле күнүгө жатаар маалда алакан жайып, шилекей чачыратып үйлөп анан: "Аль-Ихлас", "Аль-Фаляк" жана "Ан-Нас" сүрөлөрүн окуп туруп алакандары менен бүт денесин сүртүп чыкчу. Биринчи башын, анан бетин, анан денесинин алдынкы бөлүгүн, кийин калган жактарын сүрткөн. Өзүнө үч ирээт ушинтип дем салган. Уктаар алдын оң колун оң жаагынын алдына коюп туруп, үч жолу: ***"О, Аллах! Өз пенделериңди тирилткен күнү мени Өз жазалооңдон сакта!"*** – деп айткан. Ал ﷺ уйкудан ойгонгон маалда: ***"Өлүмдөн кийин кайра тирилткен Аллахка мактоолор болсун, биз кийин Ага кайтып барабыз"*** – деп айтып туруп, тишин мисвак менен тазалаган.
– Көбүнчө түндүн биринчи бөлүгүн уйкуга бөлүп, экинчи бөлүгүн түнкү намаздарда өткөргөн. Кээде мусулмандардын иштери менен алек болгон кезде түндүн биринчи бөлүгүндө уктай алчу эмес.
– Көздөрү уйкуга бөлөнчү, бирок жүрөгү уктачу эмес.
– Ал ﷺ уктаганда өзү турмайын эч ким ойготчу эмес.
– Пайгамбарыбыздын уйкусу ﷺ өтө узак эмес, өтө кыска эмес, орточо болгон. Негизи ушундай уйку пайдалуу болот.

## АНЫН ﷺ ЭЛДЕР МЕНЕН БОЛГОН МАМИЛЕСИ

– Кээде пайгамбарыбыз ﷺ тамашалаган, бирок тамашасында дагы чындыкты айткан.
– Кээде пайгамбарыбыз ﷺ кыйытып жооп берген, бирок андай учурда дагы бир гана чындыкты айткан.
– Пайгамбарыбыз ﷺ кеңеш берген, өзү да кеңешип турган.
– Пайгамбарыбыз ﷺ ооругандарды зыярат кылган, маркумду кабырына узаткан, чакырууга жооп берген, жесирлердин, муктаждардын жана алсыздардын иштерин бүтүрүп берген.
– Пайгамбарыбыз ﷺ акындын мактап ырдаганын угуп, ага белек берип ыраазы кылган. Ал негизи андан да көп мактоого татыктуу болчу, ал эми кээ бир адамдардын мактоосу жөн гана жалган нерсе болуп жатпайбы.
– Ал ﷺ бут кийимин, кийимдерин, чакасын өз колу менен оңдоп, жамап алып турган. Ал кой сааган, өзүнүн кийимдерине көңүл бурган, үй-бүлөсүн баккан жана мечит салып жатканда элге аралашып эле чоогу кыш ташыган.
– Кээде ачкалыктын айынан курсагына таш байлап алган, бирок тойгуча тамактанган күндөр деле болгон.
– Ал ﷺ конок тоскон, өзү да коноко барган.
– Ал төбөсүнөн, таманынын ички бетинен, белдин эки жагынан, моюнунан жана моюндун астынан хижама аркылуу кан алдырган.
– Ал ﷺ ооруганда дарыланган. Ал өзүнө күйгүзүү ыкмасын колдонгон, бирок башка бирөөнү кылып бер деген эмес. Өзүнө дем салган, бирок бирөөнө дем салып бер деген эмес жана оорулуунун абалын ого бетер оорлотчу нерселерден кайтарган.
– Элдер менен мамиле курууда эң жакшы көрсөткүчкө ээ. Бирөөдөн бир нерсе алса, алганынан жакшыраак кылып кайтарчу.

## БАСКАНЫ

Аябай бат басчу, бирок үнсүз жана жарашыктуу басчу.
Ал ﷺ шериктерине караганда батыраак баскандыктан, алар тең, чогуу басканга аракет жасап калышчу.
Кээде жылаң аяк, кээде сандал кийип баскан.
Кээде шериктеринен артта калып, кээде өзүнчө басып, кээ бир учурда жамаат менен чогуу баскан.

## АЛЛАХТЫ ЭСКЕРГЕНИ

Аллахты эскерүүдө эч кимди алдыга оздурган эмес. Анын бардык сүйлөгөн сөзү Аллахты эскерүү болгон жана Аллахка жага турган сөздү гана сүйлөгөн. Ал ﷺ ойгоноору менен, намаз окуур алдында, үйдөн чыгаарда, мечитке кирээрде, эртең менен, кечке маал, кийим кийээрде, үйгө кирээрде, ажаатканага кирээрде, ажаатканадан чыкканда, даарат алаарда жана алып бүтөөр менен, азан үнү угулганда, ай жаңырганын көргөндө, тамактанаарда жана тамактанып бүтөөр замат жана ошондой эле чүчкүргөндө дагы Аллахты эскерип турган...

## АДАМ ТАБИЯТЫНА ДАЛ КЕЛГЕН СҮННӨТТӨР

### АЛ СҮННӨТТӨР

Аллахтын элчиси ﷺ айтат:
– ***“Он нерсе табиятка ылайык: муруттарды тегиздөө, сакалды кое берүү, тиш жуугуч колдонуу, мурун ичин суу менен тазалоо, тырмак алуу, манжалардын арасын жуу, колтуктагы жүндү жулуу, жыныстык мүчөнүн тегерегиндеги түктөрдү тазалоо жана жыныс мүчөлөрдү суу менен жууп туруу”***. Бул хадисти жеткирген кабарчы онунчусун унутуп калган.

### ОҢ ТАРАПКА ЫКТЫЯР БЕРҮҮ

Бут кийим кийсе, чачын тараса, даарат алса жана бир нерсе алса же берсе дагы оң жактан баштаганды жакшы көргөн. Оң колу менен тамак жеп, даарат алган. Сол колун болсо ажаатканага барганда же кандайдыр бир кир нерселерди тазалаганга колдонгон.

### ЧАЧ АЛУУ

Ал ﷺ устара менен чачын алдырса бардык жагын тегиз алдырган же болбосо тегиз калтырып койгон.

### МИСВАК

Ал ﷺ мисвак колдонуп тиш тазалаганды жакшы көргөн. Уйкудан ойгоноор замат, даарат алып жатканда, намаз алдын же үйгө кирип баратканда, жада калса орозо учурунда дагы көбүнчө кыргын же бадалдардын тамырынан алынган кичинекей таякча менен тазалаган.

### АТЫР, МИСК

Ал ﷺ көп атыр, мисктерди колдонгон жана жыпар жыттарды аябай жактырган.

### САКАЛ, МУРУТ

Ал ﷺ: ***«Отко сыйынгандардан айырмаланып сакалдарыңарды кое бергиле жана муруттарыңарды кыскарткыла!»*** - деген.

### ТЕГИЗДӨӨ МӨӨНӨТҮ

Анас رضي الله عنه айтат: ***«Пайгамбарыбыз ﷺ муруттарды тегиздеп жана тырмактарды алуу мөөнөтү кырк күндөн ашпасын деди»***.

## АНЫН МАЕК КУРУУСУ

### СҮЙЛӨГӨНҮ

Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: *«Аллахтын элчиси ﷺ силердей болуп бат-баттан, түшүнүксүз сүйлөчү эмес, тескерисинче даана, түшүнүктүү кылып, жанындагылар эстеп калгыдай сүйлөчү».*
– Кээде айткан кебине көңүл бурдуруш үчүн үч жолу кайталап, учурашканда дагы үч ирет кайталап учурашкан.
– Жөн эле сүйлөй берген эмес, сүйлөсө кыска жана нуска, маани-маңыздуу кеп айткан.
– Эч качан уят сөз айтпаган, уят иш да кылбаган жана эч качан кыйкырган эмес.

| АНЫН ﷺ СҮЙЛӨГӨНҮ, ЫЙЛАГАНЫ ЖАНА ЭЛДЕРГЕ ДААВАТ КЫЛГАНЫ | | |
|---|---|---|
| | **КҮЛГӨНҮ** | Күлгөнү аста эле жылмайып койгон сымал болчу. Аябай күлгөндүгүн жанындагылары анын азуу тиштери көрүнүп калгандан гана билишчү. |
| | **ЫЙЛАГАНЫ** | – Ал ﷺ катуу боздоп ыйлаган эмес, ал эми ыйлаган учурда көздөрүнөн жаш куюлуп, үшкүрүп, терең дем алып калчу.<br>– Кээде ал маркумга боор тартып, кээде үммөтүнүн келечегине сарсанаа болуп ыйлачу. Кээде Куран угуп отуруп, кээде Аллахтан корккондугунан да ыйлаган. |
| | **АНЫН ХУТБАСЫ** | – Ал жерде туруп, минбарга чыгып, атан-төө үстүндө жана инген-төө минген абалда да хутба кылган.<br>– Жабир رضي الله عنه айтат: *«Аллахтын элчиси ﷺ элдерге хутба кылып кайрылган кезде көздөрү кызарып, үнү катуулап, ачууланып, душман аскери келе жаткандыгын эскертип жаткан адамга окшошуп калчу».*<br>– Ар бир хутбанын астында ал Аллахты улуктаган.<br>– Зарыл учурда жана ошондой эле элдерге пайдасын тийгизчү кезде дагы ар дайым хутба менен кайрылган. |

# АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

| | |
|---|---|
| **АЛ ТАУХИДТИ ЖАНА ЖООМАРТТЫКТЫ ЖАЙЫЛТКАН** | Ибн аль-Каййим айтат: *“Ал ﷺ өзүнө Таухид менен адамкерчилик сыпатын бириктирген жана бул ширк менен арамзалыкка карама-каршы келет”.* |
| **АЛ ИНСАНДАРГА ЖАНА ЖИНДЕРГЕ ЖӨНӨТҮЛГӨН** | Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: ***“Бардык пайгамбарлар өз коомдоруна гана жөнөтүлгөн, мен болсо жалпы адамзатка жөнөтүлгөм”.*** |
| **КИТЕБИ ЖАНА УГУТТӨӨСҮ** | Аллах Таала айтат: ***“Алиф, Лам, Ро. Биз бул Китепти сага, адамдарды, Раббисинин уруксаты менен караңгылыктардан Нурга – Жеңүүчү жана Макталган Аллахтын жолуна чыгарышың үчүн түшүрдүк”.*** Ибрахим сүрөсү, 1- аят. |
| **БЕРИЛГЕН КЕРЕМЕТ-ТЕР** | Ага берилген эң чон керемет бул – Ыйык Куран жана ошону менен бирге муруңку пайгамбарларга берилген кереметтердин дагы кыйла бир бөлүгү берилген. |
| **АНЫ СҮЙҮҮ БУЛ - ЫЙМАНДЫН БЕЛГИСИ** | Ал ﷺ айткан: ***"Араңардан эч бириңер толук ыйман келтире албайсыңар, мен ага өз баласынан, атасынан, деги эле бардык адамдардан дагы артык болмоюн.*** |
| **АНЫ ЖЕК КӨРҮҮ** | Аны жек көргөн адам каапыр болот, Аллах Таала айтат: ***“Албетте, сени айыптаган адамдын өзүнүн арты кесилген!”*** Каусар сүрөсү, 3-аят |
| **ХАЛИЛ** | Ал ﷺ айткан: ***"Акыйкатта, Аллах Ибрахимди тандаган сымал мени да жакын дос кылып тандады".*** |
| **БЕКЕМ ЧЕЧКИНДҮҮ-ЛҮКТҮН ЭЭСИ** | Аллах Таала айтат: ***"Жана бир кезде Биз бардык пайгамбардардан ант-убадаларын алганбыз: сенден, Нухтан, Ибрахимден, Мусадан жана Марьямдын уулу Ыйсадан,...".*** (Аль-Ахзаб сүрөсү, 7-аят) |
| **ИЛИМИ** | Ал ﷺ айткан: ***"Өзүм тууралуу айтсам, албетте мен Аллах тууралуу силерден көп билем". Аллах Таала айтат: “Айткын: “Мен силерге, менин алдымда Аллахтын казыналары бар дебеймин, дагы мен кайыпты дагы билбеймин жана мен силерге “Мен-периштемин” – деп да айтпаймын. Мен өзүмө вахий кылынган нерселерди гана ээрчиймин...”*** Анаам сүрөсү, 50-аят. |

## АНЫН ӨЗГӨЧӨ СЫПАТТАРЫ

### АГА БАШ ИЙГЕНДЕРДИН ЖАНА КАРШЫ ЧЫККАНДАРДЫН АЙЫРМА, АБАЛДАРЫ

Аллах Таала айтат: ***“Айт: “Эгер Аллахты сүйчү болсоңор, анда мени ээрчигиле. Ошондо Аллах силерди сүйөт жана күнөөлөрүңөрдү кечирет...”*** (Аалы Имран сүрөсү, 3-аят)
Дагы бир аятта айтылат: ***“О, момундар! Алсырабагыла жана кайгырбагыла! Эгер силер ыймандуу болсоңор, анда бийикте болосуңар!”*** (Аалы Имран сүрөсү, 139-аят)
Аллахтын элчиси ﷺ: ***“Менин үммөтүмөн, баш тарткандардан башкасы бүт Бейишке кирет” – деген. Анда адамдар: “Оо, Аллахтын элчиси, ким баш тартсын?”*** *– деп сурашат. Буга мындай жооп берген:* ***“Ким мага баш ийсе ал Бейишке кирет, ким мага моюн сунса ал баш тарткан болот”.***
Аллахтын пайгамбары ﷺ дагы мындай деген: ***“... жана менин айтканыма каршылык көрсөткөн адам кор болуп, атаксыз калат”.***

### АНЫН ҮММӨТҮ

Аллах Таала айтат:
***Силер ааламдагы бардык адамдар үчүн чыгарылган жакшы үммөт болдуңар. Адамдарды жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер...*** (Аалы Имран сүрөсү, 110-аят)

Пайгамбар ﷺ айткан: ***“Жаным колунда болгон Затка ант, Бейишке кирчүлөрдүн жарымы силер болосуңар деп үмүттөнөм”.***

### АНЫН ШААРЫ

Анын шаары Мекке болгон. Аллах Таала айтат: ***“Чынында, адамдар Аллахка сыйынуулары үчүн курулган эң биринчи Үй Меккеде. Ал ыйык жана ааламдар үчүн Туура Жол. Анда бир нече анык белгилер бар: Ибрахимдин орду жана ага (Кааба ичине) кирген адамдын аман болушу. Адамдардын моюнунда Аллах үчүн ошол Үйгө ажылык кылуу милдети бар. Жолго кудурети жеткендерге гана. Ал эми ким каапыр болсо, Аллах ааламдардан Беймуктаж!”*** (Аалы Имран сүрөсү, 96-97-аяттар)
Мекке шаары күнөө кылууга арам болгон шаар. Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: **“Акыйкатта, Аллах жер-асманды жараткан күнү эле бул шаар ичин арамга арам кылган, муну Аллах Өзү тыюу салган үчүн арам болгон”.**
Мекке шаары Кыямат Күнгө чейин мусулмандардыкы болот, анткени пайгамбарыбыз ﷺ айтат: ***"Мекке ачылгандан кийин Хижрат кылуу жок".***

## АНЫН ӨЗГӨЧӨ СЫПАТТАРЫ

### АНЫН КЫБЫЛАСЫ, СЫЙЫНУУ УЧУРУНДА БЕТТЕГЕН ТАРАБЫ

Анын сыйынуу учурунда жүз бурган тарабы Кааба болгон. Кааба тарап мыйзамдала электе ал Иерусалим тарапты карап сыйынган.

Аллах Таала айтат:

***"Биз кээде жүзүң асман кезгенин көрөбүз жана сени өзүң ыраазы болгон кыбылага бурабыз. Эми сен жүзүңдү Масжид-аль-Харам тарапка бур! Кайсы жерде болбогула,*** *(намазда)* ***жүзүңөрү ошол тарапка бургула".*** (Бакар сүрөсү, 144-аят)

Аль-Харам мечити жер бетиндеги эң биринчи мечит. Абу Зарр айтат: *"Мен Аллахтын элчисинен, жер бетинде эң биринчи мечит кайсы экендигин сурадым, ал:* ***"Аль-Харам мечити"*** *– деп жооп берди".*

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: ***"Күнөө кылбастан, уят сөз сүйлөбөстөн ушул Үйгө сапар алса, энеден туулма кезиндей, бейкүнөө кайтып келет".***

Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: ***"Аль-Харам мечитинде окулган намаз жүз миң намазга тең, менин мечитимде окулган намаз миң намазга тең, ал эми Иерусалимдеги мечитте окулган намаз беш жүз намазга тең".***

Ошондой эле башка хадисте, пайгамбарыбыз ﷺ айтат: ***"Үч мечиттен башка эч бир жерге атайын ибадат кылуу максатында аттанууга тыюу салынат, алар: Аль-Харам*** *(Меккеде)*, ***менин мечитим*** *(Мединада)* ***жана Аль-Акса*** *(Иерусалимде)."*

Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: ***"Ажаатыңарды кыбыланы карап же кыбыланы артыңарда калтырып аткарбагыла, чыгышка же батышка карай туруп аткаргыла".***

# ЖУБАЙЛАРЫ ЖАНА ТУУГАНДАРЫ

**АНЫН ЖЕТИ БАЛАСЫ БОЛГОН: ҮЧ УУЛ ЖАНА ТӨРТ КЫЗ**

| | |
|---|---|
| (1) аль-Касым, пайгамбардын лакап-аты анын атынан болгон | (2) Зайнаб رضي الله عنها |
| (3) Рукайя رضي الله عنها | (4) Умм Кульсум رضي الله عنها |
| (5) Фатима رضي الله عنها | (6) Абдуллах, аны ат-Таййиб жана ат-Тахир деп коюшчу |

(7) Ибрахим. Аны кыбтыййадан *(христиан агымы)* болгон Мария атуу күң аялы төрөгөн. Калган балдарынын бардыгы Хадижадан болгон. Башка аялдарынан балдары болгон эмес.

Бардык балдары анын көзү тирүү кезинде эле өлүп калышкан, бир гана Фатима ал өлгөндөн кийин алты ай өткөн соң көз жумган. Анын сабырдуулугу жана сыйлыктарга болгон чоң үмүтү үчүн Аллах анын даражасын жогорулатып, ал аялзатынын эң жакшыларынан, жана пайгамбардын кыздарынын эң жакшысы деп эсептелет. Пайгамбардын бардык кыздары пайгамбарлык дооруна чейин жашап, Ислам динин кабыл алып, аны менен бирге Мединага көчүп келишкен.

**АНЫН ОН БИР АГАСЫ**

| | |
|---|---|
| (1) Шейиттердин мырзасы Хамза رضي الله عنه | (2) аль-Аббас رضي الله عنه |
| (3) Абу Талиб, өз аты Абду Манаф болгон | (4) Абу Лахаб, өз аты Абдуль-‘Узза болгон. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| (5) аз-Зубайр | (6) Абдуль-Ка’ба | (7) аль-Мукаввим | (8) Дирар |

| | | |
|---|---|---|
| (9) Кусам | (10) аль-Мугира, лакап аты Хажл болгон. | (11) аль-Гайдак, өз аты Мус’аб болгон. |

Агаларынан Хамза менен Аль-Аббастан (Аллах алардан ыраазы болсун) башкасы Ислам динин кабыл алышкан эмес.

**АНЫН АЛТЫ ЭЖЕКЕСИ**

(1) Сафийя, аз-Зубайр ибн аль-‘Аввамдын энеси.

(2) Умм Хаким аль-Байда.

(3) ‘Атика .

(4) Барра.

(5) Арва.

(6) Умайма.

**ОН БИР АЯЛЫНЫН ЫСЫМДАРЫ ОНОЙ ЭСКЕ ТУТУУ ЫКМАЛА**

**حجز**

(Х) – **Х**афса бинт Умар ибн аль-Хаттаб.

(Ж) – **Ж**увайрия бинт Харис.

(З) – **З**айнаб бинт Джахш же Зайнаб бинт Хузайма.

**صخر**

(Сад) – **С**афийя бинт Хуяй ибн Ахтаб.

(Х) – **Х**адиджа бинт Хувайлид.

(Р) – Умм Хабиба **Р**амля бинт Абу Суфьян.

**سمعه**

(Син) – **С**ауда бинт Зам’а.

(М) – **М**аймуна бинт Харис.

(‘Айн) – **‘А**иша бинт Абу Бакр.

(Х) – Умм Салама **Х**инд бинт Абу Умайя.

**ХАДИЖА**
(Аллах андан ыраазы болсун)

Пайгамбарыбыздын ﷺ биринчи аялы Хадижа бинт Хувайлид аль-Курашийя аль-Асадийя (رضي الله عنها). Ал ﷺ ага пайгамбарлыкка чейин үйлөнгөн. Ошол кезде Хадижа кырк жашта болчу. Анын көзү тирүү кезде пайгамбарыбыз башка аялга үйлөнгөн эмес. Ибрахимден башка балдарынын бардыгы Хадижадан. Ал ага ﷺ пайгамбарлык миссиясына жардам берип, биргеликте чоң аракеттерди жасап, мал-дүйнөсү жана күч-кубаты менен көмөктөшкөн. Аллах Таала ага Жабрейил периште аркылуу салам айттырган жана мындай деңгээлде сый-урматка татыган башка аял тууралуу кабар болгон эмес. Ал пайгамбарыбыздын Мадина шаарына көчүшүнө чейин, үч жыл мурун каза болгон.

**САУДА**
(Аллах андан ыраазы болсун)

Биринчи аялы каза болгондон кийин бир нече күн өткөн соң пайгамбарыбыз ﷺ Сауда бинт Зам’а аль-Курашийяга (رضي الله عنها) үйлөнгөн, Аллах андан ыраазы болсун. Аишага өз күндөрүн белек кылган аялы дал ушул Сауда.

**АИША** (Аллах андан ыраазы болсун)

Саудадан кийин пайгамбарыбыз ﷺ Умм Абдуллах Чынчылдын кызы, зынаага аралашпагандыгы жети кабат асман үстүнөн кабарланган, пайгамбардын ﷺ сүйүктүүсү чынчыл ‘Аишага رضي الله عنها үйлөнгөн. Ага үйлөнөөрдөн мурун эки ирет, жибек кездеменин бетине тартылган Аишанын сүрөтү түшүнө кирип, периште ага: «Бул сенин аялың!» - деп айткан. Экөө шаввал айында никелешкен, бирок ал убакта Аиша алты жашта болгон. Кийин хижранын биринчи жылы ал тогуз жашка толгондо гана бирге жашап башташкан. Анын аялдарынан Аиша гана мурун күйөөгө тийбеген кыз болгон. Пайгамбарыбыз ﷺ анын төшөгүндө жаткан кезде вахий түшкөн. Ал эми башка аялдарынын төшөгүндө жаткан кезде андай болгон эмес. Макулуктардын арасынан пайгамбарыбыздын эң жакшы көргөнү Аиша болгон жана ал жети кабат асман үстүнөн акталган. Ислам үммөтү аны зынаа кылган деген адам каапыр болот деп талашсыз бир пикирде. Аялдарынын арасынан шарият илимин эң жакшы билген, жада калса кээ бир сахабалар да андан сурап, анын сөздөрүн далил кылып карманышчу.

**ХАФСА** (Аллах андан ыраазы болсун)

Кийин пайгамбарыбыз ﷺ Хафса бинт Умар ибн аль-Хаттабка رضي الله عنها үйлөнгөн. Буга чейин ал биринчи күйөөсү Хунайс ибн Хузафа ас-Сахми رضي الله عنه менен бирге Ислам динин кабыл алып, Мединага көчүп келген. Хунайс ибн Хузайфа Ухуд согушунан көп өтпөй каза болот, ошондо Хафсаны пайгамбарыбыз ﷺ алган.

**ЗЕЙНЕП БИНТ ХУЗЕЙМА** (Аллах андан ыраазы болсун)

Кийин ал бану Хиляль ибн ‘Амир уруусунан Зайнаб бинт Хузайма ибн аль-Харис аль-Кайсийя رضي الله عنها аттуу аялга үйлөнгөн. Ал пайгамбарыбыздын ﷺ көзү тирүү кезинде эле, баш кошкондон кийин эки ай өткөн соң каза болгон. “Кедейлердин энеси” – деген лакап аты менен белгилүү болгон дал ушул аял (умм аль-масакин).

**УММ САЛЯМА** (Аллах андан ыраазы болсун)

Андан кийин Умм Салама Хинд бинт Абу Умайя аль-Курашийя аль-Махзумийяга رضي الله عنها үйлөнгөн. Атасынын аты Абу Умаййи болгон. Ал пайгамбардын ﷺ жубайларынын арасынан, эң акыркы болуп каза болгон. Хижрий эсеп менен 62-жылы каза болгон.

**ЖУВАЙРИЯ** (Аллах андан ыраазы болсун)

Жувайрийя бинт аль-Харис ибн Абу Дирар аль-Мусталикийя رضي الله عنها бану Мусталик уруусу менен болгон согушта барымтага алынган. Ал пайгамбарыбыздан ﷺ жардам сурап, барымтадан башын бошотуп алууга жардам кылууну өтүнгөндө, пайгамбарыбыз ﷺ анын кунун төлөп башын бошотуп туруп аны менен баш кошкон.

## ЗЕЙНЕП БИНТ ЖАХШ (Аллах андан ыраазы болсун)

Кийин Аллахтын элчиси ﷺ бану Асад ибн Хузайма уруусунан Зайнаб бинт Жахш رضي الله عنها деген аялга. Атасы тарабынан тууганчылыгы бар эжеси Умайманын кызы болгон. Ал тууралуу: ***“Качан Зейд ага “жакындык” кылып,*** *(кийин талагын бергенде)* ***аны сага никелеп бердик...”*** **-** деген аят түшкөн (Азхаб сүрөсү, 37-аят). Мунусуна ал башка аялдарынын арасында сыймыктанып: *“Силерди өз үй-бүлөлөрүңөр күйөөгө берген, мени болсо жети кабат асман ары жагынан Аллах Өзү үйлөнткөн”* – деп айтчу.
Чын эле, ал Аллахтын элчисине турмушка чыгаарда, аны өткөрүп берчү багарманы болуп Аллах Өзү, жети кабат асман үстүнөн никелеп үйлөнткөн. Ал Умар ибн аль-Хаттабтын башкаруу доору башталган маалда көз жумган. Ал башында, пайгамбарыбыз бала кылып алган Зейд ибн Хариске رضي الله عنه турмушка чыккан, кийин Зейд ажырашып кеткенде Аллах Таала аны Өз элчиси ﷺ менен баш коштурган. Бул никелешүү өгөй баланын мурунку аялына үйлөнсө болот экендигине үлгү болуп калган.

## УММ ХАБИБА (Аллах андан ыраазы болсун)

Андан кийин Аллахтын элчиси Умм Хабибага رضي الله عنها үйлөнгөн. Анын өз аты Рамля бинт Абу Суфьян Сахр ибн Харб аль-Курайшийя аль-Умавийя болгон. Пайгамбарыбыз ﷺ ага үйлөнгөн кезде ал өзү динин сакташ үчүн, жер которуп Эфиопияга көчүп кеткен. Аллахтын элчисинин ﷺ ордуна, калың катары ага 400 динарды Эфиопиянын падышасы Негус төлөгөн. Кийин аны пайгамбарыбызга жеткирип беришкен. Ал өзүнүн агасы Муавиянын رضي الله عنه халифалыгында каза болгон.

## САФИЯ (Аллах андан ыраазы болсун)

Ошондой эле, Муса пайгамбардын биртууганы Харун пайгамбардын тукумунан болгон бану Надир уруусунун башчысы Хуяй ибн Ахтабтын кызы Сафияга үйлөнгөн. Ал дүйнөдө бардык аялдардан сулуу болгон. Ал пайгамбардын алдына барымтага түшкөн абалда, күң болуп келет. Пайгамбарыбыз ﷺ аны азаттап, ошол азаттоону ага калың катары тартуулаган жана кийин бул Сүннөт болуп калган.

## Маймуна (Аллах андан ыраазы болсун)

Кийин ал Маймуна бинт аль-Харис аль-Хилалийяга رضي الله عنها үйлөнгөн. Пайгамбарыбыз ага толуктоо умрасын *(‘умра аль-када)* аткарып бүтүп, ихрам абалынан чыкканда үйлөнгөн жана бул анын акыркы никелешүүсү деп саналат.

Пайгамбар ﷺ өлгөн маалда анын тогуз аялы бар болгондугунда талаш жок. Ал ﷺ өлгөндөн кийин, Хижранын 20-жылы, биринчи болуп Зейнеп бинт Жахш رضي الله عنها каза болгон. Ал эми акыркы болуп, Хижранын 62-жылы Язид бин Муавиянын бийлик учурунда Умм Саляма رضي الله عنها каза болгон. Аллах булардын баарынан ыраазы болсун!

# ЭКИНЧИ ЭКЗАМЕН

| СУРООЛОР: | ТУУУРА | ТУУРА ЭМЕС |
|---|---|---|
| • Ал ﷺ көйнөгүн оң жагынан баштап кийчү. | ☐ | ☐ |
| • Ал ﷺ көбүнчө жерге жайылган тасмалдан тамактанган. | ☐ | ☐ |
| • Сапардан түн артып кайтып келе турган болсо, аялдарынын эшиктерин такылдаткан эмес жана башкаларды дагы андай кылуудан тыйган. | ☐ | ☐ |
| • Кээде ачкалыктын айынан курсагына таш байлап алган, кээде болсо тойгуча тамактанган. | ☐ | ☐ |
| • Ал ﷺ ооргунада дарыланган. Ал өзүнө күйгүзүү ыкмасын колдонгон, бирок башка бирөөнү кылып бер деген эмес. Өзүнө дем салган, бирок бирөөнө дем салып бер деген эмес. | ☐ | ☐ |
| • Ал ﷺ васваска учураган адамдар сымал жыныс мүчөсүн, заара калып калышы мүмкүн деген ойдо кол менен сыдырып, жөтөлүп, заара кылып бүткөн соң секирип, жип тартып, тепкичтен өйдө чыгып, заара чыкчу жерге пахта тыгып, кайра-кайра суу куюп карай берген эмес. | ☐ | ☐ |
| • Ал ﷺ ширк жана арамга каршы келген Таухид жана адамкерчиликтүүлүктү. | ☐ | ☐ |
| • Анын жети баласы болгон: төрт уулу жана үч кызы. | ☐ | ☐ |
| • Бардык балдары Хадижадан болгон. Башка бир да аялы ага бала төрөп берген эмес. | ☐ | ☐ |
| • Анын бардык балдары ал тирүү кезде эле каза болушкан. | ☐ | ☐ |
| • Ал ﷺ өлгөн маалда анын тогуз аялы бар болчу экендигинде талаш жок: ***Аиша, Хафса, Зейнеп бинт Жахш, Умм Салама, Сафия, Умм Хабиба, Маймуна, Сауда жана Жувайрия*** | ☐ | ☐ |
| • Аллах Таала Жабрейил периште аркылуу Хадижага салам айттырган, жана мындай нерсе башка аялдары менен да болгону тууралуу кабар жок. | ☐ | ☐ |

**Анын жактырган түсү:** ☐ Ак ☐ Кара ☐ Айырмасы жок, кайсынысы болсо ошону жактырган
**Анын кийими:** ☐ Жүндөн ☐ Пахта же кендирден ☐ Бар кийимди кийе берген ☐ Биринчи жана экинчи пункттар
**Анын кийими:** ☐ Кымбат болгон ☐ Эң арзан болгон ☐ Орточо болгон

**Ал ﷺ “бисмиЛлях” деп Аллахты алкыштаган:** ☐ тамак алдын ☐ тамактан кийин ☐ тамак алдын жана бүткөндөн кийин дагы
**Ал ﷺ суусундук ичкен:** ☐ отуруп ☐ туруп ☐ экөө тең
**Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:** *"Бул дүнүйө кызыктарынан мен сүйгөн"*: ☐ аялзаты ☐ жыпар жыттар ☐ экөө тең
**Ал ﷺ айтат:** *"менин көзүмө салкын жел сымал"*: ☐ Бейиш ☐ намаз ☐ экөө тең
**Ал өзүнүн аялдарына кылган мамилеси бул:** ☐ эң жакшы мамиле ☐ эң жакшы адептүүлүк ☐ экөө тең
**Анас ﵁ айтат:** ***«тырмак алып, муруттарды тегиздеп туруу мөөнөтүн Аллахтын элчиси ﷺ бизге мындай орнотту»***: ☐ отуз күн ☐ кырк күн ☐ элүү күн
**Эгер чачын устара менен алса:** ☐ теңин алып, теңин калтырып койгон ☐ же тегиз алган, же толугу менен калтырып койгон
**Ал мисвак колдонгонду жакшы көргөн жана мындай маалда колдонгон:** ☐ орозо маалында ☐ орозо эмес кезде деле ☐ экөө тең

**Анын күлкүсү:** ☐ бир гана жылмаюуу болгон ☐ кээде жылмаюуу болгон

**Ал Аллахтын элчиси ﷺ болуп жиберилген:** ☐ бардык инсандарга ☐ бардык инсандарга жана жиндерге

| Пайгамбар ﷺ | жаназага | чакырууга | жесирлердин жана муктаждардын иштери менен | орулууну |
|---|---|---|---|---|
| зыярат кылган | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| катышкан | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| жооп берген | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| жүргөн | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| Анын ﷺ амалдарынан: | койлорун | мечит салуу үчүн кыштарды | өз кийимин | бут кийимин | өзүн жана үй-бүлөсүн |
|---|---|---|---|---|---|
| оңдогон | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| тиккен | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| сааган | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| баккан | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| ташыган | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| Адам табиятына тиешелүү Сүннөттөр : | тырмак-тарды | Колтук түгүн | табарсык түгүн | сакалды | муруттарды |
|---|---|---|---|---|---|
| кыскартуу | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| кое берүү | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| алуу | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| жулуу | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| кыруу | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| Тамактанганы | жок тамакты | Жараксыз деп жарыя кылбай эле таштап койгон | жеген | бар тамакты |
|---|---|---|---|---|
| чанган эмес | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| эңсеген эмес | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| берекелүү тамак келсе | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| эгер жакпаса | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| Мындай кылган: | тамак ичип бүткөндө | тамак жеген | бир манжа менен илип жейт | беш манжа менен жейт | үч манжа менен жейт |
|---|---|---|---|---|---|
| тамакка ач көз | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| текебээр адам | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| манжалары менен колунан | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| келишинче сый көрсөтүп | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| манжаларын жалаган | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ: АНЫН ӨМҮР БАЯНЫ

## 1 - бөлүм: ПАЙГАМБАРЛЫККА ЧЕЙИНКИ ЖАШООСУ

**ТӨРӨЛҮШҮ**

Ал ﷺ белгилүү “Пил” окуясы болгон жылы, Меккеде төрөлгөн. Ал Хижрага чейинки 53-жылы, ал эми христиан календары боюнча 571-жылы, раби-аль-авваль айында, дүйшөмбү күнү төрөлгөн. Кудуреттүү, Улук Аллах пилди токтотуп койгону, болочок пайгамбарга жана анын үй-бүлөсүнө чоң белек болгон.

**АНЫН АТАСЫ**

Абдуллах ибн ‘Абдуль-Мутталиб. Пайгамбар ﷺ төрөлө электе анын атасы каза болуп калгандыктан ал ﷺ жетим төрөлгөн.

**АНЫН ЭНЕСИ**

Амина бинт Вахб - бану Зухра уруусунан болгон. Пайгамбарыбыз ﷺ жети жашка толо элек кезинде бул энеси каза болгон.

**АНЫН БАГАР-МАНДАРЫ**

Энеси каза болгон соң аны чоң атасы Абдуль-Мутталиб баккан. Болочок пайгамбар ﷺ сегиз жашка чыгып калганда анын чоң атасы дагы каза болгон. Кийин аны атасынын агасы Абу Талиб баккан. Абу Талибти элдер Абду Манаф деп коюшчу.

**АНЫ ЭМИЗГЕНДЕР**

**СУВАЙБА**

Абу Лахаб азаттык берген күң аял. Болочок пайгамбар менен кошо ал Салама Абдуллах ибн Абдуль-Асад аль-Махзумийди رضي الله عنه дагы эмизген. Ошол кезде ал баласы Масрухту эмизип жүргөн кези эле. Буларга кошуп ал Хамза ибн ‘Абдуль-Мутталибти رضي الله عنه дагы эмизген.

**ХАЛИМА АС-СААДИЙЯ**

Ал өзүнүн баласы, Унайса менен Жузаманын (Шайма) бир тууганын эмизип жүргөн кезинде болочок пайгамбарды да эмизген. Бул балдары аль-Хариса ибн абд аль-‘Узза ибн Рифа’ ас-Са’дийден болгон. Ошол эле кезде ал пайгамбардын агасы Абу Суфьян ибн аль-Хариса ибн аль-Мутталибтин баласын да эмизген.

**АНЫ БАККАН АЯЛДАР**

- ЭНЕСИ АМИНА
- СУВАЙБА – АБУ ЛАХАБ АЗАТТАГАН КҮҢ АЯЛ
- ХАЛИМА БИНТ АБУ ЗУАЙБ АС-СААДИЙЯ

**АШ-ШАЙМА**

Халима ас-Са’дийянын кызы жана пайгамбардын эмчектеш тууганы. Кийинчерээк ал Хавазин уруусунун элчилери менен кошо келген, ошондо пайгамбарыбыз ага өзгөчө көңүл бөлүп, үстүндөгү чапанын чечип астына төшөй койгон.

## АНЫ БАККАН АЯЛДАР

### УММ АЙМАН

Барака аль-Хабашийя (Эфиоптук) رضي الله عنها, бул аял пайгамбарыбызга атасынан мурасталган жана ушул аял төрөт учурунда энесинин жанында болгон. Ал ﷺ аны өзү жакшы көргөн Зайд ибн Хариске رضي الله عنه күйөөгө берген, кийин ал Усама ибн Зайд رضي الله عنه деген уулдуу болгон.

Аллахтын элчиси ﷺ өлгөндөн кийин аны Абу Бакр менен Умар көрүп барышкан. Алар келгенде Умм Айман ыйлай баштаган, анан алар: *"Эмнеге ыйлап жатасың? Аллах Өз элчисине даярдап койгон нерсе жакшыраак экендигин билбейсиңби?"* – деп сурашканда мындай жооп берген: *"Мен Аллах Өз элчисине камдап койгон нерсени билбегендиктен ыйлаган жокмун, асмандан аян түшпөй калгандыгы себептүү ыйлап жатам".* – деди. Бул сөздөр аларга аябай таасирлүү болуп, алар чоогу ыйлап киришкен.

### ТИРИЧИЛИК

Болочок пайгамбар ﷺ кой кайтарып жүргөндүгү, анын алсыздарга жароокерлигин, сабырдуулугун жана камкордугун күчөткөн. Ал ﷺ айтат: ***"Аллах кайсы пайгамбарды жөнөтпөсүн, ал сөзсүз кой кайтарган".*** Сахабалар: *"А сенчи?"* – дегенде, ал: ***"Ооба, мен дагы Меккеликтердин койлорун бир нече каратка кайтарып берчүмүн"*** – деген. (карат – орто өлчөмдөгү, өтө көп эмес төлөм)

### СООДА-САТЫК ЖАНА ҮЙЛӨНҮ

25 жашка чыкканда ал соода-сатык кылып Шамга барат. Босра деген шаарга жетип, кайра кайтат. Босра азыр Сириянын түштүк тарабында жайгашкан. Кайтып келээр замат биринчи аялы Хадижа бинт Хувайлидке رضي الله عنها үйлөнөт.

### КААБАНЫН КАЙРА КУРУУЛУСУ

Ал 35 жашка толгондо, Каабанын дубалдары селден улам аябай жабыркап калат, ага чейин оттон да жабыркаган эле. Курайшийлер Каабаны кайра куруп чыгабыз деп, ар бир урууга өзүнчө жумуш бөлүштүрүшөт. Ошентип кара ташты ордуна коюуга келгенде алардын ортосунда чыр чыгып, кара ташты орнотуу жоопкерчилигин талашуу 4-5 күн созулат. Аягында Каабанын дарбазаларынан ким биринчи кирсе ошол калыс болуп бул маселени чечет деп макулдашышат. Анан ошол киши пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ болуп калат. Ал алардан чепкен сурап, анын үстүнө кара ташты коюп туруп ар бир уруудан бирден киши чепкенди четинен кармап көтөрүп барсын дейт. Кабанын жанына келгенде Мухаммад ﷺ өз колу менен аны ордуна койгон.

Азыр кара таш "матаф" деп аталган Каабанын ички тегерегинин деңгээлинен 1,5 метр өйдө турат. Эшигин болсо эки метр чамасында өйдө кылып коюшкан, ичине уруксат алгандар гана кире алат.

Каабанын дубалдары эки эсе бийик болуп, 18 чыканак бийиктикте өйдөлөнгөн жана ичине эки катар алты түркүк орнотулган, 15-чи чыканактан тартып үстү шыпталган. Мурун Каабанын түркүгү да, жабуусу да жок болчу.

### АНЫН ОБОЧОЛОНУУСУ

Аиша رضي الله عنها айтат: *"Кийинчерээк ал обочолонуп жалгыз жүргөндү жактырып, Хира тоосундагы үңкүргө кетип калып, ал жактан ибадат кылып, түнү бою Аллахка сыйынып баштаган".*

Анан ал буттардан жана өз элинин ишенимдеринен жийиркенип калган, бул ага эң жакпаган, жийиркенткен нерсеге айланган.

# 2- бөлүм: ВАХИЙ ТҮШҮҮСҮ

Ал ﷺ кырк жашка келгенде, ага Аллахтан вахий келе баштаган. Аллах Таала дүйшөмбү күнү ага аян түшүрүп ардактаган.

АНЫН ПАЙГАМБАРЛЫК МИССИЯСЫ

Момундардын энеси Аишадан رضي الله عنها мындай кабар жеткен:
– Аллахтын элчисине түшкөн аян куттуу түш көрүүлөрдөн башталган. Ал таң маалындай ачык айкын түштөн башка түш көрбөй калган. Кийин ал жалгыз жүргөндү жактырып, Хира тоосунда жайгашкан үнкүргө барып, обочолонуп, көп түн аралыгында узак-узак ибадаттарды Аллахка багыштап, сыйынып баштаган. Кайткысы келсе үйүнө барган. Ал жанына керектүү азык-түлүгүн ала кетип, кайра Хадижага кайтып барып, керектүүсүн камдап алып кайра кетип турган. Качан ага чыныгы акыйкат анык болмоюн бул иштери улана берген. Ошондой күндөрдүн биринде үңкүрдө ага periшte келип: ***«Оку!»***-деген, буга ал: ***«Мен окуганды билбеймин!»***-деп жооп берген. Пайгамбарыбыз айтат:
***«Ошондо ал мени алып туруп, ушундай кысканда мен чектен ашып чыңалдым, анан ал мени кое берди да: «Оку!»-деди, мен болсо: «Мен окуганды билбеймин!»-дедим. Анда ал мени экинчи ирет кайра чыңалта кысып туруп кое берди жана кайра: «Оку!»-деди, мен болсо кайра: «Мен окуганды билбеймин»-дедим. Ошондо ал мени үчүнчү ирет кысып кайра кое берип туруп: «Оку, Жараткан Раббиңдин ысымы менен! Ал инсанды уюган кандан жаратты. Оку, сенин Раббиң эң улук Зат!»-деди».***
Аиша رضي الله عنها айтат: Ошондо Аллахтын элчиси ﷺ жүрөгү түшкөн бойдон Хадижа бинт Хувайлидке رضي الله عنها келип: «Мени жапкыла, мени жапкыла!»-деген. Ошентип өзүнө келгенче жамынып жатып, кийин баштан-аяк бардыгын айтып берип: ***«Мен өзүм үчүн коркуп кеттим»***-деген. Хадижа ошондо мындай деген: *«Жок, жок! Аллахка ант, Аллах сени эч качан уят кылбайт, анткени сен туугандарың менен катышасың, алсыздарга жардам бересиң, колунда жокторго кайрымдуусуң, элдерге кең-пейилсиң жана аларга тагдыр түйшүктөрүндө каралашып жүрөсүң!».*
Анан Хадижа аны менен бирге үйдөн чыгып, аны бөлөсү Варака ибн Науфаль бин Асад бин Абд-аль-Уззага алып келет. Варака жахилия доорунда христиан динин кабыл алып, жөөттөрдүн жазмасын колдонуп Инжил (Евангелие) китебинен Аллах буюрган нерселерди жазып алып жүргөн, жашы улгайган, эки көзү азиз адам болот. Хадижа ага: *«Менин тякемдин баласы, өз жээниңди укчу!»* - деди. Анда Варака: *«Ыя жээним, эмне көрдүң?»*-деп сурады, анан пайгамбарыбыз көргөнүн айтты. Ошондо ал: *«Бул Аллах Мусага жиберген периштенин өзү! Ай аттиң, мен жаш болуп, өз элиң сени куугунтукка алган кезге чейин жашасам кана!»*-деди. Анда пайгамбар: ***«Алар эмне мени куугунтукка алышабы?»***-деп сураганда, Варака: *«Ооба, сен алып келгендей кабар менен ким келбесин, ага душман болуп каршы чыгышчу, бирок мен тирүү болсом сага колумдан келишинче жардам берем!»*-деп жооп берет. Бирок көп өтпөй Варака өлүп калат, аян түшкөнү болсо убактылуу токтоп калат.

## АНЫН ПАЙГАМБАРЛЫК МИССИЯСЫ

– Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Бир жолу мен жолдо бара жатып асмандан чыккан үн уктум. Башымды көтөрсөм баягы Хира тоосунда мага келген периште жер-асман ортосунда тактыда отурган экен. Мен андан коркуп үйгө кирип: -Мени жапкыла, мени чүмкөгүлө - дедим.*** Ошондо Аллах Таала: ***“О, чүмкөнүп алган адам! Тур дагы, эскерткин! Жана Раббиңди улуктагын! Кийимдериңди тазалагын жана ыпластыктан ыраак болгун!»*** - деген аяттарды түшүрдү. Ушундан кийин аян түшүүлөрү күч алып, улам-улам келе баштады.

## АЯН БЕРИЛҮҮ МАРТАБАЛАРЫ

### (1) Анык түш

Пайгамбарга ﷺ түшкөн аян ушинтип башталган. Аиша رضي الله عنها айтат: ***“Ал таң жарыгындай анык түштөн башка түш көргөн эмес”.***

### (2) Периште жүрөгүнө салган

Периште пайгамбардын ﷺ жүрөгүнө көрүнбөстөн аян салып кетип турган. Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: ***"Анызында, Ишеничтүү Рух (Жабрейил) менин жүрөгүмө үйлөп мага мындай кабар берди…"***

### (3) Периште адам келбетинде келген

Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: ***"Кээде периште менин алдыма адам келбетинде келет жана мага кайрылып сүйлөйт, мен болсо анын айткандарын эстеп калам".*** Кээде сахабалар дагы периштени ушундай элесте көрүшкөн.

### (4) Коңгуроонун шыңгырыгы сымал

Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: ***"Кээде мага аян коңгуроонун шыңгырыгы сымал келет жана ал учурлар мен үчүн аябай оор болот. Мен айтылган нерсени эске тутуп калганда гана ал сезим жоголуп кетет".***

Аиша رضي الله عنها айтат: *“Мен ага суук күндөрү аян түшкөн учурларын көрүп калдым, вахий түшүп бүткөндө анын чекесинен тер кетчү”.* Ал эми вахий (аян) ал төө үстүндө отурган кезде түшсө, минген төөсү бүк түшүп отура калчу.

### (5) Периште өз кейпинде келген

Ошондой эле, пайгамбарыбыз ﷺ периштени жаратылган өз келбетинде дагы көргөн.
Периште ага Аллах каалаган нерсени аян кылып турган. Мындай учур эки жолу болгон жана муну Аллах Таала “Нажм” сүрөсүндө эскерет.

### (6) Аллах Өзүнөн келген аян

Бул Миараж Түнү болгон окуядай, Аллахтын түзмө-түз аян бергени. Ал түнү пайгамбарыбыз ﷺ жети кабат асман үстүнө көтөрүлүп, беш маал намаз окуу милдет болгон.

### (7) Аллах Өзү ага сөз айтып кайрылган

Бул Аллахтын ага периштени ортомчу кылбастан, Өзү түз кайрылганы. Аллах Таала Муса пайгамбарга кайрылганы сыяктуу.

| ЭҢ БИРИНЧИ ТҮШҮРҮЛГӨН АЯТТАР | «Аль-‘Алак» (Уютку) сүрөсүнүн биринчи беш аяты: ***"1. Оку! Жараткан Раббиңдин ысымы менен! 2. Ал инсанды уюган кандан жаратты. 3. Оку, сенин Раббиң Эң улук Зат! 4. Ал инсанга калем менен*** *(жазганды)* ***үйрөттү. 5. Инсанга билбегенин*** *(Куранды жана башка илимдерди)* ***билгизди".*** |
|---|---|

| ДААВАТЫНЫН МАРТАБАЛАРЫ | | |
|---|---|---|
| (1) Пайгамбарлык | (2) Жакын туугандарын динге чакыруусу | (3) Өз элин динге чакыруусу |
| (4) Ага чейин бир да чакыруучу келбеген элди динге чакыргандыгы, б.а. арабтарды Ислам динине чакыргандыгы. | | |
| (5) Чакырыгы жеткен кайсы бир адам баласы же жин баласы болбосун, акыр кыяматка чейинкилеринин бардыгына үгүттөө. | | |

| ДААВАТЫНЫН БАСКЫЧТАРЫ | |
|---|---|
| (1) Жашыруун даават: Пайгамбарлыктын башкы үч жылы. | |
| (2) Ачык даават: Кийинки аят түшүрүлгөндө башталган: *(О, Пайгамбар)* ***Сага буюрулган ишти жарыяла жана мушриктерден жүз бур*** *(алардын сөздөрүнө көңүл бурбай)**!"*** Хижр сүрөсү, 94-аят | |

| БИРИНЧИЛЕРДЕН БОЛУП ПАЙГАМБАРГА ЫЙМАН КЕЛТИРГЕНДЕР | |
|---|---|
| Эркектерден: Абу Бакр ас-Сыддык. | Аялдардан: Хадиджа бинт Хувайлид. |
| Жаш балдардан: Али ибн Абу Талиб. | Азатталган кулдардан: Зайд ибн Хариса. |
| Кулдардан: Билал ибн Рабах аль-Хабаши. | |

| Алгачкылардын арасынан | Анын өз үй-бүлөсүндөгүлөрдөн тышкары, ага пайгамбар катары ыйман келтирген адамдардын катарында: Усман ибн ‘Аффан, Тальха ибн Убайдуллах, аз-Зубайр ибн аль-‘Аввам, Са’д ибн Абу Ваккас, Абдуррахман ибн ‘Ауф, Хаббаб ибн аль-Арат, Сухайб ар-Руми, ‘Аммар ибн Йасир жана анын энеси Сумайя, Абу ‘Убайда ‘Амир ибн аль-Джаррах, ‘Усман ибн Маз’ун, Абу Салама ибн Абдуль-Асад жана ‘Утба ибн Газван, Аллах булардын баарынан ыраазы болсун! |
|---|---|

# 3-бөлүм: Меккедеги жашоо

### МУШРИКТЕРДИН ПАЙГАМБАРЫБЫЗГА ЖАНА АНЫН САХАБАЛАРЫНА КЫЛГАН БУТ ТОСУУЛАРЫ ЖАНА АЗАПТООЛОРУ

Пайгамбарыбыз ﷺ акыйкатка үгүттөп, айланасында адамдар чогулуп баштаганын мушриктер көргөндө ыйман келтиргендерге тоскоолдук жарата башташты. Мисалы:
– Элдин башын буруп, аларды коркутуу максатында алар Мухаммад ﷺ сыйкырчы деген ушак таратышты.
– Элдер кем акыл деп ойлоп калаар деген ой менен Мухаммад ﷺ жиндеп калган, акыл-эси ордунда эмес деп ушак таратышкан.
– Мухаммад ﷺ калпычы деген ушак таркатышкан. Бирок бул кадамы башынан эле оң түшпөс кадам болгон, анткени пайгамбарыбыз ﷺ эл арасында аманатка тактыгы, чынчылдыгы жана ишеничтүүлүгү менен белгилүү болгон.
Аны *“Аль-Амин”* – ***Ишеничтүү*** деп коюшат эле.
– Пайгамбар ﷺ өзүн жана алып келген динин шылдың кылышчу.
–Пайгамбарыбыз ﷺ берилген аянды элдерге жеткизип жаткан маалда ызы-чуу кылып, элди алаксытып, башаламандык иштерди кылышчу.
– Меккеге чет жактан ажылык зыяратын аткарганы келген адамдар пайгамбарыбызга ﷺ жолугуп калышынан кооптонуп, алдын ала кайтарыш үчүн аларды өздөрү биринчи тосуп алып турушкан.
– Пайгамбарга ﷺ түзмө-түз кыйынчылыктарды жаратышкан. Бир жолу ‘Укба ибн Абу Му’айт пайгамбарды жакасынан кармап, муунтуп, өзүн көздөй сүйрөгөн, бирок Абу Бакр ортого түшүп ажыратып калган. Дагы бир жолу, ал мушриктер курмандыкка чалган боос төөнүн ичинен чыккан баласынын тон кабыгын алып барып, пайгамбар сажда кылып жаткан учурда анын жонуна таштап салган, аны кийин кызы Фатима алып койгон.
– Пайгамбарды ﷺ өлтүрүү аракеттери. Алар акеси Абу Талибке пайгамбарды ﷺ ‘Амара ибн аль-Валид деген кишиге айыр башта деп сунуш кылышкан. Ошентип башын бошотуп алып өлтүрөлү дешкен, бирок Абу Талиб алардын сунушунун четке каккан. Пайгамбарыбыз ﷺ Медина шаарына көчөөр алдын да өлтүрүүгө аракеттенишкен.
– Колдоп, көмөк көрсөтөөр кишиси жок мусулмандарды кыйнап, азаптаган учурлары. Мисалы Билалдын ичин чоң таш менен бастырышканы жана Аммар бин Йасирдин үй бүлөсүн кыйнап өлтүргөндөрү жана ушул сымал башка жоруктары.

### ЭФИОПИЯГА КӨЧҮҮ

Мусулмандардын саны көбөйүп баштаганда каапырлар кооптонуп ого бетер бут тосууларын жана кыйноолорун күчөтүшкөн. Ошондо Аллахтын элчиси ﷺ мусулмандарга Эфиопияга көчүп кеткенге уруксат берген. Ал мындай деген: *“Чындыгында ал жакта бир падыша бар, анын тушунда адамдарды басмырлашпайт”.*

# ЭФИОПИЯГА КӨЧҮҮ

## Биринчи көчүү

Эфиопияга биринчи ирет 12 эркек жана 4 аял көчкөн. Алардын арасында Усман бин Аффан رضي الله عنه да болгон. Ал эң биринчи болуп аттанган. Жанында Аллахтын элчисинин ﷺ кызы - жубайы Рукайя бар болгон. Көчмөндөр Эфиопияда эң жакшы шарттарда жашашат. Качан аларга курайш эли Ислам динин кабылдаптыр деген кабар жеткенде Мекке кайтып келип алышат. Бул кабардын жалгандыгы аныкталганда, кээ бирлери Мекке шаарына кирбей Эфиопияга кайтып кетишет, кээ бири болсо Меккеге кирмей болушат. Абдуллах ибн Мас’удка رضي الله عنه окшоп Меккеге кайтып келгендер курайш уруусу тарабынан катуу кысымга алынат.

## Экинчи көчүү

Экинчи ирет Эфиопияга 83 эркек жана 18 аял көчкөн. Алар Эфиопия падышасы Негустун тушунда эң жакшы шарттарда тиричилик улашкан. Бул кабар курайш уруусуна жеткенде, Эфиопия падышасынын ал көчмөндөр тууралуу пикирин бузуу максатында, алар Эфиопияга бир нече өкүлдөрдү жөнөтүшөт. Алардын арасында: Амр ибн аль-‘Ас жана Абдуллах ибн Раби’а болгон. Бирок Аллах алардын митаам ойлорун өздөрүнө каршы буруп койгон.

## ХАМЗА МЕНЕН УМАРДЫН ИСЛАМГА КЕЛИШИ

Пайгамбарлыктын алтынчы жылы курайш уруусунан эң күчтүүсү деп аталган Хамза ибн Абдуль-мутталиб رضي الله عنه Исламга келди. Аллах ал аркылуу Өз пайгамбарын ﷺ кубаттап койду. Андан кийин Умар ибн аль-Хаттаб رضي الله عنه Ислам динин кабыл алды. Пайгамбар ﷺ ал үчүн дуба кылган эле. Хамза менен Умар Ислам динин кабыл алган соң мусулмандар күчтөнүп, курайшийлер болсо касташуусун басаңдатып калышты.

## АБУ ТАЛИБТИН КОКТУСУНДА

Курайш уруусу Аллахтын элчисине ﷺ тоскоолдук жаратуусун күчөтүп, үч жыл бою аны үй бүлөсү менен кошуп Абу Талибтин коктусунда куугунтуктап, камалап келишет. Абдуллах ибн Аббас رضي الله عنه ошол камалоо учурунда төрөлгөн. Бул учур пайгамбарыбыз ﷺ үчүн өтө оор келген мезгилдерден. Курайшийлердин камалоосу бүткөндө ал ﷺ 49 жашта болчу.

## АБУ ТАЛИБ МЕНЕН ХАДИЖА-НЫН ӨЛҮМҮ

Мындан бир ай өткөн соң 87 жашында пайгамбардын акеси Абу Талиб каза болот жана көп өтпөй эле анын аялы Хадижа رضي الله عنها каза болот. Каапырлардын пайгамбарга ﷺ кылган каршы иш-аракеттери ого бетер күч алат.

## ТАИФКЕ САПАР

Күндөрдүн биринде пайгамбар ﷺ Зайд ибн Хариса رضي الله عنه менен Таифке сапар алат. Ал аталган өрөөндүн тургундарын Аллах Тааланын жолуна чакыруу максатын көздөйт. Ал жерде бир нече күн жүргөн соң, чакыруусуна жооп кайтармак тургай ал жердин эли кыйынчылык жаратып, таш менен кубалап, тамандары канжаалап, жарат алган абалда Меккеге кайтмай болот. Аллахтын Элчиси ﷺ бул ирет Мекке шаарына аль-Мут’им ибн ‘Адий атту кишинин коргоо кепилдигин алып кирет.

**АДДАС ЖАНА АНЫН ИСЛАМГА КЕЛИШИ**

Таифтен Меккеге кайтып келе жатып, орто жолдон Аддас аттуу христиан динин тутунган адамга жолугат жана ал киши пайгамбардын чакырыгын дароо кабыл алып, мусулман болот.

**ЖИНДЕР-ДИН ЫЙМАНГА КЕЛИШИ**

Ушул эле сапарда Нахла деген өрөөнгө жеткенде ага “насыбиййун” деген жиндердин уруусунан жети жин жолугат. Алар Ыйык Куранга кулак төшөп анан Ислам динин кабылдашат.

**ИСРА ЖАНА МИАРАЖ ТҮНДӨРҮ**

Кийин түндөрдүн биринде ал руху эле эмес, денеси менен кошо Иерусалимдеги аль-Акса мечитине алып барылып, ал жактан ошондой эле абалда жети кабат асман үстүнө көтөрүлүп, Эң Улук Аллахтын астына барат жана ал жерден Аллах ага кайрылып беш маал намазды парз кылган.

**АРАБ УРУУЛАРЫНА ИСЛАМ ДИНИН ЖЕТКИРҮҮ**

Меккеде жашаган кезинде ажылык мезгил келген сайын ал бардык араб урууларын Аллахтын динине чакырып турган. Ээн-эркин, коркпостон адамдарга Аллахтын Сөзүн жеткире алгыдай мүмкүнчүлүк алуу үчүн, алардан коргоо кепилдигин сурап, анын ордуна аларга Бейиш бакчаларын сунуштаган. Бирок бул сунушка бир да уруу жооп берген эмес, андыктан бул ардактуу ишти Аллах ансарлардын маңдайына жазган. Бул кабар болочок ансарлардын алтоосуна жетет жана алар дароо Аллахтын жана Анын элчисинин сунушуна жооп беришет. Алар Мединага кайтып барып, элдерди Исламга чакыра башташат. Алардын аракетинен Ислам дини Медина шаарында аябай кеңири жайылат. Аллахтын элчиси тууралуу кеп кылбаган үй болгон эмес дешет.

**АНСАРЛАР ЖАНА АЛЬ-АКАБАДА БЕРИЛГЕН БАЯТТАР**

**БИРИНЧИ БАЯТ**

Кийинки жылы Меккеге ансарлар арасынан он эки эркек келет. Алардын бешөө биринчи алтоонун катарындагылар. Алар Аллахтын элчисине ﷺ, аль-‘Акаба деген жерде, “Мумтахана” сүрөсүндө аялдарга сунушталган баят сымал баят беришип, Мединага кайтып кетишет.

**ЭКИНЧИ БАЯТ**

Арадан бир жыл өтүп Мединадан 73 эркек жана 2 аял келишет. Булар экинчи (соңку) баяттын катышуучулары. Алар Аллахтын элчисине өздөрүн, аялдарын жана балдарын коргогондой эле коргойбуз деп сөз беришет. Ошентип Аллахтын элчиси өз сахабалары менен аларды көздөй бет алышып, алардын ичинен он эки башчы шайлашат.

# 4 БӨЛҮМ: Мединадагы жашоо

**КӨЧҮП КЕТҮҮГӨ УРУКСАТ**

Аллахтын элчиси ﷺ өз сахабаларына Мединага көчүп кетүүгө уруксат берет. Сахабалар кичинекей топторго бөлүнүп, жашыруун Меккеден чыгып кетип жатышты. Эң биринчи көчүп кеткен бул: Абу Салама ибн Абд аль-Асад аль-Махзуми же Мус'аб ибн Умайр. Алар барганда ансарлар аларга жардам берип, турак жайын камсыздап жатышты. Ошентип Мединада Ислам дини жайылды.

Кийин Аллах Таала Өз элчисине да көчүп кетүүгө уруксат берди. Ал Меккеден раби' аль-аввал айынын дүйшөмбү күнү чыгып кетти, ал маалда ал 53 жашта болгон. Анын жанында Абу Бакр жана анын боштондук тартуулаган кулу 'Амир бин Фухайра бар эле. Алардын жол башчысы Абдуллах ибн Урайкит аль-Лайси болду. Аллахтын элчиси менен Абу Бакр экөө, Саур тоосундагы үңкүрдө үч күн жашынышып, анан деңиз бойлогон жол менен Мединаны көздөй сапар алышкан.

**ПАЙГАМБАРДЫН МЕДИНАГА КИРИШИ**

Аллахтын элчиси ﷺ өзүнүн шериги менен Медина шаарына раби' аль-аввал айынын он экисинде, дүйшөмбү күнү кирип келди. Ал Медина шаарынын үстүндө жайгашкан Куба деген өрөөндө Амр ибн Ауфтун уруусунан сый көрүп, ошол жерге токтоду. Ал жерде ал он төрт күн жашаган.

**ИСЛАМДА ЭҢ БИРИНЧИ МЕЧИТ**

Пайгамбарыбыз ﷺ Куба мечитин негиздеди. Ибн Умар айтат: "***Пайгамбар ﷺ ишемби күн сайын жөө же атанып алып, Куба мечитине барчу***". Ошондой эле пайгамбарыбыз ﷺ айтат: "**Куба мечитинде окулган намаз умра** (кичи ажылык) **аткарганга барабар**".

**ПАЙГАМБАРДЫН МЕЧИТИНИН КУРУЛУШУ**

Ошентип пайгамбарыбыз ﷺ төөсүн минип жолун улады. Адамдар астынан тосуп чыгып, минген төөсүн буйласынан тартып жетелеп, коноко чакырып жатышты. Ал болсо: ***"Буга жол бошотуп берип койгулачы, бул үстүдөн буйрук алып баратат"*** – деди. Бир маалда ал төөсү азыркы пайгамбардын мечити турган жерге жеткенде чөк түшүп токтоду. Ал жер тилкеси бану Нажжар уруусунан чыккан Сахл жана Сухейл деген эки жетим балага таандык эле. Пайгамбарыбыз болсо Абу Аюб аль-Ансаринин үйүнө конду. Кийин ошол жерге пайгамбар өзү аралашып, сахабалар менен бирге мечит салды. Мечитти топурактан жана пальма бутактарынан тургузушту. Мечиттин дубалдарына жакын улап, пайгамбарга жана анын аялдарына караштуу бөлмөлөр салынды. Анын бөлмөсүнө эң жакын болуп Аишанын бөлмөсү жайгашкан. Жети ай өткөн соң пайгамбарыбыз Абу Аюбтун үйүнөн өз үйүнө көчтү.

**ТУУГАН-ДАШУУ**

Мечит курулуп бүткөн соң пайгамбарыбыз ﷺ, көчүп келген 90 эркек мухажирди, тосуп алган ансарлар менен туугандаштырды. Бул туугандашуу бүт дүнүйөсүнөн ажыраган мухажирлердин көңүлүн көтөрөт эле, анткени дайындалган жаңы туугандарынан бирөө каза болсо, алар боордош тууганы сымал андан мурас алууга акысы бар болмок. Бул шарттар Бадр согушуна чейин сакталып келген.

**ЖӨӨТТӨР**

Пайгамбарыбыз ﷺ Мединага келгенде, аны көргөн жөөттөр алардын Тооратында айтылган чыныгы пайгамбар ушу экендигин дароо түшүнүшкөн. Ошого карабай алар Ислам динин кабылдашкан эмес. Алардын аалымы болуп саналаган Абдуллах бин Салам баш болуп, арасынан кээ бири гана акыйкат динге келишкен. Пайгамбарыбыз ﷺ бану Кайнука', бану Надир жана бану Курайза деген жөөт урууларын элдештирип, алардын башын кошкон.

**КЫБЫЛАНЫН ӨЗГӨРҮЛҮШҮ**

Аллах Таала беш маал намазды парз кылган түндөн тартып, пайгамбарыбыз ﷺ Иерусалим тарапка жүз буруп намаз окуп жүргөн. Бирок ал, сыйынуу тарапты Аллах Кааба жакты көздөй өзгөртсө деген үмүт менен асманды карай берет эле. Ошентип хижранын экинчи жылы Аллах Таала кийинки аятты түшүрүп, кыбыланы өзгөрткөн: ***"Биз кээде жүзүңдүн асман кезгенин көрөбүз жана сени өзүң ыраазы болгон кыбылага бурабыз...".*** (Бакара сүрөсү, 144-аят)

**ЖИХАД КЫЛУУГА УРУКСАТ**

Пайгамбарыбыз ﷺ Мединага көчүп келип, аны ансарлар өз коргоосуна алгандан кийин Аллах Таала кийинки аяттарды түшүргөн: *"(Каапырлар тарабынан)* ***чабуулга туш болгон*** *(момун)* ***адамдарга, зулумдук көргөндөрү себептүү*** *(душмандарына каршы согушууга)* ***уруксат берилди. Албетте, Аллах аларга жардам берүүгө кудуреттүү! Алар*** *(мусулмандар)* ***өз мекендеринен акыйкатсыздык менен, бир гана "Раббим - Аллах" деген сөздөрү үчүн гана*** *(кууп)* ***чыгарылган эле".*** (Хажж сүрөсү, 39-40-аяттар) Ошентип Аллах Таала мусулмандарга мушриктер менен согушууга уруксат берген. Эң биринчи аскер казаттары бул - Абва, Буват, аль-'Ушайра ж.б. өрөөндөргө болгон казаттар.

**БАДР СОГУШУ**

Хижранын экинчи жылы рамазан айында Аллахтын элчиси, чамасы 310 адамдан ашуун чогулган аскерди жетектеп Мединадан чыкты. Алардын максаты Шамдан кайтып келе жаткан курайшийлердин кербенин табуу эле. Кербен башчысы Абу Суфян Аллахтын элчиси ойлогон ишти билип калып, пайгамбар баштаган аскерге жолугуп калбаш үчүн башка жол менен кетет. Меккеде болсо шайтан курайшийлерди козутуп, мусулмандарга каршы согушууга азгырат. Эки тарап Бадр аймагында жолугушуп, "айырмалоо күнү" *(йаум аль-фуркан)* деп аталган улуу беттешүү ошол жерде өтөт. Жоо беттешкен маалда Аллахтын элчиси Аллах Таалага кайрылып, жалбарып жардамына муктаждыгын айтат. Ошондо Аллах мусулмандарды, алар менен жанаша бирге согушкан периштелер менен кубаттады. Аллах момундарга жеңиш тартуулап, Өз динин көтөрмөлөп, бийик кылды. Бадр согушунда жетимиш мушрик жана он төрт мусулман каза тапкан.

## КАЙНУКА КАЗАТЫ

Хижранын үчүнчү жылы бану Кайнука уруусу тынчтык келишимин бузат. Пайгамбарыбыз өзүнүн аскелери менен аларды он беш күн созулган камалоого алат. Он беш күндөн кийин бану Кайнука уруусу пайгамбарга багынып берет. Аллахтын элчиси аларды бошотот. Ал жерде жалпы 700 адам бар эле.

## УХУД СОГУШУ

Ошол эле жылдын Шаввал айында Ухуд тоосунун тушунда чоң беттеш болгон. Курайшийлер Бадр согушунда каза болгон жакындары үчүн өч алууну көздөп, Медина тарапка үч миңге чукул адамдан турган жоо келет. Пайгамбарыбыз Ухуд тоосун көздөй миң адам менен бет алат. Согуш алдын эки жүздүү мунафыктардан 300 адам кайтып кетип, 700 эле адам калат. Алгач жеңиш мусулмандар тарапка ооп барып, бирок Аллахтын сыноосу менен мушриктер үстөмдүк кылып кетет. Жада калса пайгамбарыбызга жетип барып маңдайын жарып, тишин сындырып салышкан. Бул ирет да мусулмандарга периштелер жардам берген. Ухуд согушунда 70 сахаба каза болгон. Алардын арасында: Хамза бин Абдуль-Мутталиб, Мус'аб ибн 'Умайр, Анас ибн ан-Надр, Ханзала аль-Гасиль ж.б. болгон.

Бул согушта Тальха бин Убайдуллах өзгөчө эрдик көрсөткөндүгү үчүн Аллахтын элчиси ﷺ ал тууралуу мындай деген:

*"**Тальхага** (Бейиш) **важип болду**".*

Кийин Аллахтын элчиси ﷺ мусулмандардын курчоосунда Ухуд тоосун көздөй кайтып, Аллах аларды мушриктерден сактап калган.

Ухуд тоосундагы беттешүү сыноо күнүнө айланган. Ыймандуулар сыналып, эки жүздүүлөрдүн бети ачылып, шейит кеткен мусулмандар Аллахтын ардактоосуна татышты.

Ухуд согушу бүткөн соң, Аллахтын элчисине ﷺ курайшийлер кайра келип, мусулмандарды биротоло кыйратканы жатыптыр деген кабар жетет, ошондо ал өз аскерлери менен алардын астынан тосуп чыкмай болот. Мусулмандар Хамра аль-Асад деген өрөөнгө жеткенде бул кабар курайшийлерге жетет. Муну уккан Мекке жоосу ойлорунан тайып, бейпилдик үчүн Меккеге эле кете бергенибиз оң деген чечимге келишет.

## БИР МАУН БАЛЭЭСИ

Хижранын төртүнчү жылы Бир Ма'унда каргашалуу окуя болот. Куран жатка билген 70 сахаба чыккынчылык менен өлтүрүлөт. Ошондой эле бану ан-Надирге казат болуп пайгамбарыбыз аларды камалоого алган. Аллах алардын жүрөктөрүнө коркунуч салып, пайгамбарыбыз болсо аларды Мединадан кууп чыгат. Алар тууралуу "Хашр" сүрөсү түшкөн.

## АЛЬ МУРАЙСИГЕ АТТАНУУ

Хижранын бешинчи жылы. Пайгамбарыбыз ﷺ бану аль-Мусталик тарапка жоого аттанып, ал жактан жеңиш менен кайтты. Ушул казаттан кайтып келе жаткан кезде, суу ордуна таза топурак колдонуп тазалануу мыйзамдалган *(таяммум)*. Дал ушул кезде мунафыктар момундардын энеси Аиша тууралуу ушак таратышат. Бирок ал коюлган айыптан таза болгон. Ошого карабай бул жалган ушактар анын өзүн да, Аллахтын элчисин да аябай капаланткан. Ошондо Аллах Таала "Ан-Нур" сүрөсүндө келген аяттарды түшүрүп, анын бейкүнөө экендигин айтып, актаган. Жалган ушак тараткандар болсо шарият эрежесине ылайык жазасын алып, балак урууга дуушар болушкан.

## ХАНДАК СОГУШУ

Хижранын бешинчи жылы. Шаввал айында жөөттөр, курайшийлер жана башка пикирлеш топтор биригип, пайгамбарга жана сахабаларга каршы аттангандыгы Хандак согушуна себеп болгон. Курайшийлер, бану Сулейм, бану Асад, Фазара, Ашжа' жана башка уруулар биригип, баш аягы он миң башты санаган жоо Мединага бет алган. Салман аль-Фариси чогулган душмандан коргонуу үчүн пайгамбарыбызга чоң ор касууну сунуштайт. Аллахтын элчиси үч миң жоокер ээрчитип, Саль тоосун ыңгайлуу көрүп, анын астына чоң ор касышат.
Бул окуяларга чейин пайгамбарыбыз ﷺ жөөт уруусу бану Курайза менен коопсуздук келишимин түзгөн, бирок алар кыянаттык кылып, келишимди бузуп пайгамбарга каршы түзүлгөн кошуунду колдоп кетет. Пайгамбарыбыз амалкөйлүк кылып Ну'айм ибн Мас'удту бану Курайза уруусундагы жөөттөргө жөнөтөт. Анан кайра эле курайшийлерге жөнөтүп, алардын ортосундагы мамилени бузат.
Кийин Аллах аларга бороон-чапкын шамал жөнөтүп, ал шамал чатырларын алып-учуп, казан-аяк идиштерин көмкөрүп, жүрөктөрүн коркуу каптап, солкундап, согушаарга дити барбай калат.
Кийин пайгамбарыбыз ﷺ бану Курайзага каршы жоого аттанып, Са'д ибн Му'аз аларга өз өкүмүн берет. Бул Хандак согушу тууралуу «аль-Ахзаб» сүрөсү түшүрүлгөн.

## ХУДАЙБИЙЯ КЕЛИШИМИ

Хижранын алтынчы жылы пайгамбарыбыз ﷺ Мединадан 1400 сахабасы менен умра кылганы чыгат. Алар Худайбийя деген жерге жеткенде, курайшийлер аларды Меккеге киргизбейт экендигин маалымдашат. Ошондо пайгамбарыбыз алар менен он жылга өз ара кол салбастык тууралуу тынчтык келишимин түзөт. Бул келишим мусулмандар үчүн чоң жеңиш болгон жана бул тууралуу Аллах Таала мындай деген: ***"Чындыгында, Биз сага анык жеңиш бердик."*** ("Фатх" сүрөсү, 1-аят)
Аталган келишим боюнча курайшийлер бул жыл эмес, кийинки жылы мусулмандарга умра кылууга мүмкүнчүлүк беришет. Ошентип хижранын жетинчи жылы зуль-каада айында *'умра аль-када* деп аталган толуктоо умрасы аткарылган.

## ХАЙБАРГА АТТАНУУ

Худайбийядан кайтып келип, жыйырма күн өткөн соң пайгамбарыбыз Хайбарга жоо камдады. Хайбар Мединанын түндүк тарабында жайгашкан. Мусулмандар Хайбардагы жөөттөрдү жыйырма күндөй камалап, бул ирет тирешүүгө эбегейсиз чоң мээнет жумшалды. Жеңилүүгө көзү жеткен жөөттөр пайгамбарыбызга кайрылып, тынчтыкка келели деп өтүнүшөт.
Алардын өтүнүчүн аткарууга пайгамбарыбыз ыраттуу шарт коюп, жыйынтыгында жөөттөр бардык мүлкүн Хайбарга калтырып, үстүндө кийген кийими менен гана Хайбардан чыгып кетмек болушат. Алган түшүмдү мусулмандар менен тең бөлүшөт деген шарт менен аларга талаа жерлерин иштетүүгө да уруксат берилет.

## ЖАФАРДЫН КЕЛИШИ

Пайгамбарыбыз ﷺ Хайбарда жүргөн кезде Мединага Ислам динин кабыл алган Абу Хурайра келет. Ошондой эле Эфиопияда калган мусулмандар, алардын арасында агасынын баласы – Жаафар бин Абу Талиб кайтып келет. Алар Аллахтын элчисине Хайбардан келип кошулушат. Алар менен кошо Мединага бану Ашаар уруусу келет. Алардын арасында Абу Муса дагы болгон.

## МУ`ТА СОГУШУ

Хижранын сегизинчи жылы пайгамбарыбыз ﷺ Византия императоруна жөнөткөн элчини Шурахбил бин Амр аль-Гассани деген адамдын тегерегиндегилер өлтүрүп коет. Ошонун айынан Муута өрөөнүндө согуш болгон. Аллахтын элчиси ﷺ жакшы көргөн Зайд бин Харисти башчы кылып, анын кол астына үч миң сахабадан турган жоо куралат. Пайгамбарыбыз: ***“Эгер Зайдты өлтүрүшсө, башчылык Жаафарга өтсүн, Жаафарды да өлтүрүшсө анда Абдуллах бин Раваха башчы болсун”*** – деп айтат. Византия башчысы Ираклий өз аскерлерин жана аларга кошулуп кеткен кээ бир араб урууларын жетектеп мусулмандарга каршы аттанат. Алардын саны эки жүз миңге жетет. Беттешүү Муута өрөөнүндө өтөт. Пайгамбарыбыз дайындаган башчылар бул согушта шейит болуп, Ислам туусу Халид ибн аль-Валидтин колуна тиет. Бул иште ал чебердигин көрсөтүп, Аллахка жана мусулмандарга душманчылык кылган жоонун колунан Ислам аскерлерин сууруп чыгат.

## МЕККЕНИН ДАҢАЗАЛУУ БОШТОНДУГУ

Ошол жылы курайшийлерге өнөктөш бану Бакр уруусу, пайгамбарыбызга ﷺ өнөктөш Хузаа уруусуна кол салат. Курайшийлер жашыруун аларга жардам бергени билинип калат. Бул кабар пайгамбарыбызга жеткенде ал Меккени биротоло колго алыш керек деген чечимге келет. Өздөрү бузган тынчтык келишимин кайра жандандыруу максатында, Мединага Абу Суфян келет. Пайгамбар менен сүйлөшөйүн десе сөзүнө кулак салбайт. Анда ал Абу Бакрга, Умарга, акыры Алиге барат. Бардыгы бир ооздон кепке келбей коюшат. Пайгамбарыбыз курайш уруусуна жоо жыйнап бараткандыгынан алар кабарсыз калышсын деп Аллахтан суранат жана Аллах анын дубасын кабыл кылат. Пайгамбарыбыз он миң жоокер менен жоо баштап Меккеге карай сапар алат. Жол ортосу ага Меккеден келип, Ислам кабыл алган акеси Аббас бин Абдуль-Муталлиб кошулат. Меккени колго алуу учурунда пайгамбардын сөздөрүнүн бири: ***“Ким Абу Суфяндын үйүнө кирсе аман калат. Ким аль-Харам Мечитине кирсе аман калат. Ким эшигин илип үйүндө отурса аман калат”.*** Пайгамбарыбыз Меккеге кирип барганда өздөрү согушкусу келип, каршылык көрсөткөндөр менен же убагында тирешип, жалпы мусулмандарга залакасын тийгизгендер менен гана согушкан. Меккеге кирген соң ихрам абалына өтпөй эле Каабаны айланып, таваф кылган. Усман бин Тальханы чакырып, андан Каабанын ачкычын алып, ичиндеги жана тышындагы буттардын баарын талкалап туруп ачкычын кайра Усман бин Тальхага кайтарып берген.

Меккени бошоткон соң көптөгөн адамдар Ислам кабыл алып баштады. Атүгүл уруу-уруусу менен келип Ислам динин кабыл алгандар болду.

## БУТТАРДЫ ТАЛКАЛОО

Аллах Таала Өз элчисине Меккени багындырып берген соң ал өзүнүн сахабаларын, Мекке шаарынын айланасындагы жалган кудайчаларды талкалап келүүгө жиберди. Сувааны талкалаш үчүн Амр бин аль-Ас жөнөтүлдү. Са'д бин Зайд болсо Манатты жок кылды. Халид бин аль-Валид барып аль-'Уззаны кыйратты. Ат-Туфайль болсо Зуль-Каффайнды кыйратты, ал эми Али болсо Тай деп аталган кудайчаны талкалоого жөнөтүлдү.

## ХУНАЙНДАГЫ СОГУШ

Хавазин уруусу Меккенин багынып бергенин угуп, мал-мүлкүн жыйнап, аялдарын жана жаш балдарын кошо ээрчитип, Аллахтын элчисине каршы күрөшүүгө аттанды. Аллахтын элчиси 12 миң кол жыйнап аларды тосуп чыкты. Хунайн өрөөнүнө жеткиче кээ бир мусулмандар мындай көпчүлүк менен сыймыктанып жатышты. Бирок Хавазин аскерлери капыстан жапатырмак кол салганда көптөгөн мусулмандар коркууга алдырып, Аллахтын элчисин таштап коюп чачыранды болуп кетишти. Пайгамбардын жанында болсо тууганадарынан жана мухажирлерден турган кичинекей тайпа гана калды. Ошондо Аллах момундарга дем берип, кайрадан пайгамбардын жанына чогултуп, бардыгы пайгамбарга жанашып, эриш-аркак душманга каршы топтолушту. Натыйжада жеңишке ээ болушту. Жеңилип калган Хавазин уруусу Таифти көздөй качты. Алардын арасынан он төртөө пайгамбарга келип Ислам динин кабыл алып, согушта туткундалган туугандарын кое берүсүүн суранды. Пайгамбар алардын өтүнүчүн орундады жана башка адамдар да пайгамбардын үлгүсүн ээрчишти.

## ТАИФКЕ АТТАНУУ

Пайгамбарыбыз ﷺ Хавазин уруусу менен болгон ишти аяктаган соң, аскер баштап Таифке сапарын улады. Таифке жетип Таиф коргонун он сегиз күн курчап турду, бирок эки тараптуу беттешүү болбой эле кайра артка кайтты.

## ТАБУК КАЗАТЫ

Хижранын тогузунчу жылында Табук казаты болду. Мөмө-жемиш бышып жаткан ысык аптап маалына туш келгендиктен, көлөкөдөн чыккысы келбей турган адамдарга бул жолку аттануу өтө оор келди. Пайгамбарыбыз бул ирет мусулмандарды каражат сарптоого үндөдү. Усман бин 'Аффан үч жүз жабдыгы менен токулган төө берди жана буга кошуп миң динар берди. Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ: ***"Ушул күндөн тартып Усман эмне кылбасын ага зыян тийбейт"*** – деди. Калган сахабалар мүмкүнчүлүгүнө жараша жардам беришти.

Бул казатка көптөгөн эки жүздүү мунафыктар чыкпай койгон. Ошондой эле кадырлуу сахабалардан үчөө себепсиз эле чыкпай койгон. Алар: Ка'б бин Малик, Хиляль бин Умайя жана Мирара бин ар-Раби'. Пайгамбарыбыз ﷺ кайтып келгенде бул үч сахаба пайгамбарыбыздан кечирим сурашкан. Ошондо ***«Жана калып калган үчөөнүн...»*** - деген аят түшкөн. (Тауба сүрөсү 118-аят). Аллах алардын чынчылдыгын билгендиктен кылган тообаларын кабыл кылды. Ошондой эле эки жүздүүлөрдүн жүрөктөрүн бекитип, ушул эле сүрөдө аларды айыптаган. Бул сүрөө эки жүздүүлөрдүн бетин ачкандыгы үчүн "бетин ачаар" деп да аталып калган.

## ТАБУК КАЗАТЫ

Бул казатта пайгамбарыбызга ﷺ Айланын башчысы Йуханна бин Рауба келип, коопсуздук келишимин түзүп, салыгын төлөп кеткен. Жарба жана Азрухтун башчылары дагы дал ушундай кылып салыгын төлөшкөн. Аллахтын элчиси ар бирөөнө кат жазып берген. Ошондой эле, Думаттык Укайдир менен дагы келишим түзүлгөн. Пайгамбарыбыз Табукта эки жума турган жана бул сапарда согуш болгон эмес. Ошентип Мединага кайткан.
Качан ал Мединага кайтып келгенде, мунафыктар курган түпкүрү түркөй мечитти буз деп Аллахтан буйрук келет. Аллах Таала: ***“Дагы ушундай кишилер бар, алар** (Исламга) **зыян жеткирүү үчүн, каапырчылык**(ты күчөтүү) **үчүн, момундардын арасын бөлүп-жаруу үчүн жана да мындан** (бир аз) **мурун Аллах жана Анын пайгамбарына каршы күрөшкөн адамга жардам берүү үчүн мечит курушту...”*** – деген. (Тауба сүрөсү, 107-аят) Ошентип ал аталган мечитти бузду жана бул казат пайгамбарыбыз катышкан казаттардын соңкусу болду.

## ӨКҮЛДӨРДҮН КЕЛИШИ

Табук казатынан кийин сакиф уруусу Ислам динин кабыл алат. Хижранын тогузунчу жылы - “өкүлдөр жылы” деп аталып калган. Пайгамбарыбызга ﷺ көптөгөн уруулар келип Ислам динин кабылдаганы тууралуу айтып жатышты. Мисалы ‘Атарид бин Хажиб ат-Тамими баштаган бану Тамим уруусу; Зайд аль-Хайль баштаган Тай уруусунун өкүлдөрү; аль-Жаруд аль-‘Абди баш болгон Абдуль-Кайс уруусунун өкүлдөрү; ошондой эле бану Ханифа уруусунун өкүлдөрү. Кийин өзүн пайгамбар атап чыккан жалганчы Мусайлима дал ушул бану Ханифа уруусунун өкүлдөрү менен келген.

## АБУ БАКРДЫН АЖЫЛЫГЫ

Хижранын тогузунчу жылы пайгамбарыбыз Абу Бакрды ажы башчы кылып Меккеге жөнөттү. Ал мусулмандар менен ажылыкты так аткарды. Абу Бакрдын аркасынан Алини жиберди. Али адамдарга “Тауба” сүрөсүнүн башкы аяттарын окуп берип, мушриктер менен түзүлгөн келишимдер мындан ары алсыз экендигин жана бул жылдан тартып мушриктерге наадандык доорундай жылаңач ажылык кылып, Каабаны жылаңач айланууга тыюу салынат экендигин жар салды.

## ПАЙГАМБАРДЫН АЖЫЛЫГЫ

Хижранын онунчу жылы Аллахтын элчиси коштошуу ажылыгын аткарды. Бул сапар аны жандап ар кайсы шаарлардан, уруулардан элдер келип кошулуп жатып, алардын саны жүз миңден ашты. Пайгамбарыбыз ﷺ аларга ажылыктын тартиптерин үйрөттү жана Арафа күнү аларга Аллах Тааланын сөздөрүн окуп кайрылды: ***“Мына бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылып, нээмат-жакшылыктарымды бирин калтырбай берип, силерге Исламдын гана дин болушун кааладым...”*** (Маида сүрөсү, 3-аят) Пайгамбарыбыз дин толук түшкөндүгүн кабарлап, момундарга Куран жана Сүннөткө бекем болууну осуят кылды жана мусулмандарга бири-биринин намысы, мал-мүлкү жана кан төгүүсү арам экендигин эскертти. Бул анын акыркы хутбасы болду.

## УСАМА АТТАНДЫ

Хижранын он биринчи жылы Сафар айында пайгамбарыбыз византиялыктарга каршы жоо жыйнап, Усама бин Зайдты аскер башчы кылып жөнөтөт. Ислам аскерлери аль-Журф деген өрөөнгө жеткенде пайгамбардын ооруп калгандыгы кабарланган.

# АНЫН КАЗАТТАРЫ ТУУРАЛУУ

**КЫСКАЧА АНЫН КАЗАТТАРЫ, АСКЕР БӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ЖӨНӨТҮҮСҮ ТУУРАЛУУ**

Пайгамбардын бардык казаттары хижрадан кийинки он жыл ичинде болгон. Жалпы казаттардын саны алтымышка чукул. Көзү тирүү кезинде болуп өткөн казаттардын саны жыйырма жети. Тогуз беттешүүгө өзү катышкан. Алар: Бадр, Ухуд, Хандак (Ор тушунда), Курайза, аль-Мусталик, Хайбар, Меккени багындыруу, Хунайн жана Таиф. Кээ бир беттешүүлөр тууралуу ыйык Куран аяттары түшкөн. Бул аяттар төмөндө баяндалат:

**АНЫН КАЗАТТАРЫ ТУУРАЛУУ КУРАН АЯТТАРЫНДА ЭМНЕ ДЕП АЙТЫЛАТ?**

**Бадр согушу:** Бул согуш тууралуу “Аль-Анфаль” сүрөсүндө айтылат, ошондуктан бул сүрөнү “Бадр” деп коюшат.

**Ухуд согушу:** Бул согуш тууралуу “Аалы Имран” сүрөсүнүн экинчи бөлүгүндө айтылат. ***"Бир кезде, сен*** *(О, Мухаммад)* ***үй-бүлөңдөн чыгып, момундарды согуш орундарына*** *(көрөгөчтүк менен)* ***жайгаштырдың..."*** деген аяттан баштап бул сүрөнүн аягына чейин. " (Аалы Имран сүрөсү, 121-аят)

**Ор тушундагы согуш, бану Курайза жана Хайбарга аттануу.** Булар тууралуу “аль-Ахзаб” сүрөсүндө келет.

**Бану ан-Надирге аттануу.** Бул тууралуу “аль-Хашр” сүрөсүндө аяттар келген.

**Худайбияга жана Хайбарга аттануу:** Бул казаттар тууралуу “Фатх” сүрөсүндөгү аяттар түшкөн. Бул сүрөдө ***Меккенин Бошотулушу*** тууралуу да айтылган, бирок ал кабар “Наср” сүрөсүндө ачык баяндалган.

**Табук казаты**: Бул казат тууралуу “Тауба” сүрөсүндөгү аяттар түшүрүлгөн.

Пайгамбарыбыз ﷺ бир гана Ухуд согушунда жаракат алган. Үч согушта периштелер түшүп момундарга жардам берген – Бадр, Ухуд жана Хунайн. Ошондой эле Хандак согушунда дагы мушриктер солкулдаган кезде периштелер түшкөн. Пайгамбарыбыз мушриктердин бетине кум чачкан жана алар согуш майданынан кайтышкан. Мусулмандар эки беттешүүдө чоң жеңишке ээ болушкан: Бадр жана Хунайн. Бир гана Таиф согушунда катапульта колдонулган. Ор касуу ыкмасы да бир эле учурда колдонулган. Ар кошкон уруулар мусулмандарга каршы аттанган маалда, Салман аль-Фариси ор касууну сунуштаган. Бул Хандак согушу.

# ООРУГАНЫ ЖАНА ӨЛГӨНУ

ООРУГАНЫ ЖАНА ӨЛГӨНУ

Акыр аягы Аллах Таала Өз пайгамбарына ﷺ тандоо ыктыярын берди, бул дүйнө же Аллахка жолугуп, Бейишке кирүү. Ал Аллахка жолугуп, Бейишке кирүүнү тандады. Ошондон улам ал катуу ооруга чалдыгып, башка аялдарынын уруксаты менен ооругандан тартып Аишанын үйүндө болду. Намаздарын мечиттен окуй албай калган кезде, өзүнүн ордуна Абу Бакрды имам кылып дайындаган. Бул буйругу пайгамбардан кийин халиф болууга эң татыктуу бул Абу Бакр экендигине ишарат болгон. Хижранын он биринчи жылы раби аль-аввал айынын он экинчи күнү, мусулмандар таңкы намазын окуп жаткан маалда, пайгамбарыбыз Аишанын бөлмөсүнүн пардасын көтөрүп, намаз окуп жаткандарды карап жылмайды. Анан намазыңарды уланта бергиле деген мааниде белги берип парданы түшүрүп койду.

Ошол күнү эртең менен, күн аркан бою көтөрүлгөн кезде пайгамбарыбыз ﷺ бул дүйнө менен кош айтышты.

Пайгамбарыбыздын ﷺ өлүмү мусулмандардын башына келип көрбөгөндөй чоң балээ болду. Алар буга аябай кайгырышты.

Анан пайгамбарыбызды ﷺ жууп, үч ак кездемеге ороп, көз жумган жери - момундардын энеси Аишанын бөлмөсүнө эле көмүштү.

Аллахтын өкүмүнө ылайык, Анын бардык пайгамбарлары көз жумган жерине коюлуш керек эле. Эми бул пайгамбар үчүн адам жана жин ааламы Аллахтан тынчтык жана бейпилдик тилеп турат. Өз кезегибизде биз да күбөлүк беребиз, ал өзүнүн пайгамбарлык милдетин так аткарып, өз үммөтүнө ыкыластуу мамиле кылды жана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн эң жакшы аракет кылды. Ошондуктан биз Аллахтан суранабыз: пайгамбарыбызга бир да пайгамбар өз үммөтү үчүн алып көрбөгөн сыйлыктарды ыйгарсын. Бардык мактоо Ааламдардын Эгеси Аллахка таандык!

АЯГЫ

Аллахтын элчисин жандаган акын Хассан бин Сабит айтат:

يَا رَبِّ! فَاجْمَعْنَا مَعًا وَنَبِيَّنَا ... فِي جَنَّةٍ تُثْنِي عُيُونَ الْحُسَّدِ

فِي جَنَّةِ الْفِرْدَوْسِ وَاكْتُبْهَا لَنَا ... يَا ذَا الْجَلَالِ وَذَا الْعُلَا وَالسُّؤْدَدِ

صَلَّى الْإِلَهُ وَمَنْ يَحُفُّ بِعَرْشِهِ ... وَالطَّيِّبُونَ عَلَى الْمُبَارَكِ أَحْمَدِ

Оо, Рабби! Көрө албас да мактап ийчү Бейиште, биздин пайгамбарга жанды ыкта!

Фирдаустун бакчаларын буюрчу, Улуулук, Бийиктик, Ардактуулук Сага гана таандык да!

Берекелүү Ахмадка жалпы жакшы бардыктар, Арш курчаган жандыктар жана дагы Кудай Өзү бата берген андыктан!

# ҮЧҮНЧҮ ЭКЗАМЕН

| СУРОО | ТУУРА | ТУУРА ЭМЕС |
|---|---|---|
| • Пайгамбарыбыз ﷺ качандыр бир кой кайтарып жүргөндүгү үчүн сабырдуу, алсыздарга кайрымдуу жана камкор болгон. | ☐ | ☐ |
| • Ал кырк жашында пайгамбар болгон жана жума күнү Аллах Таала аны ааламдарга элчи кылган. | ☐ | ☐ |
| • Курайш уруусу Аллахтын элчисине ﷺ көбүрөөк залакасын тийгизиш үчүн аны үй-бүлөсү менен кошо Абу Талибтин коктусуна кууп, үч жыл камалоого алышкан. Бул учур пайгамбарыбыз ﷺ үчүн өтө оор келген мезгилдерден. Курайшийлердин камалоосу бүткөндө ал ﷺ 49 жашта болчу. | ☐ | ☐ |

• Пайгамбар ﷺ Меккеде төрөлгөн: ☐ *Пил жылы.* ☐ *Хижрадан 53 жыл мурун.* ☐ *Экөө тең.*

• Аян түшүү мындай башталган: ☐ *Жалгыздык жакшы көрүүсүнөн.* ☐ *Анык түш көрүүлөрдөн.* ☐ *Экөө тең.*

• Аян түшүү мартабалары: ☐ *Бешөө.* ☐ *Алтоо.* ☐ *Жетөө.*

• Даават кылуу мартабалары : ☐ *Экөө.* ☐ *Үчөө.* ☐ *Бешөө.*

• Кийин түндөрдүн биринде ал руху эле эмес, денеси менен кошо Иерусалимдеги аль-Акса мечитине алып барылып, ал жактан ошондой эле абалда жети кабат асман үстүнө көтөрүлүп, Эң Улук Аллахтын астына барат жана ал жерден Аллах ага кайрылып, бизге беш маал намаз парз болот: ☐ *Жок, денеси гана.* ☐ *Жок, руху гана.* ☐ *Руху дагы, денеси дагы.*

• Исламдагы эң биринчи мечит: ☐ *аль-Харам мечити.* ☐ *Пайгамбардын мечити.* ☐ *аль-Акса мечити.* ☐ *Куба мечити.*

• Кыбыланын өзгөрүшү: ☐ *Хижрага чейин Меккеде болгон.* ☐ *Хижранын экинчи жылы болгон.* ☐ *Хижранын үчүнчү жылы болгон.*

• Бадр согушу Рамазан айында болгон:

☐ *Хижранын экинчи жылы.* ☐ *Хижранын үчүнчү жылы*

| Аллахтын элчисине ﷺ: эң биринчи ыйман келтирген | Али бин Абу Талиб | Биляль бин Рабах | Зайд бин Хариса | Абу Бакр |
|---|---|---|---|---|
| Эркектерден | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Жаш балдардан | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Бошотулган кулдардан | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Кулдардан | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| Бала чагындагы багармандар: | Абу Талиб | Абдуль-Мутталиб | 8 жаш | Абдуллах бин Абдуль-Мутталиб | 7 жаш |
|---|---|---|---|---|---|
| Энеси өлгөн соң чоң атасы ........... баккан | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Ал .......... жашка толгондо чоң атасы каза болгон | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Анан акеси .......... баккан | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Аллахтын элчиси ﷺ төрөлө электе атасы ........... каза болот. | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Энеси өлгөндө ал .......... болчу | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

| Анын казаттары жана беттешүүлөрү: | 10 | 6 | 27 | 9 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|
| Пайгамбардын бардык казаттары хижрадан кийинки .......... жыл ичинде болгон. | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Анын казаттарынын жана беттешүүлөрүнүн жалпы саны | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Беттешүү болгон учурлар | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Пайгамбарыбыз ﷺ өзү катышкан | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Жарадар болгон | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

# КИТЕПТИН МАЗМУНУ


- Кириш сөз .................. 2
- Пайгамбардын жеке сыпаттары .................. 4
- Биринчи экзамен .................. 12
- Пайгамбардын жетекчлиги .................. 15
- Пайгамбардын өзгөчөлүктөрү .................. 20
- Туугандары жана аялдары .................. 23
- Экинчи экзамен .................. 27
- Пайгамбарлыкка чейинки жашоосу .................. 32
- Аян түшүүнүн башталышы .................. 34
- Пайгамбардын Меккедеги жашоосу .................. 37
- Пайгамбардын Мединадагы жашоосу .................. 40
- Анын казаттары тууралуу кыскача .................. 47
- Анын ооруганы жана бул дүйнөдөн кайтышы .................. 48
- Үчүнчү экзамен .................. 49
- Китептин мазмуну .................. 51

БЕКЕР ТАРКАТЫЛАТ

# ЖАЛПЫ МУСУЛМАН ҮММӨТҮ ҮЧҮН МААНИЛҮҮ САБАКТАР

ШЕЙХ АБДУЛАЗИЗ ИБН БАЗ
САУД АРАБИЯСЫНЫН МУФТИЙИ



ТҮШҮНДҮРМӨ:
ШЕЙХ ХЕЙСАМ САРХАН
ПАЙГАМБАРДЫН МЕЧИТИНИН
ИНСТИТУТУНУН МУГАЛИМИ

КОТОРГОН:
НУРГАЗЫ ЖУСУПОВ
КАМЧЫБЕК ТЕМИРБЕК УУЛУ

اللغة القرغيزية

# «ЖАЛПЫ МУСУЛМАН ҮММӨТҮ ҮЧҮН МААНИЛҮҮ САБАКТАР»

китебине кыскача түшүндүрмө


Китептин автору:

Атактуу мусулман аалымдарынын бири
**шейх АбдулАзиз бин АбдиЛлях бин Баз** (Аллах ага ырайым кылсын)
Сауд Арабиясынын муфтийи (1993-1999)
Медина эл аралык Ислам университетинин ректору (1970-жылы)
Чоң аалымдар комитетинин башчысы
Фатва берүү боюнча туруктуу комитеттин жетекчиси (1975)
Мечиттерге байланыштуу Дүйнөлүк жогорку советинин төрагасы
Мекке шаарындагы Дүйнөлүк мусулман лигасынын мүчөсү, уюштуруу
жыйналышынын төрагасы жана ага таандык фикх академиясынын башчысы

Түшүндүрмөнү даярдаган:

**Шейх Хейсам бин Мухаммад Джамиль Сархан** (Аллах аны сактасын)
Пайгамбарлык мечиттин карамагындагы институтта мугалим болуп эмгектенген
http://attasseel-alelmi.com
интернет булагынын жетекчиси

Котормону даярдаган:
Нургазы Жусупов
Камчыбек Темирбек уулу


Аллах Таала китептин авторуна, түшүндүрмөнү даярдаганга, бул китепти чыгарууга жана таркатууга көмөк көрсөткөндөрдүн баарысына жана алардын ата-энелерине кечирим тартуулаган болсун


وقفٌ لله تعالى
Бул китеп вакуфтук мүлк болгондуктан сатууга болбойт,
бир гана бекер таркатылууга тийиш.

الطَّبعة الأولى

Биринчи басма

جميع الحقوق محفوظةٌ

Баардык укуктар корголгон

إلَّا من أراد طبعه أو ترجمته لتوزيعه مجَّانًا بعد مراجعة المؤلِّف

Эгер кимдир бирөө бул китепти бекер таркатуу максатында басып чыгарууну, же которууну кааласа, ал автордун текшерүүсүнөн кийин гана уруксат

الرَّجاء التَّواصل على

Автор менен байланышыш үчүн кийинки дарек аркылуу кайрылсаныздар болот:

islamtorrent@gmail.com

# КИРИШ СӨЗГӨ ТҮШҮНДҮРМӨ

Шейх Абдуль Азиз бин АбдиЛлях бин Баз (Аллах ага ырайым кылсын) айтат:

Мээримдүү жана Мээрим Төгүүчү Аллахтын ысымы менен:

Бүтүндөй тирүүлүктүн Раббиси болгон Аллахка мактоолор болсун, бир гана такыбалардын акыбети кайтат, Өзүнүн кулу жана элчиси, биздин пайгамбарыбыз Мухаммадка ﷺ, жана анын жолдоочулары менен баардык сахабаларына Аллахтын салам салаваттары болсун. Андан соң: Бул китепче, Ислам дини тууралуу баардык мусулмандар эмнени билиш керек болсо, ошонун кыйла бир бөлүгүн түшүндүрүп берет. Мен муну: ***“Жалпы мусулман үммөтү үчүн маанилүү сабактар”*** деп атадым.

Жана мен Аллахтан бул билдирүүнү мусулмандарга пайдалуу кылып, жана менден кабыл кылуусун суранам, акыйкатта Ал-Берешен, Жоомарт.

*Абдуль Азиз бин АбдиЛлях бин Баз*

## Эмне үчүн биз “Маанилүү сабактарды” үйрөнөбүз?

Анткени автор өзү айтып өткөндөй алар маанилүү, андан тышкары аалымдар аны үйрөнгүлө деп кеңеш беришет. Ал эми кимдир бирөө: *“Ооба, булар маанилүү, бирок карапайым адамдар үчүн. Мен болсо илим издегендерденмин. Менин даражам жөнөкөй мусулмандардыкынан өйдө...”* дей турган болсо, анда биз бул китепте эмне жөнүндө айтылаарын андан сурайбыз. Эгер жооп бере албаса, демек, мусулмандардын катардагысы эле ага караганда жакшыраак болуп чыгат. Илим талап кылуучу жөнөкөйлүк сыпаты менен, илимден жана илим ээлеринен өзүн жогору койбошу керек, бул көрүнүштө ал такыба аалымдардын жолун жолдойт.

## “Маанилүү сабактар” эмнени камтыйт?

1. Түз жолдогу абалкылар Куранды кандай окуп-жаттаган болсо, маанисине ой жүгүртүп, ошого ылайык амал кылган болсо, Куранга болгон ошол мамилесин баяндайт
2. Ислам, Ыйман, Ихсан, Таухид жана Ширктин маанисине түшүндүрмө
3. Намаз маселелерине түшүндүрмө
4. Гусул, даарат маселелерине түшүндүрмө
5. Ислам адебин карманып, жакшы кулк-мүнөзгө ээ болуу
6. Ширктен жана күнөөлөрдөн кайтаруу
7. Сөөктү көмгөнгө даярдоо жана жаназа намазы

## Аалымдар өз эмгектерин эмне үчүн “БисмиЛля” деп башташат?

1. Аллахтын китебин, Анын элчилерин жана пайгамбарларын үлгү тутуп

2. Биринчи муундун аалымдарынан үлгү алып

3. Ушул сөздөрдүн себеби менен Аллахтан бата тилеп

4. ***“Кандай иш болбосун, Аллахтын ысымы менен башталса...”*** деген хадисти ээрчип. (бирок бул хадис “даиф”, б.а. риваятчылары алсыз)

# БИРИНЧИ САБАК

**Биринчи сабак “АЛЬ ФАТИХА” сүрөөсү менен кээ бир кыска сүрөөлөр**

Биринчи сабак Аль Фатиха сүрөөсүн, жана Зилзаладан баштап Ан-Нас сүрөөсүнө чейин мүмкүнчүлүккө жараша туура окуп, жаттап, маанилерин терең үйрөнүүгө багытталган

Түшүндүрмө: Куран жаттоодо, маанисине ой жүгүртүү менен күнүнө ондон аят жаттаган, абалкылардын (салафтардын) ыкмасын колдонушубуз керек. Мында бизге шейх Абдур Рахман ибн Насыр Ас Саадинин кыскача Куран тафсири (чечмелениши) жардам берет. Андан кийин Куранга ылайык иштерди жасоого Аллахтан жардам сурашыбыз керек

**Илим издеген адам, Куранга түшүндүрмө катары жазылган китептердин кайсынысынан баштаганы оң?**

Шейх Абдур Рахман ибн Насыр Ас-Саадинин калемине таандык: *“Ыйык Курандын Чечмелениши”* - деген китептен баштаганы оң.

**Эмнеге?**

- Аалымдар ырастап, бул китепке аябай көп көңүл бургандыгы үчүн.
- Ал кыскача болгондуктан, илим жолундагы баштапкыларга дал келет.
- Мааниси жөнөкөй жана түшүнүктүү.
- Аллахтын каалоосу менен, Куранга ылайык амал кылганга жардам берет.
- Калем ээси Таухидке өзгөчө басым жасаган.

**Куранга мамилеси боюнча адамдар үч топко бөлүнүшкөн:**
Экөө аша чапкан, бирөөсү ортолукту карманган

- Куранды таштап коюшкан. Аны төмөнкүдөн байкаса болот:
  - Окушпайт
  - Жатташпайт
  - Маанилерине ой жүгүртүшпөйт
  - Ага ылайык амал кылышпайт
  - Аны дарылануугa себеп катары колдонушпайт
- Окуп, жаттаганы менен маанисине ой жүгүртпөй, ага ылайык амал кылбай эле жүрө бергендер
- Үзгүлтүксүз окуп, жаттап, маанисине ой жүгүртүп, ошого ылайык амал кылууну Аллахтан сурангандар. Туура жолдогу абалкылар жана аларды ээрчигендер деп ушулар аталат

Аллах Таала айтты:

﴿وَقَالَ الرَّسُولُ يَا رَبِّ إِنَّ قَوْمِي اتَّخَذُوا هَذَا الْقُرْآنَ مَهْجُورًا﴾

***“Пайгамбар (Мухаммад) айтты: “О, Раббим! Менин коомум (курайш) мына бул Куранды (арттарына) таштап коюшту”.*** Фуркан сүрөөсү 30-аят

Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Анын тукумунан Куранды окугандар чыгат, бирок ал кекиртектеринен ылдый түшпөйт. Алар бутпарастарды тим коюп, мусулмандарды өлтүрүшөт. Алар жаа жебеси аңды жарып чыккан сымал, Исламдан кайтып турушат. Жана мен аларга кездешчү болсом, сөзсүз “ад” коому кыйраган сымал аларды жок кыламын”.***
(Бухари 3610, Муслим 1064).

Шейх Абдур Рахман ибн Насыр Ас Саадинин
**“Ыйык Курандын Чечмелениши”** деген китебинен үзүндү.
Аль – Фатиха сүрөөсүнүн тафсири (Ачуучу. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***1. Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен*** *(баштаймын).*
***2. Ааламдардын Раббиси - Аллахка алкыш-мактоолор болсун.***
***3. Ал – Ырайымдуу, Мээримдүү***
***4. Кыямат Күндүн падышасы.***
***5. Жалгыз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз!***
***6.*** *(О, Жараткан!)* ***Бизди Туура Жолго баштагын!***
***7. Өзүң жакшылык берген адамдардын жолуна*** *(баштагын).*
***Каар-казапка учурагандардын жана адашкандардын жолуна эмес.***

(1) Мунун мааниси: мен Аллахтын ысымы менен баштаймын дегенди түшүндүрөт. Лексикалык талдоодон улам, бул сөз айкашы Кудуреттүү Кудайдын баардык кемчиликсиз ысымдарын камтыйт экени маалым. Аллах деген дагы, Өзүнүн кемчиликсиз сыпаттарына ылайык, сыйынууга татыктуу болгон – Жалгыз Өзү гана, Кудай тутуп ибадат кылынчу Зат дегенди билдирген ысымдардын бири. Мээримдүү жана Ырайымдуу деген Улуу аттары болсо, ар бир жандуу жана жансыз макулукту курчап турган мээриминин көрсөткүчү. Пайгамбарлардын жолун улаган такыба пенделер, Анын мээримине толугу менен бөлөнөт. Ал эми башка макулуктар болсо, ошол берекенин кыйла бир четин гана көрүшөт. Эске алсак, Аллахка жана Анын Бийик сыпаттарына ишенүү жөнүндө, баардык дин таануучулар айтышкан. Мээримдүү жана Мээрим Төгүүчү Падыша дегени, ошол мээримди Анын макулуктарынан байкаса болот дегендик. Ырыскы, берекенин баарысы Анын сан жеткис ырайымы жана боорукерлигинен кабар берет. Башка ысымдарын дагы ушул нукта түшүнсө болот. Ал Билүүчү, Ага бары-жогу бүт маалым. Ал Кудуреттүү, күчтүү жана ар жандыктын үстүндө бийлиги бар.

(2) Чексиз мээримин, талашсыз адилети коштоп жасаган иштери үчүн, же Анын кемчиликсиз сыпаттары үчүн Аллахка айтылган даңазалоо сөздөрү. Мактоонун баары Аллахка таандык, жана Ал ошого толук татыктуу. Ал ааламдарга жалгыз падыша. Аллахтан башкасынын баардыгы ааламга кирет. Ааламды жоктон бар кылып, ичиндеги тирүүлүктү керектүү азыгы менен камсыздаган. Аларды тунук бейпилдикке бөлөп, Ал берген ырыскылар жок болсо, өмүр сүрүү мүмкүн эмес. Макулуктарды курчаган ошол ырыскынын баардыгы, Рабби Аллахтын тартуулаган белектеринен. Анын Раббилиги эки түрдө болот: жалпы жана өзгөчө. Жалпы дегени - Ал жандыктарды жаратып, аларды азыктандырып, дүнүйөгө жетүү жолун көрсөтүп бергени. Ушундан улам алар бул дүйнөгө байыр алышат.

Өзгөчө түрү болсо - Аллах ошол дүйнөдөгү Өзүнүн жакшы көргөн пенделерин такыбалыкта тарбиялап, ыйманын толуктап жана бекемдеп турушуна жардам бергени. Аларды, түз жолдон адашып, Өзүнөн алыстап кетүүсүнөн сактап турат. Бул падышалыктын маңызы, Аллах Өз пендесине жакшылык жолун жеңил кылып, жамандыктын кай түрү болбосун, сактап келээринде. Балким ушул себептүү, пайгамбарлар дубаларында Аллахка - Раббим деп көп кайрылышчу. Бирок, ал инсандардын көздөгөнү - Аллахтын өзгөчө падышалыгы гана болгон сыңаары. Бул аятта Аллах Таала Өзүн ааламдардын Раббиси деп, Жалгыз Өзү гана жаратып, ырыскыландырып жана башкарып тураарына басым жасап өттү. Ал бай жана макулуктарга муктаж эмес. Тескерисинче, баардык макулуктар Аллахка муктаж жана бүт жагынан Ага көз каранды.

(4) Бийликте башкаруучу болуп, ошондон улам Ал буюруп же тыюу салып, сыйлыгын берип же жазага тартып, кол астындагыларын Өзү каалагандай башкарса, ошондо ал Падыша болмокчу. Чыныгы бийлик кимге таандык экени, Сурак Күнү даана билинет. Адамзат өзүнүн жаман-жакшы амалдарына жазасын ала турган Күнгө – баяндооч десе болот. Ал күнү жаратылган макулуктун баардыгы, Аллахтын талашсыз бийлигине, айыпсыз адилет, даанышмандыгына күбө болушат. Болгон мүлкүнөн ажырап, бийлер жана кызматтагылар, кулдар жана азат кишилер, баардыгы Падышанын астында тең болушат. Алар Анын өкүмүнүн алкагында, жазасынан кооптонуп, сыйлыгына зар болушат. Ушул себептүү, ар заманда козголбос бийлиги орноп турса да, Аллах өзүн - Сурак күндүн падышасы деп атады.

(5) Араб тилинин грамматикасына ылайык, ат атооч этиштин алдында турса, анда кыймыл-аракет, эскерилген тарапка гана байланат. Андыктан бул аяттын мааниси мындай: биз Сага гана сыйынабыз, башкасына сыйынбайбыз, жана Сенден гана жалбарып жардам тилейбиз, башкасынан суранбайбыз. Бул жерде сыйынуу, жалбарып сурануудан мурун айтылган. Бул да - жекени жалпыга байлоо айкаштарынан, анткени кеп салаарда жалпы нерсени, жеке нерседен мурун эскерүү, адаттагы эрежелерден. Ошондой эле мындай сөз ээрчими, Аллахтын акысы пенделеринин акысынан өйдө экендигин көрсөтөт. Аллах сүйүп ырастаган сөздөр жана иш-аракеттер, жүрөктөн купуя чыгабы, же дене мүчөлөрү менен аткарылабы, баардыгы биригип – Ибадат деген түшүнүк. Жалбарып жардам тилөө дегендин мааниси – болоорунан күмөн санабастан, жамандыктан сактап, жакшылык тартуула деп Кудуреттүү Аллахка кайрылуу. Зулумдуктан кутулуп, түгөнгүс бакытка жетүүнүн жолу бир гана дуба менен ибадатта. Андан башка куткарылуу жолу жок. Ошондуктан, билип алчу нерсе, ибадат Кудайдын ыраазычылыгы үчүн жасалып, Анын элчисинин осуяттарына ылайык аткарылганда гана өз маңызын табат

Бул эки шартты аткарбай туруп, ибадат деп ойлонуп да болбойт. Жалынып жалбаруу деле сыйынуунун бир түрү болгону менен, Аллах муну өзүнчө эскерди. Анткени кандай амал болбосун, аны аткарууда пенде өз Жаратуучусунун жардамына муктаж. Анын жардамы болбосо, инсан буюрулган нерсени так аткарып, күнөөлөрдөн оолак болушу мүмкүн эмес.

(6) Мунун мааниси: бизге туура жолду көрсөт, ошону көздөй багыттап, ал жолдо жүрүүгө жардам бер. Аллахты көздөй алып барган ачык жолдун аягы Бейиштен бүтөт. Акыйкатты таанып, иштеринде колдоно билгендер гана ушул жол менен басып өтөт. Бул аят, бизди түз жолго салып, аны бойлоп өткөр, дегенди да түшүндүрөт. Биринчиден бул, башка диний ишенимдерден кайтып, Исламга келүү деген маани, экинчиден шарият эрежелерин үйрөнүп, турмушта колдоно билүү дегени. Бул өтө пайдалуу, мааниси терең жана ар тараптуу дубалардын бири. Ар бир инсан Кудайдын колдоосуна муктаж болгондуктан, намаздын ар бир рекетинде ушул сөздөр менен кайрылууну аларга Аллах милдет кылып койгон.

(7) Туура жол-бул пайгамбарлардын, ыкыластуу момундардын, шейиттердин жана Аллахтын берекесине татыган жакшы адамдардын жолу. Акыйкатты көргөн соң, жүз буруп, Аллахтын каарына калгандардын жолу эмес. Жөөттөр менен аларга окшогондор дал ушундай жагдайга туш болушкан. Жана ошондой эле, наадандык менен адашуунун айынан, акыйкаттан баш тарткан христиандардын, же аларга окшогондордун жолу эмес. Бул сүрөө кыскалыгынан да, нускалыгы менен айырмаланып, Курандагы бир да сүрөөдө келбеген нерселерди камтыйт. Мында Таухидтин үч түрү баяндалат. Аллахтын Рабби экендигине ишеним “Ааламдардын Раббиси” деген сөздөргө катылган. Ал эми ибадатка жалгыз Аллах гана татыктуу деген ишеним “Аллах” деген атында, жана “Жалгыз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз” деген жерде айтылат. Аллах эң керемет ысымдарга жана кемчиликсиз сыпаттарга ээ экендигине ишеним, буга чейин айтып өткөндөй, “Аллахка алкыш- мактоо болсун” деген аятта айтылат. Таухидтин бул бөлүгү, маңызында Аллах Тааланын ысымдарын, жана Аллах Өзүн кандай сыпаттаса, же Анын пайгамбары Мухаммад, Ал жөнүндө эмнелерди айткан болсо, ошонун баарына ишеним туюлуу маселесин баяндайт. Ирээтинде, Кудайдын сыпаттарын өз маанисинен бурмалап, макулуктардын сыпаттарына окшотуп болбойт. Жана бул сүрөөнүн “Бизди Туура Жолго баштагын!” деген жеринде Мухаммадтын пайгамбарлык миссиясы чындык экенине далил бар. Анткени жол көрсөтүүчү жиберилмейин, андайга жетиш мүмкүн эмес. “Кыямат Күндүн падышасы” деген сөздөр, адамдар сөзсүз кылган иштери үчүн жооп берээрин баяндайт.

Бул жазалоо адилеттүү болот, анткени “*Диин*” деген сөздүн мааниси, жөн гана эмес, “адилеттүү жазалоо” дегенди билдирет. Бул сүрөө жабарий жана кадарий сыяктуу агымдардын адашууларын анык четке кагат. Себеби, сүрөөдө баардык болумуш Аллахтын гана буйругу менен болоору, бирок ошону менен эле бирге пенде тандоо эркиндигине ээ экендиги ырасталат. “(О, Жараткан!) Бизди Туура Жолго баштагын!” деген сөздөр, мусулмандардын акыйкатты көздөй умтулуусуна дем берип, адашкан топтордун көз карашын четке кагат. Андай агымдар туура түшүнүктөн жүз буруп келишет. Буга кошумча катары, Аллахка толук ыкылас менен сыйынып, Аллахтан гана жардам тилегенге чакырат. “Жалгыз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз!” деген аяттын мааниси мына ушундай. Алкыш-мактоолор болсо, Ааламдардын Раббиси Аллахка таандык!

## Аят аль-Курсинин тафсири (Арш, падышанын тактысы)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен** (баштаймын).*
***Аллах... Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, Өзү гана бар.** (Ал)-**түбөлүк Тирүү,** (ар нерсени башкарып) **Турууч у. Аны үргүлөө да, уйку да кармабайт. Асмандардагы жана жердегинин баары Аныкы! Анын алдында, Анын уруксаты болмоюнча эч ким** (эч кимге) **шапаат-колдоочулук кыла албайт. Ал алардын** (баардык макулуктардын) **келечегиндеги жана өтмүшүндөгү нерселерди билет.. Ал эми, алар** (калк-калайыктар) **болсо, Анын илиминен Ал Өзү каалагандан башка эч нерсени билишпейт. Анын Курсийси асмандар жана Жерден кенен. Ал экөөнү** (асмандар менен жерди) **сактап туруу Аны такыр чарчатпайт. Жана Ал-эң Жогорку жана эң Улук!*** Бакара сүрөөсү 255-аят

---

(255) Аллахтын элчиси айткандай бул - Курандагы эң улуу аят, себеби маанисине Таухид күбөлүгүн, жана Аллахтын чексиз сыпаттарын камтыйт. Аллах гана кудайлык сыпаттарына ээлик кылып, Өзү гана ибадатка татыктуу болгон соң, башка нерселерди кудай тутуу адилетсиздик болуп саналат жана кыпындай да пайда алып келбейт. *Тирүү* – бул Аллахтын керемет аттарынын бири. Аллах Таала – угуу, көрүү, кудурет, эрк ж.б.у.с. Өзүнүн Затына тиешелүү кемчиликсиз сыпаттарды бириктирет экенин айтат.

*(Ар нерсени башкарып) Турууч у* – деген дагы Аллахтын улуу ысымдарынан. Маанисинде Ал кемчиликсиз иштерди жасайт экендигинен кабар берет. Ал Беймуктаж Падыша, жана макулуктарда муктаждыгы жок, тескерисинен аларды жаратып, тирүүлүгүн колдоп, аларды керектүүсү менен камсыз кылат. Аллахтын уктамак тургай, үргүлөп да кетпегендиги, Анын айыбы жок тирүүлүгү менен беймуктаждыгынан кабар берет.

Алдан тайып, алсырап, чарчагандык - бул макулуктардын сыпаттары. Андай сыпат кудуреттин Ээси Аллахка жат көрүнүш. Жер-асмандын үстүнөн башкаруу бийлиги Аллахка таандык экенин айтат. Баардык макулуктар Аллахтын пенделеринен, жана бири да бул көз карандылыктан кутула алышпайт. Аллах Таала *“Марыям”* сүрөөсүнүн 93-аятында айткандай: ***“Асмандарда жана жердегинин баары Рахманга кул-пенде болуп, келишти”***. Аллах Өз пенделерине Ээлик кылып, бийлик менен кудурет, ошондой эле Падыша менен Башкаруучуга ылайык сыпаттар, бүт Ага таандык. Эч ким Ал уруксат бермейин, Анын астында шапаат кыла албагандыгы, Анын бийлиги кемчиликсиз экендигинен кабар берет. Кадырлуу макулуктардын жана шапаатчылардын баарысы Ага пенде болгондуктан, Ал уруксат кылмайын эч бири башкасына колдоочулук көрсөтө албайт. Аллах Таала айтат: ***“Баардык шапаат Аллахка таандык. Асмандар менен жердин падышалыгы да Аныкы. Кийин баардыгынар Өзүнө кайтарыласынар”.*** Зумар сүрөөсү 44-аят

Аллах кимден ыраазы болсо, бир гана ошолор үчүн өтүнүч менен кайрылганга уруксат берет. Ал эми ыраазычылыгына бир гана Жалгыз Кудайга сыйынып, Анын пайгамбарларынын жолун улагандар татыйт экени белгилүү. Эгер инсанда мындай сыпаттар жок болсо, шапааттан да үлүшү жок. Андан кийин Аллах Өзүнүн чеги жок, баарын камтыган илими жөнүндө баяндады. Ушул себептүү, кандай узак убакыт болбосун, макулуктардын келечеги жана өтмүшү Ага белгилүү. Аллахтан эч нерсени жашырууга мүмкүн эмес, жадагалса көздүн көмүскөдө көргөнү менен жүрөктүн купуя катканы да белгилүү.  Ал эми макулуктар Кудай Тааланын илим чоргосунан, Ал Өзү уруксат берген өлчөмдү гана ала алышат. Мисалы Ал бизге диний шариятты үйрөттү, жана ааламдагы мыйзамдашылган сырларды ачты, бирок ушунун баарысы Улуу Жаратуучунун илим деңизинде көрүнбөй калчу, кыпындай күкүмгө тете. Ошондуктан Аллахты эң жакшы тааныган периштелер менен пайгамбарлар мындай дешчү: ***“(О, Рабби! Сен баардык кемчиликтен) Аруу Тазасың! Бизде илим жок. Болгону, Өзүң үйрөткөн нерселерди гана билебиз. А, Сен болсо, Билүүчү, Даанышмансың”.*** Бакара сүрөөсү 32-аят.

Андан соң, жер-асманды каптачу Анын Аршы (Курсий) далил болгон, Өзүнүн кудурети менен улуктугу тууралуу айтты. Ааламдагы тартип менен тирүүлүктү кубаттаган мыйзамдар аркылуу, жер-асманды жана анын тургундарын Аллах сактап турат.

Анын кудурети кемчиликсиз, бийлиги чексиз, жоболору даанышмандыкка толгондугу үчүн, бул иште Ал такыр убара тартып, оордугун сезбейт. *Эң Жогорку* деген дагы - анын ыйык аттарынын бири. Өз Затында Ал баардык макулуктан өйдө турат жана Анын сыпаттары улуу, бийлигине ар жандык багынынкы, бүт пенделер Анын кол астында. *Эң Улук* – деген дагы кереметтүү ысымдарынан. Ал Өзүнө улуулук, ардак, даңк, даңаза сыпаттарын бириктирет. Ушул себептүү Ага карата, жүрөктөрдө сүйүү күч алып, жан дүйнөдө ардактоо орун ээлейт. Чыныгы билимдүүлөр, макулуктардын улуктугу, алар кандай кадыр-барктуу болбосун, Аллахтын улуктугуна салыштырмалуу жокко эсе экендигин жакшы билишет. Бул аят чын эле таң калаарлык маанилерди камтып, Куран аяттарынын эң улуусу деп аталганга толук татыктуу. Эгер адам баласы маанисине ой жүгүртүп, маңызын билип окуса, анда анын жүрөгүнө ишеним толуп, ыйманы курчуп, ушул себептүү шайтандын балээсинен сактанат.

## Аз-Залзала сүрөөсүнүн тафсири (Зилзала. Мединада түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен*** *(баштаймын).*

***1. Жер катуу титирегенде***

***2. Жана өзүнүн “жүктөрүн” чыгарып таштаганда***

***3. Инсан*** *(коркуп жана таң калып)* ***“буга эмне болду?!” дейт.***

***4. Ошол Күндө жер өз кабарларын сүйлөйт.***

***5. Анткени, ага Раббиң*** *(“сүйлө” деп)* ***вахий кылган.***

***6. Ал Күнү адамдар амалдары көргөзүлүшү үчүн топ-топ болуп келишет.***

***7. Жана ким кыпын салмагындай жакшылык кылган болсо - аны көрөт.***

***8. Жана ким кыпын салмагындай жамандык жасаган болсо – ошону көрөт.***

---

(1-3) Аллах Таала Кыямат күнү боло турган окуялар жөнүндө кабарлады. Ал күнү жер, өз бетиндегиси бүт кыйрамайынча титирейт. Тоолор упуранды болуп, дөбөлөр түзгө айланат. Жер бети өйдөк-сөйдөгү жок, жайкалган жазык болуп, маркумдардын денелери менен катылган кенчтин баарын сыртка чыгарып салганда, бул зор кыйроону көрүп адамдар: “Жерге эмне болду?” деп айтышат.

(4-6) Ааламдагы жашап өткөндөрдүн, жаман-жакшы кылык-жоруктарына жер күбө. Ал адамзаттын кылган ишин айтып берчү күбөлөрдүн бири катары келет. Аллах Таала жер бетинде эмне болуп өткөнүн айтып бер деп, анын өзүнө буйрук бергенде, ал Анын сөзүн эки кыла албайт. Ал күнү адамдар жамааттарга бөлүнүп, чогулуш майданга өзүнчө-өзүнчө топ болуп келишет. Алар кандай гана сооптуу иштерди жана күнөөлөрдү жасап өткөн болсо, Аллах баардыгын көргөзүп туруп, толугу менен жазасын берет.

(7-8) Бул сооп иштери менен күнөөлөргө тиешелүү. Адамга кыпын салмагындай жасаган иши көрүнүп аткан соң, андан чоң иштерин да көрөөрү талашсыз. Аллах Таала айтат: ***“(Кыямат) күндө ар бир жан өзү жасаган** (баардык) **жакшы-жаман иштерин алып келинген абалда табат. (Ошондо, жамандык жасаган жан) өзү менен кылмышынын арасы өтө алыс болушун самайт.”*** Аалы Имран сүрөөсү 30-аят. Жана да: ***“Анан китеп (амал дептерлери) таратылат. Сен анан, кылмышкерлерди, андагы** (жазылган) **иштеринен кооптонуп: “Эх, өлдүк! Бул эмне деген китеп?! Чоң-майда күнөөлөрүбүздүн бирин да калтырбай тизмектеп коюптур!” дешет жана жасаган жоруктарын** (ошол китептин ичинде) **даяр абалда табышат. Сенин Раббиң эч кимге зулумдук кылбайт”.*** Кахф сүрөөсү 49-аят. Айтылгандын баарысы адам баласына, кенедей болсо да жакшы иш жасап, кыпындай күнөө болсо да, андан оолак жүрүүгө түрткү берет.

## Аль-Адият сүрөөсүнүн тафсири (Тулпарлар. Сүрөө Мединада түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен*** *(баштаймын).*

***1. Алкынып чуркаган тулпарларга ант!***

***2.*** *(Туягынан)* ***от чачырата чуркаган аттарга ант!***

***3. Таң азанда*** *(душманга)* ***чабуул койгон аттарга ант!***

***4. Ошондо алар топуракты*** *(чабуулу менен)* ***ызгытты.***

***5. Андан соң (душман) топторунун ортосун жарып кирди.***

***6. Инсан деген аныгында, Раббисине нашүкүр (шугур кылбоочу)!***

***7. Буга анын өзү деле кубөдүр!***

***8. Ал байлыкты катуу сүйөт!***

***9. Билбейби ал мүрзөдөгү өлүктөр чыгарылганда...***

***10. Көкүрөктөгү сырлар ашкере кылынганда...***

***11. Ошол күнү Раббиси кабардар го, алардан?!***

---

(1-2) Аллах Тааланын күлүк аттар менен ант ичкенинин себеби, алар Аллахтын кереметтүү жаратылышынын бир бөлүгү, жана адамдарга чоң пайда алып келишет. Бул жерде Аллах алардын, башка айбанаттардан айырмаланткан, өзгөчө сыпаттарын белгилеп өттү. Алар алкынып бат чуркагандыктан, алардын көкүрөктөрүнөн таң калыштуу добуш угулат. Туяктарынын аябагандай катуулугунан, соккулары өтө күчтүү болгондуктан, аяктарынан от чачырата чуркашат.

(3-5) Бул сөздөрдүн мааниси, адаттагыдай эле чабуул таң эрте башталат дегендик. Адам баласы жакшылык жасап, Аллахтын өкүмдөрүн аткаруудан баш тарткандыгын белгилеп, Аллах жогорудагы анттарды берди.

(6) Адам баласы табиятында напсисинин тизгининде эмеспи, ал напсиси аны өз милдеттерин ыгы менен аткаруудан кармап турат. Инсан жалкоо болуп, өзүнүн акча-каражат же күч-кубат талап кылган милдеттерин аткарууга моюну жар бербейт. Мындан бир гана, Аллах Туура жолго баштап койгондор кутулушат. Андай адамдар милдеттерин так аткарып, чыныгы сый-урматка татышат.
(7) Адам баласы өзүнүн ач көздүгү менен жакшылык билбейт экендигине өзү күбө. Ал муну талашып тартышууга же четке кагууга аракеттенбейт, анткени ал сыпаттары ачык айкын эле көрүнүп турат. Бул аяттагы үчүнчү жактын ат атоочу Аллах жөнүндө айтылган деген пикир бар. Андай чечмелегенде, адам Жаратуучусуна нашүкүр, жана анысына Аллах күбө деген маани келип чыгат. Бул сөздөрдө, инсандын ар бир жоругуна Күбө болгон Аллахка, шүгүр кылуудан баш тарткандар үчүн чоң коркутуу камтылат.
(8) Аллах буюрган иштерди аткаруудан баш тартуу, так ушу байлыкты сүйгөндөн улам келип чыгат. Жаратуучунун ыраазычылыгына жеткенди көздөбөй, напсисинин шакабатын канааттандырганды ыраа көрөт. Мунун себеби, ал Акырет жашоосуна кайдыгерлик кылып, элесинде бул дүйнө менен чектелип калгандыгы.
(9-11) Бул аятта Аллах адамдарды, Сурак Күндөн коркууга чакырды. Бул коркунучтуу Күндө, Аллах өлгөндөрдүн баарын тирилтип, адамзатты адилеттүү сотко чогултат. Адамдардын жүрөктөрүндөгү баардык жамандык менен жакшылык анык болот. Сырлар айкындалып, кылгандары жүздөрүнөн байкалат. Ошол иштердин ар бири Аллахка белгилүү болот, жана баарына Аллахтын астында жооп берет. Аллах Таалага макулуктардын иш-аракеттери ар дайым белгилүү болгону менен, Ал Сурак Күнү баарынан кабардар экендигине басым жасады, анткени адилеттүү жазалоо, Анын баарын камтыган илиминин негизинде болот.

## Аль-Кариа сүрөөсүнүн тафсири (Улуу апаат. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен** (баштаймын).*

***1. Кориа!***

***2. Кориа эмне өзү?!***

***3.** (О, Аллахтын элчиси!) **Сен Кориа эмне экенин билбейсиң!***

***4. Ал күндө адамдар тозуп кеткен чар көпөлөктөр сыяктуу болуп** (дүрбөлөңгө түшүп) **калат.***

***5. Тоолор тытылган жүн сыяктуу болот.***

***6. Эми,** (ал күндө) **кимдин** (сооп) **таразасы оор келсе,***

***7. Көңүлүндөгүдөй жашоодо** (Бейиште) **болот.***

***8. Ал эми, кимдин** (соопи) **таразасы жеңил келсе,***
***9. Анын энеси – “Хаавия!”***
***10.** (О, Аллахтын элчиси) **сен “Хаавия” эмне экенин билбейсиң.***
***11. Ал-катуу кызытылган тозок!***

---

(1) Бул - Кыямат Күндүн дагы бир аталышы. Ал күнү боло турган, адамдардын үрөйүн учурчу, улуу апааттарга байланыштуу. Жаратуучу ал күндүн маанилүүлүгүн баса белгиледи.

(2-5) Аябай корккондуктан адамдар тозуган чар көпөлөктөргө, же жер жайнаган чегирткелерге окшоп калышат. Чар көпөлөктөр түнкүсүн учуп чыгып, жабалактап жалпы-жондун арасында, ары-бери талпынып, акылсыздыгынын айынан, жарык көрсө эле аны айланчыктай беришет. Кыямат күнү, акылдуу адамдар ушу акылсыз жандыктардын абалына түшөт. Тоо катмарлары тытылган жүнгө окшоп, жеңил желпи жел учуруп кетчүдөй, ылбырап жумшак болуп калат. Ошондуктан Аллах “Намл” сүрөөсүнүн 88-аятында мындай дейт: ***“Жана сен (Кыямат Күнү) тоолор (ордунда) катып турат деп ойлойсуң (Жок, андай болбойт). Алар (ал күнү) булуттар учкан сымал учуп жүрөт”.*** Андан кийин тоолор сапырылган күлгө айланып из калтырбай жок болушат. Ошондо таразаларды орнотушат да, адамдар – “бактылуулар” жана “бактысыздар” деп бөлүнүшөт.

(6-9) Эгерде жакшы амалдары жаман амалдарына үстөмдүк кылса, анда инсан Бейиш бакчаларында бапестелет. А бирок күнөөлөрдүн салмагынан соопчулугу таразада оордук кылып, оңунан оодурбаса, анда башпаанеги Тозоктун туңгуюгу. Хаавия бул – Тозок Отунун дагы бир аталышы. “Башпаанек” деген сөздүн маанисин чагылдырыш үчүн бул аятта арабча “умм” (“эне”) деген сөз колдонулган. Мунун мааниси, адамзаттын тиричилигинде, эне камкордугу жашоонун ажыраткыс бир бөлүгү болгондой, Тозоктун азабы да күнөөкөрлөрдүн жашоосунда, кутулгус бир бөлүккө айланат. Ушунун айынан азапталуучулардын сөзү бар: ***“О, Раббим! Бизден тозок азабын арылта көр! Анын азабы түгөнгүс!”*** Фуркан сүрөөсү 65-аят. Бул сөздүн дагы бир мааниси, “мээнин сырткы катмары” дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан кээ бир Куран чечмелегендер, күнөөкөрлөр Тозоктун Туңгуюгуна башы менен ылдый карай ыргытылат деп айтышкан.

(10) Аллах Таала Тозок Отунун алптыгына басым жасап, мындан кийинки аятта аны баяндап берди.

(11) Анын ысыктыгы, бул дүйнөдөгү оттун ысыгынан жетимиш эсе күчтүү. Аллах баарыбызды мындай азаптан сактасын!

Ат-Такасур сүрөөсүнүн тафсири (Көбөйтүү. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

***1. Көбөйтүү*** *(жана аны менен сыймыктануу)* ***силерди*** *(ибадаттан)* ***алаксытып койду!***

***2. Тээ мүрзөгө келгениңерге чейин!***

***3. Жок!*** *(Өмүр деген дүйнөгө кул болуу үчүн берилген эмес!)* ***Силер*** *(муну)* ***жакында билип аласыңар!***

***4. Дагы бир ирет жок! Силер жакында*** *(Кыяматтагы сурак учурунда)* ***билип аласыңар!***

***5. Жок-жок, эгер силер*** *(чындыкты ушул дүйнөдө)* ***анык билгениңерде*** *(дүйнөгө кул болбойт элеңер)*

***6.*** *(Эми)* ***тозокту көрүшүңөр анык!***

***7. Анан аны албетте өз көзүңөр менен көрөсүңөр!***

***8. Андан соң, ошол күнү*** *(Аллах тарабынан аманатка берилген)* ***нээматтар*** *(өмүр, мал-дүйнө, бала-бакча)* ***жөнүндө албетте суралаасыңар!***

---

(1-2) Жалгыз Аллахка сыйынбай, Ага шериктерди кошуп, аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшкөндөрү үчүн, Жараткан Өз пенделерине нааразычылык билдирди. Дүнүйөгө азгырык, адамдарды Жаратуучуга ыкыластуу сыйынгандан алаксытат. Аллах адамдар даана эмнени көбөйтөөрүн айтпагандыктан, бул аятта: акча, бала-чака, таасирдүүлүк, аскер-жоо, кызматчылар, даража жана башка деги эле чыныгы жакшы амалдардан тышкары, байлыктын артынан куугандар менен көйрөңдөрдүн сыймыгы бүт камтылат. Бирок бул дүйнөнүн жыргалы көп узабайт. Инсан өлүп кабырга келет. Ал жерден кайдыгерлик кабыгы жок, өткөнүнө өкүнүп, өмүрүн артка бура албай, алсыз абалда калат. Бул аят, эки дүйнө аралыкта барзах (кабырдагы тирүүлүк) жашоосу бар экенин далилдейт. Ал акырет жашоосунун алкагы болгондуктан, кабырга келгени менен ал жерде түбөлүк калбайт экендигин Аллах кабарлады. Кайра тирилгенден кийин адамдар жазасын алып, түбөлүк дүйнөдөн байыр алышат да, ал жерден эч жакка кетишпейт.

(3-5) Акырет жашоосунда эмне күтүп тургандыгын билгениңерде, дилиңер ойгонуп, дүнүйө топтогонго кызыкпай, жакшы иштерди жасаганга шашылмаксыңар. Терең илимдин жоктугу силерди азаптарга алып келет, жана ошону өз көзүңөр менен көрөсүңөр.

(6) Кайра тирилүүгө күбө болосуңар, жана атеист, каапырларга даярдалган Тозок Туңгуюгун көрөсүңөр.

(7) Аллах Таала айткан: ***“Күнөөкөр адамдар Тозокту көргөндө, өздөрүнүн ага ташталаарын билишет. Жана өздөрүн андан буруп*** *(кутултуп)* ***кетүүчүнү таппай калышат”*** Кахф сүрөөсү 53-аят.

(8) Кийин бул жашоодогу силерге тартууланган берекелер жөнүндө суралаасыңар. Эгер алар үчүн шүгүр кылып, Аллахтын астында милдетиңерди аткарган болсоңор, анда Ал силерге, өлгөндө эмнеден ажырасаңар, андан да кереметтүү нерсе тартуулайт. Антпестен, дүнүйөнүн жылтырагына азгырылып, Жараткандын берген ырыскысын көтөрө албай, тескерисинен Ага каршы күнөөлөргө колдонгон болсоңор, анда силерди жазага тартат. Аллах айтат: ***"Каапыр адамдар тозокко бет маңдай алып келингенде** (аларга айтылат)**: "Силер** (баардык) **жыргалыңарды дүйнө жашооңордо кетирип алдыңар жана ал** (жыргалдар) **менен** (ошол жакта) **пайдаланып бүттүңөр! Эми бүгүн, жер бетинде акыйкатсыздык менен текеберленип жүргөнүңөргө жараша жана бузуку болгонуңарга жараша кордук азабы менен жазаланасыңар!"*** Ахкаф сүрөөсү 46-аят.

Аср сүрөөсүнүн тафсири (Күүгүм убакыт. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн.)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен** (баштаймын)**.***

***1. Асырга ант!***

***2. Албетте** (ар бир) **инсан зыянда!***

***3. Ал эми ыйман келтирген, салих** (сооп) **амалдарды жасаган жана бир-бирине акыйкаттык менен сабырдуулукту осуят** (насаат) **кылгандар гана** (зыянда эмес).*

---

**"Аср"** деген арабча сөз – "күндүзү" же "түнү" деп айтыш үчүн деле колдонула берет. Ошондуктан, бул жерде Аллах жалпы убакыт менен ант ичкендиги айтылууда. Убакыт бул – кайсы бир аралыкта адамдар ар кандай амалдарды жасай ала турган өлчөм. Ошол себептүү Аллах, адамдар жоготууга учурап, ийгилик жана кирешеден куру калып жаткандарын кабарлады. Бул чыгымдардын чоңдугу ар кандай даражада. Кээ бирөө кириптер болуп, жакшылыктан эки дүйнөдө тең куру калат. Башкалары жарым-жартылай жоготууга учурайт. Ошондуктан Аллах, элдин баары зыян тартат, бир гана төрт сыпат менен айырмаланган кадыресе адамдардан башкасы деп кабарлады. Биринчиден, алар Аллахтан келгендин баарына ыйман келтиришкен. А бирок илими жок ыйман келтирүү мүмкүн эмес. Илим - бул ишенимдин бир бөлүгү, ал жок ыйман толук боло албайт. Экинчиден, алар жакшы иштерди жасашат. Парз же нафил болобу, жүрөктөн же дене кыймылынан болобу, Аллахтын астындагы милдет же адамдардын астындагы милдеттерден болсун, бул жерде баардык амалдарга тиешелүү айтылат. Үчүнчүдөн алар адамдарды ыйманга, сооптуу иштерди жасоого даават кылышат. Төртүнчүдөн алар Аллахтын өкүмдөрүн сабырдуулук менен аткарып, күнөөлөрдөн оолак болуп, тагдырдын ачуусуна бекем туруштук берүүнү насаат кылышат. Башындагы эки көрсөтмө менен адам өзүн тарбиялайт. Аягындагы экөөнү ишке ашырса, башкаларды тарбиялайт. Ушул төрт сыпатын өрчүтүү менен, Кудайдын кулу зыян тартпай, чоң ийгиликке жетет.

Хумаза сүрөөсүнүн тафсири. (Шылдыңчы. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн.)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен*** *(баштаймын).*

***1. Адамдарды кылыгы жана тили менен шылдыңдаган баардык шылдыңчыларга азап-тозок болсун!***

***2. Ал мал-мүлктү*** *(адал-арамына карабай)* ***чогултту жана эсептеди.***

***3. Дүйнө – мүлкү аны түбөлүк жашатат деп ойлойт.***

***4. Жок! Алар*** *(Кыяматта)* ***сөзсүз “Хутамага” ташталат!***

**5.** *(О, Аллахтын элчиси)* ***Сен “Хутама” эмне экенин билбейсиң.***

**6.** *(Ал)* ***Аллахтын алоолонгон тозогу,***

**7.** *(Денеден тешип өтүп)* ***жүрөктөргө чейин жете турган!***

***8. Чынында,*** *(тозок)* ***алардын үстүнөн жаап коюлган.***

**9.** *(Эшиктери)* ***узун чынжырлар менен*** *(бекемделген)*

---

(1-3) Сөзү жана иши менен адамдарга акарат келтиргендердин маңдайына жазылган чоң балээ жана азаптан, Жараткан Өз пенделерине алдын ала эскертүү берди. “Хумаза” (шылдыңчы) деген сөз араб тилинде – кандайдыр бир иштер менен адамдарга зыян келтирип же мазактап сөөмөйү менен көрсөткөндүн баарына тиешелүү. “Лумаза” (акаратчы) болсо – башкаларга жалаа жаап, жийиркеничтүү сүйлөгөндөргө тиешелүү. Көбүнчө ушундай адамдар байлыкка жулунуп, ырахаттанып кайра-кайра санай бергенди жакшы көрөөрүн Аллах белгилеп өттү. Бул жалганда андайлардын жалгыз санаасы эле ошо. Алар түзүк максат коюп, кайрымдуулук кылганды көздөмөк турсун, колунда жокторго, ал тургай туугандарына да жардам берели дешпейт. Болгон аракети жана көздөгөнү байлык көбөйтүү, алардын оюнда байлыгы өмүрүн узартып калат имиш. Ач көздүк менен зыкымдык адам баласынын жашоосуна балта чабаарын, ушунун айынан үй-бүлөлөр бузулаарын билишпейт. Чындыгында, Аллах Өз пенделерине узун өмүр берээрине, соопчулук иштер себеп болот.

(4-7) Тозок аябай коркунучтуу жана айбаттуу. Адамдар менен таштар ага отун болот, жалыны болсо денеден отүп барып, жүрөктөрдү куйкалайт. Аллахка моюн сунбагандар болсо, аптабы түбөлүк кайнаган Тозоктун тузагына түшүп, ал жактан чыгууга үмүтсүз калышат.

(8-9) Тозоктун Дарбазалары бекитилип, азапталуучулар чыга албашы үчүн бийик мамылар менен тиретилет. Аллах Таала айтат: ***“Ар качан андан чыгууга аракеттенишсе, ага кайтарылышат жана аларга: “Өзүңөр “жалган” деген тозоктун азабын таткыла!”-деп айтылат.”*** Сажда сүрөөсү 20-аят. Жараткан, анын бетин ары кылып, бизди кечир жана сактай көр!

## Фил сүрөөсүнүн тафсири. (Пил. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

**1.** *(О, Аллахтын элчиси!)* ***Раббиң пил ээлерин эмне кылганын билбедиңби?***

**2.** *(Раббиң)* ***алардын*** *(Каабаны бузуп салуу үчүн ойлогон)* ***айла амалдарын текке кетирбедиби?***

***3. Жана аларга каршы топ-топ куштарды жиберди.***

**4.** *(Куштар чеңгелиндеги)* ***чопо-таштар менен аларды ташбаранга алышты.***

**5.** *(Аллах)* ***аларды мойсолгон жалбырактай кылып койду!***

---

(1-5) Бул Курандагы окуя Аллахтын Кудуретине айкын көрсөтмө. Ал Пенделерине жоомарттык кылып, улуу иштерди жасайт, элчисинин чындык экенине жана Жалгыз Өзү Кудай экендигине талашсыз далилдерди алып келет. Каабаны кыйратканы аттанган пил жоосуна эмне болгонун ойлонуп көрчү! Кылмышкерлер бул чабуулга катуу даярданышкан. Ыйык жерди талкалаш үчүн аябагандай чоң ургаачы пил жабдылган, жана йемендиктер менен эфиоптордон турган чоң аскер жоосун чогултушкан. Ал жоо аябай күчтүү болгондуктан, арабтар туруштук бергидей болгон эмес. Ыйык шаарга жакындап келишкенде, меккеликтер каршылык көрсөтпөй эле, келе жаткан баскындан коркуп алар Меккени таштап качып кетишкен. Ошондо Аллах ысытылган чопо-таштарды ташыган куштарды жиберди. Алар жоонун бирин калтырбай ташбаранга алды. Бир заматта тып-тынч болуп, урулган аскерлер мойсолгон дан сымал көрүнүштө калды.

Ошентип Аллах дүйнөнү алардын жамандыгынан сактап, өксөтүүсүн өздөрүнө бурду. Бул окуя кеңири белгилүү. Пил аскери, пайгамбар ﷺ төрөлгөн жылы талкаланган. Ал Исламдын пайда болушуна, жана Мухаммадтын ﷺ пайгамбарлыгы акыйкат экендигине белги болгон.

Курайш сүрөөсүнүн тафсири. (Курайштар. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

***1. Курайштын ынтымагы үчүн!***

***2. Кыш жана жай мезгилиндеги сапарында алардын ынтымагы үчүн!***

***3. Эми, алар** (ар кандай таш-кудай, жыгач-кудайларын таштап, өздөрүнө ынтымак жашоо тартуулаган) **ушул Үйдүн** (Каабанын) **Раббисине гана ибадат кылышсын!***

***4. Ал** (Рабби) **каатчылыкта аларды тамактандырды жана коркунучтардан аман сактады!***

---

(1-2) Көбүнчө тафсир аалымдарынын пикири боюнча, бул сүрөө буга чейинки сүрөөнүн уландысы. Демек, пил жоосун Аллах курайш уруусунун бейпилдиги үчүн жазалады. Дагы Аллах Меккенин тургундарына, соода сатык кылып кышкысын Йеменге, жайкысын Шамга каттап турганга мүмкүнчүлүк түзүп берди. Аларга жамандык каалап келгендерди жок кылып, арабтардын көзүнө Каабаны жана Мекке тургундарын көтөрмөлөп койду. Аларды терең урматтап, соода кербендерине тоскоолдук кылышпайт эле. Ошол үчүн Аллах, тартууланган нээматтар үчүн Раббиңерге шүгүр кылгыла деди.
(3-4) Каабанын Эгесине шерик кошпой, Жалгыз Ага гана сыйынууга берилгиле. Ал силерге дүнүйө ырыскылардын эң абзели – тамак-аш жана коопсуздук тартуулады. Ушунун өзү эле силерди шүгүр келтиргенге милдеттендирет. Аллах – барчылыктын Эгеси, ал эми Кааба болсо, макулуктардын арасынан улуулугу үчүн өзгөчө белгиленди.
О, Жараткан! Бизди ардактаган нээматтарың үчүн Сага алкыш-мактоолор болсун!

## Мааун сүрөөсүнүн тафсири.
## (Майда-чүйдө. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

**1.** (О, Аллахтын элчиси) ***Сен динди “жалган” деген кишини көрдүң беле?!***

***2. Мынакей ал, жетимди*** *(н акысына кыянаттык кылып)* ***түрткүлөгөн адам!***

***3. Жана ал жакырды тамактандырууга*** *(элдерди)* ***үгүттөгөн эмес.***

**4.** *(Кээ бир)* ***намаз окуучуларга азап-тозок болсун!***

***5. Алар намаздарын унутуп коюшат.***

***6. Алар*** *(намазда жана башка ибадаттарда)* ***рия кылышат.***

***7. Жана*** *(муктаждардан)* ***буюм-шаймандарды кызганышат.***

---

(1-3) Кайра тирилип, эсеп-кысап болooруна жана пайгамбарлардын акыйкаттыгына ишенбегендер жөнүндө ойлонуп көрчү. Жүрөктөрү карарып кеткендиктен жетимдерге күйүмдүүлүгү жок, тескерисинен кубалап турушат. Аллахтын сыйлыгына үмүт кылмак тургай, сүрдүү азабынан да коркушпайт. Өздөрү кылбаган соң, элдерди да, кедей-кембагалдын курсагын тойгузуп койгонго үндөмөк беле.

(4-5) Бул намаз окуганы менен, ал намазына өтө кош көңүл мамиле кылгандар тууралуу айтылат. Алар өз убагында аткарбай же баардык шарттарын эске албай, намаздарын бузушат. Мунун себеби, Аллахтын буйруктарына кайдыгер болгонунда. Болбосо, эң маанилүү ибадаттын бирин бузууга жол бербейт эле. Ошол намазга кайдыгер болгону үчүн ушундай сөзгө татыктуу. Ал эми намаз учурунда кетирген ката болсо, ар бир инсандын кемчилиги. Кээде андай иш пайгамбар Мухаммадта ﷺ деле болгон.

(6-7) Ошол намаздарга кайдыгер адамдардын жүрөктөрүндө кайрымдуулугу жок, кожо көрсүн имиш эки жүздүүлүккө чукул. Алар жакшы иштерди бирөөлөрдүн мактоосуна татыш үчүн жасашат. Чыгаша кылбачу майда-чүйдө зекетке да жок дешет. Мискей, чака же балта болобу, деги эле күнүмдүктө элдер алышып-беришип эле жүргөн оокаттарды, биротоло белек кылганды жөн эле кой, бир аз убакытка да берип турушпайт. Ченемсиз ач көздүктөрүнүн айынан майда-чүйдө садака дагы кылышпайт. Эми кымбат баалу нерселер жөнүндө такыр кеп жок. Бул сүрөөдө Жаратуучубуз колунда жокторду жана жетимдерди тамактандырууга, жана башкаларды ушу ишке үндөп, намаздарды так аткарып, намаз же башка ибадаттарда Аллахка ыкыластуу болгонго чакырды. Жана элдерге жакшылык жасап, чака-чайнек же китеп-дептер болобу, кайтаруусуз жардам берүүгө дем берди. Жакшылыкта зыкымдангандын баары тукурганга татыктуу. Аллахка болсо баардыгы эң жакшы түрдө белгилүү!

## Каусар сүрөөсүнүн тафсири. (Молчулук. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

***1.*** *(О, Аллахтын элчиси)* ***чынында Биз сага “Каусарды” бердик.***

***2. Сен эми,*** *(ушул жакшылыктар үчүн шүгүр кылып)* ***Раббиң үчүн намаз оку жана курмандык чал!***

***3. Албетте, сени айыптаган адамдын өзүнүн арты кесилген!***

---

(1) Биз сага берекеси чоң белектерди тартууладык. Бейиш дарыясы - Каусар дагы ошолордун бири. Ошондой эле узун-туурасы бир айлык жолго тең болгон өзөндү белек кылдык. Суусу сүттөн ак, балдан таттуу. Жалтырагы жана саны боюнча, асмандагы жылдыздардан кем калбаган кумаралар тегерете тизилген. Бир ууртамга мүмкүнчүлүк алган адам, андан ары чаңкоо дегенди унутат. Андан соң Аллах Өз пайгамбарын ﷺ ушул тартуулар үчүн ыраазычылык кылышына буйрук берди.

(2) Аллахка жакындоого себеп болгон эң сонун жана эң керектүү эки ибадат: намаз жана курмандык чалуу, буларды Аллах өзгөчө белгиледи. Адам намаз окуп атканда, Кудайдын астында чын дили жана тулку бою менен тынчтанып, толугу менен Ага ибадат кылууга берилет. Ал эми курмандык чалууда, адам баалуу жана тандалган мүлкү аркылуу Аллахка жакындайт. Адам баласынын напсиси байлыкты сүйүп, андан ажырап калууну каалабайт экендигине карабай, курмандык чалып, өз оокатын Аллахтын жолунда сарптайт.

(3) Кимде-ким пайгамбар Мухаммадты ﷺ жек көрүп, акарат айтып, анын даражасын төмөндөтүү аракетин көрсө, ал сөзсүз зыянда болот. Анын амалдары куру убара болуп, анын жаркын элеси, адамдардын жүрөгүндө терс жагынан айланат. Пайгамбар Мухаммад ﷺ болсо, Кудайдын пенделери жете алчу ийгиликтин туу чокусуна жетти. Анын жаркын элеси, жана аны колдогон жолдоочуларынын көпчүлүгү буга далил.

Каафирун сүрөөсүнүн тафсири. (Каапырлар. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

**1.** *(О, Аллахтын элчиси, каапырларга мындай)* ***дегин: “Эй, каапырлар!***

***2. Мен силер ибадат кылган****(кудайлар)****га ибадат кылбаймын!***

***3. Силер дагы мен сыйынганга*** *(Аллах Таалага)* ***сыйынуучу эмессиңер.***

***4. Мен силер ибадат кылган кудайларга сыйынбаймын!***

***5. Силер да мен ибадат кылган*** *(Аллах Таала)* ***га ибадат кылуучу эмессиңер.***

**6.** *(Демек,)* ***силерге өз диниңер, мага өз диним!”***

---

(1-5) Бул дене мүчөлөрү жана ички дили менен Аллахтан башкасына сыйынуудан баш тартууга буйрук. Каапырлар! Чын дили менен Аллахка сыйынуу силер үчүн жат көрүнүш. Силердин кылган аракеттериңер ширк, жана ибадат деп айтууга болбойт.

(6) Аллах Таала пайгамбарына ﷺ айткын деп буйрук кылган дагы бир аят: ***“Менин ишим – өзүмө, силердин ишиңер – өзүңөргө. Менин иштериме силер жооп бербейсиңер, силердин ишиңерге мен жоопкер эмесмин”***. Юнус сүрөөсү 41-аят.

## Наср сүрөөсүнүн тафсири. (Жардам. Сүрөө Мединада түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

***1.*** *(О, Аллахтын элчиси, эгер сага)* ***Аллахтын жардамы жана жеңиши келсе жана адамдардын Аллахтын динине топ-топ болуп кирип жатканын көрсөң...***

***2. Анда, Раббиңе хамд*** *(мактоо)* ***айтуу менен*** *(Аны жаман-төмөн сыпаттардан)* ***аруула жана күнөөлөрүңдү кечирүүсүн сура!***

***3. Чынында, Ал тообаларды кабыл кылуучу!***

---

(1-3) Аллах Таала Өз пайгамбарын жакшы жаңылык менен кубандырып, Жаратканын убадасы аткарылганда, эмне кылыш керек экендигин үйрөттү. Жана ушул убаданын аркасынан эмне болооруна, мусулмандардын көңүлүн бурду. Бул сүрөөдөгү жакшы жаңылык дегени, бул Аллахтын пайгамбарына жардам берээри жөнүндө, жана ал Меккени алат экендиги тууралуу кабар. Ал окуядан кийин адамдар Исламга топ-топ болуп кире башташты. Аллахтын убадасы аткарылып, пайгамбар ﷺ менен касташып жүргөндүн көбү, ага жанжөөкөр болуп жардам бере баштады. Ошол үчүн Аллах Таалага ыраазычылык билгизип, алкыш айтып, Андан кечирим сура деген буйрук келди. Бул сүрөөдө боло турчу эки нерсе камтылган. Биринчиси, Аллахтын дини ар дайым ийгилик коштоосунда болот, алкыш мактоо жана кечирим суроо сыяктуу ибадаттар, анын ишке ашуусун жеңилдетет. ***“Эгер*** *(Менин нээматыма)* ***шүгүр кылсаңар силерди****(н нээматты)* ***көбөйтөмүн. Ал эми, шүгүр кылбасаңар*** *(билип койгула)****, чынында Менин азабым катуу”*** - деп айткан Аллахка, ыймандуулар так ошо жогоруда айтылгандай ыраазычылык билдиришет. Үлгүлүү калыйпалардын (халифтердин) доорунда, андан кийин дагы, мусулмандар Аллахтын сөзүнүн акыйкаттыгына күбө болушту. Ооба, Ислам – көптөгөн диндердин бири, бирок бул акыйкат динге Аллахтын жардамы эч качан кечиккен эмес. Дүйнө жүзү боюнча канча деген адам исламга келген, жана азыр да мусулмандардын саны көбөйүүдө. Качан Аллахтын буйруктарынан тескери баса баштаганга чейин, мусулмандардын бийлиги козголгус бекем болуп турду. Кийин анан кайчылаш пикирлер жана талашуулар пайда болду. Бирок ошого карабай мусулман үммөтү жана Аллахтын дини, Анын элес алынгыс мээримине бөлөнүп келет.

Экинчиси болсо, Аллах Таала пайгамбарына, бул тирүүлүктөгү күндөрү аягына келип жеткендиги тууралуу айтты. Ошону менен Аллах Таала, пайгамбарыбыз ﷺ, кадыресе жашап өткөндүгүн кабарлады . Анткени, анын жашоосу менен Аллах өзү ант ичкен: ***“(О, Аллахтын элчиси) Өмүрүңө ант, алар (ышкы-кумардын) мастыгында көздөрүнө эч нерсе көрүнбөй калган эле!”*** Хижр сүрөөсү 72-аят. Раббибиз момундарга, өмүр аягын намаздарында же ажылык сапар учурунда, истигфар (кечирим суроо) менен аяктаганды осуят кылды. Ошол үчүн Аллахка алкыш-мактоо айтып, кечирим сура деген сөз - өлүм тууралуу кабар берген. Мухаммад пайгамбарыбыз ﷺ Жаратуучуң менен жолугушууга даярдык көр, түбөлүк бейпилдикке камдан деген көрсөтмө алды. Ушул аянга багынып, ал өлөөрүнө чейин намаз учурунда мындай сөздөрдү кайталачу эле: *“О, Кудай, биздин Раббибиз! Сен аруусуң жана алкыш-мактоолор Сага! О, Кудайым мени кечир!”*. Өзгөчө бел ийген маалда жана чөгөлөп сажда кылган убакта көп кайталаган.

Масад сүрөөсүнүн тафсири. (Курма дарагынын буласы. Сүрөө Меккеде түшкөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

***1. Абу Лахабтын эки колу** (өзү) **куурап калсын! Куурап да калды!***

***2. Ага мал-дүйнөсү да, бала-чакасы да пайда берген жок!***

***3. Ал жакында алоолонгон Тозокко ташталат!***

***4. Ал эми** (пайгамбарга каршы доомат-ушак көтөрүп жүргөн) **анын аялы болсо** (наркы дүйнөдө) **отун көтөргөн абалда!***

***5. Анын мойнуна** (тозоктогу) **курма дарагынын буласынан (эшилген) жип!***

---

(1-5) Абу Лахаб пайгамбарыбыздын ﷺ аталаш тууган агасы эле. Бирок ал пайгамбарды ﷺ катуу жек көрүп, көп жерден залакасын тийгизген. Абу Лахаб мушрик болгондуктан тууганчылык мамилесин бекемдегенди ойлонгон эмес. Ошол үчүн Аллах аны жазалап, Кыямат Күнгө чейин уятсыздык кишендерин ага жүктөп койгон. Абу Лахабтын колдору жерге кирсин! Ал бактысыз, эми эч нерседен пайда таппайт. Аны байлык бузду да, азаптан сактаган жери жок. Башына балээ түшкөндө, аны эч нерсе куткара албайт. Тозок Оту бүт тарабын курчап, аялы болсо ошол отко отун ташыйт. Ал дагы пайгамбарыбызга ﷺ зыян берип, күйөөсүн күнөөлөрдө коштоп, Аллах жана Аллахтын дини менен душманчылыгына колдоо көрсөткөн. Пайгамбар ﷺ жөнүндө жалган ушак таратып, жамандыка болгон аракетин жумшаган. Курма дарагынын буласынан эшилген жипти мойнуна салып, аркасына отун жүктөгөн адамдарга окшоп, Тозокто өз күнөөлөрүнүн оордугун тартат. Башка тафсирге ылайык, моюнуна курма дарагынын буласынан эшилген жип менен отундарды байлап, күйөөсүнө чогултуп барат. Бул сүрөөдө бир чоң аян катылган. Аллах бул сүрөөнү, Абу Лахаб аялы экөө өлө электе эле түшүргөн. Жана алар сөзсүз Тозок Отуна ташталат деген. Алар Ислам динин кабыл албайт экенин алдын ала айткан. Кийин чын эле, кайыпты жана айкынды Билүүчү айткандай болуп чыкты.

## Ихлас сүрөөсүнүн тафсири. (Ыкылас. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

***1. Айт*** *(О, Аллахтын элчиси)****: Ал – Аллах Жалгыз!***

***2. Аллах – Сомад*** *(Беймуктаж)*

***3. Ал туубаган жана туулбаган!***

***4. Жана эч ким Ага тең эмес!***

---

(1-4) Жаратуучу бул сөздөрдүн акыйкаттыгына толук ишеним менен эч күмөнсүз айтууга буюрду. Ал үчүн адам түпкү маңызын билиши керек. Аллах – Жалгыз Кудай! Кереметтүү ысым-сыпаттары кемчиликсиз, кылган иштери ыйык жана кемчилиги жок, жана Ага окшош же Ал сыяктуу эч ким жок. Ал Өзү беймуктаж, а бул жер-асмандагынын баарысы толугу менен Ага муктаж болуп Андан жардам сурашат, анткени Анын сыпаттарында бир кемчилик жок. Ал баарын билет, жана билиминин чеги жок. Ал сабырдуу жана сабыры да чексиз. Ал ырайымдуу, жана мээрими баардык жанды курчап турат. Ушул сыяктуу эле баардык Кудайдын сыпаттарын айтса болот. Туубаганы жана туулбаганы да кемчиликсиз экендигине далил, анткени Ал эч кимге муктаж эмес. Анын ысым-сыпаттары жана кылган иштери макулуктардын ысым-сыпаттарынан жана амалдарынан айырмаланып турат. Ал – Улук жана Кадырлуу! Жалпысынан алганда бул сүрөө, бир гана Аллах Таала Кудайга ылайык ысым-сыпаттарга ээ экендиги жөнүндө илимди жеткизет.

## Фалак сүрөөсүнүн тафсири. (Таң. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

***1. Айт** (О, Аллахтын элчиси)**: “Таңдын Раббисинен коргоо тилеймин:***

***2.** (Өзү) **жараткан** (зыяндуу) **нерселердин жамандыгынан...***

***3. Каптап кирген учурдагы** (караңгы) **түндүн жамандыгынан...***

***4. Түйүндөргө дем салган сыйкырчылардын жамандыгынан...***

***5. Сугун арткан учурда, көрө албаган кишинин жамандыгынан”***

---

(1-5) Араб тилиндеги “фалака” (жарып бөлүү) деген этиштен, таң маалында караңгы түндү жана өнүп аткан кездеги уруктарды, бир гана Аллах Таала бөлүп ажыратат экендигин түшүнсө болот. Адам, жин, айбанат, деги эле баардык макулуктардын жамандыгынан, Өз пенделерин бир гана Аллах коргой алат. Жаратуучу кээ бир макулуктар көп жамандык алып келээрин баса белгиледи. Түн ичинде адамдар уйкуга чөмүлүп, жер бетине жин-шайтан сыяктуу зыяны көп жандыктар жайылат. Бакшылар адамдарга кара дуа окуш үчүн түйүндөргө үйлөшөт. Ичи тар көрө албастар болсо, адамдарды ырыскыдан куру калышын эңсеп, атүгүл ал үчүн аракет кылышат. Ушундай мерездердин кылыктарын ишке ашырбай, алардын жамандыгынан, адамдарды бир гана Аллах сактай алат. Ошондуктан, ар бир инсан Анын коргоосун тилеш керек. Көзү жамандар дагы көрө албастарга кирет, анткени жан-дүйнөсүн кара баскан көрө албас адамдын гана көзү тиет. Жамандыктын жалпы кайсы түрү болбосун, бул сүрөө мусулмандарга Аллахтан коргоо сураганды үйрөтөт. Жана ошондой эле сыйкыр бар экендигине, бакшы, көз-ачыктардын кылыктарынан Аллахтан коргоо тилеп, сактаныш керек экендигине далил.

## Ан-Нас сүрөөсүнүн тафсири. (Инсандар. Сүрөө Меккеде түшүрүлгөн)

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).***

***1. Айткын*** *(О, Аллахтын элчиси)****: Мен инсандардын Раббисинен,***

***2. Инсандардын падышасынан***

***3. Инсандардын*** *(сыйынууга татыктуу болгон)* ***Кудайынан коргоо тилеймин –***

***4.*** *(Аллахтын ысымы айтылганда)* ***жашынып кала турган азгыруучунун жамандыгынан.***

***5. Ал*** *(шайтан)* ***адамдардын көкүрөгүнө азгырык салат***

***6. Алар*** *(азгыруучу шайтандар)* ***жиндерден жана адамдардан болот.***

---

(1-6) Бул сүрөөдө мусулмандарга, жамандыктын башаты шайтандан, Жаратуучу, Падыша Кудайдан коргоо тилегиле деген буйрук келди. Анткени ал адамдарды азгырып, жамандыкты коолдоп көрсөтүп, күнөө иштерди кылганга жандандырат. Ошол эле учурда, жакшылык кылганга жолтоо болуп, ал иштерди көздөрүнө көөнү жок кылып көрсөтөт. Шайтан адам баласын талыкпай азгырат, бирок пенде качан Кудайын эстеп, бул душманга каршы колдоо сурай баштаганда, артка тартып жоголуп кетет. Ошондуктан, ыймандуулар, кимге сыйынууга жаралган болсо, адамзаттын жана башка макулуктардын падышасы ким болсо, Ошонун астында жалбарып жардам сурап Ага кайрылышы керек. Ырыстан куру жалак калтырып, ортосуна туруп алганды эңсеген, өз тобуна кошуп Тозоктун тургунуна айлантууну каалаган душмандан кутулмайын, адам баласы бактылуулука жетпейт. Бирок бир гана шайтандын азгыруусу эмес, адамдардын таасири да азгырык экендигин эстен чыгарбаш керек. Ааламдардын Эгеси Аллахка мактоолор болсун!

# Кириш сөз жана сүрөөлөрдүн тафсири боюнча суроолор.

1. “Маанилүү сабактар” китебинин автору ким?
- Шейх Абдуль- Азиз бин Баз (Аллах ага ырайым кылсын)
- Шейх Мухаммад бин Салих аль Усеймин (Аллах ага ырайым кылсын)
- Шейх Хейсам бин Мухаммад Джамиль Сархан (Аллах аны сактасын)

2. Эмнеге “Маанилүү сабактарды” үйрөнүшүбүз керек?
- анткени ал маанилүү
- илимдүүлөр бул китепти окуп- үйрөнүүгө кеңеш беришет
- бул китепте ар бир мусулманга керек илим камтылган
- баардыгы туура

3. “Маанилүү сабактарга” дагы эмнелер кирет?
- мусулман адамдын Куран жана Таухид илимине болгон мамилеси
- намаз жана тазалануу маселесине түшүндүрмө
- ислам ининин адебин кармануу жана жакшы кулк-мүнөзгө ээ болуу
- ширктен жана күнөө иштерден кайтаруу
- жаназа намазы жана маркумду көмүүгө даярдык
- баардыгы туура

4. Мусулман адам кайсы сүрөөдөн баштап үйрөнүп, аны туура окуп, маанисин билип жаттаганы абзел?
- Аль Аляк (Кан уюткусу)
- Аль Фатиха (Ачуучу)
- Аль Ихлас (Ихлас)

5. Илим изилдөөчү, Куранга түшүндүрмө катары жазылган китептердин кайсынысынан баштаганы оң?
-Ибн Касирдин түшүндүрмөсү
-Аль Куртубинин түшүндүрмөсү
-Абдур- Рахман Ас-Са'ади түшүндүрмөсү

6. Адамдар Куранга мамилеси боюнча эки аша-чапкан жана бир ортолукту карманган топ болуп бөлүнүп калышты?
- туура; - туура эмес

7. Аллахтын элчиси ﷺ Куранды ой жүгүртпөй эле, ага ылайык амал кылбай эле окуй бергенден кайтарганбы?
- туура; - туура эмес

## Аль-Фатиха (Ачуучу) сүрөөсүнүн тафсири боюнча суроолор

8. Аль-Фатиха ( Ачуучу) сүрөөсүнүн ушундай аталып калышынын себеби?
______________________________________________________________
_______________________________________________________

9. Аль-Фатиха (Ачуучу) сүрөөсүнүн башкача аталышы:
- Курандын энеси; - Жети аят; - Намаз (соля);
- дем салуу (рукья); - баардыгы туура

10. Жаратқандын, Аллах- деген ысымынын мааниси?
- Кудай тутуп Ага ибадат кылынган Зат.
- Өзүнүн сыпаттарына жараша жалгыз сыйынууга татыктуу зат.
- баары туура

11. Аллах Тааланын Эгелиги:
- жалпы түрдө болот; - өзгөчө түрдө болот; - баары туура

12. Пайгамбарлар Жаратканга дуа кылганда, көбүнчө кантип кайрылышкан?
- Оо, Аллах; - Оо, Раббим

13. Араб тилинин грамматикасына ылайык, ат атооч этиштен алдын турса, демек?
- кыймыл аракет эскерилген тарапка гана тиешелүү
- кыймыл аракет баарына эле тиешелүү

14. " Сага гана сыйынабыз, Сенден гана жардам сурайбыз" - деген аятта жалбарып жардам сурагандан мурун, сыйынуу айтылганы эмнеден кабар берет?
- жалпыга жана жекени байлоо ыкмасына мисал.
- Жараткандын акысы пенделеринин акысынан өйдө тураары
- баардыгы туура

15. Ибадат - бул ... ?

- сөз менен ишти бирге камтып Аллахка жага турган, купуя жүрөктөн же дене кыймылы менен аткарылуучу иштин баарысы
- Аллахты сүйүп, улуктап, Анын буйруктарын аткарып, тыйган нерселеринен алыстап, толугу менен Ага моюн сунуу
- Кээде биринчи аныктама, кээ бир учурда экинчи.

16. “Кыямат күнү” – бул:
- Кайра тирилчү күн,
- Адамдар амалдарына жазасын ала турган күн,
- Баары туура.

17. “Бизди Туура Жолго баштагын” деген дуа, Исламдагы эң мааниси терең жана ар тараптуу дуа.
- туура; - туура эмес

18. Аллахтын “Бизди Туура Жолго баштагын” деген сөздөрүндөгү “Туура Жол” дегендин мааниси кандай?
- Пайгамбарлардын, ыймандуулардын, шейиттердин жана солихтердин жолу.
- Бүт ыйман келтиргендердин жолу.

19. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Курандагы бир дагы сүрөө же аят камтыбаган мааниге ээ?
- Фатиха сүрөөсү; - Аят аль-Курси; - Ихлас сүрөөсү

## Аят аль-Курси боюнча текшерүү суроолор

20. Арш жөнүндө айтылгандыгы үчүн аят ушинтип аталып калган.
- туура; - туура эмес

21. Курандын кайсы аяты эң улуу?
- Он милдетти камтыган аят,
- Аят аль-Курси
22. Ал аят Аллахтын кереметтүү ысымдарынын канчасын камтыйт?
- Беш; - Алты; - Жети

23. Аллах Таала Өзүнөн четке кагып, же Анын элчиси ﷺ Аллахты аруулап четке каккан сыпаттар тууралуу айтсак, аларды жокко чыгарып атканда, Аллахты ошол сыпаттардын толук карама-каршысы менен сыпатташ абзел.

Мисалы Аллах Таала “уйку” же “үргүлөп кетүү” сыяктуу сыпаттарды жат көрүнүш деп, карама-каршы келген “Тирүү”, “Кармап Туруучу” деген сыпаттар менен Өзү жөнүндө баяндады.
- туура; - туура эмес

24. Аллах Таала Өзү ыраазы болгондордон башка эч кимге шапаат кылууга уруксат бербейт. А Өзү болсо бир гана:
- Жалгыз бир Кудайга ишенгендер менен ыраазы
- Анын пайгамбарын ﷺ жолдоп ээрчигендер менен ыраазы
- Баардыгы туура

25. Аллах макулуктарга ачып берген мыйзамдашылган өкүмдөр тууралуу илимдин (аалам сырларынын):
- саны көп; - аябай аз

26. Аллахтын “Жогорулаган” деген ысымы эмнени түшүндүрөт?
- Заты менен баардык макулуктан өйдө экендигин
- Анын сыпаттары Улук экендигин
- Анын кудуретине баардык жаратылыш, жандык баш ийет.
- Баардыгы туура

27. Аят аль-Курси окулат:
- ар бир парз намаздан кийин
- уйку алдын
- эртен менен кечинде
- баардыгы туура

## Зилзала (Жер титирөө) сүрөөсү боюнча суроолор

28. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

29. Зилзала сүрөөсүнүн маанисинде:
- Жакшылык жасоого үгүттөө камтылган
- Жамандык кылуудан алыстаганга үгүт
- Баары туура

30. Аллахтын: ***“Жер катуу титирегенде”*** деген сөздөрү, ***“Жана** (жер менен) **тегиз кылып салат. Сен ал** (Кыяматта элдер чогулчу) **жерде не бир ийрилик, не бир өйдө-чуңкур көрбөйсүң”*** деген сөздөрүнө окшошпу?
- ооба; - жок

31. Аллахтын “***жана өзүнүн “жүктөрүн” чыгарып таштаганда***” деген сөздөрүндө эмне жөнүндө айтылып атат?
- Тоолор жана дөбөлөр
- Өлгөндөр жана катылган кенчтер

32. Адамзаттын жаман-жакшы кылыктары тууралуу жер күбө болуп береби?
- ооба; -жок

33. Аллах Таала: ***«топ-топ болуп келишет»*** деп айтты. Бул сөздөрдүн мааниси кандай?
- Ар бир адам чогулуш майданга жалгыз барат
- Элдер жааматтарга бөлүнүп, чогулуш майданга топ-топ болуп келишет

34. Аллахтын: ***“жана ким кыпын салмагындай жакшылык кылган болсо - аны көрөт, жана ким кыпын салмагындай жамандык жасаган болсо – ошону көрөт”*** - деген сөздөрү, Анын: ***“****(Ошол күнү баардык)* ***жан*** *(Акырет үчүн)* ***эмне алып келгенин билет”*** – деген сөздөрүнө айкалышабы?
- ооба - жок

## Адият (Тулпарлар) сүрөөсү боюнча суроолор

35. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

36. Адият сүрөөсүндө, милдеттерди аткарбай коюудан эскертүү баяндалат.
- туура; - туура эмес

37. Кийинки сөздөрдүн маанилерин түшүндүр:
***“алкынып”***________________________________________________
***“туягынан от чачырата”*** ___________________________________
***“Раббисине нашүкүр (шугур кылбоочу)”***________________________

## Кориа (Улуу апаат) сүрөөсү боюнча суроолор.

38. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

39. Кориа сүрөөсүнүн маанисинен алынган эскертүүлөр:
- Сурак Күндөгү коркунучтан
- Жашоодогу сыноолордон

40. Кориа (Улуу апаат) деген сөздүн мааниси бул?
- Кыямат күн; - Коркутуу

41. Кийинки сөздөрдүн маанисин түшүндүр:
***“тозуган көпөлөктөргө окшоп”*** ________________________________
***“тытылган жүн сымал”*** ______________________________________

42. Бул сүрөөдө эскерилген тараза деген:
- Чын эле тараза
- “тараза” бул адилеттүүлүк деген мааниде

43. ***“көңүлүндөгүдөй жашоодо болот”***:
- бул дүйнөдө
- Бейиш бакчаларында

44. ***“анын энеси – “Хаавия!”*** – деген Аллахтын сөздөрүнүн мааниси:
- адамзаттын тиричилигинде, эне камкордугу жашоонун ажыраткыс бир бөлүгү болгондой, Тозоктун азабы да күнөөкөрлөрдүн жашоосунда, кутулгус бир бөлүккө айланат.
- күнөөкөрлөр Тозоктун Туңгуюгуна башы менен ылдый карай ыргытылат
- баардыгы туура

45. ***“сен “Хаавия” эмне экенин билбейсиң”*** - деген сөз менен Аллах:
- Тозок туңгуюгунун зорлугун айтты
- Ал жөнүндө сурады

46. Тозок отунун аталыштарынан дагы:
- Тозок Туңгуюгу; - Тозок Жалыны; - баардыгы туура

47. Тозоктун Отунун табы (Аллах анын бетин ары кылсын), бул дүйнөдөгү оттун ысыктыгынан канча эсе күчтүү?
- Жетимиш эсе; - Токсон эсе; - Токсон тогуз эсе

## Такасур (Көбөйтүү) сүрөөсү боюнча суроолор.

48. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

49. Бул сүрөө:
- адамдардын акыбалы тууралуу
- Жаратылган максатынан башка нерселерге кызыктар болгондугу үчүн адамдарга эскертүү

50. Бул сүрөө көбөйтүп чогултканга ашыкча берилип кетүүдөн кайтарат, жада калса сооп иштер менен Аллахтын жүзүнө умтулууну дагы.
- туура; - туура эмес

51. Негедир Аллах бул сүрөөдө: ***“Тээ мүрзөгө келгениңерге чейин!”*** - деп, ***“түбөлүк мүрзөңөргө жайгашкыча”***- деген сыяктуу айткан жок, эмнеге?
- Анткени “Барзах” жашоосу, адам түбөлүк ордуна бараар алдын кабылчу, ортодогу жер
- Анткени маркумдар дүнүйөдөгү үйлөрүнөн, аларга таандык болбогон мүрзөлөргө барышат

## Аср (Күүгүм убакыт) сүрөөсү боюнча суроолор.

52. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

53. Аср сүрөөсүндө төрт маселеге далил бар: *илим, амал, даават жана сабырдуулук.*
- туура; - туура эмес

54. Кийинки касам ичүү жөнүндө айтылган сөздөрдүн кайсынысы туура?
- Аллах өз макулуктардын каалаганы менен каргана алат
- Пенделерге Аллахтан башка нерсе менен каргануу арам болот
- Пенделерге Аллахтан башка каалаган нерсеси менен каргануугa уруксат
- биринчи жана экинчи сөздөр туура

55. Сабырдуулуктун канча түрү бар?
- эки; - үч; - төрт

56. Бул сүрөөдө төрт көрсөтмө бар. Башындагы эки көрсөтмө менен адам өзүн тарбиялайт. Аягындагы экөөнү ишке ашырса, башкаларды тарбиялайт.
- туура; - туура эмес

## Хумаза (Шылдыңчы) сүрөөсү боюнча суроолор.

57. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

58. “Хумаза” (шылдыңчы) деген бул – кандайдыр бир иштер менен адамдарга зыян келтирип же мазактап,м сөөмөйү менен көрсөткөн, жана башкаларга жалаа жаап, жийиркеничтүү сүйлөгөн адам.
- туура; - туура эмес

59. Сооп иштерди жасоо, Аллах узун өмүр беришине себеп болобу?
- ооба - жок

60. Тозоко отун болчу эмне?
- адамдар; - таштар; - баардыгы туура

61. Аллах Тааланын : “***жүрөктөргө чейин жете турган***” – деген сөздөрү, от жалыны денеден өтүп барып жүрөктү куйкалайт деген мааниде.
- туура; - туура эмес

## Фил (Пил) сүрөөсү боюнча суроолор.

62. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

63. Бул сүрөөнүн тарбиялык маанилеринин бири бул - аябай алп жаныбар Аллахтын үйлөрүнүн бирине каршы иш кылгандан коркуп жаткан соң, адамдар андай иштен биринчи ирээт коркуш керек экендиги.
- туура; - туура эмес
64. Пайгамбар ﷺ төрөлгөн жыл
- пил жылы; - кайгы-муң жылы; - күл жылы

65. Бул окуя Исламдын пайда болушуна, жана Мухаммадтын ﷺ пайгамбарлыгы акыйкат экендигине белги болгон.
- туура; - туура эмес.

## Курайш (Курайштар) сүрөөсү боюнча суроолор.

66. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

67. Бул сүрөө башка кайсы сүрөө менен байланышат?
- Фил (Пил); - Каафирун (Каапырлар); - Ан-Нас (Инсандар)

68. Курайштар кышкысын Йеменге, жайкысын Шамга соода сатык кылып каттап турушчу.
- туура; - туура эмес.

69. Аллах Таала Кааба менен Харам мечитин жана курайштарды башка араб урууларднын көзүнө көтөрмөлөп койду. Алар терең сый-урмат көргөзүп, эч качан кол салышпайт эле:
- Меккенин ичинен; - Меккеден жана андан тышкары дагы

70. Аллах – барчылыктын Эгеси, ал эми Кааба болсо, макулуктардын арасынан улуулугу үчүн өзгөчө белгиленди.
- туура; - туура эмес.

71. ***“Эми, алар ушул Үйдүн Раббисине гана ибадат кылышсын”*** – деген аятта, ардактуулугуна басым жасоо максатында, макулукту Жаратуучуга таандык кылуу ыкмасы колдонулду.
- туура; - туура эмес.

## Мааун (Майда-чүйдө) сүрөөсү боюнча суроолор.

72. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

73. Аллахтын: ***“Сен динди “жалган” деген кишини көрдүң беле?!”*** – деген сөздөрүндө, “дин” сөзүнүн мааниси – кайра тирилүүбү?
- ооба; - жок

74. Жетим (йатим) деген бул кимисинен айрылган?

- атасынан; - энесинен

75. Ал качанкыга чейин жетим деп айтылат?
- жыныстык жагынан жетилгенге чейин
- жыныстык жактан жетилсе деле

76. Намазга кайдыгер мамиле жасагандык сөз тийүүгө татыктуу. Ал эми намаз учурунда кетирген ката болсо, ар бир инсандын кемчилиги.
- туура; - туура эмес.

77. Эл көзүнө көрүнүү (рия) максатында жасалган жакшылык:
- уруксат; - тыюу салынган; - кичи ширк; - чоң ширк

78. Бул сүрөөдө ырасталган жакшылык иштерин кылууга ынандыруу баяндалат.
- туура; - туура эмес.

## Каусар (Молчулук) сүрөөсү боюнча суроолор.

79. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

80. Каусар бул:
- дарыя; - ырыскы, молчулук

81. Намаз менен курмандык чалуу, Аллахка жакындоого себеп болгон эң сонун жана эң маанилүү ибадат болгондуктан, буларды Аллах өзгөчө белгиледи.
- туура; - туура эмес.

82. Аллахтын: ***“Албетте, сени айыптаган адамдын өзүнүн арты кесилген!”*** – деген сөзү, ким пайгамбарды ﷺ сүйсө, анын жаркын элеси ар дайым эсте калат деген мааниде.
- туура; - туура эмес.

83. Бул сүрөөдө пайгамбардын ﷺ тарапташ жардамчылары көп экендиги айтылат.
- туура; - туура эмес.

## Каафирун (Каапырлар) сүрөөсү боюнча суроолор.

84. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

85. Каафирун сүрөөсүн Фатихадан кийин биринчи рекетте окуган дурус:
- багымдатка чейинки сүннөт намазда
- шамдан кийинки сүннөт намазда
- Каабаны айланган соң (таваф) окулчу намазда
- витр намазда
- баардыгы туура

86. Ширк аралашып кеткен ибадат:
- толук эмес ибадат; - ибадат деп эсептелбейт

87. Аллахтын “Айткын” деген сөзү кимге тиешелүү?
- Аллахтын элчисине ﷺ
- Аллахтын элчисине ﷺ жана ар бир ушул кайрылууга тиешеси бар адамга

88. Каапырлар деген –
- Аллахтын элчисинин ﷺ чакырыгы жетип, бирок ошого ыйман келтирбегендер.
- Меккеде жашагандардын арасынан пайгамбарга ﷺ ыйман келтирбегендер.

89. Бул сүрөөдө ширкке жана мушриктерге (ширк кылуучуларга) тиешеси жок экендиги камтылат. Ал баш тартуу жүрөктө, тил учунда же дене мүчөлөрүндө чагылышат.
- туура; - туура эмес.

## Наср (Жардам) сүрөөсү боюнча суроолор.

90. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

91. Бул сүрөөдө жагымдуу кабар, билдирүү, буйрук жана көңүл буруу камтылган.
- туура; - туура эмес.

92. Бул динге жана бул үммөткө болгон Аллахтын мээрими ушунча чоң болгондуктан, биз аны элестете албайбыз.
- туура; - туура эмес.

93. Бул сүрөө Аллахтын элчиси ﷺжакын арада бул дүйнө менен коштошоорунан кабар берген.
- туура; - туура эмес.

## Масад (Курма дарагынын буласы) сүрөөсү боюнча суроолор.

94. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

95. Абу Ляхаб –
- пайгамбардын ﷺ акеси
- пайгамбар ﷺ менен эч кандай тууганчылыгы жок

96. Кыямат Күнгө чейин уятталган:
- Абу Ляхаб; - Пайгамбар ﷺ менен касташкандын ар бири

97. Бул сүрөө менен Аллах Таала, Абу Ляхаб аялы экөө эч качан Исламга киришпейт экенин айткан.
- туура; - туура эмес.

## Ихлас (Ыкылас) сүрөөсү боюнча суроолор.

98. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

99. Бул сүрөөнүн “Ихлас” деп аталганынын себеби:
- Толугу менен, бир гана Аллах жөнүндө баяндаганы үчүн
- Аны окугандар ширктен тазаланат
- Баардыгы туура

100. Бул сүрөөнү окугандын сообу:
- Курандын жарымын окуганга барабар
- Курандын төрттөн бир бөлүгүн окуганга барабар
- Курандын үчтөн бир бөлүгүн окуганга барабар

101. Ихлас сүрөөсүн Фатихадан кийин экинчи рекетте окуган дурус:
- багымдатка чейинки сүннөт намазда
- шамдан кийинки сүннөт намазда
- Каабаны айланган соң (таваф) окулчу намазда
- витр намазда
- баардыгы туура

102. Каафирун жана Ихлас сүрөөлөрү эртели-кеч окула берет, анткени алар Таухидтин үч түрүн тең камтышат.
- туура; - туура эмес.

103. Ихлас сүрөөсүндө:
- Улюхия (Сыйынууга Аллах гана татыктуу) деген Таухид (жалгыздоо) камтылат
- Рубубия (Эгелигинде) жана асмаа ус-сыфат (ысым-сыпаттарында) Таухид (жалгыздоо) камтылат.

104. Аллахтын: ***“Айткын”*** – деген сөзүнүн мааниси:
- Тилиң менен айт дегендик
- Тилиң менен айтып, жүрөгүң менен ишен жана амалдарың да ошого ылайык болсун дегендик.

105. Аллахтын: ***“Ал – Аллах Жалгыз!”*** – деген сөздөрү, Аллахты Эгелигинде, сыйынылчу Кудайлыгында жана ысым-сыпаттарында жалгыздоо дегенди билдирет.
- туура; - туура эмес.

106. Аллахтын “Беймуктаж” деген сыпатынын мааниси:
- муктаж болгондо кайрылчу Зат дегенди билдирет.
- Ал өзүнөн-өзү бар, ал эми башкалардын тирүүлүгү Ага көз-каранды.
- Кудайлыгы менен ысым-сыпаттары кандай болсо, Эгелиги да дал ошондой кемчиликсиз жана толук – Рабби дегенди билдирет.
- баардыгы туура.

107. Аллах Тааланын ата-энеси же баласы бар деп билүү – чоң каапырчылык.
- туура; - туура эмес.

## Фалак (Таң) сүрөөсү боюнча текшерүү суроолор.

108. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

109. Фалак сүрөөсүн:
- уктаар алдын окуган жакшы
- парз намаздардан кийин окуган жакшы
- баардыгы туура

110. Кийинки сөздөрдүн маанисин түшүндүр:

***“Коргоо тилеймин”:***

________________________________________________

***“Фалака” (бөлүп-жаруу):***

________________________________________________

***“Түйүндөргө дем салган”:***

________________________________________________

111. Бул сүрөөнүн мааниси:
- Мусулмандар баардык жамандыктан же анын бир жеке көрүнүштөрүнөн куткарууну, же б.а. куткарылчу коргонду Аллахтан издеши керек.
- Сыйкыр чын эле бар экендиги
- баардыгы туура

## Ан-Нас (Инсандар) сүрөөсү боюнча суроолор.

112. Бул сүрөө:
- Меккеде түшүрүлгөн; - Мединада түшүрүлгөн

113. Ан-Нас сүрөөсүн:
- уктаар алдын окуган жакшы
- парз намаздардан кийин окуган жакшы
- баардыгы туура

114. “Инсандар” сүрөөсүндөгү: ***“жашынып кала турган азгыруучунун”*** – деген сөздөрдүн мааниси кандай?

________________________________________________

# ЭКИНЧИ САБАК

## Экинчи сабак: Исламдын түркүктөрү

Экинчи сабак Исламдын түркүктөрүн түшүндүрүүгө арналган. Алардын биринчи жана эң улуусу: “Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Зат жок, жана Мухаммад - Анын элчиси” - деген күбөлүк.

لَا إِلَهَ إِلَّا الله مُحَمَّدٌ رَسُولُ الله

Сабакта мунун маанисин кеңири талдоо менен кошо “Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Зат жок” күбөлүгүнүн шарттары көрсөтүлгөн.

Күбөлүктүн мааниси бул:

1) Аллахтан башка сыйынылчу нерселердин баардыгын жокко чыгаруу (ля иляха – сыйынууга татыктуу зат жок),
2) Ибадатты бир гана шериксиз Аллахка деп тастыктоо (илля-Ллах – Аллахтан башка)

*“Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Зат жок”* күбөлүгүнүн шарттары болсо кийинкидей:

1) Караңгылыкты жокко чыгарган **Илим**
2) Күмөндү жокко чыгарган **Толук ишеним**
3) Ширкти жокко чыгарган **Ыкылас**
4) Калпты жокко чыгарган **Чынчылдык**
5) Жек көрүүнү жокко чыгарган **Сүйүү**
6) Баш тартууну жокко чыгарган **Баш ийүү**
7) Четке кагууну жокко чыгарган **Кабылдоо**
8) Аллахтан башка ибадат арнаган нерселерге **Ишенбөө**

Бул шарттар кийинки ыр саптарында топтолгон:

***Илим, толук ишеним, ыкылас, чынчылдыгың***

***Сүйүү** менен **баш ийип, кабылдаганың***

*Буга кошуп сегизинчи – бул Аллахтан башка*

*Баардык кудай тутулганды **кабылдаба***

Бул сабакта Мухаммад - Аллахтын элчиси деген күбөлүккө дагы түшүндүрмө бар. Ал эмне жөнүндө кабар берсе ошого толук ишенүү, ал буюрган нерселерге баш ийүү, ал тыйган нерселерден алыстоо, ал кандай көрсөтүп кетсе Аллахка ошондой ибадат кылуу

Андан кийин Исламдагы беш түркүктүн калган төртөө келет: намаз, зекет, Рамазан айында орозо кармоо, жана мүмкүнчүлүгү болсо Аллахтын Үйүнө ажылык зыяраты.

## “Экиничи сабактын” түшүндүрмөсү

**“Ля иляха илля-Ллах”**
**келмесинин түркүктөрү:**

| ***Тануу, жокко чыгаруу*** (Ля иляхя) | ***Тастыктоо*** (илля-Ллах) |
|---|---|
| Аллахтан башка сыйынчу нерселердин баардыгын жокко чыгаруу (Тагутка ишенбөө) | Ибадатка бир гана Аллах татыктуу экендигин тастыктоо (Аллахка ишенүү) |

Акын жазгандай: *Ыкылас келмесинин түркүгүнөн экөө бар:*
***Жоктоо** жана **тастыктоо***
*Алгын муну итибар.*

**“Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Зат жок”** күбөлүгүнүн шарттары

Бул күбөлүктүн шарттары ачкычтын тиштерине окшош.
“Ля иляха илля-Ллах” сөздөрү Бейиштин ачкычы болгону менен, тиши дал келбеген ачкыч кулпуну ача албайт. Муну эсинен чыгарбай, “Ля иляха илля-Ллах” деп айткан адам, Куран жана Сүннөттө убадаланган сыйлыктарга жетиш үчүн, кийинки сегиз шартты аткарышы керек:

**1.** Маңызында билбестик менен айкалышпас, күбөлүктүн маанисине тереңдеткен **Илим**. Маанисин түшүнбөгөн адамга бул пайда алып келбейт, ошондуктан кимде ким Ислам динин кабыл алгысы келсе, биринчиден анын маанисин билиши керек. Аллахтын элчиси ﷺ айтат***: “Ким Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок экендигин билип туруп өлсө, ал Бейишке кирет”***, хадис Имам Муслимдин риваятында келет.

**2.** Ушул күбөлүктүн акыйкат экенине **Толук ишеним**. Эгерде адам жүздөн бир эле пайыз күмөн санаса, ал муваххид эмес. Ошондой эле Аллах Таала кимди каапыр деп атаса, аларды каапыр деп эсептебегендер дагы үстүдө эскертилген катарга кирет. Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Зат жок, жана мен Аллахтын элчисимин деп күбөлүк берем. Эгерде Аллахтын кулу эч күмөн санабай, ушул эки күбөлүк менен Аллахка жолуккан болсо, анда ал Бейишке кирет”***, хадис Имам Муслимдин риваятында келет.

**3. Ыкылас**. Бул күбөлүктө соопчулукту ким эл көзүнө жасаса (рия), же чоң ширк кылса (Аллахтан башкага сыйынган сымал), ага ал пайдасын алып келбейт. Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Кыямат күнү эң бактылуу адамдар, бул чын жүрөктөн же чын дили менен “Ля иляха илля-Ллах” дегендер”***, хадис Имам Аль-Бухаринин риваятында келет.

**4. Чынчылдык.** Кимде ким эки жүздүү сымал, күбөлүктү калп эле айтып койсо, ага ал жардам бербейт. Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Ким чынчылдык менен чын жүрөгүнөн, Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Зат жок, жана Мухаммад Анын кулу жана элчиси, деп күбөлүк бербесин, Аллах Таала ага Тозок Отун арам кылат ”***, хадисти эки имам Аль-Бухари менен Муслим риваят кылышкан

**5. Сүйүү.** Адам баласы Аллахты сүйүшү керек, жана Ага шериктеш кылып эч кимди сүйбөшү керек. Жана Аллах кимди сүйүүгө буйрук берсе, ал ким болбосун сүйүшү керек. Сүйүүгө карама-каршы келген жек көрүү болот, ошондуктан “Исламды бузуучу амалдар” китебинде келет: *“Аллахтын элчиси ﷺ алып келгендин ичинен, инсан жактырбаганы болсо, ошону жасаган маалда да ал - каапыр болот”*. Аллах Таала айтат: ***“Адамдардын арасында кээ бирөөлөр, Аллахтан башка нерселерди (Аллахка) тең кылып алышат (жана) аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт”.*** Бакара сүрөөсү, 165-аят.

**6. Баш ийүү.** Бул шарттын мааниси, акыйкат күбөлүгүн айткан адам, эми ошого ылайык иштерди жасашы керек. Андай иштерди кылбаса, ага бул күбөлүктүн пайдасы тийбейт. Аллах Таала айтты: ***“Жок, Раббиңе ант, алар качан өз ара жаңжалдарын жөнгө салуу үчүн сени аким-өкүмдар кылмайынча, кийин ошол сен чыгарган өкүмгө жүрөктөрүндө нааразылык калбай, толук моюн сунмайынча ыймандуу боло алышпайт!”*** Ан-Ниса сүрөөсү 65-аят.

**7. Кабылдоо.** Бул күбөлүккө тиешелүү сөздөр жагынан, амал жана туюлган ишеним жагынан адам эч нерсени четке какпашы керек. Аллах Таала айтты: ***“****(Дуйнө жашоосунда)* ***аларга “Эч бир кудай жок, бир гана Аллах бар*** *(ошого сыйынгыла)****” деп айтылганда текеберленишкен. Жана: “Биз өзүбүздүн кудайларыбызды ушул жинди акын*** *(Мухаммад)* ***үчүн таштайт белек?!” дешет*** *(болчу)****”*** Саффат сүрөөсү 35-36-аяттар

**8.** Аллахтан башка сыйынылчу нерселерге **Ишенбөө** дегендин мааниси бул, Аллахтан башка нерсеге арналган сыйынууну майнапсыз деп билип, Жалгыз Аллах гана сыйынууга татыктуу деп толук ишеништин зарылдыгы.

**Маанилүү:**

Акыйкат күбөлүгүн - сөз, амал жана ишеним коштоосу зарыл.

## Сүйүүнүн түрлөрү

**Табигый сүйүү.**

Эгер Аллахка болгон сүйүүдөн да бекем болуп кетпеген шартта, буга уруксат берилет. Аялына же балдарына болгон сүйүүнү мисалга алсак болот. Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Мен ага баласынан, ата-энесинен жана баардык адамдардан да сүйүүктүү болмоюн, бириңер да толук ыйманга келбейсиңер.”***

**Аллахка болгон сүйүү.**

Аллахты сүйүү бул - милдет, андан да бул ыймандын эң чоң белгилеринен. Аллах Таала айтат: ***“Мухаммад – Аллахтын элчиси! Аны менен бирге (сахаба) болгон кишилер каапырларга катуу-өктөм, бири-бирине боорукер!”*** Фатх сүрөөсү 29-аят.

**Башка бирөөнү Аллах менен тең сүйүү.**

***“Адамдардын арасында кээ бирөөлөр, Аллахтан башка нерселерди (Аллахка) тең кылып алышат (жана) аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт”.*** (Бакара сүрөөсү, 165-аят.)

Жогорудагы Аллахтын сөздөрүнө карай, сүйүүнүн мындай түрү чоң ширк болуп эсептелет.

### Аллах үчүн сүйүш керек:

- Аллах жакшы көргөн **жерлерди**. Мисалы: Мекке, Медина
- Аллах жакшы көргөн **мезгилдерди.** Мисалы: Кадыр Түн же түндүн акыркы үчүнчү бөлүгү.
- Аллах Таала ыраазы болгон **амалдарды.** Буга шариятта келген нерселердин баары тиешелүү. Мисалы: Таухид.
- Ошол **амалдарды аткарган адамдарды.** Мисалы: пайгамбар жана элчилер, периштелер, сахабалар жана баардык монотеисттер.

**“Мухаммад - Аллахтын кулу”** деген сөздүн мааниси:

Ал ﷺ Аллахка эң жакшы жана туура ибадат кылган дегендик

Анын ﷺ эч кандай Кудайчылык же Эгелик сыпаттары жок, жана ага ﷺ эч бир ибадатты арнаганга болбойт дегендик

# Багынуунун түрлөрү

## Жалпы

Бул моюн сунуу (кулдук)– Аллах баардык нерсенин Ээси экендигинен келип чыгат. Муну “мажбур кулдук” (убудияту аль-кахр) деп койсо болот. Аллах Таала айтат: ***“Асмандарда жана жердегинин баары Рахманга кул-пенде болуп келишти”.*** Марям сүрөөсү 93-аят. Мусулманбы же каапырбы, айырмасыз макулук болгон соң, Кудайдын пендеси болуудан башка аргасы жок.

## Өзгөчө

Бул Аллахка моюн сунуунун негизиндеги Ага болгон кызмат. Аллах Таала айтат: ***“Рахмандын пенделери... алар жер бетинде кичипейил-салабаттуу жүрүшөт”.*** Фуркан сүрөөсү 63-аят.

Буга Аллахтын динин тутуп, Ага ибадат кылгандын баары кирет.

## Өзгөчөдөн өзгөчө

Бул пайгамбар жана элчилердин кызматы. Аллах Таала айтат: ***“.... чындыгында, ал абдан шүгүр кылуучу пенде болгон”.*** Исра сүрөөсү 3-аят.

Буга болсо пайгамбарлар гана кирет, анткени Аллахка кызмат кылууда алар менен эч ким тең тайлаша албайт.

## Пайгамбардын ﷺ өмүр баянынан үзүндүлөр

| | |
|---|---|
| Анын ﷺ аты жана ата-теги | Ал Мухаммад Абду-Ллах уулу. Чоң атасы Абдуль-Мутталиб болсо Хашимдин уулу. Хашим Курайш уруусунан болгон. Курайшийлер болсо Ибрахим пайгамбардын баласы Исмаилдин тукумунан чыккан арабтардан болгон. |
| Анын ﷺ жарык дүйнөгө келүүсү | Ал ﷺ “Пил” жылынын Раби аль-Ауаль айында Меккеде төрөлгөн. Ал алтымыш үч жыл жашаса, анын ичинен кырк жылын пайгамбарлыкка чейин, кийинки жыйырма үч жылын Аллахтын пайгамбары жана элчиси болуп өткөргөн. Ал жетим өскөн: атасы ал төрөлгөнгө чейин көз жумган, анан аны өз чоң атасы Абдуль-Мутталиб багып өстүргөн. Ал каза болгондо атасынын агасы – Абу Талиб баккан. |
| Анын ﷺ билдирүүсү | Ал ﷺ баардык адамдарга жана жиндерге жиберилген. Анын чакыруусу жетип, бирок ага ынанбаган инсан каапыр болуп эсептелет. |
| Анын ﷺ чакыруусу | Ал ﷺ Жалгыз бир Кудайга ыйман келтирип, адеп-ахлакка жана жакшы иштерди жасоого чакырган. Жана ал Кудайга шерик кошуудан, адепсиздиктен жана зулумдуктан кайтарган. |
| Исра жана миараж | Ал ﷺ Меккеден Иерусалимге алып барылып (исра), андан кийин Жетинчи асманга көтөрүлүп (миараж), ал жактан Аллах аны менен сүйлөшүп, беш убак парз намазды мыйзамдаган. |
| Хижра (көчүү) жана дүйнөдөн кайтышы | Ал ﷺ Меккеден Мединага көчүп барып, ошол жактан каза болгон. Ал ﷺ момундардын энеси Аишанын (Аллах андан ыраазы болсун) бөлмөсүнө коюлган. |

## “Экиничи сабактын” түшүндүрмөсү

| | |
|---|---|
| Аллахтан келген аянды адамдарга жеткирүүсү | Аллах Таала Өзүнүн элчиси аркылуу динди кемчиликсиз кылды. Ал ﷺ болсо аны айкын жеткирип, жүктөлгөн тапшырманы аткарып, өз коомуна ыкыластуу болду. Акыйкатты жеткирип, Аллахтын жолунда чыныгы тырышчаактыгын көрсөттү. Ошондуктан ал өтүп кеткен соң, бул динге бир нерсе кошуп коюуга эч кимдин акысы жок. |
| Орду чоң беттешүүлөр | Алар жетөө: Бадр согушу, Ухуд согушу, хандак (*согушта казыла турган ороо, окоп*) тушундагы согуш, Хайбарды алышы, Меккени алышы, Табук менен Хунайндагы согуштар. |
| Анын ﷺ жети баласы: | Үч уулу: Аль-Касым, Ибрахим, Абду-Ллах. Акыркысын “Ат-Тайиб” (берекелүү) жана “Ат-Тахир” (таза) деп да коюшчу. Төрт кызы: Зайнаб, Рукия, Умм Кульсум, Фатима. Фатимадан башка баардык балдары ал ﷺтирүү кезинде каза болушкан. Фатима болсо ал ﷺөлгөндөн кийин, алты айдан кийин каза болгон. |
| Аны ﷺ баккан аялдар | Өз энеси Амина бинт Вахб. Анан Сувейба (агасы Абу Ляхаб боштондукка чыгарган аял), Халима бинт Аби Зиб Ас-Сидия, **Аллах алардан ыраазы болсун!** |
| Анын ﷺ он эки аялы: | Хадижа, Аиша, Савда, Хафса, Зейнеб аль-Хилялия, Хинд Умм Саляма, Зейнаб бинт Жахш, Жувейрия бинт аль-Харис, Сафия, Рамля умм Хабиба, Рейхана бинт Зейд, Меймуна бинт аль-Харис, баардыгынан Аллах ыраазы болсун! |
| Анын ﷺ адептери | Аллах Таала айтат: ***“Жана сен улук ахлактын үстүндөсүң”*** Калам сүрөөсү 4-аят, жана Аиша энебиз: *“Анын ахлагы – Куран болчу”* деп айткан. |

| | |
|---|---|
| Ага ﷺ биринчи түшүрүл-гөн аят | “Уютку” сүрөөсүндөгү Аллах Тааланын сөздөрү: ***“Оку, Жараткан Раббиңдин ысымы менен! Ал инсанды уюган кандан жаратты. Оку, сенин Раббиң эң улук Зат! Ал инсанга калем менен*** *(жазууну)* ***үйрөттү. Инсанга билбегенин*** *(Куранды жана башка илимдерди)* ***үйрөттү”.*** |
| Ага ﷺ эң биринчи ыйман келтир-гендер | Эркектерден –*Абу Бакр ас-Сыддык*,<br>аялдардан – *Хадижа бинт Хувейлид*,<br>өспүрүмдөрдөн –*Али ибн Абу Талиб*,<br>кулдуктан азаттыка чыккан –*Зейд ибн Хариса*,<br>кулдардан болсо –*Билял ибн Рабах*.<br>**Аллах баардыгынан ыраазы болсун!** |
| Ал ﷺ аткарган ажылык сапарлар ﷺ | Ал ﷺтөрт кичи ажылык (умра) кылган, жана анын баардыгы Зуль-Каада айына туура келген. Анан ал ﷺХижранын онунчу жылында бир чоң ажылык (хадж) жасаган. Ал ажылык *Коштошуу ажылыгы* деп айтылып келет. |
| Пайгам-бардын ﷺөмүр баянын окуу - зарыл нерсе. | Ибн аль-Кайим айтат: *“Эгерде пенденин эки дүйнө бактысы Аллахтын элчисинин ﷺ жетектөөсүнө байланыштуу болсо, анда ар бир өзүнө жакшылык тилеген, куткарылып, бактылуу болгусу келген адам, анын ﷺ жолдоочуларына кошулуп, билимсиз болбой анын ﷺ жетектөөсүн, өмүр баянын билиши керек. Адамдар бул маселеде: аз билгендер, көп билгендер, жана илимден куру калгандар болуп бөлүнүшөт. Ырайым болсо Аллахтын колунда жана ар кимге Ал Өзү каалагандай берет, жана Ал улуу ырайымдын ээси”.* |

# ҮЧҮНЧҮ САБАК

## Үчүнчү сабак: Ыймандын түркүктөрү

Ыймандын түркүгүнөн алтоо болот: ***Аллахка ыйман келтирүү, Анын периштелерине ыйман келтирүү, Китептерине ыйман келтирүү, Анын пайгамбарларына ыйман келтирүү, Кыямат күнүнө ыйман келтирүү, жакшылык жана жамандыктын маңдайга жазылганына (тагдыр) ыйман келтирүү***.

**Ыйман (ишенүү) шарият терминологиясында:**
Тилдеги сөздөр, жүрөктөгү ишеним жана жүрөк менен кошо дене мүчөлөрүнүн амал кылуусу. Аллахка багынган сайын ал көбөйөт, Аллахты укпаган соң ал азаят.

**“Сөздөр”** дегенге Аллахтын элчисинин ﷺ айтканы далил: ***“Ыймандын эң бийик бутагы бул: “Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Зат жок”- деген күбөлүк”***

**“Амал”** дегенге Аллахтын элчисинин ﷺ айтканы далил: ***“Ыймандын эң төмөнкү бутагы бул жолдогу тосколдукту алып коюу”***

**“Жүрөктөгү амалдар”** дегенге Аллахтын элчисинин ﷺ айтканы далил: ***“Уялуу – бул ыймандын бутактарынан”***

**Ыймандын көбөйүшүнө** Аллахтын айтканы далил: ***“(Чынында) бул сүрө(лөр) ыйман келтирген кишилердин ыймандарын көбөйтөт жана алар (муну бири бирине айтып) сүйүнүшөт”*** Тауба сүрөөсү 124-аят

**Ыймандын азайышына** Аллахтын элчисинин ﷺ айтканы далил: ***“Диндарлыгы менен акылы толук эместердин арасынан көргөнүм жок...”***

**Ыймандын көбөйүшүнө себептер**

- Таухидти, анын ичинен Аллахтын ысым-сыпаттары жөнүндө окуп үйрөнүү
- Соопчулук иштеринин көптүгү
- Күнөөлөрдү таштоо
- Айланадагы Аллах жараткан макулуктар тууралуу ой жүгүртүү

**Ыймандын төмөн болуусуна себептер**

- Таухидти, артыкча Аллахтын ысым-сыпаттары жөнүндө билбегендик
- Соопчулук иштерин кылбагандык
- Күнөөлөрдү кылуу
- Аллах жараткан макулуктар тууралуу ой жүгүртпөгөн-дүк

## Ыймандын алты түркүгү

- Аллахка ыйман келтирүү
- Анын periште-лерине ыйман келтирүү
- Китепте-рине ыйман келтирүү
- Анын пайгамба рларына ыйман келтирүү
- Кыямат күнүнө ыйман келтирүү
- Тагдырга ыйман келтирүү
.

## Биринчи түркүк: Аллахка ыйман келтирүү

| Аллахтын бар экендигине ишенүү. Аны төрт жол менен тастыктаса болот: | Эгелигинде Аллахты жалгыздоо | Ибадатка татыктуулугунда жалгыздоо | Ысым-сыпаттарында жалгыздоо |
|---|---|---|---|

| **Акыл.** | **Сезим-туюм.** | **Фитра (табият).** | **Шарият.** |
|---|---|---|---|
| Жаратуучусу жок жаратылыштын болуусу акылга сыйбаган нерсе. Аллах айтат: ***“Же болбосо алар эч нерсесиз*** *(жаратуучусу жок эле)* ***жаралып калышканбы? Же өздөрү жаратуучубу?”*** Тур сүрөөсү 35-аят | Кайгы-капага чөккөн адам эки колун обого созуп: *“Оо, Кудай! Оо, Жараткан!”* деп тиленет. Анан Аллахтын каалоосу менен көйгөйүнөн кутулат. | Пайгамбарыбыз ﷺайтат: ***“Ар бир ымыркай Исламга табигый багыты менен төрөлөт, кийин анын ата-энеси аны яхудий же христиан кылат...”*** Бухари, Муслим | Имам ибн аль-Кайим айтат: *“Курандын ар бир аяты Таухидке - далил жана көрсөтмө”* |

## Экинчи түркүк: Периштелерге ыйман келтирүү

Периштелер бизге көрүнбөгөн кайып дүйнөнүн бир бөлүгү. Аллах аларды нурдан жараткан, жана алар Аллахка моюн сунуп, Анын сөзүн эки кылышпайт. Аллахтын: ***“Ыйык Рух*** *(Жабрейил)****”*** деген сөзүнө карай алардын жандары бар. Аллахтын: ***“...периштелерди эки, үч, төрт канаттуу элчилер кылып жаратты”*** деген сөзүнө карасак алардын денелери бар. Кийинки аятка карай алардын акыл-эси, жүрөгү да бар: ***“Качан гана алардын жүрөктөрүнөн коркунуч*** *(бир аз)* ***кетип,*** *(өздөрүнө келгенде)****: “Раббиңер эмне деди?”-дешет”.***

Биз жалпы периштелердин баардыгына ишенебиз, Аллахтан белгилүү болсо аттарын атап ишенебиз (мисалы: Жабрейил, Мукаил, Исрафил). Алардын сыпаттарына жана кылып жүргөн иштерине дагы ишенебиз (***“...Аллах буюрган ишке эч качан каршы чыкпаган, буюрулган нерсени дароо аткара турган орой жана күчтүү периштелер турат”***).

## Периштелер жөнүндө бизге белгилүү нерселер:

***Алардын арасында:*** Аршты көтөргөндөрдөн сегизөө, аян жеткирүү жоопкерчилиги Жабрейилде, Мукаил болсо жаанга... Кабарлар жалпы жонун баяндайбы, же кенен маалымат камтыйбы, аларга жана периштелерге биз толук ишенишибиз керек.

## Үчүнчү түркүк: Ыйык китептерге ыйман келтирүү

Ал китептер чын эле Аллахтын сөзү, алар жаратылган эмес, бизге жөнөтүлгөн, жана Аллах Таала ар бир пайгамбары менен кошо китеп жөнөткөн деген ишеним болуш керек. Аларга Аллах кандай ат койсо ошону тастыктап,ичинде келген кабарларды, жалпы жана жеке шарият мыйзамдарын кошуп, баарысына ишенебиз. Бирок шарият эрежелери жоюлбаган болуш керек. Биздин ишенимде Куран, өзүнөн мурун түшкөн: Таурат, Инжиил, аз-Забур жазылмаларын, жана Ибрахим менен Мусанын түрмөктөрүн кошуп жокко чыгарган.

## Төртүнчү түркүк: Пайгамбарларга ыйман келтирүү

Пайгамбарлар - бул Аллахтын кулдары жана аларга сыйынган туура эмес. Алар - чынчылдыгында шек жаратпас Аллахтын элчилери. Биздин ишенимде алар жөн гана адамдар, жана алар эч кандай кудайчылык сыпаттарга же Жаратуучуга эле таандык болгон өзгөчөлүктөргө ээ эмес. Аллах Таала аларды жибергенде, аларга китептерди жөнөтүп, кереметтер менен кубаттады. Өз учурунда пайгамбарлар тапшырманы так аткарышып, өз коомуна ыкыластуулугу менен, акыйкатты жеткизип, Аллахтын жолунда чыныгы тырышчаактыгын көрсөтүштү. Биз алардын ысымдарына, сүрөттөлүшүнө, аларга берилген кереметтерге, деги эле Аллахтан эмне маалымат келбесин, биз ошонун баардыгына ишенебиз. Мисалы биз Адамды - эң биринчи пайгамбар деп тааныйбыз. Элчи катары жиберилгендердин башы - Нух деп билебиз. Ал эми Мухаммад болсо, элчи-пайгамбарлардын эң акыркысы. Муруңкулардан калган диний өкүмдөр, Мухаммадтин шарияты келген соң, жоюлууга аргасыз. Аллахтын элчилеринен “бекем чечкиндүүлүктүн ээси” (улюль-азм) аталган бешөө бар: Мухаммад, Нух, Ибрахим, Муса жана Иса.

Аларды Аллах берекесине бөлөп, бейпилдик тартууласын!

## Бешинчи түркүк: Кыямат күнүнө ыйман келтирүү

Бул түркүктө бу жарык дүйнө менен кош айтышкан соң, адамды эмне күтүп тураары жөнүндө, пайгамбардан келген кабарга ишенүү маселеси катылган. Маселен: кабыр азабы, Сурнайдын тартылышы, адамзаттын кабырдан көтөрүлүшү, алардын кайра тирилиши, жазалануу, Тараза, Жазылган түрмөктөр, Көпүрө (Ас-Сырат), Бейиш, Тозок, пайгамбардын жана мувахидтердин шапааты, Өзөн, Кыямат күнү анан Бейиштин ичинен, Жаратуучунун момундарга көрүнүүсү жана башка кайып нерселер.

## Алтынчы түркүк: Жакшылык менен жамандыкты, маңдайга жазылган тагдыр деп ишенүү.

Мында тагдырдын төрт баскычына ишеним курулушу баяндалат: илим, жазуу, эрк жана жаратуу.

**Илим.** Аллахка жалпысынан баары белгилүү. Ал баардык нерсе тууралуу кеңири маалыматка ээ. Буга Аллахтын кийинки сөздөрү далил: ***“Ал алардын (баардык макулуктардын) келечегиндеги жана өтмүшүндөгү нерселерди билет”*** Бакара сүрөөсү 255-аят

**Жазуу.** Акыретке чейинки ааламдын тагдырын Аллах жазып койгон деген ишеним. Аллах Таала айтат: ***“Асмандагы жана Жердеги баардык кайып нерселер анык Китепте (Лавхул Махвузда) жазылуу”*** Намл сүрөөсү 75-аят

**Эрк.** Аллах каалаган нерсе болот, каалабаганы болбойт деп ишенүү. Адам баласы өз эркине ээ, ошол эле учурда ал Аллахтын эркине көз каранды. Буга далил: ***“(Бирок) силер Аллах каалаган нерсени гана каалай аласыңар...”*** Инсан сүрөөсү 30-аят.

**Жаратуу.** Бүт аалам сыяктуу эле пендени дагы, анын амалдарын дагы, Аллах жараткан деген ишеним. Аллах Таала айтат: ***“Аллах баардык нерселердин Жаратуучусу”*** Зумар сүрөөсү 62-аят, ***“Силерди да, силердин ишиңерди да Аллах жараткан”*** Саффат сүрөөсү 96-аят.

# ТӨРТҮНЧҮ САБАК

## Төртүнчү сабак: Таухидтин жана Ширктин түрлөрү

Бул сабакта Таухидтин (Аллахты жалгыздоонун) үч түрү баяндалат: Аллахты Эгелигинде жалгыздоо, Кудайлыгында (сыйынуу Анын гана акысы экендиги) жана ысым-сыпаттарында жалгыздоо.

**(Рубубият)** Эгелигинде жалгыздоо дегени, болгон тирүүлүктүн Жаратуучу жана Башкаруучусу – Аллах, жана Анын эч бир шериги жок деп ишенүү.

**(Улюхият)** Кудайлыгын ырастап жалгыздоо бул, шериги жок бир гана Аллах сыйынууга татыктуу деп ишенүү. “Ля Иляха илля-Ллах” келмесинин мааниси да ушундай: “сыйынууга татыктуу зат жок, бир Алладан башка”.

Намаз, орозо ж.б.у.с. ибадаттын кайсы түрү болбосун, бир гана Аллахка арнаш керек, ибадаттын бир түрү болобу, же бир бөлүгү болобу, Аллахтан башка нерсеге арнаган болбойт.

**(Асмаа ус-Сыфаат)** Ысым-сыпаттарында жалгыздоо деген, Ыйык Куранда айтылган, же тастыкталган хадистерде келген Аллах Тааланын аттары жана сыпаттарына ишенүү. Ал ысым-сыпаттар менен Аллахты баяндоодо, Анын Улуктугуна жараша, бурмалабай, эч нерсесин танбай, образ берип сүрөттөп (кандай? деп сурабастан) макулуктарга окшоштурбаш керек. Аллах Таала айткандай: ***“Айт: (оо, Аллахтын элчиси) Ал-Аллах жалгыз! Аллах – Беймуктаж”*** Ихлас сүрөөсү 1-2-аяттар, ***“Ага (Аллахка) эч нерсе окшобойт. Ал – Угуучу, Көрүүчү!”*** Шувра сүрөөсү 11-аят

Кээ бир аалымдар Таухидтин эки эле түрү бар деп, ысым-сыпат жагын “Раббилигинде жалгыздоо” бөлүмүнө киргизишкен. Мындай кайчы-пикирди талашып деле кереги жок, анткени эки жагынан тең мааниси түшүнүктүү болот.

Ширктин дагы үч түрү бар: чоң ширк, кичи ширк жана көмүскөдөгү ширк.

Албетте чоң ширк амалдарды куру кылып, түбөлүк Отко түшүүгө себеп болот. Аллах Таала айтат: ***“Эгер алар Аллахка шерик кошчу болсо,*** *(ким болбосун)* ***жасаган баардык*** *(жакшы)* ***иштери күйүп кетет”.***
Аньам сүрөөсү 88-аят.

Жана башка аятта келет: ***“Өз каапырчылыктарына өздөрү күбө болуп турган абалда, мушриктер Аллахтын мечиттерин*** *(ибадат менен)* ***абат кылып жиберүүлөрү эч мүмкүн эмес!*** *(Себеби)* ***Алардын амал-ибадаттары*** *(ширк кылганы себептүү)* ***“күйүп” кеткен. Жана алар Тозокто түбөлүк калуучулар”.*** Тауба сүрөөсү 17-аят.

Жашоосунда чоң ширк кылып жүрүп өткөн адамга кечирим жок, жана ага Бейиш бакчалары арам болот. Аллах айтат: ***“Албетте, Аллах*** *(ибадатта жана ишенимде)* ***Өзүнө шерик кошулуусун кечирбейт. Мындан башкасын Өзү каалаган пендеси үчүн кечирет. Ким Аллахка ширк келтирген болсо, демек ал катуу адашыптыр”.*** Ниса сүрөөсү 116-аят.

Жана башка аятта айтылат: ***“Кимде-ким Аллахка шерик кылчу болсо, Аллах ага Бейишти арам кылат жана жайы Тозок болот. Өзүнө зулум кылуучуларга жардамчы*** *(аларды Тозоктон куткаруучу)* ***болбойт!”*** Маида сүрөөсү 72-аят.

Арбактарга жана алардын айкелдерине кайрылуу, жалбарып жардам тилөө, касам ичүү, алардын урматына курмандык чалуу чоң ширкке кирет.

Кичи ширк болсо, Куран жана Сүннөттүн тексттеринде ширк деп аталганы менен, чоң ширкке теңелбейт. Мисалы: Аллахтан башка бирөөнүн аты менен ант берүү, “Аллах жана баланча каалады”-деп айтуу , же бир соопчулук амалдарын эл көзүнө көрүнүү максатында кылуу ж.б.у.с.

Аллахтын элчиси ﷺ: ***“Баарынан да, мен силерде кичи ширк болобу деп корком” дегенде, ал кайсы деп сурашкан, ал ﷺ: “Соопчулукту эл көрсүн деп жасагандык (рия)” деди”.***

Дагы ал ﷺмындай деген: ***“Кимде-ким Аллахтан башка нерсе (же башка бирөө) менен карганса, ал ширк кылды”.***

Жана ал ﷺмындай деп айткан: ***“Аллах жана баланчанын каалоосу менен” деп айтпагыла, а бирок “Аллахтын каалоосу менен, андан соң баланчанын каалоосу менен” десеңер болот”***. Бул хадисти кабарлагандардын тастыкталган тизмегине Хузайфа ибн аль-Яманды баш кылып, өз китебинде имам Абу Дауд жазган.

Ширктин бул түрү адамды динден чыгарбайт, жана түбөлүк Тозокто болуунун себептеринен эмес, бирок милдеттүү болгон - Жалгыз Бир Кудайга ыйман келтирүүсүн кемитет.

Үчүнчү түрү – көмүскө ширк тууралуу Аллахтын элчиси ﷺмындай дейт: ***“Силер үчүн Дажжаалдан да көбүрөөк кооптонгон нерсемди айтып берейинби?”,*** анда адамдар: ***“Ооба, Аллахтын элчиси ”ﷺ-*** дегенде мындай улантты: ***“Качан адам намаз окуп баштаганда, аны бирөө карап турган болсо, ошонун көзүнчө ал намазын коздоп окуй баштаганы көмүскө ширк болот, силер үчүн мына ушундан корком”.***

Негизинен ширкти эки түргө бөлсө деле болот: чоң жана кичине деп. Көмүскө түрү болсо чоңуна да, кичисине да кирип калышы мүмкүн. Мисалы эки жүздүүлөрдүн ширк кылганы чоңго кирип калат. Эл көзүнө көрүнүү максатында же корккондон улам алар тышынан мусулман болушат да, ичинде каапырлыкты жашырышат. Көмүскө ширктин кичи түрүнө Махмуд ибн Лябид аль Ансариден келген, эл көзүнө окулган намаз тууралуу хадис далил болуп берет. Ошондой эле буга чейин эскерилген Абу Саидтен келген хадис дагы далил.  Жана Аллах ийгилик берүүчү.

## Тыюу салынган амалдардын тизмеси

| **Чоң ширк** | **Кичи ширк** | **Чоң күнөөлөр** | **Кичи күнөөлөр** |
|---|---|---|---|
| Эң катуу түрдө тыюу салынган | Чоң ширктен ылдыйыраак, чоң күнөөлөрдөн өйдөрөөк турат. | Аллах ошол күнөөнү кылган кишини наалат менен, же ал кишиге назар салбай баш тартып жазалайм деп белгилеген иштер. Же болбосо ошол ишти жасаган адам, каапыр, мушрик, момундардан эмес деп баяндалат. Же ошондой адам эң мерез жаныбарларга окшоштурулат. | Аллах Таала тарабынан тыюу салынган, бирок белгилүү бир жазасы анык айтылбаган иштер. |

## Чоң күнөөлөр

| **Чоң күнөөлөргө чыгарылган токтом** | **Алардын даражалары барбы?** | **Чоң күнөөлөрдү жасаган адам жөнүндө чыгарылган токтом** | **Чоң күнөө-лөрдүн саны:** |
|---|---|---|---|
| Алар үчүн тообо кылуу парз деп эсептелет, анткени Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Ый-муңун төккөн аял, өлөөрүнө чейин тооба кылбаса....”***, жана башка хадисте: ***“....эгер чоң күнөөлөрдөн алыс болсо...”*** деп айтылат | Ооба, алар даражасы менен бири-биринен айырмаланат. Пайгамбардын ﷺ : ***“Чоң күнөөлөрдүн эң жогоркусун айтып берейинби...”*** деген сөзүнө жараша | - Ал момун-мусулман, бирок ыйманы толук эмес. Ыйманына жараша мусулман жана күнөө кылганына жараша заалым.<br><br>- Аны ыйманына ылайык жакшы көрүү, жана күнөөсүнө ылайык жаман көрүү.<br><br>- Чоң күнөө жасап жаткан кезинде анын жанында болууга болбойт. | Сан менен чектелген эмес, бирок жогоруда айтылган баяндалуу су менен чектелген. |

## Чоң ширк менен кичи ширктин айырмасы:

### Чоң ширк

1. Адамды динден чыгарат,
2. Амалды куру кетирет
3. Адамды түбөлүк Тозокко киргизет
4. Эл башчысына мүлк жана канын уруксат кылат
5. Ширктин чоң экендигине далил турушу керек
6. Себеп өзү эле ааламда жашыруун башкарууга ээ деген ишеним
7. Чоң ширк кылып жүрүп өлгөн адамга кечирилбейт
8. Эгер адам тооба кылса Аллах кечирет, бирок эки учурга чейин: Күндүн батыштан чыкмайын, жана өлүм алдын үн кырылдамайын.

### Кичи ширк:

1. Адамды динден чыгарбайт
2. Амалдарды куру кылбайт
3. Түбөлүк Тозоктун себепкери эмес
4. Эл башчысына мүлкүн жана канын уруксат кылбайт
5. Ширкти кичи экендигин далил көрсөтүшү керек
6. Аллах себеп кылбаган нерсени адам себеп деп эсептегендиги
7. Чоң ширкке алып барчу себептер кичи ширк деп аталат
8. Эгер шариятта “ширк” же “куфр” деген сөздөр “аль” деген атрикли жок эле келсе ал кичи ширк болуп саналат, далилдер башкача көрсөтпөсө гана.

# БЕШИНЧИ САБАК

**Бешинчи сабак: Ихсан**

Ихсан – бул Аллахты көрүп тургандай ибадат кылуу, анткени сен Аллахты көрбөсөң да, Аллах сени көрүп турат.

***Ихсандын бир эле түркүгү бар, бирок ал эки баскычтан турат:***

***Ибадатуль мушахада***

Бул ибадат сүйүү, умтулуу жана Аллах даярдап койгон сыйлыктарды эңсөөнүн негизинде курулат. Пайгамбарлар менен элчилердин ибадаты ушундай, Аллахтын элчиси айткандай: ***“Чын эле мен шүгүр келтирүүчү кул болбой каламбы?!”***

Мындай ибадаттын себеби ошол Аллах даярдаган сыйлыктарды сүйүп, умтулуп, эңсөөдө, бирок Анын астында коркуу сезим менен.

***Ибадатуль муракаба***

Бул ибадат болсо Анын жазасынан кутулууну каалап, коркуунун негизинде курулат.

Бул ибадат- ар бир мусулманда болчу эң минималдуу деңгээл.

## Таухид тууралуу суроо-жооп

1. Диндин канча даражасы бар?
   - Бир , - Эки, - Үч.

2. Исламдын канча түркүгү бар?
   - Беш, - Алты, -Жети

3. Ислам даражасы менен Ыймандан жогору турат.
   - Туура, - Туура эмес.

4. Акыйкат күбөлүгүнүн канча түркүгү бар?
   - Жети, - Сегиз, - Эки.

5. “Ля иляха илля-Ллах” күбөлүгүнүн канча шарты бар?
   - Сегиз, -Жети, - Беш.

6. “Ля иляха илля-Ллах” күбөлүгүнүн шарты болгон “Илим” дегендин мааниси кандай?
   - Ар нерсени өз турпатында билүү
   - Аллахтан башка сыйынууга татыктуу эч ким жок.

7. Эгер адам, даават жеткенден кийин ыйман келтирбегендин каапырчылыгынан күмөн болсо, анда:
   - Чоң каапырчылыка түшөт
   - Кичи каапырчылыка түшөт

8. “Кабылдоо” бул “Ля иляха илла-Ллахтын” шарттарынан, а өзүнө эмнени камтыйт?
   - Сөз, - Амал, - Толук ишеним, - Баардыгы туура.

9. “Ля иляха илля-Ллах” келмесин эл көзүнө эле айтып койсо ал эл көзүнө көрүнүү максатында берилген садакага барабар, жана ал кичи ширк болуп саналат.
   - Туура, - Туура эмес

10. Кимде-ким “Ля иляха илля-Ллах” деп айтса, бирок жүрөгүндө андай ишеним болбосо ал:
- Монотеист (Жалгыз бир Кудай деген адам)
- Мусулман, бирок момун эмес. (Исламы бар, бирок Ыйманга жеткен эмес)
- Чоң каапырчылыктагы каапыр
- Ишеними тайкы адам

11. Эгер инсан Аллахты сүйгөн сымал, пайгамбарды ﷺ Ага тең кылып сүйсө, анда ал:
- Чоң каапырчылыка түштү,
- Кичи каапырчылыка түштү,
- Чоң күнөө жасады.

12. Сүйүүнүн канча түрү бар?
- Төрт, - Үч, - Эки.

13. Аллах үчүн сүйүү - амалдарды, адамдарды, белгилүү жерлерди жана убакыттарды сүйүүдө байкалат.
- Туура, - Туура эмес.

14. Аллах менен кошо бирөөнү сүйүү:
- Кичи ширк, - Парз, - Чоң ширк.

15. Аллах үчүн сүйүү:
-Уруксат, - Парз, - Чоң ширк.

16. Аллахка кызмат кылуунун канча түрү бар?
- Эки, - Үч, - Төрт.

17. Аллахтын баардык макулуктары Ага моюн сунганга мажбур, жада калса каапырлар дагы.
- Туура, - Туура эмес.

18. Эгерде адам “Ля иляха илля-Ллах” күбөлүгүн айтса, бирок бир да соопчулук иш жасабай, намазды кошуп, эч кандай ибадат кылбаса, анда ал күбөлүгүнүн:
- Пайдасы тиет, - Пайдасы тийбейт.

19. “Мухаммад ﷺ – Аллахтын кулу жана элчиси” дегендин мааниси ал – “Аллахтын кулу жана ага сыйынган болбойт жана жалган деп айтууга айыбы жок пайгамбар”.
- Туура, - Туура эмес.

20. “Пайгамбардын ﷺ буйруктарына баш ийүү, жана ал тыйган нерселерден алыстоо...” бул:
- “Мухаммад ﷺ Аллахтын элчиси” – күбөлүгүнүн маниси,
- “Мухаммад ﷺ Аллахтын элчиси” деген күбөлүк камтыган нерсе,

21. Ким пайгамбарга ﷺ Кудайдын же Жаратуучунун сыпаттарын байласа, демек - ал ﷺ Аллахтын кулу деп күбөлүк бербептир.
- Туура, - Туура эмес.

22. Пайгамбардын эң улуу сыпатталышы бул:
- Аллахтын элчиси, - Аллахтын кулу жана Анын элчиси, - Акыркы пайгамбар (Пайгамбарлардын мөөрү)

23. “Исламга ким жаңы бир нерсе кошсо, анан ошону ырас деп көрсө, анда ал Мухаммад ﷺ кабарды толук жеткизбептир деп ойлойт, анткени Аллах айткан: ***“Бүгүн Мен силерге динди толук кылдым”***, демек ошол заманда динден болбогон нерсе, бүгүнкү күндө да динден болбойт” – бул сөздөрдү ким айткан:
- Шейхуль-Ислам ибн Теймия, - Имам Малик, - Имам Ибн Баз

24. Мухаммад ﷺ пайгамбар ................ пайгамбардын тукумунан.
- Исхак, - Исмаил.

25. Бош жерлерин толтур:
Аллахтын элчиси ﷺ _______ жылында, __________ шаарында төрөлгөн. Ал ____ жыл жашап, анын ичинен ____ жылын пайгамбарлыкка чейин, кийинки ____ жылын Аллахтын пайгамбары жана элчиси болуп өткөргөн. Ал ﷺ _____________ аяттары түшкөндөн кийин пайгамбар болуп, _____________ аяттары түшкөн соң элчи болгон.

26. Пайгамбар ﷺ жөнөтүлгөн:

- Өз элине, - Адамдарга, - Жалпы адамзат жана жиндерге.

27. Мираж (көтөрүлүү) – бул Аллахтын элчисинин ﷺ Мединадан Иерусалимге саякаты.
- Туура, - Туура эмес.

28. Аллахтын элчиси ﷺ көчкөн:
- Таифке, - Эфиопияга, - Мединага, - Баардыгы туура

29. Пайгамбар ﷺ катышкан маанилүү беттешүүлөрдүн саны:
-бир, - эки, - үч, - төрт, - беш, - алты, - жети.

30. Аллахтын элчиси ﷺ канча балалуу болгон?
- үч, - төрт, - жети.

31. Пайгамбарыбыз ﷺ коштошуу ажылыгын жасаганы, анын мурда ажылык кылганынан кабар берет.
- Туура, - Туура эмес.

32. Аллахтын элчисинин ﷺ өмүр баянын окуп үйрөнүү:
- Парз, - Ырас, - Уруксат.

33. Бош жерлерин толтур.
Ыйман бул сөздөр, ________, ________толук ишеними.
________ жана ___________ амалдары. Ал __________________ төмөндөйт жана _________________ жогорулайт.

34. Ыймандын канча түркүгү бар?
- алты, - беш, - төрт.

35. Аллахка ишенүү бир нече кошумчалардан куралат. Алар канчоо?
- төрт, - үч, - эки, - бир

36. Аллахтын бар экендигине жалпы далилдер:
- төртөө, - санаганга мүмкүн эмес.

37. Мукаил – жаанга жоопкерчиликтүү периште.
- Туура, - Туура эмес.

38. Жүрөк адамдарда гана бар, периштелерде жүрөк болбойт.
- Туура, - Туура эмес.

39. Бизге аталышы менен белгилүү канча китеп бар?
- алты, - төрт, - жети, - көптөгөн.

40. Аллах Таала ар бир пайгамбарга китеп түшүргөн.
- Туура, - Туура эмес.

41. Эң биринчи пайгамбар бул Адам.
-Туура, - Туура эмес.

42. Мухаммад ﷺ Аллахтын элчиси, бирок пайгамбар эмес.
-Туура, - Туура эмес.

43. Бекем чечкиндүүлүктүн ээлери (улюль азм) аталган пайгамбардан канчоо?
- беш, - төрт, - үч, - көптөгөн.

44. Акырет күнүнө ыйман келтирүү деген, өлүмдөн кийин боло турган окуялардын баарына ишенүү. Адамдар өлгөндөн баштап, кабырларынан кайра чыгуусуна чейин.
-Туура, - Туура эмес.

45. Тагдырга ыйман келтирүү бир нече баскычтарды камтыйт. Алар канчоо?
- үч, - төрт, - беш, - алты.

46. Болумуштун болооруна чейин эле Аллах Таала аны билеби?
- Ооба, - Жок.

47. Адамдардын кылгандарын Аллах Таала билеби?
- Ооба, - Жок.

48. Адамдар кылгандын баарын Аллах Таала жазып койгонбу?
- Ооба, - Жок.

49. Адам баласында каалоо менен эрк бар. Ошондон улам ал каалаганын кылганга эрктүү.
- Туура,     - Туура эмес.

50. Аллахтын пенделеринин амалдары да жаратылганбы?
- ооба,     - жок.

51. Таухид бөлүнөт:
- Эки түргө,     - Үч түргө

52. Чоң жана кичи ширктин беш айырмасын эстеп жаз:
1. ____________________
2. ____________________
3. ____________________
4. ____________________
5. ____________________

53. Чоң жана кичи ширктин бештен мисалын жаз:

____________________     ____________________
____________________     ____________________
____________________     ____________________
____________________     ____________________
____________________     ____________________

54. Ишенимдеги эки жүздүүлүк (нифак) – динден чыгарбай турган кичи ширк.
- Туура,     - Туура эмес.

55. Ихсандын:
- бир түркүгү бар,     - эки түркүгү бар

# АЛТЫНЧЫ САБАК

## Алтынчы сабак: Намаздын шарттары

Намаздын тогуз шарты бар:

1. Ислам динин тутуу
2. Акыл
3. Балагатка жетүү (таймиз)
4. Жунуптан тазалануу
5. Нажасаттарды кетирүү
6. Көргөзгөнгө тыюу салынган дене мүчөлөрүн жабуу (аурат)
7. Намаздын убакытынын кириши
8. Кыбыла тарапка бурулуу
9. Ниет

### Биринчи шарт: Ислам динин тутунуу

Мунун карама-каршысы - каапырлык. Мисалы, Жаратканды сөккөн же Аллахтан башка нерселерге сыйынган адам намаз окуса, тооба кылмайын аныкы кабыл болбойт.

### Экинчи шарты: Акыл

Мунун тескериси - келесоолук. Андан жаманы – мастык.

### Үчүнчү шарты: Айырмалап калган жашка жетүү

Айырмалоо жашы (таймиз) – бул жыныстык жетилүү эмес. Бул кичинекей баланын ар нерсени айырмалап, суроолорго жооп берип калган кези. Негизи, бала жетиге чыкканда ушул жашка келет. **Бөбөктөрдүн намазы качан жарактуу болот?** Качан ал, ар нерсенин айырмасын билип, суроолорго түшүнүп жооп берип, мисалы, суу менен отту айырмалап калган кезде. Эгер бул жашка жете элек болсо, анда намазы жараксыз.

**Төртүнчү шарт: Даараатсыздыктан тазалануу**

| Жунуп абалы - чоң даарат (гусул) менен жоюлат. | Даараатсыздык - кичи даарат (вуду) менен жоюлат. |
|---|---|

**Бешинчи шарт: Нажасаттардан арылуу**

Нажасаттарды: денеден, кийимден жана намаз окулчу жерден кетирүү керек. Эгер адам бир жери нажас болгон абалда, ал жөнүндө билип туруп, мүмкүнчүлүгү болсо да тазаланбай намаз окуса, анын окуган намазы жараксыз болот. Андай кир нерселерди кетирүү үч түрдө болот:

| Оорлоштурулган (мугалляза) | Жеңилдетилген (мухаффафа) | Орточо (мутавассита) |
|---|---|---|
| Бул иттин нажасатын тазалоо. Аллахтын элчиси ит ичип кеткен идиштерди жети жолу жуугула, биринчиси топурак менен болсун деп буюрган. Хадисти имам Муслим риваят кылат. | Бул сыгып жуубай эле, жөн эле суулап эле кетирчү нажасаттар. Мисалы: эне сүтүнөн башка тамак жебеген ымыркайдын заарасынан, маазиден (дүүлүккөндө бөлүнүп чыкчу былжырак суюктук), эркектин уруктугунан ушинтип тазаланат. Эркектин уруктугу негизинде таза, бирок пайгамбарыбыз суюк болсо суу чачып, катып калган болсо сүртүп тазалап койчу. | Бул суулап, андан кийин жууп, анан сыгып тазалачу нерселер. Мисалы чоң кишинин заарасы сыяктуу баардык нажасаттар ушул ыкма менен тазаланат. |

## Нажастын түрлөрү:

Адамдын заарасы менен заңы, этин жегенге болбогон жаныбарлардын боксийдиги. Мышык, качыр, эшек сыяктуу сактанууга кыйын болгон айбанаттан башка, баардык жырткычтар. Муудалган малдын каны, жана эки жерден чыккан кан (жыныстык мүчөдөн жана арт жактан чыгуучу кан). Жана баардык өлүмдүк нажас болот. Бир гана өлгөн адамдын денеси менен каны акпаган башка баардык өлүмдүк (чымын-чиркей ж.б. курт-кумурскалар), ошондой эле чегиртке менен суу жандыктарынын өлүктөрү нажаска кирбейт.

## Алтынчы шарт:
## Көргөзүүгө тыюу салынган дене мүчөлөрүн (аурат) жабуу.

Ауратты үч түрү бар:

### Жеңилдетилген (мухаффафа)

Бул - жетиден он жашка чейинки эркек балдардын ауратты. Аларга жыныс мүчөлөрүн асты-аркасынан жаап жүрүү милдет.

### Оорлоштурулган (мугалляза)

Кул эмес азат жана жетилген (булюг) аялдын аураты. Алар намаз окуурда бетинен башка баардык жерин жабышат, жана жакын туугандарынан (махарим) башка эркектерге бетин да көргөзбөй жабышат.

### Орточо (мувассита)

Бул - калган баардык адамдардын аураты. Аларга киндиктен тизеге чейинки аралыкты жабуу милдет. Ал эми ийиндерин кошо жаап, жакшы кийим кийүү баркталчу нерсе.

### Жетинчи шарт: Намаздын убакыты келген маал.

Убакыты кире электе окулган намаз жараксыз болгон соң, намазды көрсөтүлгөн маалынан кечиктирүүгө да тыюу салынат. Бирок, эки намазды бир маалда окуганга уруксат учур бар, мисалы: сапар учурунда. Билип туруп намаздын убактысын өткөзүп жиберүү күнөө болот.

### Сегизинчи шарт: Кыбыла тарапка түздөнүү

Бир гана сапардагы нафил (парз эмес) намаз учурунда, минген унаасы каяка бет алса, ошол тарапты карап окуй берүү уруксат. Биздин заманда учакта баратып намаз окуган дагы ушуга кирет. Жана дагы бир учур, эгерде адам Кааба тарапты карай албаса, же душмандан сак болуп турса.

### Тогузунчу шарт: Ниет кылуу

Ниеттин орду-жүрөк, андыктан аны тил менен айтуу бидаат болуп эсептелет. Эгер ниет намазга чейин кылынса, башкача айтканда адам кайсы бир намазды (мисалы парз намаздарынан) окуганга ниеттенсе, ошол жетиштүү.

### **Маанилүү эрежелер.**

1. Бул шарттар аткарылбай калган учурда: билбестик, унутчаактык, же атайын шартты эске албай коюу – кечиримдүү үзүр болуп саналбайт. Бир гана бир жери нажас менен булганган абалда, ал жерин көрбөй же билбей калып намазын окуп салса, анын намазы жарактуу.

2. Бул шарттар ибадатка чейин орундалат, жана андан тышкары болот. Бирок намаздын башынан аягына чейин бул шарттар бузулбашы керек.

# ЖЕТИНЧИ САБАК

**Жетинчи сабак: Намаздын түркүктөрү (рүкүн)**

**Намаздын он төрт түркүгү бар:**

1. Мүмкүнчүлүгү болсо түз туруу
2. "Такбиратуль-Ихрам" (намазды ачып берчү такбир)
3. "Фатиха" сүрөөсүнүн окулушу
4. Бел ийип таазим кылуу.
5. Бел ийүүдөн кайра түзөлүү
6. Дененин жети мүчөсү менен жерге жыгылып таазим этүү
7. Андан кайра түзөлүү
8. Эки сажданын ортосунда отуруу
9. Бүт кыймылдарды жайбаракат аткаруу
10. Түркүктөрдү ирээти менен кылуу
11. Акыркы ташаххуд.
12. Ал маалда отуруу
13. Пайгамбарга дуа кылуу (салават)
14. Эки тарапка салам берүү

**Биринчи түркүк:**
Мүмкүнчүлүгү болсо түз туруу

Парз намаздарда

Түз туруу - түркүк болуп саналат, бирок ден-соолука байланыштуу мүмкүнчүлүк болбосо же түз турганда тынчтана албаса, анда бул өкүм жоюлат. Бирок адам бир аз убакыт түз тура алгыдай болсо, анда ошондой кылышы керек.

Нафил намаздарда

Отуруп намаз окуганга уруксат берилген. Бирок анын сообу, туруп окугандын сообуна караганда жарым эсе азыраак болот. Ошондой эле капталы менен жатып окулган намаз, сообу боюнча отуруп окулгандын тең жарымы болот.

### Экинчи түркүк: аль-Ихрам Такбирин айтуу

Такбиратуль-Ихрам деген – бул намазды ачып берчү «Аллаху Акбар» *(Аллах Эң Улук)* деген сөздөр. «Аллаху Акбар» - деген сөздөн башкасын колдонууга болбойт.

### Үчүнчү түркүк: Аль-Фатиха сүрөөсүнүн окулушу.

Шыбырап окусун, же мейли үн чыгарып окусун, айырмасыз, намаздын ар бир рекетинде аль-Фатиха сүрөөсүнүн окулушу - парз. Бир да аятын калтырбай, ирээти менен, сөздөрүн жана тамгаларын туура чыгарып, толук окуш керек. Бир гана, имам бел ийип «руку» кылып жатканда, кечигип келген бирөө, анын аркасына уюп окуганы кошулуп калса, ошол рекетте «аль-Фатиханы» окуу милдети ага кечирилет.

### Тогузунчу түркүк: Баардык түркүктөрдү тынчтанып, жайбаракат аткаруу.

Ар бир түркүктөгү Аллахты эскерүү сөздөрүн айтып жатканда тынчтанып көңүл буруу зарыл.

### **Маанилүү эрежелер:**

Ибадат түркүктөрдөн турат. Андыктан түркүктү калтырып кетүү, мейли атайлап, же мейли билбестиктин айынан же унутчаактыгынан улам болобу, айырмасыз, ал ибадатты жокко чыгарат. Жана ошол калып кеткен түркүктү, кошумча чөгөлөп таазим этип (“ас-сахв” саждасын кылып), ордун толуктап коюуга болбойт. Түркүктү калтырып кеткен адам, убакыты өтө элек намаз болсо аны кайрадан окуйт. Ал эми кайсы бир түркүгү кем болуп, бирок убакыты өтүп кеткен намаздары үчүн ал айыпталбайт. Буга далил: пайгамбарыбыз ﷺ, “тынчтануу” түркүгүнө көңүл бурбай, намазын начар окуган адамга, мурунку намаздарынын баардыгын кайра окуп чыгууга буюрган эмес, бир гана ошол учурдагы намазын кайра окуткан. Аллах жакшы билүүчү!

# СЕГИЗИНЧИ САБАК

## Намаздагы милдеттер (важип)

Намаздын милдеттүү түрдө аткарылчу кошумчаларынан сегизөө:

1. Намазды ачып берген «аль-Ихрам» такбиринен башка баардык такбирлер («Аллаху акбар» деген сөздөр). Биринчи такбир болсо милдеттерге эмес, түркүктөргө кирет.
2. Бир гана имамдын же жалгыз окуп жаткан адамдын «СамиаЛлаху лиман хамидах» (Аллах уккан болсун, ким Аны мактап жатса) деп айтуусу.
3. Баардыгы айтууга милдеттүү болгон - «Раббана уа лякаль-хамд» (Биздин Эгебиз, жана алкыш-мактоолор Сага) сөздөрү.
4. Бел ийген абалда «Субхаана раббияль-Азыйм» (Эң аруу жана эң ардактуу менин Улук Раббим) деген сөздөрдү айтуу.
5. Сажда учурунда «Субхаана Раббияль-Ааля» (Эң аруу жана Эң ардактуу менин Эң бийик Раббим) деген сөздөрдү айтуу.
6. Эки сажда аралыгында «Рабби-гфирли» (Эгем мени кечире көр) деген сөздөрдү айтуу.
7. Биринчи ташаххуд.
8. Ал учурда отуруу.

## Маанилүү эрежелер

Ирээтинде *“Субхаана раббияль-Азыйм”* - деген сөздү бел ийген абалда, жок дегенде бир жолу милдеттүү түрдө айтыш керек. Андан кийин башка зикрлерди кошсо дагы болот. Ошондой эле сажда кылып жатканда, жок дегенде бир жолу, милдеттүү түрдө: *“Субхаана раббияль-Ааля”* – деп айтыш керек. Андан кийин Аллахты эскерүүнүн башка түрлөрүн кошо берсе болот.

# ТОГУЗУНЧУ САБАК

## Ташаххудтун түшүндүрмөсү

Ташаххуд (аттахият):
***Ат-тахиййату лилляхи, уа-ссалявату, уа-ттаййибат. Ассаляму `аляйкя аййуха-ннаби, уа рахмату-ллахи, уа баракятух.***
***Ассаляму `аляйна, уа `аля `ыбади-лляхи-ссалихин.***
***Ашхаду алля иляха илля-ллах. Уа ашхаду анна мухаммадан `абдуху уа расулюх.***

*"Баардык саламдар, намаздар жана эң жакшы сөздөр Аллахка гана болсун!*
*Оо, пайгамбар, сага Аллахтын саламы, мээрими жана берекеси болсун!*
*Бизге да, солих адамдарга да Аллахтын саламы болсун!*
*Мен "Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок,*
*жана Мухаммад Анын кулу жана элчиси" – деп күбөлүк беремин".*

Андан кийин пайгамбар ﷺ үчүн дуа кылынат (салават):
***Аллахумма салли `аля мухаммадин уа `аля али мухаммад.***
***Кяма салляйта `аля ибрахима уа `аля али ибрахим. Иннакя хамиду-ммаджид.***
***Аллахумма барик `аля мухаммадин уа `аля али мухаммад.***
***Кяма баракта `аля ибрахима уа `аля али ибрахим. Иннакя хамиду-ммаджид.***

*"Оо, Аллах! Мухаммадка да, анын үй-бүлөсүнө да ырайым кыл. Ибрахимге жана анын үй-бүлөсүнө ырайым кылганыңдай. Албетте Сен – мактоого татыктуу, Улук Затсың! Оо, Аллах! Мухаммадтын да, анын үй-бүлөсүн да берекелүү кыл. Ибрахим жана анын үй-бүлөсүн берекелүү кылганыңдай. Албетте Сен – мактоого татыктуу, Улук Затсың! "*

Андан соң, эгер акыркы ташаххудтун учуру болсо, анда намаз окуп жаткан адам ар кандай балээ-кырсыктан Аллахтын коргоосун тилейт. Мисалы: Тозоктогу кыйноолордон, кабыр азабынан, жашоодогу жана өлүмдөн кийинки азгырык-сыноолордон, жана Дажжаалдын азгырыгынан. Андан кийин дубалардан тандап, каалаганын айтса болот, өзгөчө шарияттa көрсөтүлгөн дуалар менен кайрылганы ырас. Мисалы: ***"Оо, Аллах, эң жакшы түрдө Сени эскерип, Сага шүгүр кылып, Сага ибадат кылууга мага жардам бер!"***, же болбосо: ***"Оо Аллах, мен көп учурда өзүмө адилетсиз болдум, эми Сенден башка эч ким күнөөлөрдү кечирбейт. Мага кечирим тартуулап мени кечир жана ырайымыңа ал, анткени Сен – Кечиримдүү, Ырайымдуусуң!"***

Ал эми биринчи ташшаххуд тууралуу кеп кылсак, ал учурда намаз окуп жаткан адам "аттахияттын" аягында эки күбөлүктү айткан соң, үчүнчү рекетти окуш үчүн өйдө турат. Мисалы: **Зухр** (*түшкү бешим намазы*), **Аср** (*дигер*), **Магриб** (*кеч алдын окулуучу - шам намазы*), **Иша** (*кечки куптан намазы*) намаздарында. Эгерде үчүнчү рекетке тураар алдын, пайгамбарга ﷺ дуа кылып койсо (салават айтып), андан эч нерсе болбойт, тескерисинен "салават" кошуп коюу ырасталат. Анткени бул тууралуу келген хадистер бири-бирине айкалышат.

# ОНУНЧУ САБАК

**Онунчу сабак: Намаз учурундагы ыктыярлуу иштер (мустахаб).**
**Намаздагы ыктыярлуу кошумчалар:**

1. Намаздын башындагы дуа (дуа аль-истифтах)
2. Түз тургандан бел ийгенге чейин, жана кайра түзөлгөн учурда, оң билекти сол билекке байлоо жана төш тушуна коюу.
3. Манжаларды бириктирип түз сунуп, колдорун ийин деңгээлинде же болбосо кулак деңгээлине чейин көтөрүү. Бул кыймыл - намазды ачып берчү такбир учурунда, жана бел ийип "руку" кылаар алдын, жана кайра түзөлгөндөн кийин, анан биринчи "ташаххудтан" үчүнчү рекетке көтөрүлгөн маалдарда кылынат.
4. Бел ийген учурда: "Субхаана Раббияль - Аазыйм" – деп, жана чөгөлөгөн учурда "Субхаана Раббияль - Ааля" – деп бир жолкудан ашык айтуу.
5. Бел ийүүдөн кайра түзөлгөн учурда "Раббана уа лякаль-хамд" деген сөздөргө дагы башка зикрлерди кошумчалап айтуу, жана эки сажда ортосунда "Рабби-гфирли" деп бир жолкудан ашыкча айтуу.
6. Бел ийген учурда баш менен бел-арка деңгээлин бирдей түздүктө кармоо.
7. Сажда учурунда колдорду эки капталдан алыстатуу (денеге кымтыбай). Ошондой эле курсакты сандан, санды балтырдан алыстатуу.
8. Сажда учурунда эки чыканакты жерге тийгизбөө.
9. Биринчи ташаххуд менен эки сажда аралыгында сол таманды бүгүп астына төшөнчү кылып отуруп, оң таманды тик кармап, манжаларын Кыбыла тарапка каратуу.
10. Үч же төрт рекеттен турган намаздардын акыркы ташаххуд учурунда, "тауаррук" деген абалда отуруу. Ал абал төмөнкүдөй: намаз окуп аткан адам сол жамбашына отуруп, сол бутун оң буттун астына сунат. Оң буту болсо адаттагыдай эле абалда болуп, оң таманын тик кармап турат.
11. Баардык ташаххуд абалдарында оң колдун сөөмөйүн сунуп, отургандан тартып аяктаганга чейин кармап туруусу. Жана кээде ошол сөөмөйүн кыймылдатуусу.

12. Биринчи ташаххудта “аттахиятка” кошуп, Мухаммад жана анын үй-бүлөсүнө, ошондой эле Ибрахим жана анын үй-бүлөсүнө береке жана тынчтык тилеп Аллахка кайрылганы (“салават” окуп койгону).
13. Акыркы ташахудтан кийин салам берээр алдын кошумча дуалар менен Аллахка кайрылуу.
14. Таңкы намаз менен күүгүм жана кечки намаздарынын башкы эки рекетинде, Курандын үн чыгарып окулушу. Ошондой эле жума, айт жана жамгыр тилөө максатында окулчу (“истиско”) намаздарынын үн чыгарып окулушу.
15. Түшкү жана түштөн кийинки намаздарда, ошондой эле күүгүм маалындагы намаздын үчүнчү рекетин жана кечки намаздын акыркы эки рекеттеринин үн катпай, ичтен окулушу.
16. “Фатиха” сүрөөсүнөн кийин, Курандан дагы башка сүрөөлөрдүн окулушу.

Мындан тышкары Сүннөттө келген башка ыктыярлуу ырас иштерди аткарса да жакшы. Мисалы: “рукудан” түзөлгөндө “Раббана уа лякаль хамд” деген сөздөргө башка зикрлерди кошуп айтуу. Муну имамдын аркасына уюп окуган адам деле, же жалгыз окуп аткан имам деле кылса болот, ал өз ыктыяры. Бел ийген учурда манжаларды бири-биринен алыстатып, алаканды тизеге коюунун өкүмү дагы жогоруда айтылгандай.

**Намаздын башындагы дуа (дуа аль-истифтах)**

Бул дуа - намазды ачып берчү такбирден кийин айтылат. Бул дуанын пайгамбардан ﷺ келген түрлөрү бар. Мисалы: ***“Аллахумма, ба'ид байни ва байна хатайайа кя-ма ба'адта байна-ль-машрики ва-ль-магриби, Аллахумма, наккы-ни мин ха-тайайа кя-ма йунакка-с-саубу-ль-абйаду мин ад-данаси, Аллахумма-гсиль-ни мин хатайайа би-с-сальджи, ва-ль-маи ва-ль-баради”,***
же болбосо мындай айтса да болот: ***“Субхана-кя, Аллахумма, ва би-хамди-кя, ва табаракя-сму-кя ва та'аля жадду-кя ва ля иляха гайру-кя”.***

# ОН БИРИНЧИ САБАК

**Он биринчи сабак: Намазды бузуучу амалдар**

Намазды буза турган амалдан сегизөө:

1. Тыюу салынганын унутпастан билип туруп, атайлап сүйлөп жиберүү. Ал эми билбестен же унутуп калып сүйлөп алган адамдын намазы жараксыз деп эсептелбейт.
2. Күлкү.
3. Тамактануу
4. Бир нерсе ичүү
5. Ауратты ачылып калуусу
6. Кыбыла тараптан көрүнүктүү өлчөмдө ооп кетсе
7. Көптөгөн керексиз кыймылдарды жасай берүү
8. Даараттын бузулуусу

**Биринчи амал:** Тыюу салынганын унутпастан билип туруп, атайлап сүйлөп жиберүү.

Бир гана имам адашып калган учурда аны тууралап, белги берүүгө уруксат. Имам адашып калса, байкаган эркек “Субхана-Ллах” деп үн чыгарып коет. Аялдар болсо үн чыгарбастан, алакан чаап белги берет.

Намаз учурундагы кыймылдардын түрлөрү:

| Тыюу салынган кыймылдар: | Терс көрүнүштөгү кыймылдар: | Уруксат берилген кыймылдар: | Ыктыярлуу кыймылдар: | Милдеттүү кыймылдар: |
|---|---|---|---|---|
| Муктаждыгы жок көптөгөн кыймылдарды токтобостон жасай берүү | Муктаждыгы жок кичине кыймыл жасоо. Мисалы: кичине бурулуп коюу. | Муктаждык менен кичине кыймыл жасоо. Мисалы сакалын тырмап коюу | Намаздын толук болушуна себепкер болгон кыймыл. Мисалы: сапты толуктап орун алуу | Намаздын деги эле орундалышына себепкер болгон кыймылдар. Мисалы: нажасатты кетирүү |

# Зарыл эскертүү

Намаздагы ***шурут*** - шарты, ***рукун*** - түркүгү, ***важип*** - милдеттүү кошумчалары жана ***мустахаб*** - ыктыярлуу кошумчалар, бири биринен эмнеси менен айырмаланат?

<table>
<tr><th>Мустахаб</th><th>Важип</th><th>Рукун</th><th>Шурут</th></tr>
<tr><td colspan="3">Ибадаттын кошумчаларынан</td><td>Ибадаттан тышкары</td></tr>
<tr><td colspan="3">Ибадаттын бир бөлүгү</td><td>Ибадаттын башынан аягына чейин уланат</td></tr>
<tr><td>Унутуп же билбей калып аны аткарбай кетсе, атүгүл атайын аткарбай койсо деле кечиримдүү</td><td>Унутуп же билбей калып аткарбай калса кечиримдүү, бирок атайлап аткарбай койсо кечирилбейт</td><td colspan="2">Унутуп калып же билбей калып. Же билип туруп атайын аткарбай коебу, айырмасыз – кечирилбейт.</td></tr>
<tr><td></td><td>Кошумча ас-Сахва саждасы менен оңдоп кетүүгө болот</td><td>Кошумча ас-Сахва саждасы менен оңдоп кетүүгө болбойт</td><td>Шарттарга кошумча ас-Сахва саждасы мыйзамдалган эмес</td></tr>
</table>

**Ас-сахв (жаңылыштык кетирүү) саждасы**

Ас-сахв саждасын аткарууга үч себеп бар:

Күмөн:

Мисалы, намаз окуп аткан адам: үчпү? же төртпү? – деп, канча рекет окуганынан күмөн санап калса.
Күмөндүн эки түрү бар:

Кемчилик:

Мисалы, намаздын важиптеринин бирин калтырып кетип, кийинки кыймылына өтүп кетсе

Ашыкча кыймыл:

Мисалы, намаз окуп жатып ашыкча рекет же ашыкча сажда кылып алса.

Намаз окуп бүткөн соң күмөн пайда болсо:

Ошол намаз учурунда ката кеткени шексиз анык болмоюн, мындай күмөндөргө көңүл бурбаш керек.

Намаз учурунда күмөн пайда болсо:

Эгер көп кайталанса анда көңүл бурбаш керек. Ал эми кээде эле болсо, анда адам өзү көбүрөөк ынанган жагына ылайык кылат. Эгерде бир чечим чыгара албаса, анда эң аз деген сандан баш алып уланта берет.

**Эскертүү:**

- Эгерде намаз окуп жаткан адам ас-сахв саждасынан ката кетирип алса, кошумча сажда кылып кереги жок. Анын намазы жарактуу.
- Эгерде намаз окуп жаткан адам түркүктөрдүн бирин калтырып кетсе, анда анын намазы жараксыз, качан ал  ошол түркүктү жана андан кийин аткарылчу иштерди аткарып, анан намаздын аягында ас-сахв саждасын кылганга дейре.
- Эгерде намаз окуп жаткан адам унутуп калып важиптердин бирин аткарбай, кийинки кыймылга өтүп кетсе, анда намаздын аягында ас-сахв саждасын кошуп коюу жетиштүү .

## Намаздын кыскача баяндамасы. (Сүрөттөрү менен)

- Биринчиден адам үйүнөн тазаланып, жакшы кийимдеринен кийиши керек.

- Андан кийин мечитке барат. Ал учурда ал татыктуу көрүнүштө жайдары кыймылдап, эч шашпай, чуркабай, эки жакты көп карабай, үн көтөрбөй жүрүшү керек.

- Жана ал кийимдеринин этек-жеңин түрүп албашы керек




- Мечитке жеткен соң бут кийимин чечип, атайын орнотулган жерге коюп, ошол бут кийими менен кошо бул жашоонун азгырыктарын мечиттин тышына калтырып коет. Мечиттин ичинде соода-сатык кылып, же жоготкон нерсени кыйкырып издегенге тыюу салынат

- Мечитке оң буту менен мындай деп кирет: ***"Бисми-Лляхи, ва-с-саляту ва-с-саляму аля расули-Лляхи. Аллахума-фтах ли абваба рахмати-кя"***. Ал эми чыгып баратканда сол буту менен мындай деп чыгат: ***" Бисми-Лляхи, ва-с-саляту ва-с-саляму аля расули-Лляхи. Аллахума инни ас-алюка мин-фадлика".***

- Эркектер биринчи сапка, аялдар болсо акыркы сапка умтулушу керек.

- Эгер намаз башталып калган болсо, кечиккен адам такбир айтып (*“Аллаху Акбар”*- деп), имам кайсы абалда болбосун ошол намазга кошулушу керек. Имам сүрөө окуп түз турган кезде, же тизесин таянып бел ийген кезде кошулса, ошол рекет толук деп саналат. Качан имам намазды аяктаган учурда, кечиккен адам салам бербестен өйдө туруп, жетишпей калган рекеттерди толуктайт.

- Эгерде ал мечитке кирген учурда намаз баштала элек болсо, анда ал парз намазга чейинки сүннөттөрдү окуйт. Андай сүннөт намаз жок болсо, эки рекет ***мечитке саламдашуу*** намазын окуйт да, андан кийин гана отурат.

- Мечиттин ыйык тартибин бузуп, кайра-кайра саатты карап, же намазды эртерээк башташына кыйытма кылып жөтөлө берүү терс көрүнүштөрдөн.

- Имамдын, же намазды жалгыз окуп жаткан адамдын астында бир тосколдук (сутра) болушу дурус. Ал эми имамга уюп окугандарга, имамдын сутрасы жетиштүү.



- Намаз окуганы жаткан адам буттарын ийин деңгээлинде коет жана тышкы тарабынан түздөйт.



- Намаздын шарттары аткарылган соң, ***“Аллаху Акбар”***–деп айтып (аль-ихрам такбири), эки колун ийин же кулак деңгээлине чейин көтөрөт, ошол учурда манжалары кымтылып, эки алаканы кыбыла тарапка беттелет.



- Андан кийин оң алаканын сол алаканынын тышкы бетине, же болбосо кырк муунга, же билегине коюп, кол байлайт. Же оң колу менен сол колун кырк муундан кармайт.



- Намаз окуп жаткан кезде адам чекеси тийчү жерди гана карап, башка жакка бурулуп алагды болбошу керек.



- Такбир айтып кол байлаган соң, намаздын башында окулчу дубалардан окуйт (аль-истифтах дубасы). Сүннөттө келген башка дубалардан дагы түрлөп окуганы жакшыраак.

- Кийин **“истиаза”** айтып Аллахтан коргоо тилейт. **Истиаза** бул:***“Аузу би-Лляхи минаш-шайтоонир-ражийм”*** - деген сөздөрү.

- Анан ***“Би-сми-Лляхи ар-Рахмаани ар-Рахиим”*** деп айтат.

- Андан кийин жаңылбастан, ар бир тамга-тыбышына көңүл буруп, ирээти менен, бир дагы аятын калтырбай – ***“Аль-Фатиха”*** сүрөөсүн окуйт .

- ***“Аль-Фатихадан”*** кийин **“истиаза”** айтпастан Курандан бир үзүндү окуганы дурус. Эгерде бир сүрөөнү башынан окуганы жатса, анда ***“Би-сми-Лляхи ар-Рахмаани ар-Рахиим”*** деп баштайт.

- Анан эки колун баштагыдай көтөрүп, ***“Аллаху Акбар”*** – деп такбир кылат дагы, андан соң бел ийип таазим кылат.

- Эки колу менен эки тизесин кармап, ошол тизесине таянган учурда, эки чыканагы бүгүлбөшү керек. Ал эми далысын бүкүрөйтпөй, башы менен бир деңгээлде түз кармайт.

- Бел ийген учурда: ***“Субхаана роббияль-Азыйм”***-деп жок дегенде бир жолу айтуусу зарыл, андан кийин Сүнөттө көрсөтүлгөн башка сөздөрдү да кошсо болот.



- Жүгүнүү абалынан кайра толук түз турганга чейин, эки колун ийин же кулак деңгээлине көтөрүп, ***“СамиаЛлаху лиман хамидах”*** – деп айтат.

-Анан толук түзөлгөндө ***“Роббанаа уа лякаль-хамд”*** – деп айтат. Бул учурда дагы, эгер Сүннөттө келген башка сөздөрдү билсе, улап айтканы дурус.

-Анан эки колун көтөрбөстөн ***“Аллаху Акбар”***- деп айтып туруп, денесинин жети мүчөсүнө чөгөлөп сажда кылат. Алар: **чеке** менен **мурун**, **алакандар**, **тизелер** жана **бут манжаларынын ички бети**.

- Сажда учурунда колдорун капталдарынан, курсакты сандарынан, сандарын болсо тизелеринен алыстатып, чыканактарын жерге тийгизбеши керек.



- Ошол кезде жок дегенде бир ирээт ***“Субхаана Роббияль-Ааля”*** деп айтуусу зарыл, андан кийин гана Сүнөттө көрсөтүлгөн башка сөздөрдү да кошсо болот. Жана ал өзү каалаган алкыш-мактоолорду айтса, же болбосо дуа кылып тиленсе дагы болот, бирок пайгамбардан ﷺ келген дуалар менен кайрылганы абзелирээк.

- Андан кийин ***“Аллаху Акбар”*** деген сөз менен сол таманын алдына төшөй отуруп, оң таманын тик кармайт. Ушул кезде оң буттун манжалары кыбыла тарапка караш керек. Эки алаканы болсо тизесинен өйдөрөөк - сандарына коюлат. Мындай абалда отурганда, эки колу менен сандарына таянбай, жөн гана коюу керек. Ушул ыкма баардык намаздарда колдонулат. Ошондой эле үч же төрт рекеттен турган намаздарда, **“тауаррук”** аттуу дагы бир ыкма бар. Сол бутту оң шыйрактын астына салып отурган ыкма.



- Ошентип отурган соң, **“Аллаху Акбар”** деген сөздөр менен, биринчи ирээт кылгандай эле кайра дагы бир сажда кылат.
- Аны аткарган соң “Аллаху Акбар” деген сөздөр менен экинчи рекетке өйдө турат. Экинчи рекет деле биринчи рекеттей аткарылат, бир гана **аль ихрам** такбири менен **истифтах** дуасы окулбайт.
- Баарын аткарып бүтүп, саждадан өйдө тураар учур келгенде, турбастан **“ташаххуд”** окуш үчүн жогоруда баяндалган ыкмада отуруп калат.
- Эки алаканын тизеден өйдөрөөк койгондо, оң колдун сөөмөйүн Кыбыла тарапка сунуп, Аллахка кайрылып өйдө-ылдый кыймылдатат, ортон менен бармагын шакекчедей бириктирет.
- Сөөмөйүн кыймылдатып аткан учурда, милдеттүү түрдө **“ташаххуд”** сөздөрүн айтат. (аттахият)
- Эгерде намаз эки рекеттен турса, анда “аттахияттан” кийин “салаватты” окуп, пайгамбарга ﷺ дуа кылат.

- Андан соң Аллахтан коргоо тилеп дуалар менен кайрылат. Мисалы төрт балээден коргонуу дубасы: Тозок азабынан, кабыр азабынан, жашоодогу жана өлүмдөгү азгырыктардан жана Дажжалдын азгыруусунан. (**Аллахума инни аузубика мин азаби жаханнам, уа мин азабиль-кабр, уа мин фитнатиль-махья уаль-мамат, уа мин шарри фитнатиль-масихи дажжаль**). Болбосо өзү каалаган дуа менен кайрылса болот, бирок пайгамбардан ﷺ келген дуалар менен кайрылганы абзел. Мисалы: *“Оо, Аллах, Сени эскерип, шүгүр кылып жана татыктуу түрдө Сага ибадат кылганга жардам бер”* (**Аллохума, аин-ни аля зикри-кя, ва шукри-кя ва хусни ибадати-кя**)



- Андан кийин колдорун эки жакка кыймылдатпай, ийиндерин бурбастан, башын өйдө-ылдый кылбай түз буруп, эки тарапка салам берет.



- Эгер үч же төрт рекеттен турган намаз болсо, анда “аттахият” окулгандан кийин өйдө турат. Эгерде “салаватты” кошо окуп койсо, ал учурда деле жакшы.

- Такбир кылып өйдө туруп үчүнчү рекетти окуйт, жана үч рекет намаз болсо, анда кайра “ташаххуд” окуганы отурат, ал эми төрт рекет намаз болсо, үчүнчүдөн кийин төртүнчүгө туруп, андан соң гана акыркы “ташаххуд” окуганга отурат.

- “ташаххуд” окулгандан кийин, пайгамбарга ﷺ дуа кылып “салават” окуйт, андан соң төрт балээден Аллахтан коргоо тилейт. (**Аллахума инни аузубика мин азаби жаханнам, уа мин азабиль-кабр, уа мин фитнатиль-махья уаль-мамат, уа мин шарри фитнатиль-масихи дажжаль**) Болбосо өзү каалаган дуа менен кайрылса болот, бирок пайгамбардан ﷺ келген дуалар менен кайрылганы абзел. Мисалы: *“Оо, Аллах, Сени эскерип, шүгүр кылып жана татыктуу түрдө Сага ибадат кылганга жардам бер”* (**Аллохума, аин-ни аля зикри-кя, ва шукри-кя ва хусни ибадати-кя**)

- Эгерде окулуп бүткөн намаз – парз намаздардан болсо, анда саламдан кийин төмөнкү зикрлерди айтканы абзел: **“АстагфируЛлах** (үч жолу), **Аллоохума, Анта-с-Саляму ва мин-кя-с-Саляму, табаарокта, йа За-ль-жалаали ва-ль-икрам”.**

- Андан кийин **“СубханаЛлах”**, **“АльхамдулиЛлях”**, **“Аллаху Акбар”** – деп 33 жолу айтат, ошондо жалпысынан 99 болот. Анан 100 кылып: **“Ля иляха илля ллаху вахда-ху ля шарикялях, ляхуль-мульку ва ляхуль-хамду ва хува аля кулли шайин кадир”** деп толуктайт.

- Андан кийин “Аль Курсий” аяттарын, “Аль-Ихляс”, “Аль-Фаляк”, “Ан-Нас” сүрөөлөрүн окуса жакшы.

**Маанилүү:**

- Мурун айтылып өткөндөй эле, намаздын кабыл болушунун шарттарына – көргөзүүгө тыюу салынган уят жерлерди жабуу дагы кирет (аурат). Ошондуктан, намазыбыз кабыл болушу үчүн, окуп жаткан кезде, *аурат* деп айтылган жерибиз ачылып калуусунан этият болушубуз керек.





- Эгерде адам имамга уюп окуган болсо, анда астыга чыкпай, артка да кетпей, согончогун аныкына түздөп экөө бир сапка турат. Ал эми экиден көп адам болсо, жамаат катары имамдын аркасына сап болуп тизилишет.



# Намаз тууралуу кыскача

| Аталышы | Өкүмү | Убакыты | Канча рекет? | Баяндама |
|---|---|---|---|---|
| Жума намазы | Парз | Бешим убактысы | 2 | Үч же андан көп эркектерден турган жаамат менен, үн чыгарып окулат |
| Күн же ай тутулуу намазы (кусуф) | Ар бирөөнө жеке парз эмес, көпчүлүктүн милдети (фард кифая) | Тутулуу учурунда | 2 | Үн чыгарып окулат жана ар бир рекетте экиден *руку* кылынат (бел ийип таазим этүү) |
| Витр намазы | Өзгөчө ыктыярлуу (муаккада сүннөтү) | Куптан намазынан тартып таңкы Багымдат намазына чейинки убакыт | 1-11 | - Бир эле рекет окуса болот<br>- Аягында бир эле ташаххуд менен үч рекет окуса болот. Же эки рекет окуп, салам берип, анан кайра бир рекет окуп койсо болот.<br>- Же аягында бир эле ташаххуд менен беш рекет окуса болот.<br>- Же аягында бир эле ташаххуд менен жети рекет окуса болот.<br>- Же эки рекеттен бөлүп окуп, аягында 1 же 3 кылып жуп эмес сандагы намаз менен бүтүрөт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Багымдат сүннөтү | Өзгөчө ыктыярлуу | Багымдат намазынан алдын окулат | 2 | Биринчи рекетте “Аль-Каафирун”, экинчиде “Аль-Ихлас” сүрөөлөрүн окуса жакшы |
| Бешим сүннөтү | Ыктыярлуу | 4 рекети Бешимге чейин жана 2 рекети Бешимден кийин | 4/2 | Экиден рекет кылып, өзүнчө бөлүп окуса жакшы |
| Шам сүннөтү | Ыктыярлуу | Шамдан кийин | 2 | Биринчи рекетте “Аль-Каафирун”, экинчиде “Аль-Ихлас” сүрөөлөрүн окуса жакшы |
| Куптан сүннөтү | Ыктыярлуу | Куптандан кийин | 2 | |
| Таравих | Ыктыярлуу | Куптандан кийин Багымдатка чейинки убакыт | 2-10 | |
| Мечитке учурашуу намазы | Өзгөчө ыктыярлуу (муаккада сүннөтү) | Мечитке киргенде отурганга чейин | 2 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Духа | Ыктыярлуу | Чыгыштан күн найза бою көтөрүлгөндөн тартып күн төбөгө келгенге чейин | 2-8 | |
| Истихара (Күмөн болгон кезде) | Ыктыярлуу | Каалаган кезде | 2 | Салам берээр алдын “Аль-Истихара” дуасы окулат |
| Истиска (жаан чачым тилегенде) | Муктаждык болгондо абзел | Чыгыштан күн найза бою көтөрүлгөндөн тартып | 2 | Биринчи рекетте – баштапкыны кошуп 7 такбир айтылат, экинчи рекетте болсо, эки рекет ортосунда айтылуучу такбирди кошпогондо - 5 такбир айтылат. |
| Айт намаздары | Парз | Чыгыштан күн найза бою көтөрүлгөндөн тартып | Эки рекет жана эки хутба | Биринчи рекетте – баштапкыны кошуп 7 такбир айтылат, экинчи рекетте болсо, эки рекет ортосунда айтылуучу такбирди кошпогондо - 5 такбир айтылат. |

**Жөн эле өз ыктыяры менен, сообуна карап окулчу намаздарды, кээ бир учурда окуганга болбойт. Тактап айтканда төмөнкү маалдарда:**

1. Багымдаттан кийин, чыгыштан күн найза бою көтөрүлгөнгө чейинки маалда.
2. Дигер намазынан Шам намазына чейинки аралыкта.
3. Күн так төбөгө келгенден тартып батышты көздөй оогонго чейинки аралыкта.

# Намаз жөнүндө суроо-жооп

1. Намазда канча шарт бар?

   O 9 O 11 O 8

2. “***Ислам динин тутуу***” - дегенди шарттардын катарына киргизип болбойт, анткени намазды мусулмандар гана окуйт.

   - туура - туура эмес

3. Таймиз – бул жыныстык жагынан жетилүү (булюг).

   - туура - туура эмес

4. Нажасатты тазалоо бул: денеден, кийимден жана намаз окулчу жерден.

   - туура - туура эмес

5. Чочконун нажасаты бул:

   O оор нажас O орто нажас

6. Уруктук нажаска кирет, анткени ал чыккандан кийин милдеттүү түрдө гусул алыш керек.

   - туура - туура эмес

7. Суулап коюу менен жуугандын айырмасы жок.

   - туура - туура эмес

8. Баардык өлүмдүк нажасатка кирет

   - туура - туура эмес

9. Иттин нажасатынан тазаланууда, топурактын ордуна заманбап химикалык заттарды колдонсо болот.

   - туура - туура эмес

10. Сактанууга оор деген жаныбарлар бул – жашоодо адам менен аралашып жүргөн жандыктар. Демек, мышык кээ бир адамдарга таза деп саналса, кээ бирөөнө нажас болот.

    - туура - туура эмес

11. Малдын кан тамырларында калып калган кан бул:

O таза  O нажасат

12. Намаздын канча түркүгү бар?

O 14  O 9  O 8

13. Такбиратуль-Ихрам деген бул- колдорду көтөрүү.

- туура  - туура эмес

14. Эгерде адам, кайсы бир намаз түркүгүн унутуп, аткарбай калса, анда ал толуктап кетүүчү “ас-сахва” саждасы катары - эки ирээт сажда кылат.

- туура  - туура эмес

15. Намазда канча важип бар?

O 8  O 14  O 9

16. Сажда учурунда *“Субхаана раббияль-Аалях”* деп жок дегенде бир жолу айтуу милдет экенин билип туруп, айтпастан башка алкыш-мактоо сөздөрүн айтып койсо, ошол намаз жараксыз деп саналат.

- туура  - туура эмес

17. Намаз окуп аткан адам оң алаканын сол алаканынын тышкы бетине, же болбосо кырк муунга, же билегине коюп, кол байлайт.

- туура  - туура эмес

18. Эгерде күн жок кезде окулчу намаз болсо, башкы эки рекетин үн чыгарып окуйт. Ошондой эле айт намаздар сыяктуу, чогулуп окулчу намаздар дагы дал ушундай.

- туура  - туура эмес

19. Намазды бузуучу амалдардан канчоо?

O 8  O 9  O 14

20. Кайсы *ташаххуд* учурунда *тауаррук* ыкмасын колдонуп отурса болот?

O биринчи  O акыркы  O баардыгы туура

21. *“Роббана уа лякаль-хамд*” деген сөздөргө *“уа-ш-шукр”* деп кошумчалоо уруксатпы?

O уруксат  O ыктыярлуу  O тыюу салынган

22. Сажда учурунда чыканактарды жерге тийгизүү:

O тыюу салынган O уруксат O терс көрүнүш

23. Кошумча *“ас-сахв”* саждасын жасоого канча себеп бар?

O 2 O 3 O 4

24. Намаздан кийинки пайда болгон күмөндөр, көп болгон учурда да эч нерсеге таасир этпейт.

- туура - туура эмес

25. Таңкы намаздын эки рекет сүннөтүнүн төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү бар: даражасы, жеңилдиги (кыскалыгы), кээ бир өзгөчө сүрөөлөрдүн окулушу, сапар учурунда дагы окулушу, үйдөн окуган кезде, парзка чейин кичине жата туруу ыктыярлыгы.

- туура - туура эмес

26. Кийинки жагдайларга шарият чечимин/абалын/өкүмүн баянда:

| Жагдай/суроо | Өкүм |
|---|---|
| Динге акарат кылган адамдын намазы | |
| Мас кишинин намазы | |
| Альцгеймер оорусуна чалдыккан адамдын намазы | |
| Наристенин намазы | |
| Даарат алууну эстен чыгарып, ошол бойдон окуп салган намаз | |
| Кийими нажас экенин унутуп калып окулган намаз | |
| Уйдун заарасы | |
| Карганын заарасы | |
| Сандары ачылган абалда намаз окуду | |
| Унутуп калып, убактысы кире электе эле намаз окуп салды | |

| | |
|---|---|
| Учактын ичиндеги намаз | |
| Парз намаздардын бирөөнү, так ниет койбой эле окуганы жатат | |
| Намазды отуруп окуду | |
| Аль-Фатиха сүрөөсүн окуду | |
| Имам *руку* абалында бел ийип жаткан кезде кошулуп калды | |
| Намазды шашып окуса | |
| Намаз окуп бүткөн соң ар кандай күмөн ойлор пайда болсо | |
| Намазын баштап алып, даарытынан күмөн болуп калды | |
| Унутуп калып ашыкча *руку* кылып алды | |
| Эң башкы *такбирди* унутуп калды (Аллаху Акбар) | |
| Биринчи *ташаххудту* унутту | |
| Акыркы *ташаххудту* унутту | |
| 3 рекет окудумбу же 4? - деп шектенип калды | |
| Намазды окуп бүткөн соң шектеип калды | |
| Намаз окуп атып шектенип калды | |
| *Ас-сахва* саждасында ката кетирди | |
| Унутуп калып, намаз учурунда сүйлөп жиберди | |
| *Ауратты* ачык бойдон намаз окуп салып, ал тууралуу намаз окуп бүткөн соң гана билди | |
| Мечитке чыгаар алдын, үйдөн даарат алуу | |
| Мечиттин ичинде соода-сатык кылуу | |
| Мечиттин ичинде акча алмаштыруу | |

| | |
|---|---|
| Имамга акыркы *ташаххуд* учурунда кошулса | |
| Намаз учурунда астыда болчу тоскоолдук (сутра) | |
| Намаз учурундагы кичине кыймылдоо, бурулуу | |
| Намаз учурундагы көптөгөн кыймылдар | |
| Жем чокуган корооз сымал шашкалактап намаз окуу | |
| Ташаххудта пайгамбар ﷺ үчүн дуа кылуу (салават) | |
| Намаз учурунда сүйлөшүү | |
| Намаз учурунда кыймылдоо | |
| Жума намазы | |
| Витр намазы | |
| Мечитке учурашуу намазы | |

27. Намаздагы шарт, түркүк, милдеттүү жана ыктыярлуу иш-аракеттер бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?

| Шарт | Түркүк | Милдеттүү иш | Ыктыярлуу иш |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

# ОН ЭКИНЧИ САБАК

## Он экинчи сабак: кичи дааратын шарттары

**Кичи дааратын он шарты бар:**

1- Ислам.
2- Акыл.
3- Балакатка жетүү.
4- Ниет.
5- Даарат алып бүткүчө ниеттенүү, б.а. дааратты толук ала электе эле, ортодон токтотуп салчудай, ниет өзгөрүлбөш керек.
6- Кайра даарат алууга милдеттендирчү нерселерди токтотуу
7- Даарат алаар астын эки мүчөнү жууп же аарчып тазалоо.
8- Суунун тазалыгы жана адалдыгы.
9- Теринин сууланышына тоскоолдук жаратчу нерселерден айрылуу
10- Дайыма даараты сакталбаган адамга, намаз убакытынын кириши шарт.

## Кээ бир шарттарга түшүндүрмө

- “Даарат алып бүткүчө ниеттенүү, б.а. дааратты толук ала электе эле, ортодон токтотуп салчудай, ниет өзгөрүлбөш керек” - дегендин мааниси: даарат алып баштагандан бүткүчө ниет болуш керек дегендик
- “Кайра даарат алууга милдеттендирчү нерселерди токтотуу”: Мисалы, төөнүн этин жеп атып же заара кылып атып, же болбосо жел чыгарып атып, ошол эле маалда даарат ала баштаганы болбойт. Баардыгын токтотуп, анан баштайт.
- “Даарат алаар астын эки мүчөнү жууп же аарчып тазалоо” керек, бирок даарат уйкудан, төөнүн этин жегенден же жел чыгаруу себептүү сынган болсо, жууп тазалоо шарт эмес.
- “Суунун тазалыгы жана адалдыгы”- деген, ошол дааратка колдонулчу суу нажасат, кири жок таза болушу керек. Жана уурдалып же зомбулук менен алып алган арам суу болбошу керек.
- “Теринин сууланышына тоскоолдук жаратчу нерселерден айрылуу”- дегендин мааниси: жабышып, катып калган камыр, же болбосо тырмак боек (лак). Жуулчу мүчөнүн сууланышына тоскоол болбошу үчүн, биринчи буларды тазалап кетириш керек.

## Фитра сүннөттөрү

Кээ бир фитра сүнөттөрү (адамдын табиятында бар амалдар)

1- **Бала отургузуу**: Бул эркектерге милдеттүү, аялдарга болсо, муктаждыгына жараша ыктыярлуу.

2-5- **Мурутту кыскартып тегиздөө, тырмак алуу, колтуктагы жүндөрдү жулуу жана жыныс мүчөсүнүн тегерегиндеги түктү тазалоо.**

Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: **"Бизге Аллахтын ﷺ элчиси: 40 күндүн ичинде, жок дегенде бир жолу муруттарды тегиздеп кыскарткыла, тырмактарды алгыла, колтуктагы жүндөрдү жулгула жана табарсыктан ылдыйкы түктү кыргыла деп буюрган".** Демек, айтылган амалдарды эң аз дегенде кырк күндөн ашырбай жасап туруш керек.

6- **Сакалды кое берүү**: Бул милдет болуп саналат, сакалды кырып салуу – чоң күнөөлөрдөн.

7- **Сивак (мисвак) колдонуу:** Сивак бул – Арак деген бактын тамырынын кесиндиси. Же болбосо тиш тазалоодо колдонулчу ошого окшош аспаптар. Аны колдонуу ыктыярлуу (сүннөт), айрыкча намаз же даарат алдын, же болбосо үйгө кирээр алдын. Ошондой эле Куран китебин окуганы жатканда, уктап турганда же оздогу жаман жытты кетириш үчүн, мусулмандын тазалык тартибин улап, адат сымал бат-баттан колдонуп турган жакшы.

# ОН ҮЧҮНЧҮ САБАК

## Он үчүнчү сабак: кичи даараттын милдеттери (важип)

**Кичи даааратта алты милдет бар:**

1- Беттин жуулушу. Оозду жана мурунду чайкоо дагы ушуга кирет.

2- Чыканакты кошуп эки колду жуу.

3- Кулактарды кошуп башты толугу менен сүртүп, сылоо.

4- Томуктарды кошуп бутту жуу.

5- Ирээтин так аткаруу.

6- Үзгүлтүксүз аткаруу.

Бетти, колду жана бутту үч сыйра жууса дурус. Ошондой эле оозду жана мурунду дагы. Ал эми ушунун баарын жок дегенде бир жолу жасоо-милдет. Бир гана башты сүртүп, сылаганда хадистерге карай бир эле жолкусу абзел.

## Үзгүлтүксүз аткаруу деген кандай?

Үзгүлтүксүз деген – бул акыркы жуулган мүчө кургап кеткиче, кийинки мүчө жуулушу керек дегендик.

Андан узак созууга болбойт.

# ОН ТӨРТҮНЧҮ САБАК

**Он төртүнчү сабак: Кичи дааратты бузуучу амалдар:**

**Кичи даарат алты нерседен бузулат:**

1- Астыңкы жана арткы тешиктен чыккан нерседен.

2- Денеден нажасат чыкса.

3- Акыл-эсин жоготуу, уйку ж.б.у.с.

4- Астыңкы жана арткы мүчөлөргө тосмосу жок колу тийсе (кийимдин тышынан эмес)

5- Төөнүн этин жесе

6- Динден кайтса

**Маанилүү:** Маркумду жууган маселе боюнча, түз далилдин жоктугуна байланыштуу, аалымдардын көпчүлүгү даарат бузулбайт деген пикирде. Бир гана жууп жаткан адамдын колу, маркумдун жыныс мүчөсүнө тосмосу жок тийген болсо, анда анын даараты сынат. Бирок тосмосу жок жыныс мүчөлөрүнө тийүүгө уруксат жок. Кездеме же ич кийим аркылуу гана жуулат.

Ошондой эле, аалымдардын арасында күчтүүрөөк пикир, аял затына тийген учурда даарат сынбайт дегенде. Мейли дүүлүккөн абалдабы, же жөн эле тийип кеткен учурдабы, башкысы эч кандай суюктук чыкпаган болсо.

Ал эми Аллах Тааланын: ***"эгер аял затына тийген болсоңор"*** – деген сөзү, жыныстык катнаш жөнүндө айтылган. Ибн Аббас (Аллах атасы экөөнөн ыраазы болсун) жана биринчи муундагы аалымдардын пикири ушундай болгон. Ошондой эле кийинки муундагылардын көбүнчөсү ушуну карманган.

## Дааратты сындырчу амалдарга түшүндүрмө

"Астыңкы жана арткы мүчөлөрдөн чыккан заттарга": заара, заң, жел, эреңдик, мази *(дүүлүккөндө чыгат)*, вади *(заарадан кийин чыгып калышы мүмкүн)*, таштар, кан *(этек кири, төрөттөн кийинки, же жөн эле кан...)*

"Денеден чыгуучу нажасаттан" - даарат сынышы үчүн, ал нажасат заара же заң сымал болушу керек.

"Акыл-эсин жоготуу, уйку ж.б.у.с." – негизинен дааратты бузчу иштерден эмес, бирок жел чыгарышы ыктымал болгон жагдайлардан. Ал эми адам таттуу уйкуга кирбестен, жел чыгарбаганын сезип турган болсо, андай уйкудан даарат сынбайт.

" Астыңкы жана арткы мүчөлөргө тосмосу жок колу тийген учурда (кийимдин тышынан эмес)" – шейх аль-ислам ибн Теймия: негизинен, жыныс мүчөлөрүнө кол тийгизүүдөн даарат сынбайт, бирок жаңыртып коюу абзелирээк деген пикирди туура көргөн.

## Даараттын кыскача баяндамасы Сүрөттөрү менен

-Даарат алууга ниеттенген соң Аллахтын ысымын эскерет (“**Бисми-Ллях**”)

-Үч жолу колун жууйт.

- Анан оң колу менен суу жүгүртүп оозун чайкайт жана ошол эле суунун бир бөлүгү менен мурдун тазалап чимкирет. Чимкирээрде сол колунун сөөмөйүн жана бармагын колдонот. Муну да үч сыйра кылат.

- Кийин үч жолу бетин жууйт. Оң кулактан сол кулака чейин, жана чачтын түбүнөн ээктин астына чейин жуулушу керек.

- Анан чыканактарын кошуп колдорун жууйт (билектен ылдый манжалардын учтарына чейин). Оң кол биринчи жуулат, андан кийин сол колго өтөт.

- Эки алаканын суулап туруп, төбөсүнөн артка карай желкесине чейин, жана кайра артка чекесине чейин сылап, масх тартат.

- Эки сөөмөйү менен кулактардын ичтерин сүртөт.

- Аягында үч сыйрадан буттарын, томугу кошо суулангыдай кылып жууйт. Бут манжаларынын арасын, сол колдун чыпалагы менен жууган оң.









- Даарат алып бүткөндөн кийин: **“Ашхаду алля иляха илля-Ллах вахдаху ля шарикя лях ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулюх”** деп айтса дурус. Ошондой эле имам Ат-Тирмизи кабарлаган сөздөрдү айтса да болот: **“Аллахумма-жаль-ни мин ат-таввабина ва жаль-ни мин аль-мутатоххирин”**

## Даарат алуудагы аша чапкандыкка шарияттын өкүмү кандай?

Үч жолкудан ашык жууп туруу, же чыканактан дагы өйдө жууп туруу, ошондой эле буттарын жууп атканда томуктан өйдө өтүп же моюндарына чейин суулап туруу сыяктуу жаңы кошумчаларды кошууга шарият тыюу салат.







## Ислам түркүктөрүнө тиешелүү керектүү маалымат

### Биринчиден: Тазалануу

#### Таяммум (топурак менен тазалануу)

Суунун жоктугунан улам, же болбосо кээ бир жагдайларга байланыштуу суу менен тазалануудан зыян тартчудай болсо, анда даарат алууда суунун ордуна топуракты колдонсо болот.

#### Таяммум алуунун тартиби

Таяммум алууга ниеттенген соң “**Бисми-Ллях**” деп айтат. Анан эки алаканы менен бир жолу жерди чабат дагы, бетин жана эки колдун тышкы бетин сүртөт.



Алакандары менен жерди уруп жатканда, манжаларын кымтыбай жайып, жана сырткы бетине келгенде салааларын кошо сүртүүгө тыюу салынат.





## Гусул (чоң даарат) алуудагы милдеттер

Гусул алууга ниеттенген соң, нажасаттан тазаланып туруп “**Бисми-Ллях**” деп айтат, анан бүт денесин суу менен жууйт. Чачтардын араларын өтө кылдаттык менен жууш керек, ошондой эле ооз жана мурунду чайкаш керек. Жогоруда айтылган талаптар аткарылса гусул алынды деп эсептелет.

## Гусул алуудагы ыктыярлуу иш-аракеттер

Алдынкы жана арткы жыныс мүчөлөрүн жууган соң, колун жууп туруп, даарат алат. Андан кийин чачтарын суулап башын жууйт дагы, алгач дененин оң жарымын жууп, кийин сол жарымын жууйт. Аягында буттарын чайкайт. Мындай ыкмада гусул алуу сүннөттө көрсөтүлгөн.

## Кайсы амалдардан кийин гусул алуу - милдет болуп саналат?

1. Жыныстык катнаш. Эркектен эреңдик, бел суусунун чыгышы. (Түшүркөө, б.а. уйку учурунда чыгып калуусу). Эч нерсе чыкпаган учурда деле жыныстык катнаштан гусул бузулат.

2. Этек кири же төрөттөн кийинки келүүчү кандын башталуусу.

3. Өлүм. (бир гана шейит болуп каза тапкандардан башкасы)

4. Каапырдын Ислам динин кабыл алышы.

## “Он төртүнчү сабактын” түшүндүрмөсү

### Хуффка масх тартуу маселеси (маасы, байпак)

Хуффтар же байпактар таза болушу керек (нажасат болбошу керек)

Даарат алгандан кийин таза жуулган бутка кийилет

Даарат учурунда гана масх тартылат (кичи даарат, гусул эмес)

Хуфф же байпак, буттун жуулчу жерлеринин көбүн жапкыдай болушу керек

Масх тартуу, чектелген мөөнөткө гана уруксат.

**Мисалы:** өз үйүндөгү же шаарындагы адамга 24 саат ичинде (күн жана түн) сапардагы адамга болсо 72 саат ичинде (үч күн жана үч түн)

Санак биринчи масх тартылгандан баштап жүргүзүлөт

### Масх кантип тартылат?

Ным алакан менен буттун үстүнкү бети сүртүлөт. Бут манжаларынын учтарынан кыр сөөкө карай, эки бутка бир маалда тартуу абзел. Сүннөттө баяндалган ыкма дал ушундай: эки кулактын ичин тазалаган сымал, оң кол менен оң бутка, сол кол менен сол бутка, бир убакта тартылат.

### Масхка байланыштуу маселелер

1- Масх тартуу мөөнөтү аяктап калса, же маасы (байпак) чечилген болсо, андан даарат сынды деп эсептелбейт.

2- Жасалган материалдын жукалыгынан дене көрүнгүдөй болсо, же байпактын жыртыгы бар болсо деле, масх тартууга уруксат. Сүннөттө келген далилдерге ылайык.

## Муктаждык кандыруу адеби (ажааткана)

**Ыктыярлуу:**

- Атайын орнотулган жерге сол бут менен кирүү абзел. Кирээр алдын: **«Бисми-Ллях. Аллахумма инни аузу бикя миналь-хубси уаль-хабаис»** - деп айтуу керек.

- Чыгаарда оң бут менен чыгып: **“Гуфрана-кя”** – деп айтат.

- Муктаждыгын аткарчу адам элдердин көзүнө көрүнбөстөн, далдоо же дубалдын аркасына жашынышы керек. Эгер жайык жер болсо, башкалардан алыс кетиши керек.

**Тыюу салынат:**

- Жолдорго, эл чогулчу жерлерге, мөмөлүү бактардын түбүнө, акпаган сууга жана башка адамдарга ыңгайсыздык жаратчу жердин баарында бул ишти жасоого болбойт.

- Кыбыла тарапка беттенип же далысын салып аткарууга.

- Жыныс мүчөсүн оң колу менен кармаганга.

- Аткаруу учурунда Аллахтын атын эскерүүгө.

Аткарып бүткөн соң суу менен жууп, же кургак нерсе менен аарчышы керек.

**Кургак тазалоонун талаптары кийинкидей:**

- Үч же андан көп жолу аарчыш керек.

- Толук таза болгонго чейин кайталоо керек. Эгерде кагаз таза болуп кайтса, демек тазалык орундалды деп эсептелет.

- Нажасат, же ырыстуу нерселер менен (мисалы тамак-аш) аарчынуу болбойт. Ошондой эле сөөк же кургап калган кыкты колдонууга да тыюу салынган.

Зааранын чачырандысы кийимине жана денесине тийбегендей болсо, жана ауратты эч кимге көрүнбөгөн шартта, эркектерге туруп заара кылууга уруксат берилген. **“Аллахтын элчиси ﷺ таштанды тарапка басып барып, туруп заара кылды”**. (бул хадис Бухари жана Муслимдин риваятында келет)

## Тазалануу маселеси жөнүндө суроо-жооп

1. Дааратын канча шарты бар?
   O 9 O 10 O 8
2. Даарат алуудагы милдеттүү түрдө аткарылчу амалдар:
   O Дененин төрт мүчөсүнүн жуулушу
   O Дененин төрт мүчөсүнүн ирээти менен үзгүлтүксүз жуулушу
3. Дааратты бузуучу амалдан канчоо?
   O 6 O 5 O 8
4. Даарат буза тургандарын белгиле:
   O төөнүн этин жесе O эликтин этин жесе O ич курулдаса
   O жел чыкса O уктаса O маркумду жууса O аялга тийсе
5. “Таяммум” алуу тартибин баяндап бер:
   ………………………………………………………………………
   ………………………………………………………………………
   ………………………………………………………………………
6. Гусул алуу тартибин баяндап бер:
   ………………………………………………………………………
   ………………………………………………………………………
   ………………………………………………………………………
7. Кийинки жагдайларга шарият чечимин/абалын/өкүмүн баянда:

| Жагдай/суроо | Өкүм |
|---|---|
| Ниетти үн чыгарып айтуу | |
| Кайсы бир намазды окуш үчүн ниеттенип даарат алган соң, башка намаздарды да окуп салды | |
| Куран окуш үчүн даарат алып туруп, намаз окуп салды | |
| Даарат алып жатып ниетин өзгөртүп жиберди | |

| | |
|---|---|
| Даарат алып бүткөн соң ниетин өзгөрттү | |
| Кыр сөөгүнө кичине камыр жабышкан бойдон, даарат алды | |
| Төөнүн этин жеп атып, даарат алууда | |
| Уурдалган суу менен даарат алды | |
| Асты-артын тазалабай туруп даарат алды | |
| Даарат алууда кулагын сүрткөнгө колун суулады | |
| Башына үч жолу масх тартты | |
| Даарат учурунда дене мүчөлөрүн бирден сыйра жууп койсо | |
| Дене мүчөлөрүн үч сыйрадан жууса | |
| Дааратта колдун билектен ылдый жагын жууса | |
| Суу манжалары менен сакалдарынын арасын сылап тараса | |
| Даарат учурунда суу колу менен масх тартуу | |
| Жуулчу мүчөлөргө масх тартуу | |
| Башты жууса | |
| Суу куюлган идишке колун салуу | |
| Даарат учурунда оң жагын биринчи жууса | |
| Дене мүчөлөрүн үч сыйрадан да көп жолу жууса | |
| Кыр-сөөк, балтырларын кошуп жууса | |
| Сууга сүзгөн соң намаз окуса | |
| Гусул алган соң, даарат албай эле намаз окуса | |

## Экинчи: Зекет

Зекеттин эки түрү бар:

### *Дене зекети*

Рамазан айынын аягында бериле турган “Аль-Фитр” садакасы тууралуу.

Зекеттин бул түрү: кары-жашына, аял-эркегине, азат-кулуна карабай, ар бир мусулманга милдет.

### *Мүлктөн берилчү зекет*

Бул Исламдын үчүнчү түркүгү. Ар бир азат мусулманга, эгер ал зекет чегерилчү мүлктүн (*нисаб*) кайсы бир түрүнө ээ болсо, демек ал зекет берүүгө милдеттүү. Ошол мүлккө ээлик кылгандан тартып, ал колундагысы кемип калбай бир жыл өтсө, ошондо милдет моюнуна жүктөлөт. Бирок бул багбанчылыктан алынчу зекеттин шарттарына кирбейт. Ошондой эле негиз алгандан баштап эске алынчу мүлк дагы башкача эсептелет. Мисалы нисабтын көбөйүшү, же соода сатыктан түшкөн кирешенин өсүшү. Алардын мөөнөтү, ал белгилүү өлчөмгө жеткенде гана, ошол кезден баштап эсептелет.

Мүлктөн берилчү зекет төрткө бөлүнөт:

#### Соода-сатык

Алып сатууга камдалган оокаттын баары кирет

#### Жерден өсүп чыгуучу

Жашылча-жемиштер жана дан азыктары

#### Оттогон мал

Төө, бодо мал жана кой, эчки сыяктуу, жыл бою ээн-эркин жайытта оттоп жүргөн мал

#### Кымбат баалуулар:

Мисалы: алтын, күмүш, акча ж.б. (алтындын нисабы – 85 граммдан, күмүштүкү – 595 граммдан башталат)

## Зекет кимге берилет?

1. Кембагал (фукара):

Эч нерсеси жок, же болбосо жашоого керектүү каражаттын кичине бир бөлүгүнө гана ээлик кылган адамдар.

2. Кедей (масакин): Жашоого керектүү каражаттын теңине же андан көбүнө ээлик кылган адамдар.

Мисалы бир жылга жетиштүү деп эсептелген акча, эң аз дегенде 12000 болсо. Кембагал - 6000ге жетпеген акчага ээлик кылат. Кедейдики болсо 6000ден көп, бирок 12000ге жетпейт. Ошондуктан биз кедей-кембагалдарга зекетти, бир жылга жеткидей кылып беришибиз керек, анткени зекет өзү жылына бир эле жолу берилет.

3. Зекетти чогултуп, сактап, таратып бергендер: Бул адамдар эл башчы тарабынан шайланат, жана алар кедей-кембагалдардан болуусу шарт эмес. Тескерисинче, колунда бар болсо деле, зекеттен үлүшүн алганга акысы бар.

4. Дили бурулчу адамдар**:** Бул зекет берилсе Ислам динин кабыл алып калышы ыктымал, же зыяндуулугу азайышы мүмкүн деген адамдар. Ошондой эле ыймандуулугуна таасир этчүлөр да кирет.

5. Кулдарды азаттоо:

а) *Мукатаб* мусулманга жардам. Мукатаб – бул кожоюну менен эркиндигин соодалашып, келишим түзүп алган кул.

б) Мусулман кулдарды боштондука чыгаруу.

в) Туткундагы кулдарды бошотуу

**Эскертүү**: Моюнундагы зекеттен кутулуу максатында, өзүнүн кулдарынын бирөөсүн бошотуп коюу - шариятта көрсөтүлгөн эмес жана тыюу салынат.

6. Карыздар адамдар:

а) Касташкан эки тарапты элдештирүү максатында карыз алган адам

б) Өз муктаждыктарына карыз алган адам

**Эскертүү**: Моюнундагы зекеттен кутулуу максатында, өзү берген карызды кечип коюу - шариятта көрсөтүлгөн эмес жана тыюу салынат.

7. Аллахтын жолунда сарпталган каражат: Согушка даярдык көрүү.

Бирок  эл башчысынын көзөмөлү жок уюштурулган согушка кошумча кылуу зекет деп эсептелбейт жана андайга тыюу салынат.

8. “Сапар уулдары”: Өз үйүнөн алыста калган, каражаты түгөнгөн, чет өлкөлүк мусаапырлар (*Мусаффар* – араб тилинде сапардагы адам деген мааниде). Мындай адамдарга, үйлөрүнө жетип алуулары үчүн зекеттен үлүш каралган.

Зекет жогоруда аталгандардын бирине берилиши керек.

Байларга, же каражатын өзү таап ала тургандарга зекет берилбейт. Пайгамбарыбыз Мухаммадтын ﷺ үй-бүлөсүнө, ошол тайпадан болгон Хашим уруусуна жана алардын азаттарына да зекет берүүгө болбойт. Каапырларга дагы берилбейт. Өзүнүн карамагындагы, өзү бага турчу адамга берип койсо дагы, зекет деп эсептелбейт. Садака жөнүндө кеп кылсак, ал башка сөз. Ал жогоруда аталгандын баарына бериле берет. Бир гана эске алчу нерсе, садаканын төп келиши, пайда жагынан эп келишинен билинет.

## Кайсы мүлктөн канча зекет берилет?

| Мүлктүн кайсы түрү? | Бир жыл сакталышы шартпы? | Канчалык деңгээлге жеткенде зекет алына баштайт? | Канчалык өлчөмдө зекет берилет? |
|---|---|---|---|
| ***Оттогон мал*** | Шарт | Кийинки бетте | Кийинки бетте |
| ***Жерден өсүп чыгуучу*** | Шарт эмес | 300 са’ (1 са’ = 2 килограмм 40 грамм жакшы буудай салмагы) | Жаан-чачым же булак аркылуу табигый суугарылган болсо: 1/10 бөлүгү. (түшүмдүн 10%) |
| | | | Күч сарпталып суугарылган болсо: 1/20 бөлүгү. (түшүмдүн 5%) |
| | | | Эки түрдө тең суугарылган болсо: 3/40 бөлүгү. (түшүмдүн 7,5%) |
| ***Баалуу-каражаттар*** | Шарт | Алтын: 85 граммдан өйдө Күмүш: 595 граммдан өйдө | 1/40 (2,5%) |
| ***Соода-сатык товарлары*** | Шарт | Кедейлердин шартына ылайык, алтын же күмүштүн баасына жараша. | 1/40 (2,5%) |

**Оттогон малдан берилчү зекет.** (төө, жылкы, уй, кой, эчки)

### Уй, бука, топоз

| *Зекет өлчөмү* | *Саны* | |
|---|---|---|
| | *Азы* | *Көбү* |
| *1 кунаажын* | 30 | 39 |
| *2 асый уй* | 40 | 59 |
| *3 асый уй* | 60 | 69 |

Мындан да көп болсо, ар бир 30 баштан - 1 кунаажын. Ал эми 40 баштан - 1 эки асый.

### Бир же эки өркөчтүү төө

| *Зекет өлчөмү* | *Саны* | |
|---|---|---|
| | *Азы* | *Көбү* |
| *1 кой* | 5 | 9 |
| *2 кой* | 10 | 14 |
| *3 кой* | 15 | 19 |
| *4 кой* | 20 | 24 |
| *Бир асый төө* | 25 | 35 |
| *Эки асый* | 36 | 45 |
| *Үч асый* | 46 | 60 |
| *Төрт асый* | 61 | 75 |
| *Эки асыйдан экини* | 76 | 90 |
| *Үч асыйдан экини* | 91 | 120 |
| *Эки асыйдан үчтү* | 121 | 129 |

Мындан да көп болсо, ар бир 40 төөдөн – 1 эки асый берилет. 50 төөдөн – 1 үч асый берилет. Толук сан чыкпаса, калдыгы тогуздан ашпашы керек.

### Кой-эчки

| *Зекет өлчөмү* | *Саны* | |
|---|---|---|
| | *Азы* | *Көбү* |
| *Бир кой берилет* | 40 | 120 |
| *Эки кой берилет* | 121 | 200 |
| *Үч кой берилет* | 201 | 300 |
| Анан ар бир 100/1 | | |

Зекетке теке бергенге болбойт. Ошондой эле өтө карыган, чабыр, эң начар же эң жакшылары дагы берилбейт. Көтөрүм болгон же боосуган мал дагы берилбейт. Союлчу малды дагы зекет кылып бергенге болбойт. Мал болуп бергидей ургаачы козу берген жакшы.

# Зекет тууралуу суроо-жооп

1. Кайсы жыл санагы боюнча кемибей сакталган мүлктөн зекет берүү милдетке кирет?

O Ислам (*хижрий*) O Грегориандык O Айырмасы жок

2. Мүлктүн кайсы түрүнөн зекет берилиши үчүн, анын бир жыл сакталуусу шарт эмес?

O Жерден өсүп чыгуучулардан. O Таап алган кенч.

3. Алтындан берилчү нисаб көлөмү:

O 85 грамм O 595 грамм O 95 грамм

4. Күмүштөн берилчү нисаб көлөмү:

O 200 грамм O 595 грамм O баардыгы туура

5. Зекет берилчү малдын түрлөрү: төө, уй, бука, кой, эчки ж.б.
   - туура - туура эмес

6. Жемиштерден зекет берилбейт.
   - туура - туура эмес

7. Оттогон мал деген бул..?

O баасы кымбаттаган мал

O бир жыл бою же жылдын көбүнчөсүн жайытта ээн эркин оттоп жүргөн мал.

8. *Кедей* деп айтканда *кембагалдар* да ошого киреби?
   - ооба - жок

9. Кедейлерге зекеттен канча убакытка жете тургандай каражат берилет?

O бир жылга O бир айга

10. Зекет чогултуучу деп кимди айтса болот?

O Чогулткандын баары эле айтыла берет

O Бир гана эл башчысы орундаган адамдар

11. “Дили бурулчу адамдарга” Ислам динин кабыл алуусунан үмүт жок каапырлар да кирет.
   - туура - туура эмес

12. Эгер адам өзүнүн кулуна азаттык тартуулаган учурда деле зекет бериши керек.
   - туура - туура эмес

13. Кедей адам бир байга акча карыз эле. Анан ал бай зекет деген ниетте ошол карызды кечип коеюн деди. Ошол кечкени зекет деп эсептелеби?
- ооба - жок
14. Жакшылыка сарпталган каражаттын баары - “*Аллахтын жолунда*” деп эсептелет. Мисалы, мечит салуу.
- туура - туура эмес

15. Баалуу каражаттан берилчү зекеттин көлөмүн эсептеш үчүн, аны кыркка бөлүш керек.
- туура - туура эмес

16. Ээн эркин оттоп жүргөн малдан гана зекет берилет. Тиричиликте күч катары колдонулган малдан, жана ошондой эле өзү оттобостон, ээси жем-чөп берип баккан малдан зекет берүү милдет эмес.
- туура - туура эмес
17. Табигый эмес, өздөштүрүү ыкмасында суугарылган мөмө жемиш жана дан азыктарынын – 1/20 бөлүгү зекетке берилет.
- туура - туура эмес
18. Сөзсүз зекет берилчү мүлктүн түрүн белгиле:

О took О азык-түлүк дүкөнү О пальма фермасы

О 85 грамм алтын О ээн эркин оттогон төөлөр

О тоютун ээси камдап багылган койлор

19. Акча каражатынан берилчү зекеттин көлөмү:
- 2,5 % - 5%
20. Сексен грамм алтындын канчасын зекет кылыш керек?

О эки грамм. О төрт грамм.

О бул көлөмдөгү алтындан зекет берүү милдет эмес.

21. Турак жайларга дагы зекет берилеби?
- ооба - жок
22. Жол улаган мусаапырдын баарысы зекет алууга укуктуу.
- туура - туура эмес

23. Зекеттин көлөмүн эсептеп көр:

| Каражаттын түрү | Көлөмү | Калдыгы |
|---|---|---|
| 100 *Дирхам* | | |
| 300 *Динар* | | |
| 400 *Дирхам* | | |
| 80 грамм алтын | | |
| 500 грамм күмүш | | |
| 30 кой | | |
| 60 кой | | |
| 565 кой | | |
| 4 төө | | |
| 17 төө | | |
| 449 төө | | |
| 30 уй | | |
| 49 уй | | |
| 77 уй | | |
| 99 уй | | |
| 20 миллион сом | | |
| 40 сом | | |
| 45679 сом | | |
| 255 саа' буудай | | |

## Үчүнчүдөн: Орозо кармоо

Араб тилинде “*сыям*”- сөзү: *кармануу* (имсак) деген мааниде колдонулат. Шарияттык мааниси болсо: даана таң аткандан тартып күн батканга чейин тамактануу, суусундук ичүү жана башка орозону бузуучу амалдардан тыйылып, ошол аркылуу Аллахка ибадат кылуу - дегенди түшүндүрөт.

### Орозонун түркүктөрү

1- Ниет

2- Орозону бузуучу амалдардан оолак болуу

**Парз орозого ниет кылуу (милдеттүү)**

Бул учурда, мейли түндө болсун же таң алдын болобу, айтоор сөзсүз алдын ала ниет болушу зарыл. Рамазан айынын башында кылынган ниет ошол айдын аягына чейин деп эсептелет. Ниеттин орду жүрөк болгондуктан, тил менен айтуу бидаат (динге жаңылык киргизүү) деп эсептелип, андайга тыюу салынган.

**Нафил орозого ниет кылуу (ыктыярлуу)**

Күндүн уландысында, орозону бузуучу амалдардан эч бирин кыла элек болсо, дароо ниеттенип орозо тута берсе болот. Бирок орозонун сообу ниеттенген маалдан тартып жазылат.

### Орозонун түрлөрү

**Милдеттүү түрдө тутулчу орозо:**

1. Рамазан айы келгенде
2. Касам ичип, убада берген болсо
3. Кемчиликтин ордун толуктоо максатында (каффарат)

**Ар ким өз ыктыярында тутчу орозо:**

Орозонун башка түрлөрүнүн баарысы

## Орозого милдеттендирген шарттар

1- Мусулман болуу.
2- Акыл эси жайында болуу.
3- Балакатка келип, жетилүү (булюг). Ал эми ар нерсени айырмалап калган курактагы баланы (таймиз), багарманы аны орозо тутууга кызыктар кылып, үгүттөп турушу керек.
4- Өз үйүндө же жеринде болуу. Демек, сапардагыларга орозо - милдет эмес. Бирок орозодон кыйналбагыдай болсо, пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүнө ылайык, орозо кармаганы абзел. Бул учурда ал милдетинен эрте кутулуп, жеңилдик алып, берекелүү айдын пазилетине туш болот.
5- Орозо кармай алгыдай саламаттыкта болуу.
6- Этек кири же төрөттөн кийинки кандан таза болуу.

## Орозо учурунда сыркоологон абал эки түрдө болот

### Айыкпас ооруга чалдыккан адам

Орозо кармай албаган, улгайган адамдар да ушул тайпадан. Мындай адамдарга орозо кармоо - парз эмес, бирок орозонун ар бир күнүнө бирден кембагалды тойгузушу керек. Же болбосо Рамазан айындагы күндөрдүн санына ылайык кедей-кембагалдарды чоогу бир тойгузат. Же болбосо ар бир кедейге *“са”* деген өлчөмдүн төрттөн бир бөлүгүнө барабар тамак таратат. Бул жакшы сапаттагы буудайдын 510 граммына тете. Ошондой эле эт аралаш тамак болгону да абзелирээк.

### Айыга турган оору, бирок орозо кармаганга жолтоо жаратат.

Этек кири же төрөттөн кийинки кандан тазалана элек аялдар, сапар улап жүргөндөр жана бала эмизгендер дагы ушул тайпадан. Мындай адамдар айыккан соң, орозодо калтырган күндөрүн толуктап ооз бекитет. Эгерде айыгып, карыз орозосун толуктай электе каза тапса, анда мойнундагы милдеттен бошотулат.

## Рамазан айы келгендиги кантип тастыкталат?

Айдын жаңырганынан байкалат, болбосо Шаабан айын отуз күн кылып аяктап туруп, кийинки күн Рамазандын биринчи күнү деп саналат.

## Орозону бузуучу амалдар:

1- Атайлап жеп-ичүү. Унутуп калып жеп же ичип алса, орозосу бузулбайт.

2- Ооз ачыла элек маалда жыныстык катнашта болуу. Бул учурда каффараттын өтө оор түрү менен гана толуктай алат. Ал үчүн: бир кулга азаттык тартуулайт, эгер ага алы келбесе, анда эки ай катары менен орозо тутат, аны да кыла албаса, анда алтымыш кедейдин курсагын тойгузат.

3- Өбүшүү, кучакташуу ж.б. ушул сыяктуу себептердин айынан эркектин бел суусу чыккан болсо. Бирок уйку учурунда түшүркөп калса орозо бузулбайт.

4- Тамак-аштын ордун басчу нерселер. Мисалы, ийне аркылуу кан тамырдан азыктандыруучу дары куйдуруу. Азык түрүндө болбогон ийне алуу, же көз-мурунга тамызчу дарылар орозо бузбайт.

5- Хиджама аркылуу кан чыгаруу. Ал эми анализ тапшыруу максаты сымал, алынган аз өлчөмдөгү кан орозону бузбайт.

6- Атайлап кусуу

7- Этек кир же төрөттөн кийинки кандын чыга баштаганы.

## Орозо кишиге уруксат:

Шилекейин жутууга, керектүү учурда тамактын даамын татууга (жутуп албоо шарты менен), сууга сүзүү, ооздун ичин тазалоочу аспаптарды колдонуу (мисвак, тиш щетка), атыр колдонуу, салкындап сергип алуу максатында сууга түшүү.

## Орозо учурундагы ыктыярлуу амалдар

1. Саарлыкта тамактануу.
2. Саарлыктагы тамактанууну таң чыгаар маалга чейин кечиктирүү.
3. Ооз ачканга шашылуу (күн кирээри менен ооз ачуу).
4. Так сандагы жаңы курмалар менен ооз ачуу. Эгер жаңысы жок болсо кургатылганы деле жарайт. Ал эми такыр курма жок болсо – суу менен ачат. Эгерде ооз ачууга эч нерсе таппаса, жүрөгүндө ооз ачууга ниет кылат жана ошол жетиштүү.
5. Оозу бек маалда, ошондой эле ооз ачаар алдын көп дуа кылуу.
6. Көбүрөөк садака берүү
7. Түнкү намаздарга көбүрөөк туруу
8. Куран китебин окуу
9. Кичи ажылык (умра) аткаруу
10. Жаман сөз айткан адамга: - “Мен орозомун”- деп жооп кайтаруу
11. Кадыр түндү издеп, тосконго аракет кылуу (айдын 10 акыркы түнү, же ошол 10 түндүн так түндөрү, же 27-түнү)
12. *Иттикаф* – ибадат кылуу максатында, Рамазан айынын акыркы он күнүн мечиттен өткөрүү.

## Орозо учурундагы терс көрүнүштөгү амалдар

1. Ооз-мурунду чайкоодо аша чабуу.
2. Зарылсыз тамактын даамын татып көрүү.

## Орозо туткан адамга тыюу салынат

1. Какырык жутуу. (бирок мындан орозо бузулбайт)
2. Орозосун бузуп алууга шектенген адам өбүшүүдөн тыйылышы керек.
3. Жалган айтуу. (буга башка арам иштер дагы кирет)
4. Наадандык (тартипсиздик, оройлук ж.б.)
5. Висаль. (эки же андан ашык күндөрү, катары менен ооз ачпастан орозо кармай берүү)

## Нафил орозо

1. Шавваль айынын 6 күндүк орозосу. Бул Рамазан айынын орозосун толук кармаган (же казасын толуктаган) адам үчүн. Эң жакшысы майрамдан кийин дароо бул күндөрү үзгүлтүксүз орозо кармоо
2. Ажылыкта жүрбөгөндөргө Арафа күнү орозо тутуу
3. Ашура күнү орозо тутуу (Мухаррам айынын онунчу күнү), тогузунчу жана он биринчи күндөрү менен бирге.
4. Дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү. Дүйшөмбү күнкү орозо көбүрөөк тастыкталган.
5. Ар айда үч күн. "Ак күндөрү" (толгон ай күндөрү) болсо жакшыраак (хижрат календары боюнча ар айдын 13, 14, 15 күндөрү)
6. Күн алыс орозо тутуу (бир күн кармап, бир күн ооз ачуу. Бул Дауд пайгамбардын орозосу - эң жакшы орозо, мындан артык жакшы болбойт)
7. Аллахтын айы - Мухаррам айында
8. Зуль Хижжа айынын алгачкы тогуз күнү
9. Шаабан айында орозо кармоо, бирок айды толугу менен

## Макүрөө (жагымсыз) орозо

Бир гана жума күнү, же бир гана ишемби күнү, же бир гана жекшемби күнү өзгөчөлөп орозо кармоо (ага чейинки же андан кийинки күнү кошо орозо кармабастан). Бирок башка бир себеби бар орозо күндөр бул күндөргө туш келип калса анда уруксат, мисалы Арафа күнү.

## Орозого тыюу салынат:

1. Ражаб айын өзгөчөлөп орозо кармоо
2. «Шек күнү» орозо тутуу (бул 29-чу Шаабанда булут же башка себептердин айынан жаңы айдын чыкканы же чыкпаганы билинбей, шектүү болуп калган күн). Ал эми адамдын такай кармап жүргөн орозосу ушул күнгө туш келип калса тыйуу салынбайт.
3. Эки майрам күндөрү (Орозо айт менен Курман айт)
4. Ташрик күндөрү (Курман айттан кийинки 3 күн). Бир гана ажылыкта жүргөн адам мал сойдура албай калган болсо (хадий), анда ал орозо кармайт.
5. Үзбөстөн такай орозо кармап жүрүү.

## Орозонун карыздарын толуктоо

Орозонун карыз күндөрүн бөлүп-бөлүп толуктабай, бир кармап кутулган абзел. Ошондой эле айт майрамынан кийин дароо баштаганга шашылыш керек. Кийинки Рамазанга чейин кечиктирген болбойт. Эгерде кийинки Рамазанга чейин кечиктирген болсо, анда кармабай калган күндөрүн гана толуктайт, бирок кечиктиргени үчүн ага күнөө жазылат.

## Аль-Фитр зекети. (Битир садака)

Кимде-ким мусулман болуп туруп, майрам күнү жана түнү, өзү жана үй-бүлөсү тойгудай тамак-ашка ээ болсо. Ошол азыгы анын муктаждыгын кандыргандан тышкары, бир *са'* өлчөмүндө ашыкча болсо, жана ушундай абалда Рамазан айынын акыркы күн батышына күбө болсо, ал адамга - фитр садака берүү важип болот. Эненин курсагындагы бала үчүн да фитир садака берүү мустахаб.

### Битир садаканын максаты

1. Кармаган орозону кемчиликтерден (пайдасыз же жаман сөздөрдөн) тазалоо
2. Кембагал кедей адамдарды майрам күнү башкаларга муктаждыктары менен кайрылуудан бошотуу

### Аль-Фитр садакасын берүү убактысы

| Уруксат: | Ыктыярлуу | Тыюу салынат: |
| --- | --- | --- |
| Майрамга чейин бир же эки күн мурда берүүгө уруксат | Эң жакшысы - майрам күнү багымдат намаздан кийин айт намазга чейинки убакытта берүү | Айт намаздан кийин берүүгө тыюу салынат. (*берсе болот, бирок ал жөн эле садака катары каралат*) |

## Битир садаканын өлчөмү

Адамдар тамактана турган негизги азык-түлүктөн бир *са' (бир са' - 2 кг 40 грамм жакшы буудайдын көлөмүнө барабар)* өлчөмүндөберилет, акча менен фитр садака берүү жарабайт.

## Айт намаз

Айт намазы баарына парз болот. Күн чыгыштан найза бою көтөрүлгөндөн тартып, так төбөгө келген убакытка чейин окулат. Ким намаздан калып калса анын казасын толуктабайт (өзүнчө дагы окубайт). Жашаган үйлөрдөн сырткары ачык ээн талаада айт намазды окуу - сүннөт, бирок мечитте деле окууга уруксат. Намазга бараардан мурда так сандагы курма жеп чыгуу, ошондой эле жуунуп тазаланып гусул алуу, атыр себинүү, эң жакшы кийимден кийүү, намазга бир жол менен барып башка жол менен кайтып келүү – ушунун баарысы мустахаб (сооптуу) иштер болуп эсептелет (Ал эми Курман айт намазга эч нерсе жебей чыгуу сүннөт). Төмөнкү сөздөр менен адамдарды куттуктаса болот:

***«Сизден жана бизден Аллах кабыл кылсын!»***

**تقبل الله منا منكم**

***/Такъаббаля-Ллаху минна ва минкум/***

Майрамга караган түндөн баштап майрам күнү күндүн батышына чейин такбир айтуу сүннөт.

Такбир сөздөрү: ***«Аллах Улук, Аллах улук!***
***Аллахтан башка (сыйынууга татыктуу) кудай жок!***
***Аллах Улук, Аллах Улук, Аллахка мактоолор болсун!»***

**الله أكبر الله أكبر لا إله إلا الله**
**والله أكبر الله أكبر ولله الحمد**

***/Аллаху акбар. Аллаху акбар. Ля илааха илля-Ллах.***
***Уа-Ллаху акбар. Аллаху акбар, уа ли-Ляхи-ль-хамд/***

## Айт намаздын баяндамасы

Айт намаз эки рекеттен турат жана хутбага чейин окулат. Биринчи рекетте намазга кирүү такбиринен (такбиратул ихрамдан) кийин алты жолу такбир (Аллаху акбар) айтылат. Экинчи рекетте Куран окууну баштаардан мурда, туруу такбиринен кийин беш такбир айтылат.

# Орозо жөнүндө суроолор

1. Орозонун канча түркүгү бар?

   O 2 O 3 O 4

2. Кимге орозо кармоо парз (милдет) болуп эсептелет?

   а) ……………………………………………………………………………
   б) ……………………………………………………………………………
   в) ……………………………………………………………………………
   г) ……………………………………………………………………………

3. Ар бир оорулуу адам орозо тутпашы керек.

   - туура - туура эмес

4. Кийинки жагдайларга шарият чечимин/абалын/өкүмүн баянда:

| Суроо/жагдай | Өкүм |
|---|---|
| Таңкы намаздан кийин орозо кармаганга ниеттенди | |
| Ниети жок эле орозо кармоо | |
| Наристенин ооз бекитүүсү | |
| Сапардагы адамдын орозо кармоосу | |
| Төрөттөн кийинки келүүчү каны токтой элек аялдын орозо тутуусу | |
| Үзүрлүүнүн орозосу (оорулуунун) | |
| Оозу бек болуп туруп бир нерсе жеп алды | |
| Орозо учурунда курамында азыктандыруучу заттар кошулган ийне алуу | |
| Көз-мурунга тамызчу дарылар | |
| Анестезия сайдыруу | |
| Хижама | |
| Кусуу | |
| Шикелей жутуу | |
| Тамактын даамын татып көрүү | |

| | |
|---|---|
| Уйку | |
| Жуунуп, тазалануу (душ, баня) | |
| Сергиш үчүн жуунса (көл, бассейн) | |
| *Мисвак* колдонуу (тиш щетка) | |
| Арчалоо же башка жыттуу нерселерди түтөтүү | |
| *Саарлык* убактысы | |
| Саарлыкта эмне жеген жакшы? | |
| Кайсы тамак менен ооз ачкан жакшы? | …………………........................................<br>эгер жок болсо<br>………………………..............…..<br>ал жок болсо ………………...…..<br>ал да жок болсо<br>………………………………….. |
| Таравих намазы | |
| *Рамазан* айындагы орозо | |
| Ооз жана мурунду чайкаганда аша чабуу | |
| Өбүшүү | |
| Висаль – эки же андан ашык күн катары менен ооз ачпастан орозо кармай берүү | |
| *Шааваль* айындагы 6 күндүк орозо | |
| *'Арафа* күнү орозо кармоо | |
| *Шектик* күнү орозо кармоо | |
| *Айт* күндөрү орозо кармоо | |
| *Ташрик* күндөрү орозо кармоо | |
| *Мухаррам* айында орозо кармоо | |
| *Ражаб* айында орозо кармоо | |
| Бир жыл бою орозо кармоо | |
| Жума күнү орозо кармоо | |
| Орозонун карыз күндөрүн кийинки Рамазанга чейин кечиктирүү | |

## Төртүнчү: Хадж

Хадж – бул Исламдын бешинчи түркүгү. Эгерде мусулмандын акыл-эси ордунда болуп, эркиндиги жана мүмкүнчүлүгү бар болсо, ага ажыга баруу милдет болуп саналат. Аялдарга болсо ажылык сапарда махрамынын коштоосу зарыл.

Ажылыктын төрт түркүгү бар:

### Ихрам

Ажылыктын ырым-жырымдарын баштоого ниеттенүү

### Арафатта туруу

Зуль-Хиджа айынын тогузунчу күнү, күн төбөдөн батышка жылып, айт күнү таңдан шыкаалаганга чейин. Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Арафатта туруу - ажылыктын маңызы”***

### Таваф аль-Ифада

Арафатта турган соң, келип Каабаны тегеренүү.

### Са'й

Сафа жана Марва дөбөлөрүнүн ортосунда чуркап же басуу.

Аллах Таала айтат: ***“Чындыгында Сафа менен Марва Аллахтын белгилеринен”***

Бакара. 158-аят

## Ажылык түрлөрү

### *Ифрад*

Бир гана Хадж аткарууга ниеттенүү. (Умра-кичи ажылыгын кошпостон)

### *Кыран*

Умраны Хаджка кошуп чоогу аткарууга ниеттенип, бир жолу ихрамга кирген соң, баардык ырымдарын аткарып бүткүчө андан чыкпайт. Ошондой эле курмандык чалуусу милдет.

### *Таматту'*

Хадж айларынын биринде ихрамга кирип, Умра аткарган соң, андан чыгып. Кайра эле ошол жылы Хадж кылат. Ошондой эле курмандык чалуусу милдет.

## “Он төртүнчү сабактын” түшүндүрмөсү

### Хаджтын милдеттери (уажибат)

Кийинки амалдардын бирөөсүн эле аткарбай калган адам - курмандык чалуу менен гана кутулат. Харам аймагында кой союп, анын этин Меккенин колунда жок жашоочуларына таратат. Зыяратчы өзү ал эттен жегенге болбойт.

- *Микат* чегинде *Ихрамга* кирүү
- Күндүз орун алган адамга, күн батканга чейин Арафатта туруу
- *Муздалифа* өрөөнүндө түн өткөрүү
- *Ат-Ташрик* түндөрүн *Мина* өрөөнүндө өткөрүү
- *Жамараттарга* таш ыргытуу
- Чачтарын кырып же тегиздөө

Хаджтан кийин бир нече ай өткөн болсо дагы, Меккеден кетчүлөргө коштошуу таваф кылып, Каабаны айланып чыгуу милдет.
Бир гана этек кири же төрөттөн кийинки каны келип баштаган аялдардан башка.

### *Хадж жана Умранын микаттары*

**Аймактар:**

-***Зуль-Хулейфа*** - Медина аркылуу бара жаткандарга, же ошол жакта жашагандарга.
-***Аль Джухфа*** – Шам, Египет жана Марокко өлкөлөрүнүн тургундарына
-***Карн аль-Маназил*** – Нежда тараптагылар
-***Яламлам*** - Йемендиктерге
-***Зат Ирк*** – Ирак тараптагыларга

**Убакыттар:**

Хадж айлары: Шавваль, Зуль-Каада жана Зуль-Хиджа.

Чоң ажылык ушул айларда гана аткарылат.

Умра: кичи ажылык болсо эч кандай убакыт менен чектелген эмес.

**Хадж учурундагы ыктыярлуу иштер**

- Ихрамга кирээр алдын жуунуп, атыр себинүү
- Эркетерге эки бөлүк ак кездеме менен оронуу.
- Ихрамга кирээрден мурун тырмак, чач сыяктуу, кыскартылууга тийиштүү нерселерден кутулуу
- Ихрамга киргенден баштап, Жамараттарга таш ыргытканга чейин тальбия сөздөрүн кайталоо
- Хадж-Ифрад же Хадж-Кыран аткаруу макстында келгендер үчүн, келээр замат кылынчу таваф (Таваф аль-кудум).
- Каабаны тегеренип басууда, башкы үч айлануусун батыраак басуу
- Биринчи тавафты оң ийинди жылаңачтап аткаруу
- Муздалифага келгенде Шам намазы менен Куптан намазын, Шам убагында бириктирип окуу
- Арафатка тураар күндөн мурунку түндү Мина өрөөнүнөн өткөрүү
- Кара ташты өбүү
- Таң алдын күн чыгайын деп калгыча Муздалифада болуу. Кайсы жеринде экендиги айырмасыз, Муздалифа аймагында болсо болду.

## Ихрам абалында эмне кылууга болбойт?

**Мындай иштен тогузоо:** Дененин кайсы бөлүгү болбосун, чач алууга, тырмак алууга, эркектерге жабыша турган баш кийим кийүүгө, көктөлгөн кийим кийүүгө, дене түзүлүшүнө ылайык тигилген кийим кийүүгө, аялдарга никаб же кол кап кийүүгө, атыр себинүүгө (жыпар жыттуу самын дагы ушуга кирет), кургак жерде мергенчилик кылууга, нике кыюу же кыйдырууга, жыныстык катнашка, аял-эркектин бири-бирине дүүлүгү менен тийүүсүнө тыюу салынат.

Кимде ким айтылгандардын бирин, унутуп калуу, билбестик же мажбурлануу себептүү кылган болсо, ал кылыгынын ордун эч нерсе менен толуктабайт. Бир гана кургакта мергенчилик кылган адам, ошол кылыгын толукташы керек. Ал эми билип туруп атайлап жасаган кезде, бул маселе төрткө бөлүнөт:

| Эч нерсе менен толуктабайт: | Так өзүндөй кылып толуктайт: | Өтө оор ыкмада толуктайт | Оорулуу сыяктуу ыкмада ордун толуктоо |
|---|---|---|---|
| **Нике** маселелери жана **дүүлүгүп тийүү** маселеси. Эгер тийген учурда уруктук чыкпаган болсо эч кандай иш аракет аткарбайт. Бирок тооба кылышы керек.. | **Кургакта мергенчилик кылуу**. Аң уулап бир айбанатты өлтүргөн болсо, ошондой жаныбар менен ордун толуктайт. Ишеничтүү солих адамдан экөө чечим чыгарып берет. | **Жыныстык катнаш.** Кимде-ким ихрам абалында жыныстык катнаш кылган болсо, анын ажылыгы бузулат. Бирок ал аягына чыгарып туруп, кайра бир жасашы керек. Андан тышкары ал бир уй же бир төөнү курмандыка чалышы керек. | **Калган тыюу салынган амалдар.** Мисалы зыяратчы өзү тандаганга ыктыярлуу. Каалаcа үч күн орозо кармайт, болбосо алты кембагалдын курсагын тойгузат. Алардын ар бирине жарым ***са`*** тамак берет. Же болбосо бир кой союп, этин Меккеде жашаган колунда жок адамдарга таратат. |

## “Он төртүнчү сабактын” түшүндүрмөсү

### Хадж күндөрүнүн аталыштары

- **Тарвия күнү.** Зуль-Хижжа айынын 8-күнү. Бул күнү Мина өрөөнүнө суу алып келишчү.
- **Арафат күнү.** Зуль-Хижжа айынын 9-күнү.
- **Айт күнү.** Же курмандык чалуу күнү. Зуль-Хижжа айынын 10-күнү.
- **Тынчтануу күнү.** (Карр) Зуль-Хижжа айынын 11-күнү.
- **Кетээрдеги биринчи күн.** (Нафр) Зуль-Хижжа айынын 12-күнү.
- **Кетээрдеги биринчи күн.** (Нафр) Зуль-Хижжа айынын 13-күнү.

Айтка чейинки түн - *Биригүү түнү* деп аталат. Арафатта туруудан кийин, адамдардын кайра биригишинен улам ушундай аталып калган. Исламга чейин Меккенин жашоочулары андай турушчу эмес.

### Хадж учурунда дуа кылса жакшы деп эсептелген 5 аймак.

- Айдын тогузунчу күнү, түшкү маалдан күн батаарга чейин, Арафатта турган кезде
- Онунчу күнү Муздалифа өрөөнүндө таңкы намаздан күн чыгаарга чейинки кезде
- Ат-Ташрик күндөрү кичи жана орточо жамараттарга таш ыргытып бүткөн кезде
- Каабаны айланып жүргөн маалда
- Сафа жана Марва дөбөлөрүнүн ортосунда жүргөн кезде

## Хадж жана Умранын аткарылышына баяндоо

Шейх Мухаммад ибн Солих Аль-Усеймин (Аллах ага ырайым кылсын) айтат:

Микатка жеткенде гусул алгыла, анан дене-мүчөлөргө (баш, сакал) жыпар-жыттуу атыр сыйпагыла. Анан “таматту” кичи ажылыгын аткарууга ниеттенип ихрам абалына өтүп, Меккени көздөй жөнөгүлө. Аль-Харам мечитине жеткениңерде Каабаны жети жолу айлангыла, бул - Умрага таваф болот. Билип алчу нерсе, баардык мечиттин аймагы таваф кылууга жарай берет. Эгер Каабага жакын айланууга мүмкүнчүлүк болсо, жакындаган жакшы. Ал эми түртүшүп, тыгылыша турган тоскоолдугу болсо, анда алыстан эле аткара бергиле. Аллахка шүгүр, бул маселеде тандоо кененчилиги бар. Таваф бүткөн соң, Ибрахим турган жердин (макам) аркасынан эки рекет намаз окугула. Колдон келишинче жакын окуган оң, а бирок мүмкүнчүлүк жок болсо, алыстан деле окуса болот, эң башкысы ал жер Кааба менен силердин ортоңордо калышы керек. Аны бүтүп Умрага тиешелүү: Сафа жана Марва дөбөлөрүнүн ортосундагы жүрүшкө жөнөгүлө. Сафадан баштоо керек. Эки дөбө ортосун жети жолу басып өткөн соң, барып чачыңарды алдыргыла. Кичине эле кыскартып коюу болбойт, көпчүлүктүн кылганына алданбагыла.

Зуль-Хиджа айынын сегизинчи күнү гусул алып, атыр сүйкөнүп, Хадж кылууга ниеттенип, келген жериңерден ихрамга өткүлө. Анан Мина өрөөнү көздөй жөнөгүлө дагы, ал жактан зухр, аср, магриб, иша жана фажр намаздарын окугула. Төрт рекет намаздарды кыскартып окугула, бирок сапардагыдай эки намазды бир маалда окубагыла, анткени пайгамбарыңар ﷺ Мина жана Меккеден намаздарды кыскарткан, бирок бириктирген эмес. Тогузунчу күнү (Арафат күнү) күн чыкканда, баш ийүү менен тальбия сөздөрүн айтып Арафатка жөнөгүлө. Ал жактан намаздарды эки рекеттен кыскартып, зухр маалында асрды кошо окугула. Андан соң дааратыңарга көңүл буруп, Кааба тарапка бет алып, дуа кылып, Аллахка кайрылууга киришкениңер оң. Арафат тоосу арканарда калса дагы, Кааба тарапты карашыңар керек, анткени шариятта ошондой көрсөтүлгөн. Арафаттын тегерегиндеги чектөө белгилерине көңүл бургула, анткени көбүнчө зыяратчылар Арафаттын чегинен чыгып кетишет. Ал эми ким Арафатта турбаган болсо, анын ажылыгы жараксыз.

Буга далил болуп пайгамбарыбыздан ﷺ хадис келет: **“Ажылыктын мааниси – Арафатта туруу”**. Уран өрөөнүнөн башка, Арафат тоосунун төрт тарабындагы аймактын баарында турууга болот. Буга далил болуп пайгамбарыбыздан ﷺ хадис келет: **“Мен мына ушул жерге турдум, бирок Арафаттын бүт аймагы – тура турчу жер”**.

Күн баткандан кийин пайгамбарыңардын ﷺ буйругуна ылайык, тальбия сөздөрүн кайталап, жайбаракат, колдон келишинче багыныңкы абалда Муздалифага жөнөгүлө. Пайгамбарыбыз ﷺ Арафаттан жолго аттанганда, төөсүнүн башы ээр учуна түзөлгүдөй тизгинин бекем тартып, колу менен белги берип: **“Жайбаракат, оо элдер, жайбаракат!”** – деп айткан.

Муздалифага жеткенде магриб менен иша намаздарын окугула, жана таң аткыча ошол жерде болгула. Араңарда алсыздар болсо, түн аягында өрөөндөн кете беришсе болот. Фажр намазын окуп бүткөндөн кийин, Каабага жүздөнүп Аллахты улуктагыла. Алкыш-мактоолорду айтып, Ага жалынып жалбарып, күн чыгайын деп калгыча дуа кылгыла. Анан күн чыгып кеткиче Мина өрөөнүн көздөй аттангыла. Анан жети таш чогултуп алып, башка жамараттарга караганда Меккеге жакыныраак жайгашкан - акыркы жамаратка баргыла. Күн чыккандан кийин ирээти менен жети ташты жамаратты көздөй ыргыткыла. Ар бир ташты багыныңкы абалда, Аллахты мактап, улуктап (**Аллаху Акбар** деп айтып) ыргыткыла. Таш ыргытуу максаты Аллахты эскерип, улуктоо экенин эстен чыгарбагыла. Таштын түркүкө тийиши шарт эмес, башкысы ошол тегерегиндеги бассейнге түшсө болду. Таш ыргытып бүткөндөн кийин курмандык чалуу (хадй) башталат. Курмандык чалынгандан кийин чачыңарды алдыргыла. Башты тасырайта чачтардын баардыгын кырдыруу керек, бир бөлүгүн гана алдырып койгон жарабайт. Аялдарга болсо төрт манжалык узундукта кыркуу мыйзамдалган. Жогоруда айтылган амалдарды аткаруу менен ихрам абалынан чыгуунун биринчи баскычы орундалат. Эми силерге: башка кийимдериңерди кийүүгө, тырмак алууга, атыр сүйкөнүүгө уруксат. Бирок аялыңар менен жыныстык катнаш кылуу дагы эле тыюу салынган. Кийин зухр намазына чейин Меккеге барып, Каабаны айланып, чоң ажылык (Хаджтын) тавафын аткаргыла. Ошондой эле Сафа жана Марва дөбөлөрүнүн ортосунан жүрүш жасагыла да, кайра Минага кайткыла. Каабаны айлануу, Сафа жана Марва жүрүшү, таш ыргытуу жана чач алдыруу аяктаган соң, силер толук ихрамдан чыккан болосуңар. Эми силерге ихрам абалы тыйган иштердин баардыгы уруксат.

Оо, адамдар! Майрам күнү зыяратчы төрт иш аткарат: Жамаратка таш ыргытуу, курмандык чалуу, чач алдыруу жана Каабаны айланып, Сафа менен Марванын ортосунда жүрүш жасоо. Бул амалдардын так ушундай ирээт менен аткарылганы дурус. Бирок ирээти бузулуп, мисалы, курмандык чалууга чейин чач алынып калса, эчтеке болбойт. Ошондой эле Каабаны айлануу, Сафа жана Марва жүрүшү сыяктуу амалдарды Минадан кетээр маалга жылдырып койсоңор дагы эч нерсе болбойт. Курмандык чалуу маселесинде дагы, өзгөчө кандайдыр бир муктаждык себептүү же бир пайдасына карап, он үчүнчү күнгө жылдырып, кийин Меккеден аткарсаңар дагы боло берет. Айдын онунчу түнүн Мина өрөөнүнөн өткөргүлө. Он биринчи күнү түштөн кийин, баардык үч жамаратка тең ирээти менен жетиден таш ыргыткыла. Ар бир ташты ыргытуда Аллахты улуктап **(Аллаху Акбар деп айтып)** тургула. Айт күнү таш ыргытуу маалы – мүмкүнчүлүгүнө жараша күн чыккандан кайра батканга чейинки убакыт. Эгерде адамда алсыздык болсо, анда айт күнүнө чейинки түндүн аягында эле баштаса болот. Ал эми башка күндөрү таш ыргытуу убакыты түштөн кийин башталып, күн батканда бүтөт. Түшкө чейин таш ыргытууга тыюу салынат. Күндүз көпчүлүктүн айынан тыгылыш болуп калса, анда кечинде ыргытууга уруксат. Кимде-ким жаштыгынан же карылыгынан улам, же бир оору себептүү бул амалды аткара албаса, башка бирөөнө табыштап коюуга уруксат. Таш ыргытууга табышталган адам өзүнө да, башка бирөө үчүн дагы бир эле жерден ыргыта берсе болот, бирок өзү үчүн биринчи ыргытышы керек. Он экинчи күнү таш ыргытып бүткөндөн кийин ажылыктын амалдары аяктайт. Силерге эми тандоо берилет, кааласаңар Минадан ошол эле күнү кете бересиңер, же болбосо Минага дагы бир түнөп, он үчүнчү күнү түштөн кийин жамараттарга дагы бир ирет таш ыргытып, анан жолго чыксаңар болот. Экинчисин тандаганыңар жакшы, анткени пайгамбарыбыз ﷺ ошондой кылган.

Меккеден кетээр алдын, коштошуу тавафын аткарып, Каабаны айланып чыккыла. Бирок бул этек кири же төрөттөн кийин келүүчү каны келе баштаган аялдарга тиешеси жок. Аларга мечиттин эшигине жакындап, ошол жерге турууга да уруксат берилбейт.

# Ажылык тууралуу суроо-жооп

1. Кайсы шартта ажыга баруу милдет болуп калат?

а). ………………………………………………………………………

б). ………………………………………………………………………

в). ………………………………………………………………………

г). ………………………………………………………………………

в). Аялдарга тиешелүү ………………………………………………….

2. Ажылыктын канча түркүгү бар?

О 2 О3 О 4

3. Ихрам – ажылыктын түркүктөрүнөн. Ийини жана белден ылдый оромол менен жабылат.

- туура - туура эмес

4. Таваф аль-Ифада менен Таваф аль-Кудум, өкүмүндө бири-биринен айырмаланат. Биринчиси – түркүк, экинчиси – ыктыярлуу амал.

- туура - туура эмес

5. Аллахтын элчиси ﷺ үч жолу ажылык аткарган.

- туура - туура эмес

6. Эгер адам ажылыкты милдет кылуучу шарттарга ээ болсо, дароо ажыга баруусу керек.

- туура - туура эмес

7. Мадина шаарынын жашоочулары *ихрам* абалына * Яламлам* микатынан киришет.

- туура - туура эмес

8. Умра кылууга микат мөөнөтү (амалды аткаруу үчүн чектелген убакыт) бул Рамазан айы.

- туура - туура эмес

9. Бош жерлерин толтур: Хадж жана Умра жашоодо _____ дегенде бир жолу ___________ керек. Кимде-ким _______ менен жакындык кылбай, жана ___________ жасабай Хадж кылган болсо, ал күнөөлөрдөн тазаланып, энеден жаңы туулган кезиндей болуп кайтат. Ал эми таза аткарылган Хадж үчүн ____________ башка сыйлык жок.

10. Меккенин жашоочулары, Мекке аймагынан чыгып туруп ихрам абалына киришет.

- туура - туура эмес

11. Ихрам учурунда аялдар ак кийим кийиши керек.

- туура - туура эмес

12. Ихрамга кире турган адамга, _____________ атыр сүйкөсө жакшы, бирок _____________ сүйкөбөй эле койгону оң.

13. Аялдарга көктөлүп тигилген кийим кийүүгө болбойт.

- туура - туура эмес

14. Кайсы учурда оң ийинди жылаңачтоо - ыктыярлуу сооп иштерден?

O Умрадагы таваф O Таваф аль-Кудум

O Меккени зыярат кылуудагы таваф

O Биринчи жана экинчи учурда O Баардык учурда

15. Сафа жана Марва дөбөлөрүнүн оротосунан тез ылдамтыкта жүрүү керек.

- туура - туура эмес

16. Сафа жана Марва дөбөлөрүн өтөөрдө биринчи Марвадан баштайт.

- туура - туура эмес

17. Зыяратчылар күн баткыча Арафаттан кетиши керек.

- туура - туура эмес

18. Арафатта туруу – чоң ажылыктын түркүктөрүнөн.

- туура - туура эмес

19. Хадж амалдары _____________ күнү башталып, _____________ күнү аяктайт.

20. Арафат тоосунун үстүнө чыгуу, шариятта мыйзамдалган эмес.

- туура - туура эмес

21. Курмандык чалуу (*хадй*) “*Хадж таматту”* жана *“Киран”* жасоочуларга милдеттүү. Ал эми “*Ифрад”* кылууда жөн гана ыктыярлуу.

- туура - туура эмес

22. Майрам күнү акыркы жамаратка таш ыргытуу менен тальбия сөздөрүнүн айтылуусу токтотулат.

- туура - туура эмес

23. Ыргытылган таштарадын ошол жамарат түркүгүнүн айланасындагы бассейнге түшүүсү жетиштүү.

- туура - туура эмес

24. Ат-Ташрик күндөрү (майрамдан кийинки үч күн) таш ыргытуу аземи түштөн кийин башталат.

- туура - туура эмес

25. Акыркы жамаратка таш ыргыткан соң, Аллахка дуалар менен кайрылган жакшы.

- туура - туура эмес

26. Хадж ифрад жана Киран кылуучулар, Сафа жана Марва ортосунда жүрүүнү _________________ аткарышат, ал эми Хадж тамatту учурунда ___________________ аткарылат.

27. Кийинки жагдайларга шарият чечимин/абалын/өкүмүн баянда:

| Суроо/жагдай | Өкүм |
|---|---|
| *Наристенин ажылыгы* | |
| *Махрамы жок аялдын ажылыгы* | |
| *Карыздар адамдын ажылыгы* | |

# ОН БЕШИНЧИ САБАК

## Он бешинчи сабак: Мусулманга тиешелүү адеп-ахлак

Бул сабакта мусулманга тиешелүү кулк-мүнөз жана адеп-ахлак баяндалат. Мисалы: чынчылдык, ишеничтүүлүк, абийирдүүлүк, уяттуулук, эр жүрөктүк, берешендик, аманатка бекем болуу, Аллах тыйган нерселерден алыс болуу, кошуна-колоңго жакшы мамиле кылуу, муктаждарга колдон келишинче жардам берүү, жана булардан башка Куран жана Сүннөттө айтылган жакшы сыпаттарга ээ болуу.

## Маанилүү:

- **Чынчылдык.** Адам биринчиден өз сөздөрүндө, иштеринде жана ишениминде Аллах менен чынчыл болушу керек. Андан кийин Аллахтын пенделери менен чынчыл болушу керек.
Мунун карама-каршысы – *калпычылык*.
- **Ишеничтүүлүк.** Бул адамдын моюнундагы өтө чоң милдеттерден.
Мунун карама-каршысы – *чыккынчылык*.
- **Абийирдүүлүк.** Арам нерселерден өзүн тыйгандык.
- **Уяттуулук.** Жакшылык кылууга умтулуп, жамандык кылбоо.
- **Жакшы кошуна болуу.** Жок эле дегенде кошунаң жашыргысы келген нерсеге көз салбай коюу.
- **Муктаждарга жардам берүү.** Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***"Бул дүйнөдө момундун кайгысын жазкан адамдын, Кыямат күнү Аллах кайгысын жазат. Эгерде муктаждыктагы адамдын жашоосун жеңилдеткен болсо, Аллах анын жашоосун эки дүйнөдө жеңилдетет. Ким мусулмандын айыбын жашырып койсо, Аллах анын айыбын эки дүйнөдө жашырып коет. Аллах өз кулуна жардамын үзбөйт, качан ал өз бир тууганына жардамын үзүп коймоюн".***

# ОН АЛТЫНЧЫ САБАК

## Он алтынчы сабак: Ислам дининин этикасы

Бул сабакта Ислам этикасы тууралуу кыскача баяндама камтылган. Саламдашуу; кичи-пейилдик; оң колу менен ичип-жегендик; тамак алдын Аллахтын атын эскерүү жана жеп бүткөн соң шүгүр айтуу; чүчкүргөндө Аллахты мактоо жана чүчкүргөн соң мактоо айткан кишиге “Ярхамука-Ллах” (Аллах сени мээримине бөлөсүн) - деп жооп кайтаруу; Ооруп жаткан адамды зыярат кылуу; жаназага туруп, сөөктү мүрзөгө чейин көтөрүшүү жана көмүү; мечит же үйгө кирип-чыгууда, же сапарга аттанууда шарият эрежелерин сактоо; ата-эне, тууган-урук, кошуна-колоң, улуу-кичүү менен болгон мамиледе Ислам адебин кармануу; балалуу болгондорду же баш кошкондорду куттуктоо; көңүл айтуу; кийим же бут кийимди кийип-чечүүгө байланыштуу тартиптер ж.б.у.с. Ислам этикасынын эрежелери.

### Пайдалуу маалымат:

- **Саламдашуу.** Эң жакшы түрү: ***“Ас-Саляму алейкум уа рохмату-Ллахи уа баарокатух”***. Тааныштар менен гана учурашып койбой, баардыгына салам берүү керек. Салам берген адамдан, сөзсүз алик алып, жооп кайтаруу керек.
- **Оң кол менен ичип-жегендик.** Бул милдеттүү иштерден. Тамактанаарда үч манжаны колдонуу керек. Ошондой эле алышып-беришкенде да оң колду колдонуу керек.
- **Тамак алдын Аллахты эскерүү.** **“Бисми-Ллях”** - деп айтуу.
- **Тамактанып бүткөн соң Аллахка шүгүр келтирүү.** Сүннөттө келген кабарга ылайык: **“Аль-Хамду ли-Лляхи ал-лязи атамани хаза уа разакани мин гойри хаулин минни уа ля кувва”** - деп айтуу.
- Алдындагы тамакты жеш керек жана тамакты сындабаш керек.

- **Чүчкүргөн адамдын Аллахка мактоо айтуусу.**
***"АльхамдулиЛлях"*** – деп айтуусу.
- Анын Аллахка мактоо айтканын уккан адамга **"Ярхамукя-Ллах"** деп жооп кайтаруу. Ага кайра чүчкүргөн адам **"Яхдикуму-Ллаху уа юслиху балякум"** деп жооп берет.

- **Ооруган адамга зыярат кылуу.** Ыңгайлуу убакыт тандап туруп, узак убакытка жанына отуруп албастан, бир нече жолу зыярат кылган жакшы. Ошондой эле ооруган адамды капаландырбай, тескерисинче Аллахтын мээримине үмүттөндүрүш керек.

- **Сөөктү мүрзөгө чейин көтөрүшүү** – эркектерге гана тиешелүү.

- **Үйгө же мечитке кирип-чыгууда шарият эрежесин кармануу** – мечитке оң бут менен кириш керек. Ошол учурда: ***"Бисми-Ллях. Уас-саляту уас-саляму аля расули-Ллах. Аллахумма-фтах ли абваба рахматикя"***-деп айтуу керек. Кайра чыгаарда болсо сол бут менен аттанып: ***"Бисми-Ллях. Уас-саляту уас-саляму аля расули-Ллах. Аллахумма инни ас-алюка мин фадликя"***-деп айтуу керек. Ал эми үйгө кирип-чыгууда, босогону оң бут менен гана аттаса боло берет.
Башкысы чыгаарда: ***"Бисми-Ляхи уа таваккальту аля-Ллах. Уа ля хауля уа ля куввата илля би-Ллях. Аллахумма инни аузу бикя ан адылля ау удалля, ау азилля ау узалля, ау азлима ау узляма, ау аджхаля ау юджхаля алейя"*** – деп айтылат. Ал эми кирээрде: ***"Аллахумма инни ас-салюка хайраль-маулижжи уа хайраль-махражжи. Бисми-Ляхи уаляжна, уа бисми-Ляхи харажна, уа аля-Ллахи Раббина таваккальна"*** – деп айтып, кирген соң үйдөгүлөр менен учурашуу керек.

- **Үйлөнгөндөрдү куттуктоо**. Баш кошкондорго: ***"Баарокя-Ллаху лякума уа баарокя-Ллаху алейкума, уа жама'а байнакума фи хойрин"*** – деп айьылат.

- **Көңүл айтуу.** Кимдир бирөө каза болгондо, анын жакындарына үч күн ичинде көңүл айтылат. Жана ал мөөнөттөн ашпайт.

# ОН ЖЕТИНЧИ САБАК

## Ширктен жана башка күнөөлөрдөн кайтаруу

Бул сабакта ширк жана ар кандай күнөөлөрдөн алыс жүрүү, жана башкаларга да ушундай насаат кылуу жөнүндө айтылмакчы. Өзгөчө кооптуу жети күнөөдөн кайтарып кетсек: Аллахка шерик кошуу (ширк), сыйкырчылык, уруксаты жок адам өлтүрүү, сүткорлук, жетимдердин акысына кол салуу, согуш майдандан качып кетүү, күнөө тууралуу ойлоп да койбогон бейкүнөө абийирдүү аялды, зынаакорлукта айыптап жалаа жабуу.

Ошондой эле чоң күнөөлөрдүн катарына кирет: ата-эненин сөзүн укпагандык, туугандык мамилени үзүү, жалган күбөлүк берүү, калп эле касам ичүү, кошуналарга ыңгайсыздык жаратуу, адамдарды куугунтуктап, өмүрүнө же мүлкүнө кол салуу, жана аброюуна шек келтирүү. Жана да баш айлантып мас кыла турган нерселерди колдонуу, кумар оюндары, ушак жана гыйбат айтуу, жана Аллах жана Аллахтын элчиси арам кылган иш-аракеттер.

## Пайдалуу маалымат:

"Аллахка шерик кошуу" – бул ширк, жана анын эки түрү бар: чоң ширк жана кичине ширк.

"Сыйкырчылык" – бул баш айлантуу, кара дуба окутуп коюу. Ким сыйкырчылык менен алектенсе, же сыйкырга ыраазы болсо, андай адам каапыр болот. Көзү ачыктарга барып, алардын сайттарына кирип, телеберүүлөрүнө көз салып, гезиттерден гороскопторду окуганга катуу тыюу салынат. Сыйкыр башка сыйкыр менен жоюлбайт, бирок шарияттык дем салуу (рукуя), дуа жана башка мыйзамдалган аракеттер менен жоюлат. Мисалы: хижама кылуу.

"Коопсуздугуна кепилдик берилген адамды өлтүрүү" – бул жерде айырмасы жок, мусулманбы же мусулмандардын жергесинде жашаган каапырбы, же мейли мусулмандардын жергесинде бейпилдик убадаланган, келишими бар адамбы.

## “Он жетинчи сабактын” түшүндүрмөсү

"Уруксаты жок" – дегени, кээ бир учурда мыйзамдуу түрдө жазага тартылган адамды өлтүрүүгө уруксат берилет. Мисалы кээ бир өлкөлөрдө: үй-бүлөлүү зынаакор, же динден кайткан адам ушундай жазаланат.

"Жетим" бул – балакатка жете элек кезинде атасынан ажырап калган бала.

"Согуш майдандан качып кетүү" – Аллахтын жолунда согушкан аскерлерге.
"Абийирдүү аялга жалаа-жабуу" – күң эмес, азаттыктагы аялдар.

"Калп касам ичүү" – ошондой эле Аллахтан башка нерсе менен ант ичүү. Мисалы: пайгамбардын ﷺ аты менен же бирөөнүн өмүрү менен. (*чачымды ак басып калсын, баланчанын арбагы урсун, нан урсун, энем өлсүн ж.б.у.с.*)

"Кумар оюндары" бул – байге утуу же тескерисинен бир мүлктү уттуруп жиберүү менен коштолгон иштер.

"Гыйбат” – деген сөзгө пайгамбарыбыз ﷺ мындай аныктама берген: ***“Качан сен өз жакының жөнүндө, ага жакпагыдай сүйлөгөнүң”.***

"Ушак" – деген болсо, адамдардын арасында сөздөрдү жана имиштерди жайылтканың.

### Ислам дини мелдеш жөнүндө:

| Катышуучулар ортого байге коюп алса дагы, уруксат берилген мелдештер: | Ар учурда тыюу салынган мелдештер: | Катышуучулар ортого байге койбогон учурда, уруксат берилген мелдештер: |
|---|---|---|
| Төө чабыш, ат чабыш жана жаа атуу боюнча | Нарда, шахмат жана ушу сыяктуулар | Аталбаган мелдештердин баардыгы |

# ОН СЕГИЗИНЧИ САБАК

**Маркумду көмүүгө даярдоо, жаназа намазын окуу жана көмүү.**

**Биринчи**: Пайгамбардын ﷺ: ***“Өлүм алдында жаткандарыңарга, “Лаа иляха илля-Ллах” деп айтууну эскерткиле”*** - деген сөздөрүнө ылайык, көз жумайын деп калган адамга “Лаа иляха илля-Ллах” – деп айтууну эскертиш керек.

**Экинчи**: Эгер бирөө каза болсо, жана анын өлгөндүгүнөн шек жок болсо, Сүннөткө ылайык көздөрүн жаап, ээгин таңып коюш керек.

**Үчүнчү**: Мусулмандын денеси сөзсүз түрдө жуулушу керек. Бир гана согуш талаасында шейит болуп өлгөндөр жуулбай, жаназа окулбай эле, ошол кийими менен жерге берилет. Анткени пайгамбарыбыз ﷺ Ухуд согушунда өлгөндөрдү жуубай эле, жаназа окубай эле, ошол боюнча көмгөн.

**Төртүнчү**: Маркумдуу жуу тартиби:

Анын ауратын жабыш керек. Андай кийин өйдөлөнтүп туруп, ич жагын акырын басыш керек (ашказандагысын сыртка чыгарыш үчүн). Анан жууй турган адам колуна кездемеден ороп алып, маркумдун заң чыкчу жерлерин жууп тазалайт. Анан намазга чейин алынчу даарат сымал, маркумду кичи даараттын тартибинде жууш керек. ***Ююб*** *(сидр, лотос)* дарагынын жалбырактарын, же ошол сымал жалбырактарды суугa кайнатып, үстүнө суу кошуп туруп, ошол суу менен башын жана сакалын жууш керек. Андан соң денесинин оң жарымы жуулат, андан кийин сол жарымы жуулат.

Бул аракеттерди эки-үч жолу кайталаган жакшы. Кайра-кайра курсак жагын кол менен басып туруп ылдый сыдыруу керек. Эгер нажасаттар чыгуусун токтотпосо, жууп туруп арт жагын бир кездеме менен тосуп коюш керек. Эгер анда да болбосо, баткак  же заманбап медициналык аспаптарды колдонууга уруксат. Мисалы: лейкопластырь. Андан кийин кичи дааратты кайталоо керек. Үч жолу жуулгандан кийин дене тазарбаса, анда беш же жети сыйра жууп, анан денени кургатыш керек. Колтук, сандардын ички бети сыяктуу, катылган жерлерге, атыр сүйкөп коюш керек. Ошондой эле, сажда кылууда жерге тийген дене мүчөлөрүнө сүйкөгөн жакшы. Негизинен, бүт денесине сүйкөп койгон - эң сонун. Кепинди дагы арчалап, же бахур менен түтөтүп койгон жакшы. Эгер тырмактары же муруттары өсүп кеткен болсо, кыскартып койсо болот. Кыскартылбай калса, эч нерсе болбойт. Ал эми табарсыктагы түктү кырып, же чачтарын тарап, же Сүннөткө отургузуп коюу сымал иштерди жасабаш керек. Шариятта андай кылууга көрсөтмө келген эмес. Аялдардын чачтарын үчкө бөлүп өрүп туруп, аркасына таштап коюш керек.

**Бешинчи:** Сөөктү кепинге ороо. Эркек кишини үч бөлүк кездемеге орогон жакшы. Бирок пайгамбарды ﷺ орогондой: көйнөгү, чалмасы болбош керек. Ал эми, баары бир көйнөк кийгизилип, белден ылдыйкы оромолу таңылып, сыртынан жабуусу жабылып калса, анда эч нерсе болбойт.

Аял кишиге болсо беш кийим кийилет: кенен көйнөк, химар (жоолук же денесинен ылдый түшүүчү баш кийим), белден ылдыйкы оромол жана эки жабуу.

Кичинекей баланы болсо бир кездемеге эле ороп койсо болот. Эки же үчтү колдонсо деле боло берет. Кичинекей кызга болсо узун көйнөк кийгизилет дагы, сыртынан эки жабуу жабылат.

Баардык адамдарга милдеттүү түрдө жок дегенде бир жабуу жабылышы керек. Жана ошол жабуу дененин баардык жерин жапкыдай болушу керек.

Эгерде эркек киши ихрам абалында өлсө, анда анын денесин Ююба кайнатмасы менен жууш керек. Жана ошол учурда кийип жүргөн эки оромолуна ороп туруп, башын жана бетин жаппай эле коюш керек. Жана ага атыр сүйкөбөй эле койгон оң, анткени пайгамбарыбыздан ﷺ келген сахих хадиске ылайык, ал Кыямат күнү тальбия сөздөрүн айтып тирилет.

Эгерде ихрам абалында аял киши өлсө, аны башка аялдарды орогондой эле орош керек. Бир гана атыр сүйкөлбөйт жана никаб же кол каптарды кийгизгенге болбойт. Бети менен колдору, жогорудагы аялдарды кепиндөө жөнүндө айтылгандай эле, дал ошондой жабуулар менен жабылат.

**Алтынчы**: Эркек кишини жууп, жаназасын окуп, көмгөнгө анын жакындарынан эң биринчи болуп, ал өзү табыштап кеткен кишинин акысы чоң. Андан кийин гана атасы, анан чоң атасы, анан жакындыгына жараша башка туугандары.

Аял кишиге деле, ал өзү табыштап кеткен аялдын акысы чоң. Андан кийин анын апасы, анан чоң апасы, анан жакындыгына жараша башка аял туугандары.

Жубайлар болсо бири-биринин денелерин жууганга укуктуу. Абу Бакрдын денесин аялы жууган. Ал эми Али болсо, аялы Фатиманын денесин жууган. Алардын баардыгы менен Аллах ыраазы болсун!

**Жетинчи**: Жаназа намазын окуу тартиби. Жаназа намазы төрт такбирден турат (“Аллаху Акбар” деген сөздөр). Биринчи такбирден кийин Аль-Фатиха сүрөөсү окулат. Андан кийин Ибн Аббастан келген хадиске ылайык, бир кыска сүрөө же бир нече аят окуп койгон жакшы. Андан кийин экинчи такбирди айтып туруп, ташаххудтагыдай пайгамбарга ﷺ дуа кылынат (салават). Анан үчүнчү такбирден кийин маркумга дуа кылынат:

اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِحَيِّنَا وَمَيِّتِنَا، وَشَاهِدِنَا وَغَائِبِنَا، وَصَغِيرِنَا وَكَبِيرِنَا، وَذَكَرِنَا وَأُنْثَانَا .اللَّهُمَّ مَنْ أَحْيَيْتَهُ مِنَّا فَأَحْيِهِ عَلَى الْإِسْلاَمِ، وَمَنْ تَوَفَّيْتَهُ مِنَّا فَتَوَفَّهُ عَلَى الإِيمَانِ، اللَّهُمَّ لاَ تَحْرِمْنَا أَجْرَهُ، وَلاَ تُضِلَّنَا بَعْدَهُ

*"Оо, Аллах! Биздин арабыздагы тирүүлөрдү жана өлгөндөрдү, арабызда жүргөндөрдү жана өтүп кеткендерди, кары-жаш, аял-эркектерди кечире көр! Оо, Аллах! Сен өмүр бергендерди, Исламга ылайык жашагандай кыл. Ал эми арабыздан көз жума тургандарды, ыйманында көз жумдур! Оо, Аллах! Ал үчүн берилчү сыйлыктардан кур калтырба, жана андан кийин бизди туура жолдон адаштырба!"*

اللَّهُمَّ اغْفِرْ لَهُ وَارْحَمْهُ، وَعَافِهِ، وَاعْفُ عَنْهُ، وَأَكْرِمْ نُزُلَهُ، وَوَسِّعْ مُدْخَلَهُ، وَاغْسِلْهُ بِالْمَاءِ وَالثَّلْجِ وَالْبَرَدِ، وَنَقِّهِ مِنَ الْخَطَايَا كَمَا نَقَّيْتَ الثَّوْبَ الأَبْيَضَ مِنَ الدَّنَسِ، وَأَبْدِلْهُ دَاراً خَيْراً مِنْ دَارِهِ، وَأَهْلاً خَيْراً مِنْ أَهْلِهِ، وَزَوْجاً خَيْراً مِنْ زَوْجِهِ، وَأَدْخِلْهُ الْجَنَّةَ، وَأَعِذْهُ مِنْ عَذَابِ الْقَبْرِ وَعَذَابِ النَّارِ

*"Оо, Аллах! Аны кечир жана ага ырайым кыл. Аны* (жамандыктан) *кутултуп жакшы тосуп ал, жана анын кирээр жерин кең кылып, аны суу, кар жана мөндүр менен жуу, жана ак кийимди кирден тазалаганыңдай аны күнөөлөрүнөн тазала. Жана өз үйүнөн да жакшы үй бер, өз үй-бүлөсүнөн да жакшы үй-бүлө бер, өз аялынан да жакшы аял бер. Кабыр жана Тозок азаптарынан сактап, аны Бейишке киргиз!"*

Андан соң төртүнчү такбир айтылып, оң жака бир салам берилет. *(АсСаляму аляйкум уа рохмату-Ллах)* Ар бир такбирде кол көтөрүү - мустахаб.

Эгерде аял кишиге жаназа окулуп жатса, анда: ***"Оо, Аллах, аны кечир"***- деген жерде, аялдарга: "*Аллахумма-гфир ляха*"-деп айтылат.

Эгер маркумдардан экөө болсо, анда: ***"Оо, Аллах! Ал экөөнү кечир..."*** *(Аллахумма-гфир ляхума)* - деп, ал эми үч же андан көп болсо: ***"Оо, Аллах! Аларды кечир..."*** *(Аллахумма-гфир ляхум)* - деп айтылат.

Эгерде наристе өлгөн болсо, анда кечирим сурап кайрылуунун ордуна, кийинкидей дуа кылынат:

اللَّهُمَّ اجْعَلْهُ فَرَطاً وَذُخْراً لِوَالِدَيْهِ، وَشَفِيعاً مُجَاباً، اللَّهُمَّ ثَقِّلْ بِهِ مَوَازِينَهُمَا، وَأَعْظِمْ بِهِ أُجُورَهُمَا، وَأَلْحِقْهُ بِصَالِحِ الْمُؤْمِنِينَ، وَاجْعَلْهُ فِي كَفَالَةِ إِبْرَاهِيمَ، وَقِهِ بِرَحْمَتِكَ عَذَابَ الْجَحِيمِ، وَأَبْدِلْهُ دَاراً خَيْراً مِنْ دَارِهِ، وَأَهْلاً خَيْراً مِنْ أَهْلِهِ، اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِأَسْلاَفِنَا، وَأَفْرَاطِنَا، وَمَنْ سَبَقَنَا بِالْإِيمَانِ

*“Оо, Аллах! Аны өз ата-энесинен биринчи Бейиште болуп, алар үчүн алдын ала даярдалган сыйлык кыл, шапааты кабыл болчу шапаатчы кыл. Оо, Аллах! Алардын таразаларын оорлоштуруп, соопторунун көбөйүшүнө муну себепкер кыл. Жана аны солих момундарга кошуп, Ибрахимдин, ага Аллахтын салам-салаваттары болсун, кол астында өстүр. Жана Өз ырайымың менен аны Тозок Отунан сакта!”*

Сүннөткө ылайык, эгер маркум эркек болсо, анда имам анын башынын маңдайына турат. Эгер аял болсо, денесинин орто жагына бет маңдай турат. Эгерде көп адам өлгөн болсо, эркектердин денелери алдыраак имамга жакын коюлуп, аялдардыкы Кыбылага жакын коюлат. Арасында жаш балдар дагы болсо, эркек балдар аялдарга чейин жаткырылат, кыздар болсо аялдардан кийин жаткырылат. Эркектердики улуу-кичүүсүнө карабай, баштары бир деңгээлде болуш керек. Аялдардын жана жаш кыздардын денелерин, курсак жагын эркектердин баштарына туштап, ортолотуп жаткызуу керек. Жаназага келгендердин баардыгы имамдын аркасына турат. Бир гана орун таппай калган учурда имамдын оң жагына турууга уруксат.

**Сегизинчи:** Сөөктү жайга салуу тартиби. Терендиги эркектин жарым боюна тең көр касылат. Кыбыла тарабына текче сымал ойдук жасап туруп (ляхд), ошол жерге маркумдун денесин оң капталы менен жаткызыш керек. Анан кепинди байлаган жиптин түйүндөрүн бошотуп, чечип туруп, ошол жерге эле таштап коюш керек. Ошондой эле, аял-эркегине карабастан, маркумдун бетин ачып коюуга болбойт. Анан үстүнөн кирпич, плита сыяктуу нерселер менен жаап туруп, топуракты көтөрө алгыдай кылып, баткак менен шыбап, бекемдеш керек. Эгерде плита жок болсо, топурактан тосо алгыдай жыгач тактайлар менен, же таштар менен жапса деле болот. Андан кийин кабыр топурак менен көмүлөт. Ушул учурда мындай деп айтуу керек:

بِسْمِ اللَّهِ وَعَلَى سُنَّةِ رَسُولِ اللَّهِ

***“Аллахтын ысымы менен жана Аллахтын элчисинин динине ылайык” (Бисми-Ляхи уа аля милляти расули-Ллях)***

Кабыр үстүн бир чыканак бийиктикте дөңчө кылып көмсө болот. Мүмкүнчүлүк болсо, үстүнө майда шагыл жайып туруп, суу чачып койгон жакшы.

Келген адамдар мүрзөнүн жанында бир аз туруп, өлгөн адам үчүн дуа кылып, Аллахтан суранышса болот. Анткени, Аллахтын элчиси ﷺ, сөөк жайга берилген соң мүрзөнүн жанында туруп мындай дечү:
***“Бир тууганыңар үчүн кечирим сурагыла, жана Аллахтан анын туруктуу болушун тилегиле, анткени азыр андан сурап жатышат”***.
**Тогузунчу:** Эгерде маркумга жаназа окулбай калса, пайгамбарыбыздын ﷺ кылганына ылайык, көмүлгөндөн кийин окуп койсо болот. Бирок бир айдын ичинде окулушу керек. Ал эми бир айдан ашып кеткен учурда, кабыр үстүндө жаназа окууга болбойт, анткени көмүлгөндөн кийин, бир айдан ашык убакыт өткөн соң, пайгамбар ﷺ көр үстүнө жаназа окугандыгы тууралуу эч кандай кабар келбейт.
**Онунчу:** Маркумдун бир туугандары сөөк чыккан үйдөн, элдерди тойгузууга тамак жасабашы керек. Кадырлуу сахабалардын бири – Жарир ибн АбдуЛлах аль-Бажали *(Аллах андан ыраазы болсун)* айтат:
***“Маркумдун үйүнөн тамак жасап, чогулуш кылганды – тыюу салынган иш деп билчүбүз”***. Бирок маркумдун бир туугандарына же конокторуна башка бирөө тамак жасап келсе, анда маселе жок. Туугандары же кошуналары, маркумдун үй-бүлөсүнө тамак жасап келүүсү жакшы иштерден. Анткени, пайгамбарыбызга ﷺ Жафар ибн Аби Талибтин өлгөндүгү тууралуу кабар келгенде, ал ﷺ өз үйдөгүлөрүнө Жафардын үй-бүлөсү үчүн тамак жасагыла деп, мындай деген: “Алардын башына алакты кылчу иш түштү”. Аларга алып келинген тамактан ооз тийүүгө, башка кошуналарын чакырууга уруксат. Жана бул ишке шарият, убакыт жагынан бир мөөнөт берип же бир маал менен чектебейт.
**Он биринчи:** Аял кишиге үч күндөн ашык аза күтүүгө тыюу салынат. Бир гана маркум анын күйөөсү болгон учурда - төрт ай жана он күн аза күтөт. Эгер кош бойлуу аял болсо, анын аза күтүү мөөнөтү төрөгөндө аяктайт. Пайгамбардын ﷺ тастыкталган сүннөтү ушундай. Эркектерге болсо, жакындарынын бирөөсүнүн каза болушуна байланыштуу аза күтүүгө тыюу салынат.

**Он экинчи:** Эркектерге кээде мүрзөгө баруу уруксат. Кабырларды зыярат кылуунун эки эле максаты бар: ошол жерде коюлган адамдарга дуа кылып, Аллахка кайрылыш үчүн. Жана адам өзүнө өлүм тууралуу, жана өлгөндөн кийин боло турчу нерселер жөнүндө эскертме алышы үчүн. Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: "Кабырларды зыярат кылып тургула, анткени алар силерге Акырет тууралуу эскертип турат". Пайгамбарыбыз ﷺ өзүнүн сахабаларына, кабырга келгенде эмне деп айтыш керек экенин үйрөтүп кеткен:

السَّلاَمُ عَلَيْكُمْ أَهْلَ الدِّيَارِ، مِنَ الْمُؤْمِنِينَ وَالْمُسْلِمِينَ، وَإِنَّا إِنْ شَاءَ اللَّهُ بِكُمْ لاَحِقُونَ، ]وَيَرْحَمُ اللهُ الْمُسْتَقْدِمِينَ مِنَّا وَالْمُسْتَأْخِرِينَ[ أَسْأَلُ اللَّهَ لَنَا وَلَكُمُ الْعَافِيَةَ

*"Бул жайлардын момун-мусулман тургундары, силерге тынчтык болсун! Чындыгында, биз дагы Аллахтын каалоосу менен силерге кошулабыз. Арабыздагы эрте кеткендер менен кармалып калгандарды Аллах ырайымына алсын. Жана мен Аллахтан, биз үчүн жана силер үчүн кутулууну тилейм".*

Ал эми аялдардын мүрзөгө келүүсү - арам. Анткени, пайгамбарыбыз ﷺ мүрзөгө келген аялдарга наалат айткан. Ошондой эле пайгамбарыбыз ﷺ тыюу салгандыктан, аялдарга сөөктү мүрзөгө чейин коштоп барганга болбойт. Жаназа намазы болсо, мейли мечитте, же башка бир атайын белгиленген жерде аткарылсын, аял-эркегине карабай, баардыгына уруксат.

Мен чогулта алган маалымат ушуну менен аягына жетти. Биздин пайгамбарыбыз – Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын салам-салаваты болсун!

**Мүрзөгө зыяраттын түрлөрү**

| **Шариятта мыйзамдалган-Сүннөт.** | **Кийин пайда болгон-Бидаат.** | **Өтө чоң адашуулардан-Ширк.** |
|---|---|---|
| Сүннөттө көрсөтүлгөн ыкмада, өлүмдү эскерип, өткөндөргө дуа кылуу максатында, кабырга келген болсо. Мындан тышкары, шариятка каршы келген иштерди кылбашы керек. | Эгерде адам кабырдын тушуна туруп алып Аллахка кайрылганы келсе | Эгерде адам, кабырда жаткан кишинин арбагынан суранып, же аны ортомчу кылып дуа кылганы келсе |

# Суроо-жооп

1. Мусулман адам орнотулган тартипке жана Ислам этикасына бекем болушу керек.

   - туура - туура эмес

2. Менин диним начар адамдар менен мамиле түзүүгө жана жакшы адамдардан алыс болууга буюрат.

   - туура - туура эмес

3. Ислам дини бизди кызматчыларга, жумушчуларга жана башкаларга жакшы мамиле кылууга үйрөтөт.

   - туура - туура эмес

4. Тили же колу менен башкаларга зыян келтирген адам менен достук мамиледе болсом, туура эле кылып жаткандыгым.

   - туура - туура эмес

5. Эгер кимдир бирөө мени сөксө же кемсинтсе, мен ага жооп кайтарам, жана ошондо ырахаттанам.

   - туура - туура эмес

6. Ислам дини мени алсыздарга жана муктаждарга жардам бергенди үйрөттү .

   - туура - туура эмес

7. Мусулман башка мусулманды ооруган кезинде зыярат кылып, сакайып кетишине дуа кылышы керек.

   - туура - туура эмес

8. Кошуна-колоңдун кемчиликтерин издөө – момундун жакшы сыпаттарынан.

   - туура - туура эмес

9. Аллахка эң сүйүктүүлөр, бул башкаларга көбүрөөк пайдасын тийгизгендер.

   - туура - туура эмес

10. Үйдөн чыгаарда айтылчу дуа кийинкидей: “Бисми-Лляхи уаляжна, уа бисми-Лляхи харажна, уа аля-Ллахи Раббина таваккальна”.

    - туура - туура эмес

11. Мен чүчкүргөндөн кийин, мен үчүн дуа кылган адамга: “Яхдикуму-Ллах уа юслиху балякум” – деп жооп кайтарам.

    - туура - туура эмес

12. Аллахты эскерип, зикир кылуу мусулманды коргоп, Аллахка жакындатат.

    - туура - туура эмес

13. Мусулмандын бир тууганына болгон сүйүүсүнүн белгилери кандай?

..........................................................................................

..........................................................................................

14. Ыймандын төмөндөп кетишине себептердин бири – көрө албастык.

    - туура - туура эмес

15. Сүйүүнүн пайда болушуна эмнелер себеп болот?

..........................................................................................

..........................................................................................

16. Алкогол ичимдиктеринен бир гана вино ичкенге болбойт.

    - туура - туура эмес

17. Тамакты же суусундукту үйлөгөн болбойт.

    - туура - туура эмес

18. Тамактанып бүткөн соң, колду жууй электе жалоо - ыктыярлуу амалдарга киреби?

    - ооба - жок

19. Тамак, кийим жана жасалга маселесинде ортолукту кармануу керек.

    - туура - туура эмес

20. Каза болгон эркек кишини жууп, жаназа намазын окуп, көмүүгө жакындарынын арасынан - ____________ акысы көп. Андан кийин _______________, андан кийин _________________ акысы көп.

21. Маркумдун ордуна карызын төлөп коюу:

O Милдет O Ыктыярлуу иш O Уруксат

22. Маркумду жерге берүү:

O Ыктыярлуу иш O Көпчүлүктүн милдети

23. Өлүм алдында жаткан адамга “Лаа илааха илла Аллах” деп айтууну эскертүү:

O Милдет O Ыктыярлуу иш O Тыюу салынган

24. Жууп жатканда жардам бербей эле жөн гана карап турууга:

O тыюу салынган O терс көрүнүш O уруксат

25. Сөөктү кабырга салгандан кийин, кепиндеги байлаган жипти чечиш керек.

- туура - туура эмес

26. Күйөөсү аялынын денесин (же тескерисинен) жууй албайт, анткени экөөнүн бирөө өлгөндө, ортодогу никеси үзүлөт.

- туура - туура эмес

27. Жаназа намазга тура албай калган адам, _____________ кийин, _____________ чейин окуп койсо болот.

28. Маркумга аза күтүп ыйлаганга чектөө жок.

- туура - туура эмес

29. Маркумдун денесин кабырга түшүргөн учурда, бети Кыбыла тарапты (Каабаны) карагыдай кылып жаткызыш керек.

- туура - туура эмес

# Мазмуну

Кириш сөзгө түшүндүрмө …………...……………………….…………...…2

Биринчи сабак: *Аль-Фатиха* сүрөөсү жана кээ-бир кыска сүрөөлөр......4

Аль-Фатиха, аят ал-Курсий жана аз-Залзала сүрөөсүнөн ан-Нас сүрөөсүнө чейин *АбдурРахман ас-Саадинин* түшүндүрмөсү.........…......6

Кириш сөз жана сүрөөлөрдүн тафсири боюнча суроо-жооп ..………..29

Экинчи сабак: Ислам дининин түркүктөрү……………………...…..43

«Ла иляха илля-Ллах" келмесинин түркүктөрү жана шарттары. ……..45

Мухаммад – Аллахтын кулу жана элчиси...…………………...…..48

Пайгамбардын ﷺ өмүр баянынан үзүндүлөр……………………....….43

Үчүнчү сабак: Ыймандын түркүктөрү……………………..........….53

Төртүнчү сабак: Таухидтин жана Ширктин түрлөрү………………....59

Бешинчи сабак: *Ихсан*……………………………...........................…64

Таухид тууралуу суроо-жооп........……………………………...…65

Алтынчы сабак: Намаздын шарттары…………….............................71

Жетинчи сабак: Намаздын түркүктөрү……………….......................75

Сегизинчи сабак: Намаздагы милдеттер……………...........................77

Тогузунчу сабак: Ташаххудтун түшүндүрмөсү....……………....….78

Онунчу сабак: Намаз учурундагы ыктыярлуу иштер…………………79

Он биринчи сабак: Намазды бузуучу амалдар...………………………81

*Ас-Сахв (жаңылыш кетирүү)* саждасы…………………………......…83

Намаздын кыскача баяндамасы…………………....................................…..84

Намаз тууралуу кыскача………………………...................................94

Намаз жөнүндө суроо-жооп……………………………………….......97

Он экинчи сабак: Кичи дааратын шарттары……………….............102

Он үчүнчү сабак: Кичи дааратын милдеттери…….......................…104

Он төртүнчү сабак: Кичи дааратты бузуучу амалдар………………..105

Дааратын кыскача баяндамасы………….......................................….107

Тазалануу.......................................………………………………………110

Тазалануу маселеси жөнүндө суроо-жоо п.....…………………………114

Зекет………………………….............................................................…116

Зекет тууралуу суроо-жооп………..…………………………………121

Орозо.........................………………………………………..……….124

Орозо жөнүндө суроо-жооп……………………......………..………131

Ажылык.....……………………….........................................................…132

Ажылык тууралуу суроо-жооп……………………………..……….141

Он бешинчи сабак: Мусулманга тиешелүү адеп-ахлак…….…..........144

Он алтынчы сабак: Ислам дининин этикасы.....................……….….145

Он жетинчи сабак: Ширктен жана башка күнөөлөрдөн кайтаруу.......147

Он сегизинчи сабак: Маркумду көмүүгө даярдоо, жаназа намазынын окулушу жана сөөктүн жайга салынышы...................………………149

Суроо-жооп……………………………...........................................…..156

# Колдонулган адабияттар

[1]. *Кереметтүү Куран*

[2] *“Сахих”* Имам Мухаммад ибн Исмаил аль-Бухари. Аллах андан ыраазы болсун.

[3]. *“Сахих”* Имам Муслим ибн Хажжаж. Аллах андан ыраазы болсун.

[4]. *“Аш-шарх аль мумти аля задиль-мустакни”* Шейх Мухаммад ибн Солих Аль-Усеймин. Аллах андан ыраазы болсун.

[5] *“Аль-Кауль аль-муфид аля Китаб ат-Таухид”* Шейх Мухаммад ибн Солих Аль-Усеймин. Аллах андан ыраазы болсун.

[6]. *“Ыйык Курандын Чечмелениши”* Шейх Абдур Рахман ибн Насыр Ас-Саади. Аллах андан ыраазы болсун.

وقف لله وللتوزيع المجاني

Бекер таркатылат

# МЫНА БУЛ ИСЛАМ

## ҮЧ НЕГИЗ

Кабырда бериле турган суроолорго жооп

## ТӨРТ ЭРЕЖЕ

Таухид менен ширкти айырмалоо

## ИСЛАМДЫ БУЗУУЧУ АМАЛДАР

هذا هو الإسلام

للشيخ هيثم سرحان (باللغة القرغيزية)

Шейх Хейсам ибн Мухаммад Сархан

ПАЙГАМБАРДЫН МЕЧИТИНДЕГИ ИНСТИТУТТУН МУГАЛИМИ

Мадина шаары

«هذا هو الإسلام»

شرح أسئلة القبر الثلاثة والقواعد الأربع ونواقض الإسلام

باللغة القرغيزية

لفضيلة الشيخ

هيثم بن محمد جميل سرحان

غفر الله له ولوالديه

ولمن أعانه إخراج هذا الكتاب

**“Мына бул Ислам”**

“Кабырда бериле турган үч суроо”, “Төрт эреже” жана

“Исламдан чыгаруучу амалдар” аттуу китептердин баяндамасы.

Бул китептердин түшүндүрмөсүн даярдаган

урматтуу шейх Хейсам ибн Мухаммад Жамил Сархан,

Медина шаарындагы пайгамбардын ﷺ мечитиндеги институттун мугалими

жана

http://sarhaan.net/

telegram.me/attasseel_kyrgyz

сайттарынын башкаруучусу.

**Аллах-Таала ага, ата-энесине жана баардык бул китептин чыгарылышына көмөктөш көрсөткөндөргө ырайым кылсын жана күнөөлөрүн кечирген болсун!**

وقف لله وللتوزيع المجاني

Бекер таркатылат

# Үч негиз жана далилдери

## Кабырда бериле турган үч суроонун баяндамасы

## Мээримдүү жана Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен

Чындыгында, баардык мактоолор Аллахка гана таандык, биз Ага мактоо айтып, Андан жардам тилеп жана кечирим сурайбыз. Аллахтан өз напсилерибиздин зыянынан жана амалдарыбыздын жамандыгынан коргоо тилейбиз. Кимди Аллах туура жолго салса, аны эч ким адаштыра албайт, а кимди адаштырса, аны эч ким туура жолго сала албайт. Күбөлүк беремин: "Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Жалгыз, эч бир шериги жок. Жана Мухаммад Анын кулу жана элчиси ﷺ [1]"

# КИРИШ СӨЗ

## Эмне үчүн биз Таухидди (Ла илааха иллАллах) окуп-үйрөнөбүз?

| | |
|---|---|
| **Таухид** – бул Аллахтын пенделеринен болгон акысы | Адамдарды жана жиндерди Аллах **Таухид** үчүн гана жараткан (Чыныгы жашоонун максаты) |
| Аллах-Таала **Таухидсиз** бир дагы жакшы (солих) амалды кабыл албайт | **Таухид** менен жашагандардан башка эч ким бейишке кире албайт |
| **Таухид**-бактылуулуктун, туура жолдо болуунун, саламаттык-тынчтыктын туруктуу болуусуна себеп | **Таухид** аркылуу соопчулук иштер көбөйтүлөт жана күнөөлөр кечирилет |
| **Таухид** – пайгамбардын ﷺ шапаатына ээ болууга себеп | **Таухидди** орнотуу үчүн пайгамбарлар жиберилип, ыйык китептер түшүрүлгөн |
| Ким **Таухидди** толук иш жүзүнө ашырган болсо - эсепсиз, азапсыз, түзмө-түз бейишке кирет | **Таухидди** үйрөнүү жолу менен гана ширктен сактана алабыз |

[1] ﷺ - китепте келген бул белги (лигатура) «саллАллаху алейхи ва салям» (Ага Аллахтын саламы жана салаваты болсун) деген сөздөр. Бул Мухаммад пайгамбардын ﷺ аты эскерилген сайын айтылат.

# Ширктин коркунучу (Таухиддин карама-каршылыгы) жана муну окуп билүүнүн маанилүүлүгү

**Ширк** - эң чоң күнөө иш жана Аллах-Таала кечирбеген жалгыз күнөө

**Ширк** – эң биринчи жана түзмө-түз тозокко алып баруучу жол

Ким **ширк** кылып жүрүп, тообо кылбай бул дүйнөдөн кайткан болсо, эч качан тозоктон чыкпайт

**Ширк** кылган адамга бейишке кирүү арам болот

**Ширк** себептүү соопчулук иштердин баарысы күйүп, жок болуп кетет. (Намаздар, садакалар, орозолор жана башка баардык жакшылык иштер)

**Ширк -** караңгы түндөгү, кара таштын үстүндөгү кумурсканын издеринен дагы жашыруун. Адам өзү билбей эле ширк кылып жүрүшү мүмкүн

**Ширк** - Курандагы жана шариаттагы эң алгачкы тыюу. Шариатта башка эч бир күнөөдөн мынчалык катуу кайтарылган эмес

**Ширк –** бул дүйнө жана акыреттеги коркунучтун, өкүнүчтүн, бактысыздыктын жана азаптын себеби

**Ширк** - эң чоң адашуу жана бузукулуктун эң акыркы чеги

**Ширк –** Аллахка карата болгон зулумдук, адилетсиздик

**Ширкте** өлгөн адам үчүн мусулмандар дуа кылбайт, жана пайгамбардын ﷺ шапаатынан кур калат

**Ширктен** кайтаруу үчүн пайгамбарлар жиберилген жана ыйык китептер түшүрүлгөн

Аллахтын элчиси ﷺ айткан: **«Аллах-Таала айтты: «Оо, адам баласы! Эгер сен мага жер шарынчалык (толтура) күнөөлөрүң менен келген болсоң жана Мага эч нерсени шерик кылбаган абалда жолуксаң, сени ошончолук кечирим менен тосуп алам»»** (ат-Тирмизи, сахих).
Мээримдүү жана Боорукер Аллах-Таала баардык күнөөлөрүбүздү кечирем деп убада кылды, бирок бир шарт менен: Эч бир нерсени Аллага шерик кылбасак гана.
**Ширктен сактануунун жолу кандай?** Бир гана аны терең окуп-үйрөнүп, андан алыс болуу. Ширк эмне экендигин, анын түрлөрүн, ал кантип пайда болот экендигин жана ага алып келүүчү себептерди билсек гана андан сак боло алабыз.

# Таухид деген эмне?

## Таухид

### Тилдик мааниси:

Бир нерсени жалгыздоо, жалгыз кылуу.

(Ваххада, йуваххиду, таухидан – “жалгыздоо” - деген арабча сөздөн алынат)

### Шариаттык мааниси:

Аллах-Тааланы Анын өзүнө гана таандык болгон нерселерде жалгыздоо.

Өзүнө гана таандык болгон
1) Рубубиясы
2) Улухиясы
3) Ысым-сыпаттары

## Таухид үчкө бөлүнөт

### Ар-Рубубия

**Аллах-Тааланы Анын иштеринде жалгыздоо.**

Мааниси: Аллах-Таала баардык нерсени жаратууда, ээ болуп башкарууда жалгыз, эч шериги жок деп билүү. Жалгыз Аллах ырыскы берүүчү, өлтүрүүчү, тирилтүүчү, шыпаа берүүчү жана башка баардык иштеринде жалгыз деп ишенүү.

Таухиддин бул түрүн чанда адамдардан башка эч ким четке какпайт.

### Аль-Улухия

**Аллах-Тааланы ибадатта, сыйынууда жалгыздоо.**

***Жалгыз Аллахка гана сыйынуу.*** **Ибадаттардын баарысын жалгыз Аллахка гана арноо.**

Таухиддин мына ушул түрүндө пайгамбарлар менен коомдорунун ортосунда душмандык, келишпестик, касташуу болгон.

### Аль-Асмаа вас-Сыфат

**Аллах-Таала китебинде жана элчиси ﷺ аркылуу Өзүн кандай ысымдар менен атаган жана кандай сыпаттар менен сыпаттаган болсо, мунун баарысында Анын эч кандай теңдеши жок экендигин билип, моюнга алуу.**

Аллах Өзүнө эмнени тастыктаган болсо, ошону биз дагы Аллахка тастыктайбыз, жана Өзүнөн эмнени четке каккан болсо, ошону биз дагы четке кагабыз.

Аллах-Тааланын баардык ысым-сыпаттарына ыйман келтиребиз, эч **бурмалабай, жокко чыгарбай**, эч **сүрөттөп-элестетпей**, жана эч **окшоштурбай**.

## Эмнеге илим алууну “Үч негиз” китебинен баштадык?

Бизге чейинки алгачкы момун-мусулмандар жана “Ахлю Сунна уа аль-Джама’а” аалымдарыбыз ар убакта бул берекелүү китепке көңүл буруп, окуп-үйрөнүүгө үгүттөп келишкен, анткени бул китепте эрежелер түрүндө улуу, чоң пайда-жакшылыктар камтылган. Илим алуучу шариаттык илим өздөштүрүү жолун дал ушул эрежелерге негиздейт. Ошондуктан, биз аалымдарыбыздан үлгү алып, калтырып кеткен насааттарына моюн сунуп, илим алууда алардын басып өткөн жолун жолдоп баратабыз.

* Илим алуучу эле эмес, баардык адамдар бул кыскача китепти, ичинде камтылган негиз-эрежелерди окуп-үйрөнүүгө өтө муктаж. Анткени, туруктуу, бекем, шек-күмөндөрдү четке кага турган ыйман-ишенимге ээ болуунун зарылдыгы бүгүнкү күндө болбогондой өзгөчө айкын.

## Автордун китептеринин өзгөчөлүктөрү:

- Жеңил, кыска жана түшүнүктүү
- Ар маселенин далили менен бирге келүүсү
- Китептеги маселелер маанисине карай чогултулуп, тартипке салынып, кийин түшүнүктүү баяндалуусу
- Автордун китепти окуп же угуп жаткан адамга көп-көп дуа-тилек кылуусу

## «Үч негиз» - деген эмне?

**Үч негиз** – бул, кыскача айтканда, кабырдагы үч суроо:

- Роббиң ким?
- Пайгамбарың ким?
- Диниң кайсы?

## «Үч негизди» окуп-үйрөнсөк кандай пайда алабыз?

Эгерде биз ушул үч негизди:

1) жакшы **окуп-үйрөнсөк**,
2) андан соң алган илимибизге **амал кылсак**,
3) андан соң башкаларды ошого **үгүттөп-чакырсак**,
4) кийин илим алууда, амал кылууда, жана башкаларды чакырууда **сабырдуулукту** бекем кармансак,

Аллахтын колдоосу менен, сөзсүз **кабырдагы үч суроого жооп бере алабыз**.

## «Үч негиз» китебинин мазмуну

**Китеп беш бөлүктөн турат:**

1 **Төрт маселе** *(аль-'Аср сүрөсү)*

2. **Үч маселе** *(Таухиддин түрлөрү)*

3. **Таухидди үйрөнүүнүн маанилүүлүгү**

4. **Үч негиз** *(Кабырдагы суроолор)*

5. **Акыр сөз**

## 1. Төрт маселе

- 1. Илим алуу
- 2. Амал кылуу (илимге ылайык)
- 3. Башкаларды акыйкатка чакыруу
- 4. Бул жолдогу кыйынчылыктарга сабыр кылуу

Бул төрт маселе **аль-'Аср** сүрөсүндө камтылган

## 2. Үч маселе

- 1. Аллахтын жаратууда, башкарууда (Рубубиятында) жана Ысым-сыпаттарында болгон жалгыздыгы
- 2. Ибадатка жалгыз Аллах гана татыктуу (Таухид альУлухия)
- 3. Ширктен жана ширк кылуучулардан баш тартуу (Жүрөк, тил жана дене мүчөлөрү менен)

## 3. Таухидди үйрөнүүнүн маанилүүлүгү

***Эмнеге таухидди окуп-үйрөнүүгө милдеттүүбүз?*** – деген суроого жооп

## 4. Үч негиз

**"Үч негиз"** – бул, кыскача айтканда, кабырдагы үч суроо:

- Роббиң ким?
- Пайгамбарың ким?
- Диниң кайсы?

## 5. Акыр сөз

Автордун: **"Адамдар өлгөндөн кийин кайра жаралат..."** - деген сөзүнөн баштап китептин акырына чейинки бөлүк

# 1. ТӨРТ МАСЕЛЕ

Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен[1]

**Билгинин**, Аллах сага ырайым кылсын, баардыгыбызга **төрт маселени** окуп-үйрөнүү парз (милдет) [2]:

**Биринчи**: **Илим.**
Илим бул Аллахты, Анын Пайгамбарын жана Ислам динин далилдердин негизинде таанып-билүү.

**Экинчи**: Илимге ылайык **амал кылуу**. [3]

[1] Автор китепти Аллахтын ысымы менен баштоосунун себеби:

1. Аллахтын китебинен жана элчилеринен үлгү алуусу.

2. Автор алгачкы момун-мусулмандардын жана өзүнө чейинки аалымдардын жолун жолдоду, анткени китепти Аллахтын ысымы менен баштоо алардын адаты эле.

3. Берешен Аллахтын ысымын атап (баштап жаткан ишине) береке талап кылуу максатында.

[2]Китептин башында айтып өткөндөй эле, автор адатынча илим алып жаткан адам үчүн Аллахтан ырайым тилеп, дуа-тилек менен баштады.
Мындан төмөнкү натыйжалар чыгат:

1. “Ахлю сунна валь Джамаа” аалымдарынын шакирттерине болгон мээрими.

2. Ислам дини ырайымдуулук, боорукерликтин негизинде курулган.

**Илим** - бул акыйкатты далилдин негизинде таанып-билүү, наадандыктын (билимсиздиктин) карама-каршылыгы.

[3]Илим менен амалдын байланышы боюнча айтылган:

*“Илим амалды чакырат,*
*Жоол кайтпаса, качат.”*

Амал менен тастыкталбаган илимден эч пайда жок.
Ким эгерде илим алса, сөзсүз амал кылуусу милдет, болбосо ал иудейлерге окшошот, анткени иудейлерде илим бар, бирок амал жок.
Аллах-Таала алар тууралуу айткан:
**"Аны** (Мухаммадды ﷺ жана ал чыныгы Аллахтын акыркы пайгамбары экендигин) **өз балдарын билгендей эле** (жакшы) **билишет."** (Куран 2:146)

Кыямат күнү эң биринчи үч адам менен тозоктун оту жандандырылат, алардын бири: Аалым - илим алган, бирок анын негизинде амал кылган эмес.
*“Алган илимине амал кылбаган аалым,*
*- буттарга сыйынуучулардан мурда азапталуусу маалым”*

БАШКАЛАРДЫ ЧАКЫРУУНУН (ДААВАТТЫН) ШАРТТАРЫ ЖАНА ЭРЕЖЕЛЕРИ БАР. ДААВАТ СӨЗСҮЗ АЛАРГА НЕГИЗДЕЛҮҮСҮ ЗАРЫЛ. ЭҢ БАШКЫЛАРЫ:

1. Чын ыкластан Аллахтын Жүзүнө умтулуп, бир гана Анын ыраазычылыгын табуу максатында даават кылуу (адамдарды чакыруу).

2. Чакыруу (даават) шариаттык илимдин негизинде болуусу.

3. Даанышмандык жана сабырдуулук менен чакыруу.

4. Чакырып жаткан адамдардын абалын билүү жана буга толук көңүл буруу.

**Үчүнчү:** Башкаларды **чакыруу** (даават кылуу).

Бул шарттарга далил – Аллах-Тааланын айткан сөзү:

قُلْ هَٰذِهِۦ سَبِيلِيٓ أَدْعُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِۚ عَلَىٰ بَصِيرَةٍ أَنَا۠ وَمَنِ ٱتَّبَعَنِيۖ وَسُبْحَٰنَ ٱللَّهِ وَمَآ أَنَا۠ مِنَ ٱلْمُشْرِكِينَ ١٠٨

**“Айткының (Эй, Мухаммад!): Менин жолум ушул – бир гана Аллахка чакырамын, ачык далил үстүндө. Мен (бул жолдо) жана мени ээрчигендер, Аллах (ар кемчиликтерден) аруу, жана мен (Ага) шерик кошуучулардан эмесмин”** (Куран 12:108)

“Менин жолум ушул”:

Жол дегендин мааниси Алланын элчиси ﷺ алып келген шариат.

“Аллахка чакырамын”:

Аллахка чакыруучу чын ыкластан адамдарды Аллахка алып келүүнү гана көздөйт.

“Ачык далил үстүндө”:

Далил - бул илим, жана бул жакта илим өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Шариаттык илим
2. Чакырылуучулардын абалы
3. Көздөгөн максатка алып келүүчү жолду билүү

Бул жерде автор төмөндөгүдөй айтып жаткан сыяктуу:

Эгерде илим алган болсоң, андан соң илимге жараша амал кылсаң, сөзсүз пайгамбарыбыздын ﷺ, анын сахабаларынын жана алгачкы мусулмандардын жолунда болууга милдетүүсүң, бул жөнүндө Аллах-Таала айткан:

**“Айткының (Эй, Мухаммад!): Менин жолум ушул – бир гана Аллахка чакырамын, ачык далил үстүндө. Мен (бул жолдо) жана мени ээрчигендер, Аллах (ар кемчиликтерден) аруу (таза), жана мен (Ага) шерик кошуучулардан эмесмин”**

Демек, сөзсүз башкаларды чакыруунун (дааваттын) болуусу зарыл.

**Төртүнчү:** Бул жолдогу кыйынчылыктарга **сабыр кылуу** (1)

Далил - Аллах-Тааланын айткан сөзү:

**“Асрга (убакытка) ант, Акыйкатта, баардык адамдар (адамзат) зыян тартууда, бир гана ыйман келтирип, жакшы (солих) амалдарды аткарып, бири-бирине акыйкатты жана сабырдуулукту осуят кылгандардан башка"** (Куран 103:1-3)(2)

(1) Автор дааваттан соң сабырдуулукту айтып өттү. Бизге айтып жаткан сыяктуу: “Акыйкатта, кимде ким бул жолго түшкөн болсо, сөзсүз пайгамбарлар кездешкен кыйынчылыктарга (сыноолорго) кездешет, демек, сөзсүз сабырдуу болуусу шарт.”

**Сабырдуулук:**

| Тилдик мааниси: | Шариаттык мааниси: |
| --- | --- |
| Кармануу, токтолуу, тыйылуу. | Бир нерседе кармануу (бекем болуу) же бир нерсеге каршы напсини тыюу, токтотуу. |

**Имам ибн Кайим ал-Жаузийа сабырдуулукту үчкө бөлгөн:**

1. Аллахка баш ийүүдө сабырдуу болуп, буйруктарын аткаруу.
2. Аллахка моюн сунбай коюудан сабырдуу болуп, күнөөлөрдөн сактануу.
3. Кайгы, кыйынчылык жаратуучу Аллахтын жазган тагдырына сабыр кылуу.

(2)**Төрт маселеден соң** автор Курандан аларга далил келтирди, бул **аль-Аср сүрөсү.** Автор дайыма маселелерди далили менен бирге келтирет.
Эмнеге?

1. Илим алуучу адам бирөөнүн артынан сокур сыяктуу эле (далилсиз) ээрчип кете бербестен, далилди ээрчүүгө автор аны тарбиялап, үйрөтүп жатат.
2. Илим алуучу адамда далилдер болушу үчүн, алар аркылуу каршылаштарга жооп бере алчудай.
3. Илим алуучу далилдерден туура негизделген өкүм чыгара алгыдай жөндөмдүүлүгү болушу үчүн.

Имам аш-Шафи'и айткан:
*"Эгерде адамдарга Аллах-Таала ушул сүрөнү гана далил катары түшүргөндө, аларга бул эле сөзсүз жетиштүү болмок."* (1)

Имам аль-Бухари айткан:
*" Илим - сөздөрдөн жана амалдардан мурда (алдын)"*

Буга далил Аллах-Таала айтты:
**“Билгиниң, Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок! (Андан соң) Күнөөңө кечирим сура, жана (баардык) момун (мусулман) эркектер жана аялдар үчүн да (кечирим сура)"** (Куран 47:19).

Сөздөрдөн жана амалдардан биринчи илимден баштады(2)

(1) **Имам аш-Шафи'и** айткан бул сөзүнүн мааниси:

Баардык адамдар үчүн:
**-илим ала баштаганга,**
**-амал кылганга,**
**-бири бирин буга чакырганга,**
**-жана бул жолдо сабырдуу болуусу үчүн**
бир эле ушул сүрө далил катары жетиштүү.

Ал эми Курандын башка сүрөлөрү болсо - Куран бул толугу менен эле далил.

(2) Мусулмандардын хадис илими боюнча эмири (жол башчысы) Имам аль-Бухари "Сахих" деген хадистер жыйнагында бул темага өзүнчө бир бөлүм (бап) арнап, мындай деп атаган:

*"Бөлүм: Илим - сөздөрдөн жана амалдардан мурда (алдын)"*

- Андан соң, сөздөрдү (сүйлөөдөн) жана амалдарды (кылуудан) мурун сөзсүз илим болуусу керек экендигине далил алып келди.

Демек, илимсиз амал кылуу таптакыр туура эмес, анткени, ким илимсиз амал кылса ал христиандарга окшошот.

# 1. ҮЧ МАСЕЛЕ

**Билгиниң**, Аллах сага ырайым кылсын, ар бир мусулман эркек жана мусулман аял ушул **үч маселени** окуп-үйрөнүүгө жана ага жараша амал кылганга милдеттүү. (1)

(1) Автор китептин бул бөлүгүн да илим алуучуга дуа менен баштады.

"Үч негиз" китебинде илим алуучуга автор үч жерде дуа кылат:
- "**Төрт маселе**" бөлүмүнүн башында;
- " **Үч маселе**" бул бөлүмүнүн башында;
- **"Билгиниң, Аллах сени өзүнө баш ийүү жолуна багыттаган болсун, "Ханифия" деген бул Ибрахимдин дини..."** - деп башталган кийинки бөлүмдө.

## ҮЧ МАСЕЛЕНИН БАЯНЫНАН МУРДА КИРИШ СӨЗ:

### Таухид

| Тилдик мааниси: | Шариаттык мааниси: |
|---|---|
| Бир нерсени жалгыздоо, жалгыз кылуу.<br>(Ваххада, йуваххиду, таухидан –"жалгыздоо" - деген арабча сөздөн алынат) | Аллах-Тааланын Өзүнө гана таандык болгон:<br>1) Рубубиясында<br>2) Улухиясында<br>3) Ысым-сыпаттарында<br>Жалгыз экендигин тастыктоо. |

### Таухид үчкө бөлүнөт

| Ар-Рубубия | Аль-Улухия | Аль-Асмаа вас-Сыфат |
|---|---|---|
| **Аллах-Тааланы анын иштеринде жалгыздоо.**<br>Мааниси: Аллах-Таала баардык нерсени жаратууда, аларга ээ болууда жана алардын баарысын башкарууда жалгыз экендигин моюнга алуу. | **Аллах-Тааланы ибадатта, сыйынууда жалгыздоо.**<br>***Жалгыз Аллахка гана сыйынуу. Ибадаттардын баарысын жалгыз Аллахка гана арноо.*** | **Аллах-Таала китебинде жана элчиси ﷺ аркылуу Өзүн кандай ысымдар менен атап жана кандайдыр бир сыпаттар менен сыпаттаган болсо, мунун баарысында Анын эч кандай теңдеши жок экендигин билип, моюнга алуу.**<br>Аллах Өзүнө эмнени тастыктаган болсо, биз дагы Аллахка тастыктайбыз, жана Өзүнөн эмнени четке каккан болсо, аны биз дагы четке кагабыз. Эч **бурмалабай**, **жокко чыгарбай**, **сүрөттөп элестетпей**, жана **окшоштурбай**. |

Алланын ысым-сыпаттары "таукифий" болуп эсептелет, мааниси: Куран-Суннөттө кандай келген болсо, милдеттүү түрдө ошол менен чектелип, аят жана хадистерден чыгып кетпестен токтолобуз.

- Аллах-Таала китебинде Өзүнө эмнени тастыктаса, же Анын элчиси Ага тастыктаган болсо, биз дагы аны Аллахка тастыктап-ырастайбыз.
- Аллах-Таала Китебинде Өзүнөн эмнени жокко чыгарса, же Анын элчиси Андан жокко чыгарган болсо, биз дагы аны Аллахтан четке кагып, жокко чыгарабыз. Мисалы:
**"Аны үргүлөө да, уйку да албайт"**
(Куран 2:255)
же: **"Бизге чарчоо эч жолободу"** (Куран 50:38)

Аллахтын баардык ысым-сыпаттарына толугу менен ыйман келтиребиз, эч бурмалабай, эч жокко чыгарбай, эч сүрөттөп-элестетпей жана эч окшоштурбай.

**Биринчи:** Аллах-Таала бизди жаратып, ырыскы берип, андан соң бизди жөн эле таштап койбостон, бизге элчи жөнөттү, ким ага баш ийсе - бейишке кирет, а ким баш тартса – отко (тозокко) түшөт.

Буга далил Аллах-Таала айтты:
**"Чынында, Фираунга элчи (Мусаны) жөнөткөндөй, силерге да элчи жөнөттүк, өзүңөргө каршы күбө болушу үчүн. Фираун болсо элчиге баш ийбеди, жана биз аны катуу азапка алдык"**
(Куран 73: 15-16)[1]

## 2. Үч маселе кыскача:

| Биринчи маселе: | Экинчи маселе: | Үчүнчү маселе: |
|---|---|---|
| Таухид арРубубия, Таухид альАсмаа васСыфат. | Таухид альУлухия. | Ширктен жана ширк кылуучулардан баш тартуу. |

[1] Биринчи меселеде автор
**"Аллах-Таала бизди жаратып"** дегени - Ал Жаратуучу ( аль Холик ),
**"бизге ырыскы берип"** дегени - Ал Ырыскы берүүчү (ар Раззак) экендигин айтуу менен Таухид арРубубия жана Таухид альАсмаа васСыфат жөнүндө айтып кетти.
**"..бизди жөн эле таштап койбостон"** - эч бир нерсени буйрубай жана эч бир нерседен тыйбай, тескерисинче **“бизге элчисин жөнөттү"**.

## Аллах-Таала элчилерди жөнөтүүсүнүн максаты:

1. Адамдарга далил жеткизүү үчүн:

**"Биз элчи жөнөтмөйүнчө эч качан жазага тартпайбыз"** (Куран 17:15).

2. Ырайым (Мээримдүүлүк) катары:

**"Сени ааламдарга бир гана ырайым катары жөнөттүк"** (Куран 21:107).

**Экинчи:** Аллах ибадат кылууда кимдир-бирөөнү Ага шерик кылып кошууга нааразы (ыраазы эмес). Ал тургай ал шериги Аллахка жакын болгон периште же элдерге жиберилген пайгамбар болсо дагы.
Далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Мечиттер бир гана Аллахка таандык (Ага гана сыйынуу үчүн), андыктан Ал менен бирге (Ага шерик кошуп) эч кимге сыйынбагыла!"** (Куран 72:18).

Экинчи маселеде бир гана жалгыз Аллах-Таала ибадатка татыктуу экендиги тастыкталып-баяндалган.

Автор айтат: **"Аллах, ибадат кылууда кимдир-бирөөнү Ага шерик кылып кошууга нааразы (ыраазы эмес)",** Кимге гана ибадат кылуу болбосун – эч качан ыраазы болбойт жана Аллахтан бөлөк кимге гана ибадат кылынып жатпасын, баардыгын камтыйт: пайгамбар, олуя (уали), жин, периште, такыба киши, тумар, таш, бак, мазар, мүрзө, күмбөз, эстелик жана башка, ким жана эмне гана болбосун.
Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Мечиттер Аллахка гана таандык, демек Ал менен бирге эч кимге сыйынбагыла!"**

Мечиттер дегендин үч мааниси бар, үчөө тең туура:

Аллахка ибадат кылуу максатында **курулган мечиттер**.
Демек ал жерлерде бир гана Аллахка сыйынуу керек.

Сажда кылына турган **дене мүчөлөр**.
Демек, дене мүчөлөрү менен бир гана Аллахка сыйынуу керек.

**Жердин баарысы**: "Жер бети мен үчүн таза кылынды жана мечит болду" (хадис)
Демек, жердин баарысында Аллахтан башка кимдир бирөөгө сыйынууга уруксат берилбейт.

Башка хадистерге карай: мүрзөлөр, мончолор жана ажаатканалар бул хадистеги "мечит болду" дегенге кирбейт. Бул аталган жерлерде Аллахка ибадат кылууга тыюу салынат.

وَأَنَّ ٱلْمَسَٰجِدَ لِلَّهِ فَلَا تَدْعُوا۟ مَعَ ٱللَّهِ أَحَدًا ﴿١٨﴾

**"Мечиттер Аллахка таандык, демек ал менен бирге эч кимге сыйынбагыла!"**
(Куран 72:18)

**"Эч кимге"**, баарысын камтыйт, ошондуктан имам бул экинчи маселеде айтты: "**Аллах, ибадат кылууда кимдир - бирөөнү Ага шерик кылып кошууга ыраазы эмес**". Башкача айтканда ким гана болбосун, пайгамбарлар, олуялар, жиндер же такыба адамдар болсо дагы. Эч кимге Аллах менен бирге сыйынганга болбойт. Бир гана жалгыз Аллах ибадатка татыктуу.

Үчүнчү маселеде автор ширктен жана ширк кылуучулардан баш тартуу парз (милдет) экендигин баяндады.

**Үчүнчү:** Ким элчиге баш ийип жана Аллахка эч кимди теңдеген эмес болсо - Аллахтын жана Анын элчисинин душманына сүйүү менен мамиле кылбасын, ал тургай эң жакын тууганы болсо дагы.[1]
Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Сен Аллахка жана кыямат күнүнө ишенген коомдун арасынан Аллах менен Анын элчисине каршы чыккандарды дос кылып алганын таппайсың. Эгер алар аталары, балдары, ага-инилери, туугандары болсо дагы. Аллах мына ушулардын жүрөгүнө ыйманды жазып койгон, жана Өзүнөн болгон рух менен кубаттады. Аллах аларды алдынан дайралар агып турган бейиш бакчаларына киргизет. Ал жакта түбөлүккө калышат. Аллах алардан ыраазы. Алар Андан (Аллахтан) ыраазы. Ушулар мына Аллахтын тобу (жамааты), Акыйкатта, Аллахтын жактоочулары ийгиликке жетүүчүлөр"** (Куран 58:22).

Муслулман эместер менен мамиле түзүүдө адамдар үч түрдүү болушат.
Анын экөөсү чектен чыккандар жана бирөөсу түз жолду (ортолукту) кармангандар

- Каапырлардын майрамдарында, ибадаттарында катышып (аралашып), алар менен бирге жүргөндөр
- Каапырларды өлтүрүп, тоноп, алдап ж.б. ушул сыяктуу иштер менен чектен чыккандар
- Ортолукту (түз жолду) кармангандар. Бул сүннөттү кармануучулар. Булар каапырлардын майрамдарына, ибадаттарына, азем-салтанаттарына катышпайт жана чектен чыкпай каапырлар менен болгон келишимдерди бузбайт, аларга катары кыянаттык кылышпайт. Каапырлар менен соода-сатык иштерде мамиле түзүү бизге уруксат жана ал менен бирге сөзсүз аларды Таухидке (Аллахты жалгыздоого) чакыруу керек.

Ширктен жана анын элдеринен баш тартуу:

- **Жүрөк менен болот:** Каапырларды жек көрүү, алардын салтанат-майрамдарын, өзгөчө, алардын ширкий амалдарын, бидааттарын жек көрүү.
- **Тил менен болот:** "Чындыгында, мен силердин сыйынган нерсеңерден баш тарттым" (Куран 43:26) "Айт: Эй, каапырлар! Мен силер сыйынган нерселерге сыйынбаймын. Силер дагы мен сыйынган (Аллахка) сыйынбайсыңар. Дагы да, мен силер сыйынган нерселерге сыйынбаймын. Жана да силер мен сыйынган (Аллахка) сыйынбайсыңар. Силердин диниңер – өзүңөр үчүн, а менин диним – өзүм үчүн" (Куран 109:1-6)
- **Дене мүчөлөрү менен болот:** Каапырлардын салтанат-майрамдарына, ырым-жырымдарына катышпоо, алардын өзгөчөлүгү болгон кийимдерин кийип, аларга окшошпоо, же алардын көз караш-ишенимдери менен окшошпоо.

[1] **Маанилүү эскертүү:** Динибизде мусулман эместерге карата жакшы мамиле кылууга тыюу салынбайт, Аллах айткан: **“Диниңер үчүн силер менен согушпагандарга жана мекениңерден кууп чыкпагандарга жакшылык кылууңарды жана аларга адилеттүү болууңарды Аллах тыюу салбайт. Акыйкатта, Аллах адилеттүүлөрдү сүйөт”** (Куран 60:8). Тескерисинче, аларга карата болгон адилеттүүлүк, жумшак жана жакшы өз ара катнаш алардын Исламга келүүсүнө себеп болушу мүмкүн, а ким эгерде бир адамдын Исламга келишине себеп болсо, ал өтө чоң соопко жетет. Каапырларга карата жакшы, адилеттүү мамиленин үлгүсүн биз үчүн эң сонун үлгү болгон Аллахтын элчиси ﷺ өзү көргөзүп кеткен. Улуу сахаба, пайгамбардын ﷺ шакирти Абдуллах ибн Амрдын үйүндө күндөрдүн биринде кой союлган эле, ошондо ал айтты: “Биздин иудей кошунабызга белек кылдыңарбы? Иудей кошунабызга белек кылдыңарбы? Мен Аллахтын элчиси ﷺ айтканын уккам: “Жебрейил (периште) мага кошуна тууралуу (ага жакшы мамиле кылууну) осуят кыла берди, жадакалса ал (кошуна) мураскор болот экен деп да ойлоп кеттим”” (хадисти ат-Тирмизи (1943) келтирген жана хасан деп атаган).

# 3. ТАУХИДДИ ҮЙРӨНҮҮНҮН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

**"Билгиниң,** Аллах сени Өзүнө баш ийүү жолуна багыттасын,
Ибрахим пайгамбардын дини бул Ханифия. Ал деген динди чын ыкластан жалгыз Аллахка гана арнап, бир гана Өзүнө ибадат кылуу. Аллах баардык адамдарга муну буюруп жана ушул максатта аларды жараткан. Аллах-Таала айтат: **"Жиндерди жана инсандарды (жалгыз) Мага ибадат кылуусу (сыйынусу) үчүн гана жараттым".** (Куран 51:56) (1)
“Ибадат кылуу (сыйынуу)” дегендин мааниси "(ибадатта) жалгыз кылуу".(2)
Аллахтын буйруктарынын эң улуусу бул Таухид: ал деген ибадатта Аллахты жалгыздоо. (3)
Ал эми эң улуу Аллахтын тыюу салган нерсеси бул Ширк: ал деген Аллах менен бирге башка бирөөгө сыйынуу (же дуа менен кайрылуу).
Буга далил: Аллах-Тааланын айтканы: **"Аллахка ибадат кылгыла жана Ага эч нерсени шерик кылып кошпогула".** (Куран 4:36)

(1)«аль-Ханифийа»

**Араб тилинде:** "Аль Ханф" сөзүнөн келип чыгат.
Бир нерседен бурулууну же бир нерсеге оону, кыйшаюуну түшүндүрөт.

**Шариатта:** Ширктен качып Ыкластуулукка, Таухидке, Ыйманга умтулуунун дини. **"(Ибрахим) Аллахка багынган, ханиф болгон эле"** (Куран 16:120). Мааниси: Аллахка умтулган, ширктен жүз буруучу (кайтуучу).
Ханиф - бул дайыма Таухидке кайтат, жана ширктен алыстайт.

(2) Бул жерде автор бизге "Эмне үчүн Таухидди үйрөнөбүз?" - деген суроого жоопту баяндап берди, буга чейин китептин башында анын маанилүүлүгү жөнүндө айтылган эле.

(3) Автор айтат: "Сыйынуу" дегендин мааниси "(ибадатта) жалгыз кылуу"

Бул пайгамбардын ﷺ сахабасы ибн Аббастын айткан сөзү:
*"Курандагы баардык ибадатка болгон буйруктан максат бул Таухид".*

Демек, **"Аллахка сыйынгыла!"** дегендин мааниси “жалгыз Аллахка гана ибадат кылгыла!”.
**"Эй, адамдар, Роббиңерге сыйынгыла!"** - “Эй, адамдар, Роббиңерди ибадатта жалгыз кылгыла!”

## Ибадат деген эмне? Ибадаттын аныктамасы

**“Аллах-Таала жакшы көрүп, ыраазы болгон, ачык жана жашыруун (ички) баардык сөздөр менен амалдар - “ибадат” (сыйынуу) - деп аталат”** (Шейх аль-Ислам ибн Теймия)
Ибадаттын кайсы бир түрүн Аллахтан башкага арноо – Исламдан чыгара турган чоң ширк болот. Ибадаттын мисалдары жана түрлөрү боюнча китепте кийин кененирээк баяндалат.

# 4. ҮЧ НЕГИЗ

[1] Автор кабырдагы үч суроо болгон, үч негизди атап өттү да жана окурман же угармандын кызыгуусун козгоо максатында суроо берип андан соң ага жооп берип баштады. (Суроо-жооп ыкмасын колдонду).

[2] Автор, биринчи негизге түшүнүк берип, ар-Робб бул Аллах жана жалгыз Ал ибадатка татыктуу экендигин баяндады, жана буга далил айтып өттү, ал Аллах-Тааланын сөзү:

**"Ааламдардын Роббиси Аллахка мактоолор болсун"** (Куран 1:2)

Демек, сиз сыйына турчу жалгыз кудай бул – Роббиңиз.

Эгерде **“Ар бир инсанга таанып-билүүгө парз болгон үч негиз кайсы?”** – деп сенден сураса, айткының: Пенденин
- Роббисин,
- динин,
- жана пайгамбарын

таанып-билүүсү.[1]

Эгерде сенден: **Роббиң ким?** -деп сураса, айткының: Роббим Аллах, ал мени жана баардык ааламдарды өз нээматтары менен багып, тарбиялап-өстүргөн. Ал менин сыйына турган кудайым жана менде андан башка сыйына турган эч бир кудайым жок. Далил Аллах-Тааланын сөзү: **"Ааламдардын Роббиси Аллахка мактоолор болсун"** (Куран 1:2)[2]

Аллахтан башкасынын баарысы ааламдар (болуп эсептелет), жана мен да ошол ааламдардын биримин[3]

**"Ааламдардын Роббиси Аллахка мактоолор болсун"** (Куран 1:2)

Бул аят Таухиддин баардык үч түрүн өзүнө камтыйт:

**"альХамду"**

(баардык Мактоолор)

Таухид альАсмаа васСыфатты тастыктоо

**"Лилляхи"**

(Аллахка)

Таухид альУлухияны тастыктоо.

**"Робб"**

Таухид арРубубияны тастыктоо.

[3] Мааниси: Аллах-Тааладан башканын баарысы жаратылган болуп эсептелет, демек, мен дагы жаратылган болсом, анда сөзсүз нээматтары жана жакшылыктары менен мага кайрым кылган Жаратуучума (Роббиме) шүгүр кылууга милдеттүүмүн.

Эгерде сенден **“Роббиңди кантип тааныдың?”** –деп сураса,
Айткының: Аяттары (далилдери, белгилери) жана жараткан нерселери аркылуу. Аяттары: Күндүз жана түн, күн менен ай. Жараткан нерселери: Жети асман менен жети жер, жана алардын ичиндеги жана арасындагы (ортосундагы) баардык нерселер.

Далил Аллах-Таала айткан:
**"Күндүз жана түн, күн менен ай (бир гана) Анын аяттарынан (далилдери, белгилери). (Андыктан) Күнгө дагы айга дагы сажда кылбагыла (жүгүнбөгүлө), аларды жараткан Аллахка сажда кылгыла, эгерде Ага сыйына турган болсоңор"**
(Куран 41:37)

Жана айткан:
**"Чындыгында силердин Роббиңер Аллах, Асмандар менен жерди алты күндө жаратып, кийин аршка көтөрүлдү. Күндүздү түн менен каптайт, ал болсо кайра эле тез артынан ээрчийт. Күн, ай, жылдыздар мунун баарысы Анын буйругуна багынат. Албетте жаратуу жана башкаруу Ага гана таандык. Берекелүү Аллах ааламдардын Раббиси."** (Куран 7:54)[1]

Робби - бул сыйынуучу зат.
Далил:
**"Эй, адамдар, силерди жана силерге чейинкилерди жараткан Роббиңерге сыйынгыла, мүмкүн такыба болоорсуңар. Силерге Ал жерди төшөп асманды курду. Асмандан суу жаадырып, ал менен силерге ырыскы кылып мөмө-жемиштерди өстүрдү. Ошондуктан, билип туруп Аллахка эч кимди теңдеш (шерик) кылбагыла"** (Куран 2:21-22).[2]

Ибн Касир айткан: *"Ушунун баарысынын жаратуучусу - чыныгы Ал гана ибадатка татыктуу"* [3]

[1] Автор Аллахтын бар экендигин көрсөтүп турган, ааламдагы кээ - бир белгилерди жана жаратылган нерселерди эскерип баштады. Булар Аллахтан башка Робб, Жаратуучу жана сыйынууга татыктуу зат жок экендигин далилдейт. Андан соң автор буга Курандан далилдерди келтирди.

***Баардык жаратылган нерсе - бул Аллахтын бар экендигин көрсөтүп турган белги (аят, далил).***

Бирок бул жакта шейхуль Ислам Мухаммад ат-Тамими"белгилер" жана "жаратылган нерселер" деген эки түшүнүктү айырмалап бөлдү, анткени "аят"(белги) бул өзгөрүүчү нерсе, мисалы күн жана түн сыяктуу. Жана өзгөрбөй турган нерсеге караганда өзгөрүп турган нерседе күчтүүрөөк далил бар.

[2] Бул альБакара сүрөсүнүн аяты. Аалымдар бул аят Курандагы эң биринчи кайрылууну камтыйт деп айтышкан:
"Эй, адамдар!"

Жана мында эң биринчи буйрук камтылган:
“Роббиңерге сыйынгыла (ибадат кылгыла)!" мааниси **“жалгыз кылгыла!”, "биркудайчылыкты (Таухидди) кармангыла!”**

Жана ошондой эле Курандагы биринчи тыюу, кайтаруу камтылган: "билип туруп эч кимди Ага теңдеш (шерик) кылбагыла!" - ширк кылуудан тыюу.

[3] **Мааниси:** Жаратууда, Башкарууда (Рубубияда) жалгыз болгон Затты сөзсүз ибадатта (сыйынууда) дагы жалгыздоо керек.

[1] Автор Ибн Касирдин сөзүнөн соң жүрөк жана дене мүчөлөрү менен аткарылуучу ибадаттардын түрлөрүн эскерип өттү жана ар бир амалга Курандан далилин келтирди.

**Дуа экиге бөлүнөт:**

| **Дуа-ибадат.** (дуа аль-ибада) | **Дуа-сурануу.** (дуа аль-масала) |
|---|---|
| Бул амал аркылуу суранып, кайрылуу, мисалы: намаз, орозо, ажылык.<br><br>Буларды аткарууда инсан тили менен сурабаса дагы, аткаруусу (амалдары, абалы) менен: "О Аллах, мени кечир! Мени оттон сакта!" - деген сыяктуу. | Бул сөздөр, тил менен суранып, кайрылуу.<br><br>Мисалы: "Роббим мени кечир, мага ырайым кыл!" |
| Булардын бирин Аллахтан башкага арноо чоң ширк. | Булардын өкүмү тереңирээк баяндоого муктаж, китепте кийин келет. |

Аллах аткарууга буйрук кылган **ибадаттын түрлөрү**: [1]
Ислам, Ыйман, Ихсан;
ошондой эле:
Дуа, коркуу (*аль-хауф*), үмүттөнүү (*ар-ража*), тобокел кылуу - таянуу (*ат-тауаккуль*), умтулуу (*ар-рагба*), кооптонуу (*ар-рахба*), багынуу менен коркуу (*аль-хушу*), илим менен коркуу (*аль-хашйа*), тообо-өкүнүч менен кайтуу (*аль-инаба*), жардам суроо (*аль-истиана*), коргоо тилөө (*аль-истиаза*), куткаруу тилөө (*аль-истигаса*), курмандык чалуу (*аз-забх*), убада (ант) берүү – милдеттенүү (*ан-назр*) жана башка Аллах буйрук кылган ибадаттардын түрлөрү - баарысы жалгыз Аллахка таандык (жалгыз Ага гана арналыш керек).

Буга далил Аллах-Тааланын сөзү:
**" Мечиттер бир гана Аллахка таандык (Ага гана сыйынуу үчүн), андыктан Ал менен бирге (Ага шерик кошуп) эч кимге сыйынбагыла!"** (Куран 72:18)

**Кимде ким ушулардын бирөөсүн Аллахтан башкага арнаган болсо - ал мушрик, каапыр.**

Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Ким Аллах менен бирге башка кудайга сыйынган (дуа кылган) болсо, буга эч бир далили жок болуп туруп, анын эсеп-кысабы Роббисинин алдында, Акыйкатта, каапырлар ийгиликке жетпейт."**
(Куран 23:117).

Хадисте келген:
"**Дуа** бул ибадаттын маңызы (башаты)"

Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Роббиңер айтты:
Мага дуа менен кайрылгыла, силерге жооп беремин. А ким мага ибадат кылуудан текеберленсе кор болгон абалда тозокко кирет."** (Куран 40:60).

**Дуа-суроо экиге бөлүнөт:**

**Аллахтан башка эч кимдин кудурети жетпеген нерсени суроо.**
Мындай дуа менен Аллахтан башка кимдир бирөөнө кайрылуу - ЧОҢ ШИРК болуп эсептелет. Мисалы: Бейиш суроо, бакыт, береке, ырыскы, шыпаа (айыгуу), перзент (бала), куткаруу, шапаат, колдоо ж.б. у.с. нерселерди Аллахтан башкадан суроо - чоң ширк.

**Инсандын колунан келген нерсени сурап, кайрылуу.**
Сурануунун бул түрү төмөнкү 4 шарт менен гана уруксат берилет:

- Ал адамдын ТИРҮҮ болуусу. Бул шарт өлүктөргө кайрылууну четке кагат.
- Ал адамдын ЖАНЫНДА БАР болуусу. Бул шарт жанында жок болгондорго кайрылууну четке кагат.
- Ал адамдын, ошол сураныччты аткара тургудай, КҮЧ-КУБАТЫ бар болуусу. Бул шарт жөндөмү жок болгонго (алсызга) кайрылууну четке чыгарат.
- Ал адам жөн гана СЕБЕП - деген БЕКЕМ ИШЕНИМдин болуусу.

Ал эми, ким кайрылып жатканы боюнча: «бул Дүйнөдө кандайдыр бир жашыруун же кандайдыр бир өз алдынча башкарат; пайда алып келет, же зыяндан тосот» - деп ишенсе ширк кылган болот.

**Эскертүү:**

Биз амалдар боюнча гана өкүмдөрдү үйрөнүп жатабыз, ал эми адамдар боюнча өкүм чыгаруу - ал кишиге далил жеткизүүгө жана күмөндөрдү арылтууга муктаж. **Бир ишти кылган адам боюнча, ал мусулман же каапыр болгонун бир гана аалымдар өкүм чыгарат.**

## Адамдар себептерге болгон ишенимдери боюнча үч топко бөлүнөт:

**1. Аллах себеп кылганды себеп деп билишет.**

**Бул туура ишеним.**

**2.Аллах себеп кылбаганды себеп кылышат.**

**Бул кичине ширк.**

Мисалы: көз мончок, тумарлар, жиптер, таштар Аллахтан шыпаа, береке алып келет же булар аркылуу Аллах балээ-кырсыктан тосот деген ишенимдер.

**3.Себеп өзүнөн-өзү эле таасир этет, пайда алып келет же зыяндан тосот деп ишенишет .**

**Бул чоң ширк.**

Мисалы: көз мончок, тумарлар, жиптер, таштар өзүнөн өзү эле шыпаа, береке алып келет, балээден, оорудан сактайт деген ишенимдер.

**Шариаттык себеп.**

Мисалы: Шариаттык рукья (дем салуу), Аллах рукьяны оорудан айыгуунун себеби кылган.

**Көрүнүктүү (сезерлик) себеп.**

Мисалы: Дары-дармектер, Аллах-Таала аларды дагы айыгуунун себеби кылган.

"Дуа бул ибадаттын маңызы (башаты)" – бул даиф (алсыз, тастыкталбаган) хадис.
**"Дуа бул ибадат"** – деген пайгамбардын ﷺ сөзү **сахих (тастыкталган).**

## Дуа (сурануу, кайрылуу) кандайча ибадат болот?

Төмөнкү аят буга далил:

وَقَالَ رَبُّكُمُ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ إِنَّ الَّذِينَ يَسْتَكْبِرُونَ عَنْ عِبَادَتِي سَيَدْخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ ٦٠

**"Роббиңер айтты: Мага дуа менен кайрылгыла, силерге жооп беремин. А ким эгерде мага ибадат кылуудан текеберленсе - кор болгон абалда тозокко кирет."** (Куран 40:60)

"мага ибадат кылуудан" – деген Аллахтын сөзүнөн дуа бул ибадат экендигин түшүнөбүз.

**Коркуу *(аль-хауф)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Алардан коркпогула, Менден корккула, эгерде момун (мусулман) болсоңор!"** (Куран 3:175) (1)

**Үмүттөнүү *(ар-ража)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Ким Роббисине жолугууну үмүт кылса - жакшы (солих) амалдарды аткарсын жана ибадатында Роббисине эч кимди шерик кылбасын"** (Куран 18:110) (2)

(2) **Үмүт** –бул инсандын бир жеңил нерсеге жетүүгө болгон умтулуусу. Ал эми ага жетүү оор болсо, анда женилдетилүүсүн каалоо.

Моюн сунуу, багынууну камтыган үмүт жалгыз Аллахка гана таандык, Аллахтан башка бирөөгө муну арноо - **чоң ширк.**

Макталган (туура) үмүттөнүү бул:

- качан кимдир бирөө Аллахка **баш ийип**, Анын сообуна (сыйлыгына) **үмүт** кылса;

- же күнөөсүнөн **тообо кылып,** тообосунун кабыл болушуна **үмүттөнгөн болсо -** туура болот.

А эгерде жакшы (солих) **амал кылбай** эле туруп үмүттөнгөн болсо, бул бир гана **кыялдануу** жана **айыпталуучу каалоо** болуп эсептелет.

(1) **Коркуу** бул зыянга, азапка, кыйналууга же өлүмгө алып келе турчу бир нерсенин күтүлүшүнөн келип чыккан тынчсыздануу.

Аллах-Таала шайтандан жана анын жардамчыларынан коркууга тыюу салган жана жалгыз Өзүнөн гана коркууга буйруган.

## Коркуунун үч түрү бар:

**1. Ибадат болгон коркуу, бул таазим (улуктоо) менен бирге келүүчү жашыруун коркуу.**

Пенде кимге ибадат кылса ошого карата сезген коркуунун түрү.

Бул (коркуунун түрү) пенденин сыйынган кудайынын алдында өзүн-өзү кемсинтүү, багынуу жана улуктоо сезимдери менен бирге коштолот. Мындай коркууга жалгыз Аллах гана татыктуу, Андан башка бирөөгө арноо чоң ширк болуп эсептелет.

**2. Табигий коркуу.**

Бул адамдын оттон, душмандан, жырткычтан жана башка ушул сыяктуу нерселерден коркуусу. Буга шариатта уруксат берилген.

**3.Арам болгон коркунуч.**

Аллахтын мээриминен үмүтсүздөнүүгө алып келе турган коркунуч, же Жаратуучу тыйган нерседе жаратылгандан коркуп, ага баш ийүү.

[1] Тобокел кылуу - таянуу

*(ат-тауаккуль):*

*Тилдик мааниси:*

Бир нерсеге тобокел кылуу, б.а. ага таянуу, ишенүү.

*Шариаттык мааниси:*

Чыныгы, бекем ишеним менен Аллахка таянып тапшырылуу (ыктыярына берилүү), жана аны менен бирге сөзсүз шариатта уруксат берилген себептерди аткаруу.

Тобокел кылуунун (Аллахка таянуунун) үч шарты бар.

2. Аллах убадасын сөзсүз аткарат деп Ага ишенип, ыктыярына берилүү (тапшырылуу).

1. Чын ыкластан Аллахка таянуу.

3. Шариатта уруксат берилген себептерди аткаруу.

**Тобокел кылуу – таянуу (*ат-тауаккуль*)** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын айткан сөзү:

**"Жалгыз Аллахка гана тобокел кылгыла** (таянгыла)**, эгерде момун** (мусулман) **болсоңор"** (Куран 5:23) [1]

Жана Аллахтын сөзү:

**"Ким Аллахка тобокел кылса** (таянса)**, Ал ага жетиштүү"** (Куран 65:3)

**Умтулуу (*ар-рагба*)** [2]**, кооптонуу (*ар-рахба*)** [3]**, багынуу менен коркуу (*аль-хушу'*)** [4] мунун баарысы ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Чындыгында, алар жакшы иштерди аткарууга шашылышкан, умтулуу жана кооптонуу менен бирге Бизге дуа кылып кайрылышкан. Жана биздин алдыбызда** (багынуу менен) **коркуп турушкан"** (Куран 21:90)

[2] **Умтулуу** *(ар-рагба)* **-** бул көздөгөн (самаган) нерсеге жетүүгө болгон каалоо.

[3] **Кооптонуу** *(ар-рахба)* **-** бул адам эмнеден корксо ошондон алыстоого, качууга алып келүүчү коркунучтун түрү, демек, бул амал менен бирге коштолгон коркунуч.

[4] **Багынуу менен коркуу** *(аль-хушу')* - Аллахтын улуулугуна моюн сунуп, багынып, Анын шариаттагы жана дүнүйөдөгү чечимдерине (өкүмдөрүнө) баш ийүү.

✓ Аллах тарапка умтулуп жөнөп бараткан адам сөзсүз коркуу менен үмүттү өзүнө бириктирүүсү зарыл, эгерде бир сезим экинчиден үстөмдүк кылып кетсе бул адашууга алып барат.

Ошондуктан, куштун эки канаты сымал, сөзсүз коркуу менен үмүт, экөө тең бирге болуусу зарыл.

**Илимдин негизиндеги коркуу *(аль-хашйа)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Алардан коркпогула, Менден** (гана) **корккула!"** (Куран 2:150) (1)

**Тообо, өкүнүч менен кайтуу *(аль-инаба)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Роббиңерге кайткыла (тообо менен), жана Ага багынгыла (баш ийгиле)!"** (Куран 39:54) (2)

**Жардам суроо *(аль-исти'ана)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Жалгыз сага гана сыйынып, жалгыз Сенден гана жардам сурайбыз"** (Куран 1:5)

Жана хадис:
"Жардам сурасаң - Аллахтан сура" (3)

**Коргоо тилөө *(аль-исти'аза)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Айткының: Таңдын Роббисине коргоо тилеп кайрыламын"** (Куран 113:1)
Жана: **"Айткының: Адамдардын Роббисине коргоо тилеп кайрыламын"** (Куран 114:1) (4)

**Куткаруу тилөө *(аль-истигаса)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Силер Роббиңерден куткаруу тилемдиңер, Ал силерге жооп берди"** (Куран 8:9) (5)

**Курмандык чалуу *(аз-забх)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Айткының: Акыйкатта, намазым да, курмандыгым да (же ибадатым), өмүрүм да, өлүмүм да Аллахка, ааламдардын Роббисине таандык, Анын эч бир шериги жок"** (Куран 6:162-163)

Жана сүннөттөн далил: "Аллахтан башкага курмандык чалганды Аллах каргады" (6)

(1) **Илимдин негизиндеги коркуу** *(аль-хашйа)* - бул кимден коркуп жаткан болсо, анын улуулугун жана толук үстөмдүк кылуучу экендигин билип коркуу.

(2) **Тообо менен кайтуу** *(аль-инаба)* - бул Аллах-Таалага тообо (өкүнүч) менен кайтып, ал менен бирге Анын буйруктарын аткаруу жана тыюуларынан алыстоо.
"Роббиңерге кайткыла" - мааниси: тообо менен кайткыла, "Ага багынгыла (баш ийгиле)" - мааниси: Аллахтын буйругун аткар, анткени сен пендесиң (кулсуң), кул болсо кожоюнуна (ээсине) баш ийүүгө милдеттүү, кожоюн болсо Аллах, пайгамбар ﷺ айткандай: "Кожоюн бул Аллах".

(3) **Жардам суроо** *(аль-исти'ана)* - жардам сурап кайрылуу, жалбаруу.
"Жалгыз Сага ибадат кылабыз, жалгыз Сенден жардам сурайбыз" - бул Фатиха сүрөсүнүн аятында негизинен араб тилинде аягында келүүчү сөз алдыга чыкты ("наъбуду ийаака (сыйынабыз сага)" - "ийаака наъбуду (сага сыйынабыз)" - араб тилинде "ийаака" (сага) деген сөз этиштен кийин келет), жана сүйлөмдөгү орду ушундай алмашкан түрдө келген болсо "чектөө" маанисин берет (жалгыз сага гана), б.а. "Сага сыйынабыз, Сенден башка биз эч кимге сыйынбайбыз. Сенден жардам сурайбыз, Сенден башка эч кимден жардам сурабайбыз".

(4) **Коргоо тилөө** *(аль-исти'аза)* - сактоо, коргоо, колдоо тилеп жалбаруу, б.а. күтүлүүчү бир жамандыктан сактоону тилөө. "Коргоо тилеп кайрыламын" - мааниси: сактоо, колдоо издеп кайрыламын"

(5) **Куткаруу тилөө** *(аль-истигаса)* - балээ-кырсыктан, башка түшкөн кыйынчылыктан куткаруу тилеп кайрылуу.

(6) **Курмандык чалуу** *(аз-забх)* – кандайдыр бир (белгилүү) ыкма (жол) менен мал союу.

**Курмандык чалуунун үч түрү бар:**

| 1. Аллах үчүн курмандык чалуу. | 2. Аллахтан бөлөк башка бирөөгө арнап союу. Сүйүү жана таазим менен бирге. | 3. Уруксат берилген мал союу (мубах). |
|---|---|---|
| Ажылыкта, Курман айтта мал союу же садака катары курмандык чалуу. | Жиндерге же арбактарга арнап курмандык чалуу. Бул чоң ширк болуп эсептелет. | Тамактануу, конок тосуу, соода-сатык максатында. |

**Эскертүү:** Курмандык чалуу маселеси "Китаб атТаухид" аттуу китепте толук баяндалат, Аллахтын колдоосу менен.

**Жардам суроо, коргоо тилөө, куткаруу тилөө, шапаат суроо**, мунун баарысын башка адамдардан (жаратылгандардан) алардын кудурети жеткен иштерде сураса болот, бирок шарттар менен: **- тирүү болуусу, жанында (көз алдында, бар) болуусу, алы жетүүсү (жарамдуу, жөндөмдүү болуусу).**

[1] Убада (ант) берүү *(«ан-назр»):*

| Тилдеги мааниси: | Шариаттык мааниси: |
|---|---|
| Милдеттенүү. | Адам парз болбогон бир ишти өзүнө парз кылуусу, милдеттенүүсү. |

**Эскертүү:** Убаданын түрлөрү, шарттары жана аткарылбаган убада кантип кечирилет, мунун баарысы, Аллахтын колдоосу менен, "Китаб атТаухид" аттуу китепте толугу менен келет.

**Убада (ант) берүү – милдеттенүү (ан-назр)** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Алар убадаларын аткарышып, жамандыгы жайылган күндөн коркушат"** (Куран 76:7) [1]

Убаданын (анттын) түрлөрү:

| Аллах үчүн убада (ант) - ибадат | Аллахтан башка бирөө үчүн убада (ант) - ширк |
|---|---|

Китептин автору бул ибадаттын түрлөрүн эскерип, ушулар менен эле чектелет деген максатта эмес, мисалдар катары эле атап өттү, анткени, ибадаттын дагы башка бул жакта айтылбаган түлөрү көп.

**Ким эгерде ушул ибадаттардын кайсы бир түрүн Аллахтан бөлөк башка бирөөгө арнаган болсо - ал ширк кылган болот.**

Экинчи негиз: Ислам динин далилдери менен таануу.

Ислам - бул Аллахка Таухиддин негизинде багынуу, Ага баш ийип моюн сунуу жана ширктен жана мушриктерден баш тартуу.

Үч даражасы бар:
Ислам, Ыйман, Ихсан.
Жана ар бир даражанын түркүктөрү бар.

Биринчи даража:
Ислам. (1)

Исламдын беш түркүгү бар:
1) "Ла илааха иллАллах, Мухаммадун расулуллах" (Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок (2), жана Мухаммад Аллахтын элчиси) - деп күбөлүк берүү.
2) Намазды тургузуу.
3) Зекет берүү.
4) Рамазан айында орозо тутуу.
5) Аллахтын үйүнө ажылык кылуу.

(1) Пенде өзүнүн динин таануусу - бул экинчи негиз, автор буга киришип, Исламдын аныктамасын баяндады:

**БИРИНЧИ ДАРАЖА: ИСЛАМ**

**Ислам - бул Аллахка Таухиддин негизинде багынуу, Ага баш ийип моюн сунуу жана ширктен жана мушриктерден баш тартуу.**

Бул Исламдын аныктамасы: Пенде Аллахтын буйругуна моюн сунууга милдеттүү. Кул өзүнүн кожоюнуна баш ийүүгө милдеттүү болгон сыяктуу. Пайгамбарыбыз ﷺайткандай, Кожоюн бул Аллах.

**Жана андан соң динди үчкө бөлдү:**

| Ислам | Ыйман | Ихсан |
|---|---|---|

(2) **Исламдын беш түркүгү бар.**

***Биринчиси: "Шахада" күбөлүк берүү.***

Автор **«Ля иляха илля Ллах»** күбөлүктүн далилин келтирип, маанисин түшүндүрдү:

**"Аллахтан башка сыйынууга чыныгы татыктуу эч бир кудай жок"**

"Шахада" күбөлүк сөзсүз эки нерсени камтуусу зарыл:

| Жокко чыгаруу *(ан-Нафи)* | Тастыктоо *(аль-Исбат)* |
| --- | --- |

Жокко чыгаруу: **"Сыйынууга татыктуу кудай жок" (ла илааха)** – деген күбөлүктүн бөлүгүндө камтылган.

Тастыктоо: **"Аллахтан башка" (иллАллах)** – деген бөлүгүндө.

Мындай түзүлүш жокко чыгарууну жана тастыктоону өзүнө камтыйт. Ибадатты жалгыз Аллахка чектеп, жана Ага гана тастыктоо, жана Аллахтан башка баарысынын сыйынууга акысын жокко чыгаруу.

Ошондуктан автор айтты:

"Бул сөздөрдүн маанисин Аллах-Тааланын сөзү баяндайт:

**"Мына Ибрахим атасына жана коомуна айтты: Чындыгында, мен силер сыйынгандардын баарысынан баш тартамын, мени жараткандан башка". (43:26-27)**

**"силер сыйынгандардын баарысынан баш тартамын" - ла илааха (Сыйынууга татыктуу кудай жок).**

**"мени жараткандан башка" - иллАллах (Аллахтан башка)**

Күбөлүктүн "шахада" далили бул Аллах-Тааланын сөзү:

**"Аллах күбөлүк берди, Андан башка сыйынууга татыктуу зат жок экендигине. Периштелер жана илим ээлери дагы (күбөлүк беришти). Ал (Аллах) адилеттүүлүктү орнотуучу. Андан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Ал Кудуреттүү, Даанышман"** (Куран 3:18)

Мааниси: *"Аллахтан башка эч бир сыйынууга чыныгы татыктуу зат жок"*

"Сыйынууга татыктуу зат жок"(Ла илааха) - Аллахтан башка кимге гана ибадат кылынбасын, баарысын жокко чыгаруу.

"Аллахтан башка" (иллАллах) - жалгыз Аллахка гана сыйынуу керек экендигин ырастоо, Ага эч бир шерик кошпой. Жаратуу-башкарууда Анын эч бир шериги жок болгондой эле.

Бул сөздөрдүн маансин баяндоочу - бул Аллах-Тааланын сөзү:

**"Мына Ибрахим атасына жана коомуна айтты: "Чындыгында, мен силер сыйынгандардын баарысынан баш тартамын, мени жаратკандан башка. Акыйкатта, Ал мени туура жолго салат". Бул сөздү (Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок күбөлүгүн) урпактарына да калтырды, балким алар (ушуга) кайра кайтышаар"**
(Куран 43:26-28)

Жана Аллах-Тааланын сөзү:

**"Айт: Эй, китеп ээлери (христиан, иудейлер)! Силер менен биздин ортобузда болгон бир сөзгө келели: “Аллахтан башка эч кимге сыйынбайлы да, Ага эч кимди шерик кылбайлы! Жана бири бирибизди өзүбүзгө Аллахтан башка кудай кылып албайлы!” Эгерде алар баш тартса “Биздин мусулмандыгыбызга күбө болгула!” - деп айткыла!”** (Куран 3:64) (1)

**Эгерде кимдир бирөө айтса:**

**"Ла илааха иллАллах" мунун мааниси: "Аллахтан башка сыйынылуучу зат жок".**

Айтабыз:

Бул туура эмес. Анткени, бул сөздөр аркылуу Аллахтан башкаларга сыйынуу туура деп тастыкталып калат.

Бирок эгерде "сыйынууга татыктуу" - деп айтса, анда ал Аллахтан башка сыйынуучу кудайларга, баарысына каапыр болот жана **чыныгы сыйынууга татыктуу кудай бул жалгыз Аллах** экендигин тастыктаган болот.

**Эгерде кимдир бирөө айтса:**

**"Ла илааха иллАллах" мааниси: “Аллахтан башка Жаратуучу, Башкаруучу жок”**

Айтабыз:

Бул өзү туура сөз, бирок бул "Ла илааха иллАллах" келименин мааниси эмес. Бул бир гана Аллахтын рубубиятындагы (жаратуу, башкаруу, ырыскы берүүдөгү) жалгыздыгын тастыктоо, муну аларга пайгамбар ﷺ келген каапырлар деле тастыктап билишкен, бирок бир эле бул ишенимдери (Аллах бар, Ал жалгыз Жаратуучу, Башкаруучу, ырыскы берүүчү деген) аларды Исламга киргизбеди.

(1) **"Айт: Ээ, китеп ээлери (христиан, иудейлер)! Силер менен биздин ортобузда болгон бир сөзгө келели"** - бул Куран аяты диндердин биригишин, жакындашуусун жалган, адашуу экендигин далилдейт.

"Мухаммад расулуЛлах" (Мухаммад Алланын элчиси) күбөлүгүнүн далили Аллахтын сөзү: **"Чындыгында, өз араңардан силерге элчи келди. Кыйналганыңар ага оор келет. Силер үчүн ал өтө камкор. Момундарга кайрымдуу, боорукер"** (Куран 9:128). [1]

"Мухаммад расулуЛлах" бул күбөлүктүн мааниси:
- буйруктарына баш ийүү,
- кабарларын тастыктоо,
- тыйган жана токтоткон иштерден алыстоо,
- жана бир гана ал уруксат берип, баяндап кеткендей Аллахка сыйынуу.[2]

[1] «Мухаммад расулуЛлах» (Мухаммад Алланын элчиси) – бул күбөлүктүн далили катары автор Курандан аят келтирди. Аллах-Таала бул аяттын маанисин үч тастыктоо менен күчөткөн:
- көмүскөдө болгон касам
- "лам" тамгасы
- "код" деген сөз.

[2] Автор Мухаммад расулуЛлах күбөлүктүн маанисин түшүндүрдү. Ар бир мусулман эркек жана аял бул күбөлүктү иш жүзүнө ашыруу үчүн сөзсүз:

- Буйруктарына баш ийүү керек,

- Кабарларын тастыктоо керек,

- Тыйган жана токтоткон иштерден алыстап,

- Жана Аллахка бир гана ал уруксат берип, баяндап кеткендей сыйынуу керек.

Мухаммад расулуЛлах (**Мухаммад Аллахтын элчиси**) күбөлүгүнүн мааниси:
"Ал пенде, ага сыйынган болбойт,
жана ал (Аллахтан) элчи, аны жалганга чыгаруу болбойт":

**Баардык буйруктарына моюн сунабыз.**

Анткени, ал Аллахтан жеткирүүчү.

**Баардык кабарларын тастыктайбыз**

Анткени, ал чынчыл, ишеничтүү.

**Тыйган жана токтоткон иштерден алыстайбыз.**

Мааниси: Ал тыйган иштер бир тарапта болуп, биз таптакыр башка алыскы тарапта болгудай алысташыбыз керек.

**Пайгамбардан келгендей гана Аллахка сыйынуу.**

Мында динге жаңылыктарды киргизүүчүлөргө каршы далил жана алардын иштерин жокко чыгаруу бар.

Намаз менен зекеттин далили жана Таухидди баяндаган аят бул Аллах-Тааланын сөзү:
**"Чын ыкластан Аллахка сыйынуу, динди таза, бекем кармап, ханиф болуп; намазды тургузуу жана зекет берүү (ушулар) гана аларга буйрулган эле. Мына ушул гана чыныгы туура дин"** (Куран 98:5) (1)

Орозо тутуунун далили бул Аллах-Тааланын сөзү:
**"Эй, ыйман келтирген пенделер! Силерден мурдагыларга буйрулгандай эле, силерге да орозо кармоо буйрулду, балким, такыба болосуңар"**
(Куран 2:183) (2)

Ажылыктын далили Аллах-Тааланын сөзү:
**"Жолду басып өткөнгө мүмкүнчүлүгү жеткендерге Аллах үчүн үйгө (Каабага) ажылык кылуу милдети жүктөлдү. А ким каапыр болсо, Аллах ааламдарга (адамдарга) муктаж эмес"**
(Куран 3:97) (3)

(1) Экинчи түркүк: Намазды тургузуу.
Намаз - бул кайсы бир белгилүү сөздөр жана амалдар аркылуу Аллахка сыйынуу, "такбир"(Аллаху акбар) сөзү менен башталып, "таслим"(салам берүү) менен аяктайт.
Намаз бул диндин негизи (таянычы). Пайгамбарыбыз асманга көтөрүлөөрү менен Аллах-Таала ага намазды парз кылган.

Үчүнчү түркүк: Зекет берүү.
Тилдеги мааниси: көбөйтүү жана тазартуу.
Эки түрдүү болот: дене зекети жана мал-мүлк зекети.

(2) Төртүнчү түркүк: Рамазан айында орозо тутуу.
Тилдеги мааниси: кармануу.
Шариаттык мааниси: Таңдан баштап кечке чейин Аллахка ибадат кылуу максатта орозону буза турган нерселерден сактануу, кармануу.
Орозо бул эң жакшы ибадаттардын түрлөрүнө кирет, анткени мында сабырдуулуктун баардык үч түрү тең камтылган. Жана бул ибадаттын улуу даражасы себептүү - Аллах-Таала мунун сообун, сыйлыгын Өзүм берем деген.

(3) Бешинчи түркүк: Ажылык.
Тилдеги мааниси: умтулуу, бир жакка карап максат алуу.
Шариаттык мааниси: Аллахтан тандалган пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүнө ылайык бир белгилүү ибадаттарды аткарып Аллах-Таалага сыйынуу.
Бул ар бир мусулман үчүн өмүрүндө бир жолу аткаруу парз болуп эсептелет.

## ЭКИНЧИ ДАРАЖА: ЫЙМАН

*Тилдеги мааниси:*
Ишенүү, ынануу, тастыктоо.

*Шариаттык мааниси:*
Тил менен айтылган **сөздөр**, жүрөктөгү **ишенимдер** жана дене мүчөлөрү менен кылынган **амалдар**. Ыйман Аллахка моюн сунуу аркылуу **көбөйүп**, жана күнөөлөр аркылуу **азайып** турат.

**Ыйман** шариаттык маанисине карай сөзсүз беш нерсени өзүнө камтуусу керек (Ыйман бул сөз, ишеним, амал, көбөйөт жана азаят).

Эгерде булардын бирөөсү эле жок болуп калса, анда бул ахлю сунна валь джамаанын түшүнүгүндөгү ыймандын аныктамасынан чыгып калат.

Бул беш нерсенин далили кайсы?
Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:
"(Ыймандын бутактарынын) Эң улуусу “Ла илааха иллАллах” (Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок) сөзү"
- бул сөздөрдүн далили.

"Эң төмөнкүсү - зыян алып келүүчү нерсени жолдон алып коюу"
- бул болсо дене мүчөлөрү менен кылынган амалдарга далил.

"Уялчаактык..." - жүрөк амалдарына далил.

Экинчи даража: Ыйман.

Жетимиштен ашуун бутактары бар. Эң улуусу – “Ла илааха иллАллах” сөзү, эң төмөнкүсү - зыян алып келүүчү нерсени жолдон алып коюу, жана ошондой эле уялчаактык - ыймандын бутактарынын бир бутагы.

Ыймандын алты түркүгү бар:
- Аллахка ыйман келтирүү,
- Периштелерине,
- Китептерине,
- Элчилерине,
- Кыямат күнгө (акыретке),
- жана тагдырга, анын жакшылык-жамандыгы менен бирге.

Бул алты түркүктүн далили Аллах-Тааланын сөзү:
**"Такыбалык (жакшылык) жүзүңөрдү чыгышка же батышка бурууда эмес, жок, чыныгы такыба (жакшы) адам ошол, ким Аллахка, кыямат (акырет) күнгө, периштелерге, китептерге, пайгамбарларга ыйман келтирген болсо"** (Куран 2:177)

Тагдырга ыйман келтирүүнүн далили Аллах-Тааланын сөзү:
**"Чындыгында, баардык нерсени тагдырга ылайык жараттык"** (Куран 54:49).

Аллах-Тааланын сөзү:
**"Кимиңердин ыйманын бул көбөйттү?"**
- бул аят Ыйман көтөрүлөт экендигине далил, ал эми көбөйүп туруучу нерсе сөзсүз азайып да турат.

Ошондой эле адамдын динчилдигинин жетишпес боло тургандыгы боюнча пайгамбарыбыздын ﷺ сөзүндө да келген:
"Акылы жана динчилдиги кем болгон булардан башка эч кимди көрбөдүм..."
- демек, адамдын динчилдиги азайып турат.

## Ыймандын алты түркүгү бар:

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Аллахка ыйман келтирүү | Периштелерге ыйман келтирүү | Китептерге ыйман келтирүү | Элчилерге ыйман келтирүү | Акырет (кыямат) күнгө ыйман келтирүү | Тагдырга жакшылык-жамандыгы менен бирге ыйман келтирүү |

## Биринчи түркүк: Аллахка ыйман келтирүү төрт нерсени сөзсүз түрдө талап кылат:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Аллах-Таала **бар экендигине** ыйман келтирүү.<br><br>Бул төрт жактан далилденет: | Аллах-Тааланын **Рубубиясына** ыйман келтирүү.<br><br>Жаратуу, башкаруу, ырыскы берүүдө жалгыз экендигине. | Аллах-Тааланын **Улухиясына** ыйман келтирүү.<br><br>Аллах гана жалгыз сыйынууга татыктуу экендигине. | Аллах-Тааланын **ысым-сапаттарындагы Таухидине** (жалгыздыгына) ыйман келтирүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **АКЫЛ АРКЫЛУУ:**<br><br>Туура, бузулбаган, соо акыл эс баардык жаратылыш Жаратуучусуз болуу мүмкүн эмес деп эсептейт.<br><br>**"Алар эч нерсесиз эле (Жаратуучусуз) жаралышканбы, же алар өздөрү жаратуучуларбы?! Же асмандар менен жерди эмне, алар жаратышканбы?! Жок, алар ишенишпейт!"** (Куран 52:35) | **СЕЗИМДЕР АРКЫЛУУ:**<br><br>Качан сага бир балээ же кыйынчылык келсе, эки колуңду асманга көтөрүп: "Оо, Аллах, оо, Кудай" - деп айтасың, жана андан соң бул кайгы-капа өтүп кеткенин сезесиң. | **АДАМДЫН (ТУБАСА) ТАБИЯТЫ АРКЫЛУУ (ФИТРА):**<br><br>"Ар бир адам тубаса табиятта (туура ишенимде) төрөлөт, андан кийин гана ата-энеси аны христиан, иудей же мажусий (отко сыйынуучу) кылат" (хадис)<br><br>Фитра –бул адамдын тубаса Исламга, Аллахтын жалгыз экендигине болгон жакындыгы. | **ШАРИАТ АРКЫЛУУ:**<br><br>Имам Ибн аль Кайим айткан: *"Курандын кайсы бир аяты болбосун, анда сөзсүз Аллахтын жалгыздыгына (Таухидине) далил бар"* |

## Экинчи түркүк: Периштелерге ыйман келтирүү

Периштелер - бул көзгө көрүнбөгөн аалам. Аллах аларды нурдан жараткан. Аллахка ар дайым баш ийип, эч качан күнөө кылышпайт.
Алардын рухтары (жандары) бар:
**"Касиеттүү (Ыйык) Рух"** (Куран 2:87) (б.а. Жибрил периште),
Денелери бар:
**" Эки, үч, төрт канаттуу периштелерди элчи кылган, Аллахка мактоолор! Ал Жаратууда каалаганын көбөйтөт"** (Куран 35:1),
Акылдары жана жүрөктөрү бар:
**"Качан алардын жүрөктөрүнөн коркунуч кайткан соң "Роббиңер эмне деди?" –деп айтышат"** (Куран 34:23).
Биз аларга ыйман келтиребиз, ошондой эле Аллах бизге кабарлаган алардын ысымдарына (мисалы: Жибрил, Микаил, Исрафил) жана сыпаттарына ыйман келтиребиз:
**"Аллахтын буйруктарынан алар эч кайтышпайт жана эмне буйрук берсе баарысын толук аткарышат"** (Куран 66:6),
Ошондой эле алардын иштерине (Аршты көтөрүп тургандары сыяктуу), жана башка алар тууралуу келген кабарларга, жалпысынан да, майда-чүйдөсүнөн бери да, баарысына толугу менен ыйман келтиребиз.

## Үчүнчү түркүк: Китептерге ыйман келтирүү

Алар Аллахтын сөзү деп ыйман келтиребиз, чыныгы анык сөз, каймана маанисиндеги сөз (метафора) эмес. Алар түшүрүлгөн, жаратылган эмес. Ар бир элчи менен бирге Аллах-Таала китеп түшүргөн. Баарысына ыйман келтиребиз, жана Аллах-Таала кабарлап берген алардын ысымдарына, кабарларына, өкүмдөрүнө, жалпысынан да, майда-чүйдөсүнөн бери да. Ошондой эле, Куран баардык ага чейинки китептерди жойгон деп ыйман келтиребиз, алар: Тоорат, Инжил, Забур, Ибрахимдин жана Мусанын китептери (Аларга Алланын саламы болсун!).

## Төртүнчү түркүк: Элчилерге ыйман келтирүү

Алар адамдар болгон, эч кандай аларда Рубубиялык (Жаратуу, Башкаруу, Ырыскы берүү) өзгөчөлүктөрү болгон эмес - деп ыйман келтирүүгө милдеттүүбүз. Жана алар пенделер (Аллахтын кулдары) болгон, аларга сыйынуу болбойт. Аллах аларды элчи катары жөнөтүп, аларга вахий (Аллахтан кабар, ачылыш) түшүрүп, аяттар (белгилер) менен бекемдеген. Элчилер моюндарына жүктөлгөн аманатты толук аткарышты, элдерге чын жүрөктөн мамиле кылып, акыйкатты жеткиришти, жана Аллахтын жолундагы баардык аракет менен чыныгы күрөшүүнү көрсөтүштү. Аларга, жана Аллах-Таала айтып берген алардын ысымдарына, сапаттарына жана кабарларына, жалпысынан да, майда-чүйдөсүнөн бери да толугу менен ыйман келтиребиз.
Эң биринчи пайгамбар – Адам, эң биринчи элчи - Нух, эң акыркы пайгамбар жана элчи – Мухаммад ﷺ.
"Улул Азм" Кайраттуулук ээлери болгон элчилерден бешөө.
Аш Шура жана Аль Ахзаб сүрөлөрүндө эскерилген:
Мухаммад, Нух, Ибрахим, Муса, Иса. (Алардын баарына Алланын саламы болсун!)

## Бешинчи түркүк: Акырет (кыямат) күнүнө ыйман келтирүү

Пайгамбарыбыз ﷺ өлүмдөн кийин эмне болоорун кабарлаган болсо, анын баарысына ыйман келтирүүнү камтыйт: кабырдагы сыноо, сурнай тартылуусу, адамдардын кабырдан туруусу (чыгуусу), таразалар, амал китептер, Сырот көпүрөсү, көлмө, шапаат, бейиш, тозок, момун мусулмандардын акыретте Роббисин көрүүсү жана башка кайып нерселер. Мунун баарысына ыйман келтирип, эч бир шектенбей ишенүүгө милдеттүүбүз.

## Алтынчы түркүк:
## Тагдырга жакшылык-жамандыгы менен бирге ыйман келтирүү.

Ыймандын бул түркүгү сөзсүз түрдө төрт нерсени өзүнө камтыйт:

| Илим | Жазуу | Каалоо | Жаратуу |
| --- | --- | --- | --- |
| Аллах-Таала баардык нерсени жалпысынан да, майда-чүйдөсүнөн бери да билүүчү деп ыйман келтирүү. | Аллах-Таала баардык жаратылгандардын кыяматка чейинки тагдырын жазган деп ыйман келтирүү. | Аллах-Таала каалаган нерсе болот, каалабаган нерсе болбойт, жана пенденин да эрки (ыктыяры) бар, бирок анын каалоосу Аллах-Тааланын каалоосунан ары чыкпайт деп ыйман келтирүү. | Пенде, анын амалдары, жана башка нерселердин баарысы жаратылган деп ыйман келтирүү. Далил: **"Аллах баардык нерсенин жаратуучусу"** (Куран 13:16) жана**:** **"Аллах силерди да, амалдарыңарды да жаратты"** (Куран 37:96) |

Бул төрт даража акындын төмөнкү саптарында жыйналган:

*"Аллахтын **илими**, тагдырга **жазуусу**,*
*Биздин Колдоочубуз, жана Анын **каалоосу**.*
***Жаратуусу** - жоктон бар кылып,*
*Эң сонун түзүлүш берүүсү..."*

**Үчүнчү даража: Ихсан.**
Бул диндин эң бийик даражасы,
бир түркүгү бар
жана мунун эки деңгээли бар:

**Көрүп тургандай сыйынуу**

*«'ибадату аль-мушахада»*

Аллах-Тааладагы нерсени көксөп, сүйүү жана умтулуу менен коштолгон ибадат.

Мунун мисалы пайгамбар-элчилердин ибадаттары. Бирок башкалар дагы бул даражага жетиши мүмкүн.

**Көзөмөлдөө, байкоо даражасындагы сыйынуу**

*«'ибадату аль-муракаба»*

Аллахтан коркуу жана Анын азабынан качууга негизделген ибадат.
Мусулманда жок дегенде ушул эң төмөнкү даража болуусу зарыл.

Үчүнчү даража: Ихсан.

Бир түркүгү бар:
Аллахка Аны көрүп тургандай сыйынуу, эгер көрө албасаң, чындыгында, Ал сени көрүп турат (деп билүү).
Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Аллах такыбалар жана жакшылык кылуучулар менен бирге"** (Куран 16:128)

Ошондой эле Аллах-Таала айткан:
**"Кудуреттүү, Ырайымдуурга тобокел кыл! (Намазда) турганыңда Ал сени көрүп турат. Сажда кылуучулардын арасында кыймылдарыңды да көрөт. Ал чынында Угуучу, Билүүчү"** (Куран 26:217-220)

Жана Аллах-Таала айткан:
**"Кандай гана абалда болбогула, Курандан эмнени гана окубагыла, кандай гана иш жасабагыла - биз силерди ошол иш менен алек болгонуңарга башынан баштап Күбө болуп турабыз"** (Куран 10:61)

*Эскертүү:*

Ким эгерде бул даражада болсо, ал адамда бир гана Аллахка болгон сүйүү бар, коркуу жок деген мааниде эмес. Мунун мааниси: Аллахка сыйынууга пенденин эң чоң түрткү болгон нерсеси – бул анын Аллахка болгон сүйүүсү.

Пайгамбарыбыз ﷺ айткандай:

*«Шүгүр келтирүүчү пенде болбоймунбу?!»*

Сүннөттөн далил - Умар ибн алХаттабтын (Аллах андан ыраазы болсун) Жебрейил периштенин келиши тууралуу белгилүү хадиси: "Күндөрдүн биринде биз Алланын элчиси ﷺ менен бирге отургандбыз, алдыбызда укмуштуудай аппак кийимчен, капкара чачтуу бир адам пайда болду. Узак сапардан келгенинин изи да жок, аны эч кимибиз да таанбайт элек. Бизге жакындап келип, пайгамбардын ﷺ маңдайына отуруп, тизесине тизесин тийиштирип, алаканын санына коюп: «О Мухаммад, мага ислам тууралуу айтып берчи!" – деди.
Алланын элчиси ﷺ айтты: *"Ислам – “Алладан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Мухаммад Алланын элчиси” - деп күбөлүк бергениң, намаз окуганың, зекет бергениң, Рамазан айында орозо тутканың жана колуңдан келсе, Алланын үйүнө ажылыкка баруун."
Тиги адам айтат: "Сен чындыкты айттың". Биз анын суроо берип, кайра өзү тастыктап жатканына таң калдык. Анан ал: "Мага ыйман тууралуу айтып берчи!" - деди.
Пайгамбар ﷺ айтты: "Сен Аллага ыйман келтиргениң, Анын периштелерине, китептерине, элчилерине, акыр кыяматка, жана тагдырга анын жакшылык-жамандыгы менен бирге ыйман келтиргениң." Анда тиги киши: "Мага Ихсан тууралуу айтып берчи!" - дейт. Пайгамбар ﷺ айтат: "Сен Алланы көзүң менен көрүп тургандай сыйынышың керек, эгерде көрбөсөң, чындыгында, Ал сени көрүп турат". "Эми Саат (Сурак күнү) жөнүндө айтчы!" Пайгамбар ﷺ: "Ал тууралуу суралган адам сураган адамдан көп билбейт". "Анда анын белгилери жөнүндө айтсаң!* - дейт тиги адам. Пайгамбар ﷺ айтат: "Күң аял өзүнө кожойке төрөйт; жана жылаңач, жылаңаяк кедей койчулар бири - бири менен бийик үйлөрдү жарышып сала баштайшат ". Ушундан улам ал кетип калат. Бир топ убакыт өткөн соң, пайгамбар ﷺ айтат: "Ээ Умар, сен суроо берген ким экенин билесиңби?" Мен: "Аллах жана анын элчиси билет" - дедим. Пайгамбар ﷺ айтты: "Бул Жебрейил (периште), силерге өзүңөрдүн диниңерди үйрөтүш үчүн келген”.

**Бул хадис Исламдын, Ыймандын, Ихсандын түркүктөрүнө далил**

Пайгамбардын ﷺ сөзү: ”Суралган адам сураган адамдан көп билбейт " ал ﷺ Сааттын (Кыямат күнүнүн) болоор күнүн билбейт экендигин көрсөтөт. Кыяматтын качан болоорун Аллахтан башка эч ким билбейт.

**Элчинин ﷺ сөзү:**

**"Күң аял өзүнө кожойке төрөйт".**

Ата –энеге баш ийбестиктин көбөйүүсү.

Кулчулуктун көбөйүүсү.

Абалдын толук өзгөрүлүүсү.

Кожоюн олжого келген кул аялга үйлөнөт, ал ага уул төрөп берет. Ал бала атасынын көзү өткөн соң, мураскору болуп кул болгон өз энесине кожоюн болуп калат.

*«Анан сен жылаңаяк, жылаңач, үй - жайсыз кедей адамдарды көрөсүң»*

*«кедей»* - муктаж болгон, жарды адамдар .

*«Бийик үйлөрдү бири-биринен жарышып сала баштайшат»:* т.а. абал толугу менен өзгөрүп кедейлер дагы эсепсиз бай болушат.

## Жебрейилдин, ага Алланын саламы болсун, хадисинен алынган пайдалар

1. Илим алуучу адамга алты укукту сактоо милдети жүктөлгөн: өзүнө (напсисине) карата болгон акысы, өзүнүн шейхине (устазына), окуп жаткан жайларына, чогуу окуган досторуна, окуган китебине жана алып жаткан илимине карата.

**- Өзүнүн (напсисине болгон) акысы:** Илим алуу - бул ибадат, сыйынуу (Аллага чын ыкластуулук жана сүннөттү ээрчүү).
Туура жолдо болуучу саляфтарды (алгачкы доордогу мусулмандарды) жолдогон адам бол, Алладан корк, Ал сени көрүп тураарын дайым эсиңен чыгарба, менменсинүүнү (көйрөңдүктү) таштап, жөнөкөй, оор басырыктуу бол.
Ошондой эле, азга каниет кыл, аскетизм жана илимдин сулуулугу менен өзүңдү коздо, эркектик сапаттарга жетишүүгө умтул, ооз көптүрүп, пайдасыз сүйлөп жаткан жерлерден алыста, жыргалчылык сүрүп, кумарданып, ыгы жок дүнүйө чачуудан сактан!

Бирөөгө жакшылык каалаган, боорукер, жумшак, кайрымдуу адам бол! Илим алууда чыдамдуу, туруктуу болуп, алып жаткан илимдин тактыгын билип, ырастоого дайыма умтул!

Талыкпай, кызыгуу жана аракет менен илим алууга, ал үчүн сапарга чыгууга, жазып сактоого жана эске тутуп, жаттоого көңүл буруп, напсиңди көндүр! Негизги жана экинчи даражадагы маселелерди түшүнүп, айырмалай бил! Алладан жардам сура, илимге тиешелүү аманатты сактап, чынчыл бол!

"Билбеймин" деген сөз - илим алуучунун калканы. Баарынан эң баалап сактап жүргөн каражаты - "убакыт". Эс алуусу - "жалпы кеңитүүчү" чыгармалар, каталарды оңдоосу, жана касыдалар.

Дагы илим алуучунун сыпаттарынан: жакшы, туура суроо берүү, талашып–тартышпоо, жакшы угуп, көңүл буруп, түшүнүү жана анын негизинде амал кылууга аракет кылуу жана илимди кайталоо.
Куран, сүннөт жана аларга байланыштуу илим менен алек бол, ар бир илимдин чөйрөсүн толук кандуу окуп-үйрөн!
Амалдарыңа бекем бол! Адамдарга башчы болуу, дүнүйөгө  умтулуу, атактуу (таанымал) болуу – бул нерселерди жакшы көрүүдөн алыс бол!
Адамдар тууралуу жакшы ой-пикирде бол, ал эми өзүңө сын көз-караш менен кара жана өзүңдү өзүң эсепке ал!

Акыйкатка баш ийүү аркылуу илим тазаланат. Жамандыктан кайтаруу, жакшылыкка чакыруу, пайда-зыянды айырмалап билүү, илим таркатуу, пайда жеткирүүнү жакшы көрүү, өзүн аябастан баардык болгон аракетти жумшоо, акыйкатты жана жакшылыкты мусулмандар үчүн жактоо убагында эң жакшы сыпатта болуу;
Илимди сактоо, адам өзүнүн кадыр-баркын билүү, кошоматтык кылып жагынбай, өзүн бир нерсени сонун билген эмедей, аалым кылып көрсөтпөй, бир ишке жарактуу болоордон мурда киришпей, аалымдарга карама-каршылык көрсөтпөй,
Достук жана баш тартуунун негизинде партияга, өзүнчө тайпага бөлүнүп кетпей, шек-күмөндөрдөн алыс болуу. Ушул сыпаттар менен кооздонууга умтул!

**- Шейхинин (устазынын) акысы.**
Адамдар бул маселеде чектен ашкан эки топко жана ортолукту карманган бир топко бөлүнүшөт.
Такыба адамдарга карата болгон ашыкча мамиле ширкке алып келгендиги жөнүндө түшүндүрмөсү алдыда келет. Жана биз такыба адамдарга карата аша чаппай, же жеткиликсиз дагы мамиле кылбай, ортолукту карманышыбыз керек.

**- Окуган жайдын акысы.**
Досторуң – илим алуучулардын укуктары:
- Алла-Таала айткандай: **"Силер (жалпы) адамзат үчүн жиберилген (пайда болгон) коомдордун эң мыктысы болдуңар"**. (Куран 3:110)
Ошондой эле Алланын элчиси ﷺ айткандай: “Мусулман бир туугандарыңарга өзүңөргө каалаган нерсени кааламайын, толук ыйман келтирбейсинер".

**- Китептин укугу** - аны жаттоо. Анткени Аллах-Таала бизге бул улуу Куран китепти белек кылып берди.

**- Илимдин акысы.**
Илимди бышыктоо, милдеттүү түрдө үзгүлтүксүз кайталоо жана илимдин негизинде амал кылуу керек. Илим алган адам сөзсүз үйрөнгөн илиминин негизинде амал кылат, андан соң ага башкаларды үгүттөп, чакырат, жана ошондо гана бул Аллахтан болгон чоң нээматка шүгүрчүлүк кылган болуп эсептелет.

2. Суроо берүүнүн адебинен - кайсы бир суроодо пайда болсо ошол суроону биринчи берүү.

3. Илим алуучу адам өзүн жыйнактуу алып жүрүүсү милдет.

4. Пайгамбардын ﷺ көзү өткөн соң: "Аллах жана анын элчиси билет"-деп айтылбайт, анын ордуна "Аллах билет" дейбиз.

Үчүнчү негиз: Пайгамбарыбыз Мухаммадды ﷺ таануу.

Анын аты-жөнү:
Мухаммад Абуллахтын уулу, ал (Абдуллах) Абдулмутталибдин уулу, ал (Абдулмутталиб) Хашимдин уулу, Хашим болсо Курайш уруусунан. Курайштар арабтардан, арабтар болсо Исмаилдин урпактары. Ал (Исмаил) Аллахтын сүйүктүүсү болгон Ибрахимдин уулу. Ага жана биздин пайгамбарыбызга эң жакшы салам жана салаваттар болсун!

Ал (Мухаммад) ﷺ бул дүйнөдө алтымыш үч жыл өмүр сүргөн, алардын ичинен кырк жыл пайгамбарчылыкка чейин өттү, калган жыйырма үч жыл ал Алланын элчиси жана пайгамбары катары жашады. Аллах аны: **“Оку! Жараткан Роббиңдин аты менен”** (96:1) деген биринчи түшүрүлгөн Куран аятттары менен пайгамбар кылды жана: **“Эй, (кийимине) чүмкөнүп алган! Тур да, эскерткин!”** (75: 1-2) -деген аяттар менен Өзүнүн элчиси кылды.

Анын шаары Мекке болчу, кийин ал Мадинага көчкөн (хижра кылган).

Бул бөлүм Мухаммад пайгамбардын ﷺ аты-жөнү, ата-теги, өмүр баяны жана Исламга чакырыусу тууралуу кыскача баянды камтыйт.

**Биз пайгамбарыбыз ﷺ жөнүндө бул нерселерди билишибиз керек:**

**Аты-жөнү жана ата-теги**
Ал - Мухаммад ибн 'Абдуллах ибн 'Абд уль Мутталиб ибн Хашим. Хашим болсо Курайш уруусунан, Курайштар арабтардан, арабтар болсо Аллахтын сүйүктүүсү болгон Ибрахимдин уулу Исмаилдин урпактары (عليهما السلام).

**Анын өмүрү**
Анын өмүрү 63 жыл созулган. Алардын ичинен 40 жылы - пайгамбарчылыкка чейин, 23 жылы - пайгамбарчылыкта.

**Мухаммад ﷺ пайгамбар болгондон кийинки жашоосу экиге бөлүнөт:**

Мекке доору
Он үч жыл созулган

Медина доору
Он жыл созулган

Ал ﷺ пайгамбар болгонбу же элчи болгонбу?

Ал ﷺ элчи дагы пайгамбар дагы болгон. "اِقْرَأْ" ("Оку..") деген аяттын түшүрүлүшү менен пайгамбар болгон, бир нече убакыт өткөндөн кийин " يَا أَيُّهَا الْمُدَّثِّرُ " ("Оо, оронуп алган..") деген аяттар түшкөндө Аллахтын элчиси болгон.

## Пайгамбарыбыздын ﷺ өмүрүнөн үзүндү

Мекке доорундагы Исламга үгүттөп-чакыруу (даават) Таухидке чакыруунун жана Ширктен кайтаруунун тегерегинде гана болгон. Башкача айтканда адамдардан бир эле нерсе талап кылынган - ибадаттарын ширктен тазалап, аны бир гана Аллага арноо. Бул иш он үч жыл бою созулган.

Кийин ага ﷺ Мединага көчүү (хижра) буйрулду. Ал жакта деле Таухидке чакырууну уланта берген. Бирок аны менен бирге ибадат иштерине, адамдар арасындагы өз-ара мамилелерге жана дүйнө иштерине тиешелүү шариаттык буйруктар түшүрүлүп турган.

Ким анын ﷺ өмүр баянын караса, Таухидке болгон даават Аллах-Таала анын жанын алганчакты коштоп жүргөнүн көрөт, ар дайым ушул нерсе менен алек болгон. Бул нерседен улам биз түшүнөбүз: Таухидди окуп-үйрөнүүдөн элдерди токтотуп, Таухидди бир аз убакытта эле окуп кою жетиштүү, дайыма эле козгой берүүнүн кереги жок - дегендердин сөздөрүн Куран, Сүннөт анык, талашсыз четке кагат.

Аллах-Таала Мухаммадды элдерди Ширктен кайтарып, Биркудайчылыкка (Таухидке) чакыруусу үчүн жиберген.

Буга Аллах-Тааланын бул сөздөрү далил:
**" Оо, чүмкөнүп (жатып) алган адам! Тур да, эскерткиң! Роббиңдин улуулугун даңазала! Кийимиңди таза тут! Ыпыластыктан кач! Кылган жакшылыгыңды көп деп эсептебе. Эгең үчүн сабырдуу бол!"** (74:1-7)

"Тур да, эскерткин!" деген сөздөрдүн мааниси - Ширктен кайтарып, Таухидке чакыр.

"Жараткан Эгеңди даңкта!" дегени - Таухид аркылуу Аны улукта!

"Кийимиңди таза тут!" - амалдарыңды ширктен тазала.

"Ыпыластыктан кач!" - ыпылас деп жалган кудайлар, буттар аталган. Андан качуу - бул жалган кудайлардан жана аларга сыйынгандардан баш тартуу.

Пайгамбарыбыз ﷺ буга, Таухидке он жыл бою чакырды, андан соң ал ﷺ асманга көтөрүлдү [1], (ал жакта) беш маал намаз ага парз кылынды. Кийинки үч жыл бою бул намаздарды Меккеде окуп жатты. Андан кийин Мединага көчүүгө буйрук түштү.

[1] Автордун “андан соң ал ﷺ асманга көтөрүлдү” – деген сөздөрүнөн төмөнкү пайдаларды алабыз:

1) Пайгамбарыбыз ﷺ көзгө көрүнбөгөн, кайып нерселер боюнча айткандарына: "Биз буга экиленбестен ыйман келтирип, ишенебиз, анын акыйкаттыгын тастыктайбыз жана баш ийебиз”.
2) Парз намаздардын маанилүүлүгү, анткени Аллах-Таала пайгамбарыбызды асмандардан өйдө көтөрүп, ал жактан намаздарды буйрук кылып, парз кылган.

Хижра бул ширк жеринен ислам жерине көчүү. Мусулман үммөтү үчүн ширк өлкөдөн мусулман өлкөгө көчүү парз болуп эсептелет. Хижра Сурак (Кыямат) күнүнүн келишине чейин уланат. Буга Аллахтын сөзү далил:
**"Акыйкатта, өзүнө өзү зулум кылгандарга, алардын жанын алып жаткан periштелер: "Силер кандай абалда болдуңар эле?" - деп сурашат. Алар: "Биз жер үстүндө алсыздардан элек", - деп жооп беришет. Периштелер: "Силер башка жакка көчүп кетишиңер үчүн Аллахтын жери силерге кенен эмес беле?" - дешет. Булардын бара турган жери - Тозок. Ал кандай гана жаман жай! Бирок жол таап, айла-амал кылууга чамалары жетпеген алсыз эркектер, аялдар жана жаш балдардан башка. Буларды Аллах балким кечирээр. Анткени Аллах - Кечирүүчү, Ббоорукер! Ким Аллахтын жолунда көчкөн болсо, ал жер үстүндө көптөгөн жайларды жана ырыскы табат. Ким Аллахтын ыраазычылыгы жана Анын элчиси үчүн үй-жайын таштап көчкөн болсо, анан жолдо өлүмгө учураса - Анын сыйлыгы Алладан болот. Анткени Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү."** (Куран 4:97-100)

Жана Аллахтын сөзү:

**"О менин ыйман келтирген пенделерим! Албетте, Менин жерим кенен, Мага гана сыйынгыла!** (Куран 21:56)

Имам Багави айтты: "Бул аят хижра кылбастан, Меккеде калган мусулмандар тууралуу түшүрүлгөн. Аллах аларга момундар (ыйман келтиргендер) деп кайрылган.”

Жана хижра кылуу зарылчылыгы жөнүндөгү сүннөттөн далил – Алланын элчисинин ﷺ сөзү : "Тообо токтомоюн, хижра токтобойт, тообо болсо күн батыштан чыкмайынча токтобойт." (1)

Хижра үч бөлүктөн турат:

- Ширк жеринен ислам жерине. Анын өкүмү - парз.
- Меккеден Мединага болгон көчүү. Меккени алуу менен жокко чыгарылды.
- Хижра т.а. Аллах ташта деген нерсени таштоо, (айрылуу, алыстоо, көчүү)

  Амалдардан, адамдардан, заман жана жайлардан.

Амалдар - Аллах тыюу салган иштердин баары, эң чоңу ширк.

Адамдар - каапырлар, мунафыктар(эки жүздүүлөр) ж.б.

Заман - каапырлар өзүнүн щаң-салтанаттарын белгилеп жаткан мезгилде, алардан алыстоо.

Жайлар - каапырлар өзүнүн майрамдарын белгилеп жаткан жайлардан оолак болуу.

Пайгамбардын ﷺ "Мекке ачылышынан соң, хиджра жок" деген сөзүнүн мааниси - Меккеден Мединага көчүү (хижра) жок. Жана бул нерсе менен Мекке эч качан кайра каапырчылыкка кайтпайт экендигин пайгамбарыбыз ﷺ белгилеп кетти.

(1) Эки нерсе аркылуу тообо токтойт. Булардан кийинки тоободон пайда жок:
1) Күндүн батыштан чыгышы.
2) Өлүмдүн келиши.
**"Күнөөлөрдү жасай беришип, анан алардын бирөөсүнө өлүм келген учурда ал: "Мен мына азыр өкүндүм, тообо кылдым!" - деп айтса, ага тообо (кечирим) жок. Ошондой эле каапыр бойдон өлүп калгандарга да (кечирим) жок. Аларга Биз катуу азаптарды даярдадык."** (Куран 4:18)

(1) Шейх ибн Усеймин айтат: " Башында зекет Меккеде буйрулган, бирок анын нисабы жана парз болгон ченеми белгиленген эмес. Мединада болсо зекеттин нисабы жана  парз болгон бөлүгү белгиленген."

Нисаб - бул зекет катары бериле турган мүлктүн эң аз ченеми.

(2) Пайгамбарыбыз ﷺ хижрадан он жыл өткөн соң көз жумуп, Аиша энебиздин бөлмөсүндө көмүлгөн.

(3) Ал үммөтүнө көргөзбөй кеткен жакшылык жок, жана ал эскертпей, кайтарбай кеткен да жамандык жок.

А биз болсо пайгамбарыбыз ﷺ, ага тапшырылган аманатты аткаргандыгына, жеткире турчу нерсени жеткиргендигине, үммөтүнө ыкластуу болгонуна жана Аллах-Таала үчүн чыныгы күрөшүү жүргүзгөндүгүнө күбөлүк беришибиз керек.

Ал Мединада отурукташкандан кийин, ага Исламдын башка буйруктары дагы өкүм кылынды. Алар: зекет (1), орозо, хадж, жихад, азан, жакшылыкка чакырып - жамандыктан кайтаруу жана башкалар.

Пайгамбарыбыз ﷺ буларды он жыл аткарды, андан соң көз жумду, ага Алланын саламы жана салаваты болсун!(2)

Бирок, дини калды, жана бул - анын дини ﷺ.

Ал үммөтүнө көрсөтпөй койгон жакшылык жок, жана ал эскертпей койгон бир дагы жамандык жок ﷺ.

Ал көрсөткөн жакшылык бул Таухид жана Аллах сүйгөн жана ыраазы болгон нерселердин баарысы.

Ал эскерткен, кайтарган жамандык бул Ширк жана Аллах жактырбаган жана жек көргөн нерселердин баарысы.(3)

Эң чоң арам күнөөлөр

- Улуу (чоң) ширк (Динден чыгара турчу)
- Кичүү ширк (Динден чыгарбаган)
- Чоң күнөөлөр (Өзү менен кошо белгилүү бир жаза алып келе турчу күнөөлөр)
- Кичинекей күнөөлөр (Өзү менен кошо белгилүү жаза алып келбеген тыюулар).

Аллах-Таала аны ﷺ бүткүл адамзатка жиберип, жиндер менен инсандарга ага баш ийүүнү буйруду. Буга далил:
**"Айт: "Оо, адамдар! Чындыгында мен силердин баарыңарга (жиберилген) Аллахтын элчисимин."** (Куран 7:158) [1]

Ал аркылуу Аллах-Таала Өз динин кемчиликсиз, толук жана мыкты кылып койду.

Буга Аллах-Тааланын бул сөздөрү далил:
**" Бүгүн силерге диниңерди жана (Менин) силерге болгон ырайымымды толук кылдым жана Ислам менен дин катары ыраазы болдум"** (Куран 5:3) [2]

Аллах-Тааланын төмөнкү бул сөздөрү пайгамбарыбыздын ﷺ өлүмүнө далил:
**"(Оо, Мухаммад!) Чындыгында, сен да өлөсүң. Алар да өлөт. Андан соң кыямат күнү силер Эгеңердин алдында талашып, тартышасыңар."** (Куран 39: 30-31)

[1] Пайгамбарыбыз ﷺ баардык элдерге жиберилип, ага чейинки шариаттардын баарысы жоюлду. Аллахтын элчисинин доорунан баштап, иудейлер менен христиандар, кимиси болбосун, эгерде аларга Исламдын чакыруусу жетип, бирок алар бул динди кабыл алышпаса - алар каапырлар. Ал тургай Муса же 'Иса пайгамбарлар алып келгенди карманышса дагы. Буга далилдер:

1) "Айт: Эй, китеп ээлери (христиан, иудейлер)! Силер менен биздин ортобузда болгон бир сөзгө келели: “Аллахтан башка эч кимге сыйынбайлы да, Ага эч кимди шерик кылбайлы! Жана бири бирибизди өзүбүзгө Аллахтан башка кудай кылып албайлы!” Эгерде алар баш тартса “Биздин мусулмандыгыбызга күбө болгула!” - деп айткыла!” (Куран 3:64)

2) "Китеп берилгендерден Аллахка, акырет күнүнө ыйман келтирбегендер жана Аллахтын, Анын элчисинин арам кылган нерселерин арам катары таанбагандар, ошондой эле чыныгы динди (Ислам динин) тутунбагандар менен өздөрүн кор тутуп, салык төлөмөйүнчө согушкула!" (Куран 9:29)

3) Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: "Менин жаным Анын Колунда болгон Затка ант, кайсы бир иудей же христиан болбосун, мен жөнүндө угуп, мага ыйман келтирбестен өлсө, сөзсүз Тозок элдеринен болот!"

[2] Бул аят динге жаңылык (бидаат) киргизгендердин иштерин жокко чыгарат.

# 5. АКЫР СӨЗ

[1] Ар бир адам сөзсүз өлүм даамын татат, эч ким андан кутула албайт. Андан кийин Улуу күнү тирилишет. Бул күн болсо Кыямат Күнү (Туруу күнү). Андан соң ар бир кылган амалдары үчүн жоопко тартылышат, жазаларын толугу менен алышат.

[2] Ким кайра тирилүүнү жана амалдардын эсеп-кысабын (сыйлык же азап берилүүсүн) жалган деп эсептесе - каапырчылык кылды. Анткени ал ыймандын бир түркүгүн четке какты.

[3] Нух (عليه السلام) биринчи элчи болгон. Ага далил:
Аллах-Таала айтты: "Чындыгында, Биз сага кабар (вахий) түшүрдүк, Нухка жана андан кийинки пайгамбарларга кабар (вахий) түшүргөндөй." (4:163)

Ал эми биринчи пайгамбар - Адам (عليه السلام). Далил: Пайгамбарыбыз ﷺ "Адам (عليه السلام) пайгамбарбы?" деп суралганда, мындай деп жооп берди: "Ооба, пайгамбар, (Аллах аны менен) сүйлөшкөн".

Акыркы пайгамбар жана элчи бул - Мухаммад ﷺ. Буга Аллах-Тааланын сөздөрү далил:
"Мухаммад - силерден эч бир эркектин атасы эмес. Ал - Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын мөөрү (акыркысы). Аллах - баардык нерсени Билүүчү!" (Куран 33:40)

Эми пайгамбарыбыздан ﷺ кийин, ким өзүн пайгамбармын же элчимин деп айтса - ал алдамчы жана каапыр. Ошондой эле ким ага ишенип, аны тастыктаган болсо, ал дагы каапыр.

Адамдар өлгөндөн кийин Кыяматта кайра тирилишет.
Буга далил:
**" Андан (топурактан) силерди жараттык. Ага кайтарабыз да, экинчи ирет андан кайра силерди чыгарабыз."** (Куран 20:55)
Дагы Аллах-Тааланын бул сөздөрү:
**"Аллах силерди жерден өсүмдүктөй өстүрдү. Андан соң кайра ага кайтарып, кийин кайра чыгарат."** (Куран 71:17-18)
Кайтадан жаралуудан кийин адамдар эсеп-кысапка алынып, амалдарына жараша жазаларын алышат. Буга далил:
**"Асмандагылар да, жердегилер да бир гана Аллахка таандык. (Аллах) жамандык кылгандарды (кайра өзүнүн) жамандыгы менен жазалайт, жакшылык кылгандарды жакшылыгы менен сыйлайт."**(Куран 53:31)[1]
Ким кайра тирилүүнү жалган деп эсептесе - ал каапыр. Буга Аллах-Тааланын айтканы далил:
**"Каапырлар өлгөндөн кийин кайра тирилүү жок деп ойлошот. Аларга айт: " Андай эмес. Эгем менен ант ичем: Силер кайрадан тирилесиңер. Андан соң силерге эмне кылганыңар тууралуу кабар берилет жана да бул иш Аллах үчүн өтө жеңил."** (Куран 64:7)[2]
Аллах баардык элчилерин сүйүнчү жана эскертүү менен жиберди. Далил:
**"Элчилер келгенден кийин адамдарда Алланын алдында эч актануусу (шылтоосу) жок болушу үчүн, сүйүнтүүчү жана эскертүүчү элчилерди (жөнөттүк). Акыйкатта, Аллах Кудуреттүү, Даанышман."** (Куран 4:165)
Биринчи элчи Нух ( عليه السلام) болгон, акыркысы болсо - Мухаммад ﷺ. Ал пайгамбарлардын мөөрү.
Нух ( عليه السلام ) биринчи элчи болгондугуна далил - Аллах-Таала айтты: **"Чындыгында, Биз сага кабар (вахий) түшүрдүк, Нухка жана андан кийинки пайгамбарларга кабар (вахий) түшүргөндөй."** (4:163) [3]

Ар бир коомго Аллах элчилерди жиберди, Нухтан баштап Мухаммадка чейин. Жана алардын баарысын бир максатта жиберген: «Адамдарга жалгыз Аллахка гана сыйынууну буйрук кылуу жана тагутка (Аллахтан башка сыйынылуучу нерсеге) ибадат кылуудан тыюу салуу».
Аллах-Тааланын сөзү далил:
**"Чындыгында, ар бир коомго: "Аллахка гана сыйынгыла. тагуттан оолак болгула", - деп айтуучу элчи жибергенбиз"**. (Куран 16:36)

Демек, Аллах-Таала пенделеринин баарысына тагуттардан баш тартууну (тагуттарга ишенбестикти) жана жалгыз Аллахка ыйман келтирүүнү парз кылды.

Ибн аль-Кайим айтты: "Адам чектен ашып кимге сыйынса, баш ийсе, же жолун жолдосо, ошол тагут деп аталат".

Тагуттар көп, бирок алардын негизгилери бешөө:
1.Иблис (Аллахтын каргышына калсын),
2.Ага сыйынганга ыраазы болгон,
3.Өзүнө сыйынууга чакырган,
4.Кайыпты билемим деп жарыялаган,
5. жана Аллахтын түшүргөнү менен өкүм кылбаган адам.

Буга далил: **"Динде мажбурлоо жок. Туура жол адашуудан толук айырмаланып бүттү. Эми ким тагуттан (жалган кудайлардан) баш тартып, Аллахка ыйман келтирсе, эч качан ажырабаган бекем тутканы кармаганы чын. Аллах - Угуучу, Билүүчү!"** (Куран 2:256)

Мына ушул сөздөрдө: " Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок" деген маани камтылган.

Пайгамбар ﷺ айткан: "Бул иште (динде) эң башкысы - Ислам, (курула турган) түркүгү - намаз, ал эми чокусу - жихад (Алла жолунда аракет кылуу, күрөшүү)"

(1)Аллах пайгамбарларды жана элчилерди жакшылыктын жарчылары жана эскертүүчүлөр катары жөнөткөн. Алардын баардыгы таухидке чакырып, тагут жана ширктин баардык түрлөрүнө каршы күрөшүү жүргүзүшкөн. Аллах-Таала айтат: "Биз ар бир коомго элчилерди жөнөттүк" т.а. ар бир элге "Жалгыз Аллахка сыйынгыла, тагуттан алыстагыла".

Т.а. тагуттарды бир тарапка таштагыла, ал эми өзүңөр экинчисинде болгула, мына ошондо бул алыстоонун жогорку даражасы болуп эсептелинет. Жана бул ширкке жана анын жактоочуларына тиешеси жок экендигинин анык орундатуусу бар.

Аллах Өзүнүн баардык кулдарына тагутка ишенбестикти жана Аллахка ыйман келтирүүнү буйруду. Аллахка ыйман келтирүүдөн мурда, тагутка ишенбестик кылуу зарылчылыгы биринчи кезекте турат, " Ким тагутка ишенбесе кийин Аллахка ыйман келтирсе.."

Тагут - сыйынууда (таштар, дарактар), ээрчүүдө (кара ниет аалымдар) жана баш ийүүдө (Аллахка баш ийүүдөн чыккан башкаруучуларга) карата чектен ашкандык.

Таагут көп, бирок негизги деген 5 түрү бар: Аллахтын каарына калган Иблис; Кимге сыйынышса жана ал ошол нерсеге ыраазы болгон; Өзүнө сыйынууга чакырган; Кайып нерседен бир нерсени билем деген адам; жана Аллах түшүрбөгөн нерсе менен өкүм чыгарган адам.

**Аллах түшүргөн нерсенин негизинде чечим чыгарбагандардын өкүмү**

| Чоң куфр | Кичине куфр |
|---|---|
| Адамдардын өкүмдөрү Аллахтын өкүмүнө барабар, же болбосо андан да жакшы деген ой-пикир | Аллах жибербеген нерсенин негизинде чечим чыгаруу жалган деп билүү, бирок өзүнүн каалоолорунан улам өкүм чыгаруу. (Мисалы: Бийликти сүйүү, коркуу ж.б.) |

**Имам ибн альКайим жихадды (Алла жолунда аракет кылууну, күрөшүүнү) төрт түргө бөлгөн**

| Напсиге каршы күрөшүү. | Шайтанга каршы күрөшүү. | Каапырларга жана мунафыктарга (эки жүздүүлөргө) каршы күрөшүү. | Заалымдардын, кылмышкерлердин, бидааттардын башчылары менен каршы күрөшүү. |
|---|---|---|---|
| Илим, амал, Алла жолунда даават жана сабырдуулук аркылуу болот. | Шек-күмөндөрдү таштоо аркылуу болот. (Ширк, бидаат, чоң күнөөлөр, кичине күнөөлөргө болгон азгыруулардан алыстоо) | Жүрөк, тил, мал-жан аркылуу болот. | Жүрөк, тил жана кол менен болот. |
| Адамдын ички азгырыктары менен болгон тирешүүсү. Бул чоң жихад. | | Кичи жихад. Өлкө жана исламга карата агрессорлор менен күрөшүү.[1] | |

[1] Мындай күрөшүүгө мусулмандардын өлкө башчысы гана аскер чогултуп, чакырат жана анын буйругу, макулдугу менен гана болот. Пайгамбар ﷺ айткан: “Падыша (Өкмөт башчы) бул калкан (сыяктуу), күрөшүү жана коргонуу анын аркасынан болот. Эгерде ал адилеттүүлүктү жана Аллададан коркууну буйрук кылса, ага чоң сооп (Аллададан сыйлык) болот” (Бухари 2957, Муслим 1841).
Жихаддын бул түрүнүн дагы башка эрежелери жана шарттары бар.
Ал эми дүйнөдө болуп жаткан жардыруулар, акысыз өлтүрүүлөр булар эч кандай Исламга жана Исламдагы жихадка тиешеси жок. Бул бир гана жер жүзүндө бузукулук таркатуу жана булар Ислам done дининде эң катуу тыюу салынган кылмыштар болуп эсептелет. Аллах-Таала айткан: **“Ким эгерде бир адамды жер жүзүндө бузуку таркатпагандыгы үчүн же адам өлтүрбөгөндүгү үчүн (акысыз эле) өлтүрсө, ал бүткүл адамзатты өлтүргөнгө барабар"** (Куран 5: 32) жана дагы айткан: **“Ким мусулманды атайлап өлтүрсө, анын жазасы тозок, анда түбөлүк калат, Аллахтын каарына жана каргышына калат жана ага (Аллах) улуу азап даярдайт.”** (Куран 4:93)

**Китептин жыйынтыктоосу**

Ар бир акыл-эстүү адам бул улуу жана эң керектүү китептин үстүндө ой жүгүртүүгө, ага өзгөчө көңүл буруп, кам көрүүгө милдеттүү. Себеби, бул китеп ар бир адам кабырында муктаж боло турган өтө маанилүү өзөк-негиздерди өзүнө камтыйт.

Аллах жакшы билүүчү. Жана Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына салам-салаваттар болсун.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Далилдердин негизинде ("Үч негизди таануу") Аллах, Анын Пайгамбары ﷺ жана Ислам дини жөнүндө. | Илим: | "Аль-Аср" сүрөөсүнүн төрт суроосу | "Үч негиз (кыскача, бул кабырда болчу суроолор) жана анын далилдери " Эмне үчүн таухидди окуйбуз? Эмне үчүн "Үч негизди" окуйбуз?Окуганыбыздагы пайда эмнеде? |
| "Илим амалды чакырат, эгер ал жооп бербесе, илим кетип калат". Илим ээси, алган илиминин негизинде амал кылбаса, бутпарастар азап тарткыча азапталат. | Илимге жараша амал: | | |
| Чакыруунун шарттары: чын ыклас, шарият илими, чакырып жаткан адамдын абалын билүү, даанышмандыгы, сабырдуулугу. | Ушуга (илимге) чакыруу: | | |
| Чакыруунун биринчи шарты - Таухид. Буга бардык пайгамбарлар, элчилер чакырып келишкен. Таухидке чакыруу жана ширктен кайтаруу - чакыруунун эң бийик даражасы. | | | |
| Аллахка моюн сунуудагы сабыр (намаз), тыюу салынган нерседен баш тартуудагы сабырдуулук (сүткорлук), Аллахтын тагдырга жазган сыноолоруна болгон сабыр (ачарчылык). | Алдыдагы кыйынчыл ыктарга болгон сабырдуул ук: | | |
| Т.а. шарият илимин алуу жолундагы андан соң амал кылууда, үчүнчүдөн чакыруудагы сабырдуулук. | | | |
| Таухид ар-Рубубия(Аллахтын үстөмдүгүндөгү(жаратуу, ырыскы берүү, башкаруу ж.б.) жалгыздыгы) (Ким жалгыз үстөмдүк кылса, сыйынууга жалгыз татыктуу болушу керек). Жана Аллахтын Ысым - Сыпаттарындагы жалгыздыгы. | | Үч суроо | |
| Таухид аль-Улюхия(Сыйынууга жалгыз татыктуу экендиги)(чын ыклас) жакын периште, же жиберилген пайгамбар болобу, сыйынууга шерик кошпосун, Аллах-Таала буга ыраазы болбойт. | | | |
| Ширк келтирүүдөн жана аны жактоочулардан баш тартуу. Ал жүрөк аркылуу (каапырларды сүйбөстөн), тили аркылуу ("Менин силер сыйынган нерселерге тиешем жок" дегендей), денеси менен (алардын майрам, диний жөрөлгөлөрүнөн, салтананттарынан жана башка ушул сыяктуулардан) баш тартуу. | | | |

| | | |
|---|---|---|
| **Ханифия -** ширк келтирүүдөн алыстаткан чын ыкластуулукка жана таухидке умтулуу. | Таухидди окуунун себептери | "Уч негиз (кыскача, бул кабырда болчу суроолор) жана анын далилдерди " Эмне үчүн таухидди окуйбуз? Эмне үчүн "Уч негизди" окуйбуз?Окуганыбыздагы пайда эмнеде? |
| **Таухид:** (тил маанисинде) - кыймыл атооч وحد сөздөн болуп, "жалгыздоо, бир кылуу"; (шарият маанисинде) Аллахка гана таандык болгон: Ысым - Сыпаттарында, Үстөмдүк кылуучулугунда, Сыйынууга татыктуулугунда - жалгыздыгын моюнга алуу. | | |
| **Таухид ар-Рубубия(Үстөмдүгүндөгү жалгыздыгы) -** Аллахтын иштериндеги Анын Жалгыздыгы; т.а. Анын Жаратуусунун,Ээлигинин, Башкаруусунун жалгыздыгын моюнга алуу. **Таухид аль-Улюхия(Сыйынууга татыктуу Жалгыздыгы) -** бул Аллах сыйынууга татыктуу Жалгыз(укуктуу) зат экендигине моюн сунуу. **Таухид асма уа-Сыфат(Ысым - Сыпатындагы Жалгыздыгы) -** бул анын Өзүнүн Китебинде жана Анын Элчисинин ﷺ айтуусундагы Аллах Өзү бекиткен Ысым Сыпаттарын тастыктоо менен Өзү танган нерсени таануу, бурмалоосуз, төгүндөөсүз, элестетпестен жана окшоштурбастан. | | |
| Ширк - Аллахка кошуп кимдир бирөөгө сыйынып, кайрылуу. Бул эң чоң күнөө. | | |
| Аллах жөнүндөгү илим: Сенин Кудайың ким? Эмнеден улам өзүңдүн Жаратуучуңду тааныдың? Жаратуучу(Господь) - Ал жалгыз сыйынууга татыктуу;сыйынуунун түрлөрү: Аллахтан башка кимдир - бирөөгө же эмнегедир бир нерсеге далил келтирип, кайрылып, сыйынуунун абалы. | Уч негиз | |
| Далилдердин негизинде Ислам дини тууралуу илим; Исламдын аныктамасы; диндин баскычтары; Исламдын түркүктөрү; "шахада" күбөлүгүнүн аныктамасы; Ыймандын түркүктөрү жана анын бутактанышы; Ихсан; дин баскычтарына далилдер; Сурак күнүнүн белгилери. | | |
| Пайгамбар ﷺ тууралуу илим, анын келип чыгышы, элчи жана пайгамбар катарындагы анын жашоосу, милдети, анын шаары, ага жиберилген китебинин көсөмдүгү, Таухидке чакыруу мезгили; түнкү жүрүшү "аль-Исра" жана асманга көтөрүлүүсү "аль-Ми'рааж"; кайда жана качан намазга буйрук милдеттендирилген? Көчүүсү "хижра" ,анын абалы жана убактысы; Шарияттын калган башка буйруктары качан бекитилген; Пайгамбардын ﷺ чакырыгынын узактыгы, анын дүйнөдөн кайтышы; анын динден эмне менен келиши? Баардык жиндерди жана адамдарды анын пайгамбарлык вазийпасы менен камтуу; Аллахтын дининин кемтиксиздиги жана Өзүнүн Мээрими менен аны толук кылгандыгы. | | |

## “Кабырда бериле турчу үч суроо" боюнча суроо түрүндөгү текшерүү

Кашаанын ичиндегилерден туура жоопту танда:

1) Биз Таухидди эмне үчүн окуп-үйрөнөбүз?
(Аллах эч бир амалды Таухидсиз кабыл кылбайт - Аллах бизди Таухид үчүн жараткан - Таухид бул тынчтыктын себеби - баардык варианттар)

2) "Үч негиз" - кыскача бул кабырдагы суроолор. ( Туура - туура эмес )

3) Автор "Үч негизде" окурман үчүн канча жолу ду'а кылган? ( эки жолу - үч жолу )

4) Бул автордун китептеринин өзгөчөлүгү эмнеде? ( жөнөкөй баяндоо - жалпы баяндоо, андан кийин түшүндүрмө - Куран жана Сүннөттөн келтирген далилдери - замандаштарынын күмөндөрүнө каршы төгүндөө - анын китептерине аалымдардын көптөгөн түшүндүрмөлөрүнүн барлыгы - маанилүү суроо-жооптордун орундаштырылганы - баардык варианттар )

5) "Үч негиз" китебин канча бөлүмгө бөлсө болот? ( 5 - 6 ) бөлүм.

6) Таухидди окуп-үйрөнүү бул: ( жамаатык милдет - жеке милдет )

7) "Төрт маселеге" далил болгон сүрө: ( "аль-'Аср" - "аль-Ихлас" )

8) Илим алып, бирок ага амал кылбаган инсан кимге окшош? ( иудей - христиан )

9) Сабырдуулук канчага бөлүнөт? ( эки түр - үч түр )

10) Имам аш-Шафинин "аль -'Аср" сүрөсү жөнүндө айткан сөздөрүнүн мааниси
( далилдин жетүүсү катары жетиштүү - башка сүрөлөрсүз деле жетиштүү )

11) Ким Таухиддин бир түрүнө гана ыйман келтирген болсо, таухидди аткарган киши болуп эсептелбейт (туура - туура эмес)

12) Ширктен жана аны кылган адамдардан жүз буруу төмөндөгүдөй болот: (жүрөк менен, тил менен жана дене мүчөлөрү менен - ал иштерден жана аны аткаргандардан жүз буруу - эки вариант тең)

13) Аллах-Тааланын " Мечиттер Аллахка таандык " деген сөздөрүндөгү "мечиттердин" мааниси:
( мечиттер курулуш катары -- сажда кыла турчу дене мүчөлөрү -- сажда кылына турган жер -- баардык варианттар )

14) Алгачкы момун-мусулмандардын жолу (биринчи далил, анан ишеним - биринчи ишеним, андан кийин ага далил издөө )

15) Биздин аалымдардын адашкандары кимисине окшош? (иудейлерге - христиандарга)

16) Биздин ибадатты көп кылгандарыбыздын адашкандары кимге окшош? ( иудейлерге - христиандарга)

17) "Үч маселе" - бул "Үч негиз" ( туура -- туура эмес )

18) Сурануу ( дуа ) канчага бөлүнөт?
( дуа-сурануу жана дуа-ибадат -- сөздөр тили менен сурануу жана дене тили менен сурануу )

19) Дуа - сурануунун канча түрү бар? (эки түрү -- төрт түрү)

20) Адамдар себептерге болгон ишенимдери боюнча канчага бөлүнөт?
(эки тараптан чектен чыккандар менен ортонку топ болуп - чоң ширк, кичи ширк жана уруксат болгон ишеним)

21) Куткаруу сурануу ( аль - истигаса ) качан уруксат? (такай эле уруксат -- ал киши кыла алган учурда гана уруксат -- ал киши кыла алган учурда төрт шарты менен уруксат )

22) "Ля иляха илля Ллах"тын мааниси: (Аллахтан башка жаратуучу жок -- Аллахтан башка кудай жок -- Аллахтан башка, сыйынууга татыктуу, чыныгы кудай жок -- баардык варианттар)

23) Диндердин жакындашуусу: (уруксат - чоң күнөө - каапырчылык)

24) Аллахтын бар экендигине жалпы далилден: (көп - төртөө)

25) Периштелердин жүрөктөрү барбы? (ооба - жок)

26) Ыйман менен Таухиддин байланышы төмөндөгүдөй: Ыйман - бул жалпы түшүнүк, Таухид болсо анын бир бөлүгү. (туура - туура эмес)

27) Ыймандын түркүктөрүнөн: ( бешөө -- алтоо -- жетөө )

28) Мушриктердин амалдарында Аллахка сыйынуу иштеринен дагы бар болчу. (туура - туура эмес)

29) Аллах менен кошо бирөөнө сыйынып жатышса, бирок ал бирөө буга нааразы болсо, демек ал: (тагут - тагут эмес)

30) Аллахты Башкаруусунда жана жаан жаадыруусунда жалгыздоо булардын кайсынысына кирет? ( Улухия -- Рубубия -- Аль-асмаи ва ас-сыфат )

31) Таухиддин негизин жокко чыгаруучу (чоң ширк - кичи ширк - динге жанылык киргизүү(бидаат))

32) Милдеттердин эң биринчиси - ата-энеге жакшылык кылуу. ( туура - туура эмес )

33) Арам иштердин эң төмөнкүсү бул зынаа жана акысыз жан өлтүрүү. ( туура - туура эмес )

34) "аль - Ми'раж" - бул пайгамбарыбыздын ﷺ Меккеден Иерусалимдин ыйык жерлерине барып келүүсү. (туура -- туура эмес)

35) Пайгамбар ﷺ кимге жиберилген? ( белгилүү бир элге -- жиндер менен инсандарга )

36) Пайгамбар ﷺ ( өлгөн -- пайгамбарлар өлбөйт )

37) Ким кайра тирилүүнү жалган деп эсептесе, бул: ( чоң каапырчылык -- кичи каапырчылык )

38) Пайгамбарлардын диндери. ( бир дин -- ар бирөөнүн өзүнүн дини бар )

39) "аль-Хижра": ( Меккенин ачылышы менен токтоду -- Акырет Күнүнө чейин калды )

40) "аль-Хижра" бул:
( Каапырлардын жеринен Ислам жерине көчүү -- Аллах арам кылган нерселерди таштоо)

41) Ислам дини толук, бирок такыба инсандардын түштөрү менен дагы толо бере алат. (туура - туура эмес)

42) Ибадатты Аллахтан башка бирөөнө арноо бул - Ширк, бирок кайсынысы? (чоңу - кичинекейи)

43) Чечим чыгарууда, кайсы бир амалдын шариаттагы чечими менен ал амалды аткарган адамга болгон чечимдердин ортосунда бөлүү зарыл. ( туура - туура эмес )

44) Пайгамбарлардын биринчиси: ( Нух -- Адам ) عليهما السلام

45) Биздин пайгамбарыбыз ﷺ: ( пайгамбар -- элчи -- тиги дагы, бул дагы ).

**Биринчи тилкеден экинчи тилкеге ылайыктуу пункттарды танда.**

| Экинчи тилке | № | № | Биринчи тилке: |
|---|---|---|---|
| Имам Ахмаддын сөзүнөн: Качан гана каапырды көрбөйүн, Аллахтын душманын көрүштөн коркуп, көзүмдү жумам. | 1 | | Таухид тил маанисинде |
| Өлүмдөн кийин болчу баардык нерсеге ыйман келтирүүнү өзүнө камтыйт. | 2 | | Таухид шарият маанисинде |
| Бул тилдеги сөз, жүрөктөгү ишеним, дененин амалдары. Аллахка баш ийүү менен көбөйөт ,анын тилин албоо менен азаят. | 3 | | Сыйынууга жалгыз татыктуу экендиги |
| Ислам, ыйман, ихсан. | 4 | | Үстөмдүгүндөгү жалгыздыгы |
| Аллахка арналган жана Аллахка арналбаган. | 5 | | Ысым-Сыпаттарындагы жалгыздыгы |
| Парз, Адал, Арам. | 6 | | Ханифия |
| Шарияттык, физикалык. | 7 | | Курандагы биринчи чакырык жана буйрук |
| Кабырда суралчу суроолор | 8 | | *«ан-Нидд»* |
| Илим, амал, чакыруу жана сабыр. | 9 | | Кооптонуу *«аль-Хашия»* |
| Чын ыклас жана ээрчүү | 10 | | Тобокел *«ат-Тауаккуль»* |
| Качан адам Аллахка чын түрдө "тобокел" кылуу, Ага ишенип жана колунан келген себептерди кылуу. | 11 | | Ибадат кабыл болуучу эки шарты |
| Улуктугун жана толук бийлигин билүү менен негизделген коркуу. | 12 | | **4 суроо кыскача** |
| Бул окшош, тең, чогуу катышкан шерик, теңдеш. | 13 | | **3 суроо кыскача** |
| "аль-Бакара" сүрөөсүндө. | 14 | | **3 негиз кыскача** |
| Бул дин, ширктен бөлүнгөн, Таухид жана чын ыкластан курулган. | 15 | | Себептер ... бөлүнөт |
| Бул анын Өзүнүн Китебинде жана Анын Элчисинин ﷺ айтуусундагы Аллах Өзү бекиткен Ысым-Сыпаттарын тастыктоо менен Өзү танган нерсени тануу, бурмалоосуз, төгүндөөсүз, элестетпестен жана окшоштурбастан. | 16 | | Назар "ан-Назр" үчкө бөлүнөт |
| Бул - Аллахка сыйынууда Аны жалгыздоо. | 17 | | Курбанчылык "аз-забх" ... бөлүнөт |
| Бул - Аллахты Жаратууда, Ээликте, Башкаруусунда жалгыздоо. | 18 | | Коркуу "аль-хауф" ... бөлүнөт |
| Бул - Аллахты ага гана таандык нерселерден жалгыздоо. | 19 | | Ислам |
| Бул - кыймыл атооч وحد сөздөн болуп, "жалгыздоо, бир кылуу". | 20 | | Дин баскычтары |
| Күндүн батыштан чыгышы жана өлүмдүн келиши. | 21 | | Ыйман |
| Бул кулдун сыйынуусундагы, баш ийүү жана жолун жолдоодо чектен чыгаруучу бардык нерселер. | 22 | | Кыямат күнүнө ыйман келтирүү ... камтыйт |
| Бул - ысым сыпаттарындагы, үстөмдүгүндөгү, сыйынууга жалгыз татыктуу экендигинде жалгыздоо жана ширктен, анын жактоочуларынан баш тартуу. | 23 | | Ширктен оолак болуунун ишке ашыруусунан |
| Ислам бул таухид аркылуу Аллахка берилүү ,баш ийүү менен моюн сунуу жана ширк менен анын жактоочуларына тиешеси жоктукту көрсөтүү. | 24 | | Тообо мөөнөтү бүтүп жатат |
| Сөлөкөтү бар ага сыйынышкан белгилүү объект. | 25 | | *Таагут* |

# Төрт эреже

## Таухид менен ширкти айырмалоо

*Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен.*

Улуу Арштын Кожоюну, Берешен Аллахтан суранам, сени бул дүйнөдө да, акыретте да Өз колдоосуна (камкордугуна) алсын! Жана, ошондой эле, сени каякта болсоң да берекелүү кылсын! Качан гана жакшылык–нээмат берилсе (сени) шүгүр кылуучулардан кылсын; качан сыноо келгенде сабыр кылуучу кылсын; а качан күнөө иш жасаганда кечирим сурагандардан кылсын, чындыгында, ушул үч сапат - бактылуулуктун белгиси.

Билгиниң, Аллах сени Өзүнө баш ийүү жолуна салсын, **ал-Ханифия,** Ибрахим пайгамбардын дини – бул сен жалгыз Аллахка сыйынып, эч кимди ага шерик кылбай динди бекем карманганың. Муну Аллах адамдардын баарысына буюруп, дал ушул максатта аларды жараткан. Аллах Таала айтты:**"Жиндер менен инсандарды бир Өзүмө алар ибадат кылуусу (сыйынуусу) үчүн гана жараттым" (51:56)** Аллах Өзүнө гана сыйынуу үчүн сени жаратканын билген болсоң, анда билишиң керек: "Намаз - даааратсыз намаз деп аталбаган сыяктуу, **Ибадат** дагы **– Таухидсиз "ибадат" деп аталбайт**". Ошондой эле даааратты бузуучу себеп даааратты бузган сыяктуу, **ибадатка да ширк кирген болсо, анда ал ибадатты бузуп, жараксыз кылат.** Демек, ибадатка ширк аралашса аны (ибадатты) бузат, баардык (жакшы) амалдарды жок кылат жана адамды түбөлүк тозокко алып барат - мунун баарысын түшүнгөн болсоң, анда **– бул нерсени (ширкти) үйрөнүп-билүү бул сенин эң маанилүү, эң алгачкы, эң башкы милдетиң** экендигин билдиң! Балким, ошондо анан (бул милдетиңди аткарсаң) Аллах сени "Аллахка шерик кошуу" деп аталган тордон, тузактан куткарaар. Бул тууралуу Аллах Куранда айткан :**"Акыйкатта, Аллах Өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан (ширктен) башка күнөөлөрдү кимге кааласа кечирет" (4:48)** Мына ушул (ширкти билип, андан сактанып, алыс болушуң) үчүн Аллах -Таала Куранда айтып кеткен төрт эрежени окуп-үйрөнүшүң керек.

**БИРИНЧИ ЭРЕЖЕ**: Аллахтын элчиси ﷺ каршы күрөшкөн каапырлар: "Аллах - Жаратуучу, Ырыскы берүүчү, Өлтүрүүчү, Тирилтүүчү, баардык иштерди Башкаруучу" - экендигин билип тастыкташкан, бирок бул нерсе аларды исламга киргизбеди (мусулман болушкан жок). Буга далил Аллахтын сөзү: **«(Оо, Мухаммад, мушриктерге – Аллахтан башкага сыйынгандарга) айт:"Силерге асман жана жерден ырыскы ким берет? Угуу менен көрүүнү ким башкарат? Өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү ким чыгарат? Ким (баардык) амалдарды башкарат?" Алар (сага) дароо: "Аллах" деп жооп беришет. "Анда эмне үчүн (Аллахтан) коркпойсуңар?" –деп айт!». (10:31)**

**ЭКИНЧИ ЭРЕЖЕ:** Алар (мушрик каапырлар) айтышат: "Биз аларга (бутпарастарга, идол, кудайчаларга) жөн гана бизди Аллахка жакындатышсын же Аллахтын алдында бизге шапаатчы болуп беришсин деп гана сыйынып, кайрылып жатабыз". 1) Аллахка жакындатууну эле (жалган кудайларынан) сурашкан, мунун далили: Аллах-Таала айтат: **"Андан (Аллахтан) башканы дос (кудай) кылып алгандар: "Биз аларга (кудайларыбызга) бир гана Аллахка бизди жакын кылышы үчүн эле сыйынабыз" (дешет). Алардын ортолорунда талашкан нерселер тууралуу албетте Аллах Өз өкүмүн чыгарат. Чындыгында, Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго салбайт!" (39:3);** 2) Аллахтын алдында шапаатчы эле болуп берсин деп (кудайларынан) сурашкан, буга далил: Аллах айтат: **Алар Аллахтын ордуна өздөрүнө зыян да, пайда да келтире албагандарга сыйынышат да: "Мына ушулар биздин Аллахтын алдындагы шапаатчыларыбыз"-дешет. Айткының: "Асмандар менен жерде Аллахка белгилүү болбогон нерсени Ага кабар берип жатасыңарбы?! Ал силер Ага кошкон шериктериңерден аруу жана бийик» (10:18)** Шапааттын эки түрү бар: Уруксат берилген жана тыюу салынган шапаат. Тыюу салынган шапаат: Жалгыз Аллах гана бере алган нерсени Аллахтан башка бирөөдөн суроо. Буга далил Аллахтын Сөзү:**"Эй, ыйман келтирген пенделер! Соода, достук, шапаат да болбой турган күн келгенче Биз силерге берген ырыскыдан (сооптуу иштерге) сарптагыла! Каапырлар болсо - адилетсиз заалымдар". (2:254)** Уруксат берилген шапаат: Аллахтан гана суралчу шапаат. Шапаат кылуучу – Аллах ага шапаат кылуу урматын белек кылган адам. Ал эми шапаат кылынуучу - кимдин Аллах сөздөрү жана амалдары менен ыраазы болгон киши, бирок, Аллах уруксат бергенден кийин гана. Буга далил Аллахтын Сөзү:**" «Анын алдында, Анын уруксаты жок эле, ким (жана ким үчүн) шапаат кыла алат?!»(2:255)**

**<u>ҮЧҮНЧҮ ЭРЕЖЕ:</u>** Пайгамбар ﷺ ар түрдүү нерселерге ибадат кылган адамдардын арасынан чыкты. Алардын кээ бирлери күн менен айга, периштелерге, пайгамбарларга жана олуяларга сыйынышса, кээ бирлери таштарга жана дарактарга сыйынышчу. Аллахтын элчиси ﷺ аларды эч айырмалап бөлбөстөн, баарына каршы туруп (Исламга киргизүү үчүн) күрөштү. Аллах-Таала айткан: **"Алар менен эч бир ширк (Алладан башкага сыйынуу) калбаганга чейин жана диндин баардыгы Аллах үчүн болгонго чейин каршы күрөшкүлө!"** (8:39).
(Ал учурда) **Күн менен айга** сыйынган мушриктер болгондугуна далил Аллах-Тааланын сөзү: **«Күн, Ай, күндүз жана түн Аллахтын (кудуретинин) белгилеринен. Күнгө да, айга да сажда кылбагыла! Аларды жараткан Аллахка сажда кылгыла эгер Анын Өзүнө ибадат кылуучу болсоңор!»** (41:37) **Периштелерге** сыйынгандар болгондугу тууралуу далил Аллах-Тааланын айтканы: **«Ал (Аллах) силерге периштелерди жана пайгамбарларды өзүңөргө кудай кылып алууга буйрубайт. Силерди мусулман болгонуңардан кийин, кайра каапырлыкка буюрмак беле»(3:80) Пайгамбарларга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы**: «Мына Аллах айтты: «Оо Мариямдын уулу Иса сен адамдарга: "Мени жана энемди Аллахтан бөлөк эки кудай кылып алгыла!" - деп айттыңбы?» - дегенде, Иса айтты: «Сен Аруу-Тазасың! Менин акым жок нерсени айтууга мага туура келбейт. Эгер айткан болсом, сен аны билмексиң. Мендегини сен билесиң, мен болсо Сеникин билбейм. Акыйкатта сен кайып иштерди Билүүчүсүң?" – дейт» (5:116) Олуяларга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы: **«Алар дуа кылып, кайрылып жаткандары өздөрү Раббисине жакындоонун жолдорун издеп, Аллахка кимибиз жакыныраак болот экенбиз деп, мээриминен үмүт кылып, азабынан коркушат. Чынында, Роббиңдин азабынан сак болуу зарыл».(17:57) Дарактарга** жана **таштарга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы: **«Аль-Лат менен аль-Узза тууралуу кабар бергилечи? Жана алардын үчүнчүсү Манат тууралуу дагы». (53:19-20**) Ошондой эле Абу Вакид аль-Лайси деген сахабанын (Аллах андан ыраазы болсун) хадиси, ал айтты: «Пайгамбар ﷺ менен бирге Хунейн согушуна сапар алдык. Ал учурда биз каапырчылыктан эми эле чыгып, жаңы ыйманга келген мусулмандардан элек. Жана мушриктердин "Зат анват" аттуу дарагы бар эле. Ал даракка мушриктер курал жарактарын (береке алабыз деп) илишчү. Биз ошондой дарактын жанынан өтүп баратып Аллахтын элчисине ﷺ айттык: "Оо, Аллахтын элчиси! Бизге да алардыкындай болгон Зат Анват жасап бер!" - дедик. Аллахтын элчиси айтты: "Аллаху акбар! Аллаху акбар! Аллаху акбар! Чындыгында бул (силерге чейинкилердин) жолдорунан. Менин жаным Анын колунда болгон Затка ант, силер так эле Бану Исраил Мусага айткандай эле айттыңар. (Алар айтышкан эле) **«Эй, Муса! Булардын кудайлары сыяктуу эле бизге да кудай жасап бер!» (7:138)**, (Ахмад:5/218; ат-Тирмизи: 2181)

**<u>ТӨРТҮНЧҮ ЭРЕЖЕ:</u>** Чынында, азыркы замандын мушриктеринин ширк амалдары алгачкы замандагы мушриктердин ширкинен да оорураак. Анткени алгачкы замандын мушриктери тынчтык, жакшылык учурда гана Аллахка ширк келтиришчү, ал эми кыйынчылык, оор убакытта жалгыз Аллахка, ыклас менен, ширк кылбай, түз кайрылышчу. Ал эми азыркы замандын мушриктери дайыма Аллахка шерик кошушат, тынчтык жана жеңилчилик учурунда да, кыйынчылык жана оор абалында да. Буга далил Аллахтын Сөзү: **«Качан алар кемеге отурушса (катуу толкун болуп, кеме чайпала башталса) Аллахка жалгыз түздөн-түз ыклас менен дуба (ибадат) кылышат. Качан аларды (апааттан) куткарып, жээкке чыгарып койсо, алар кайрадан Аллахка ширк кылышат». (29:65)**

*Аллах жакшы билүүчү. Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салам-салаваттар болсун!*

## Китептин мазмуну

*Бул китеп үчкө бөлүнөт :*

1. Киришүү (Бактылуулуктун белгилери)

2. Таухид илимин окуп-үйрөнүүнүн маанилүүлүгү

3. Төрт эреже. (Таухид менен ширкти айырмалоо)

# Биринчи бөлүк: Киришүү (Бактылуулуктун белгилери)

Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен (1)

Улуу Арштын Кожоюну Берешен Аллахтан суранам, сени бул дүйнөдө да, акыретте да Өз колдоосуна (камкордугуна) алсын (2) жана, ошондой эле, сени каякта болсоң да берекелүү кылсын! (3)

**(1) Автор китепти Аллахтын ысымы менен баштоосунун себеби**

1. Аллахтын китебинен, пайгамбарлар-элчилеринен (аларга Аллахтын саламы болсун) үлгү алуусу.

2. Китептерин Аллахтын ысымы менен баштоо адаты болгон аалымдарды жана алдыңкы момун – мусулмандарды ээрчүү максатында.

3. Аллахтын ысымын атап, береке талап кылуу максатында.

(2) Автор адытынча эле Аллахтын аты менен китебин баштаган соң, илим алуучуга дуа-тилек айтты. Ал үчүн Аллахтан баардык жакшылыкты тилейт жана бул нерсе автордун илим алуучуга чын жүрөктөн жакшылык каалайт экендигине далил.

(3) Чыныгы Аллахтын жактоочулары (олуялары), камкордугунун астындагылар – бул ыйман менен такыбалыкты өзүнө жыйнагандар.

Шейх ульИслам ибн Теймия айтты:“Ким ыйман келтирип, такыба болсо ошол Аллахтын олуясы (жакыны)”.  Буга Аллах-Тааланын сөзү далил:

**“Ооба! Албетте Аллахка жакын болгондор (олуясы) коркунуч тартпайт, кайгыга да түшпөйт. Алар ыйман келтиргендер жана такыба болгондор” (10:62-63)**

*Баракат(береке):* Жакшылыктын көбөйүүсү, өсүүсү.

*Табаррук (береке талап кылуу):* Жакшылыктын көбөйтүлүшүн суроо.

*Мубарак (берекелүү):* Кайда болсо да пайда алып келүүчү.

**Табарруктун (Береке тилөөнүн) эки түрү бар.**

**Тыюу салынган табаррук.** Шариатта да, сезимдер аркылуу да тастыкталбаган береке издөө жолдору. Бул кичине ширк болуп эсептелет.

**Уруксат берилген табаррук**

*Шарият аркылуу тастыкталган*

Мисалы: Мединадагы пайгамбардын ﷺ же Меккедеги Аль-Харам мечиттеринде намаз окуу.

*Сезимдер аркылуу тастыкталган.*

Мисалы: илим, жакшылыкка чакыруу ж.б.
Адамдын илиминен, жакшылыкка чакыруусунан береке алынат, бул чыныгы береке, анткени биз ал аркылуу көптөгөн жакшылыкка жете алабыз. Шейх уль-Ислам жана башка имамдардын китептери сымал. Аллах алардын китептерин берекелүү кылгандыгы себептүү көп адамдар алардан чоң пайда алышты.

Качан гана жакшылык–нээмат берилсе (сени) шүгүр кылуучулардан кылсын; (1)

(1) Аллахтан берилген жакшылык-нээматтар - биз үчүн сыноо.
Буга көптөгөн далилдер бар.

**“Биз силерди жакшылык менен, жамандык менен да сынайбыз” (21:35)**

**“(Сулайман) Өзүнүн жанында турган тактыны көрүп, айтты:“Бул Роббимдин (мага болгон) мээрими, Ага шүгүр келтиремби же жокпу, ошону сынаш үчүн. Ким шүгүр кылса, ал өзүнүн пайдасына, ал эми ким шүгүр кылбаса, анда, чынында Аллах Бай (эч нерсеге муктаж эмес) жана Берешен” (27:40)**

Жана хадисте баяндалган аларга Аллахтан сыноо түшкөн Исраил урпактарынан болгон үч адамдын окуясы (Сокур (азиз), чачы өспөгөн жана ала (пес) оорусу менен ооруган үч адам тууралуу хадис).

**Жакшылык-нээматтар Таухид аль-Улухия жана ар-Рубубия менен байланыштуу.**
**Жакшылыкка шүгүр келтирүү эки түрдө болот:**

Жакшылыктан кийин шүгүр келтирүү.

Бул үчкө бөлүнөт:

Жүрөк менен:

Ырыскы, жакшылыктарды берүүчү бул Аллах деп бекем ишенип, толук моюнга алуу, жана Ага баш ийип, чынчылдык менен ыйман келтирүү.

Адамда кандай гана жакшылык болбосун – ал бир гана Аллахтан.

Тил менен:

Аллахтан болгон баардык жакшылыктарды кабарлап, Аллахка көп шүгүр келтирип, Ага мактоо айтуу керек.

**“Аллахтын жакшылыгын кабарла” (93:11)**

Дене-мүчөлөр аркылуу:

Аллах-Таала берген жакшылыктарды Аллах ыраазы болгон амалдарга колдонуу, ошону менен бирге Аллахка баш ийүү жана тыйган иштерден алыс болуу.

Жакшылык берилгенге чейинки адамдын Аллахка карата болгон мамилеси

Бул бөлүктө адамдан: “баардык жакшылыкты берүүчү бир гана Аллах” деген бекем ишеним, ыйман талап кылынат.

Аллахтан башка эч кимден жакшылык сурабай, жүрөктү Аллахтан башка эч нерсеге байлабоо керек.

Бейишке кирүүнү Аллах-Тааладан гана сурайбыз, анткени Аллах анын кожоюну, ошондой эле ырыскыны да Аллахтан башка эч кимден сураганга болбойт.

**“Эч өлбөй турган, Тирүү Затка тобокел кыл” (25:58)**

**“Аллахтын ордуна силер сыйынып жаткандар – силерге ырыскы бере албайт. Ырыскыны Аллахтан гана сурагыла, Аллахка сыйынгыла жана Ага шүгүр келтиргиле. Аллахка кайтарыласыңар”(29:17)**

[1] Сабыр кылуу - баардык Ислам аалымдарынын жалпы ой-пикири боюнча парз болуп эсептелет

...качан сыноо келгенде (сени) сабыр кылуучу кылсын[1]; а качан күнөө иш жасаганда кечирим сурагандардан кылсын, чындыгында, ушул үч сапат (нээматтарга шүгүр келтирүү, кыйынчылыкта сабыр кылуу, күнөөлөрдөн кечирим суроо) - бактылуулуктун белгиси.

**Сыноо түшкөндө жана жамандык болгон учурда Адамдар төрт түргө бөлүнөт**

- Ачууланып, каардануучу
- Сабыр кылуучу
- Ыраазы болуучу
- Шүгүр кылуучу

1. Ачууланып, каардануучу: - тыюу салынган, жана чоң күнөө болуп эсептелет. Бул үч нерседе айкын билинип чыгат:

- Жүрөктө
- Тилде
- Амалдарда

**- Жүрөк менен ачууланып каардануу:** Имам ибн Кайим ал-Жаузия, Аллах ага ырайым кылсын, мындай мааниде айткан: "Кээ бир адамдар тил менен айтканга батына албаса дагы, алар Жараткан Зат тууралуу эң жаман ойдо экендигине өздөрүнүн көкүрөгүндөгү жүрөктөрү күбө.
Алардын ичинде "Кудайым мага зулумдук кылды, мага бир нерсе бербей койду, бир нерседен айрылтты" ж.б. у.с. ойлор катылып жүрөт.
Өзүңдү карап көр! Сен бул нерседен куткарылган экенсиңби? Эгерде мындан аман болсоң, анда сен чоң балээден, бактысыздыктан сакталган экенсиң.

**- Тил менен ачуулануу**: качан кыйынчылык түшкөндө бакырып-өкүрүп ыйлап, кыйкырынып, наалат айтып, балээ тилеп, сөгүнүп жана башка Аллахка жакпаган жаман сөздөрдү айтуу.

**- Ачуулануунун амалдарда чыгуусу**: качан адам өзүн – өзү бетке уруп, кийимдерин, жакасын айрып, чачтарын жулуп, бир нерселерди талкалап ж.б. жаман, туура эмес иштерди кылуусу.

2. Сабырдуулук: Жамандык келген учурда сабыр кылуу парз болуп саналат. Сабыр кылуу да жүрөктө, тилде жана амалдарда болот. Имам Ахмад, Аллах ага ырайым кылсын, айткан: *"Сабырдуулук Куранда токсонго жакын жерде эскерилет жана үммөттүн жалпы ой-пикири боюнча сабыр кылуу парз болот жана сабырдуулук бул ыймандын жарымы. Ыйман эки бөлүктөн турат: бир бөлүгү – сабыр кылуу, экинчиси—шүгүр кылуу".* («Мадариж ас-Саликин»)

3. Ыраазы болуу: Өкүмү мустахаб (ким муну кылса сооп табат, кылбаса-күнөө жок). Кыйынчылыкка ыраазы болуунун даражасы сабыр кылуудан да жогору.

4. Шүгүр кылуу: Эң жогорку, эң бийик жана толук даража.

# Төрт эреже

Билгиниң, Аллах сени Өзүнө баш ийүү жолуна салсын, **ал-Ханифия,** Ибрахим пайгамбардын дини - бул сен жалгыз Аллахка сыйынып, эч кимди ага шерик кылбай динди бекем кармангныың.
Муну Аллах адамдардын баарысына буюруп, дал ушул максатта аларды жараткан.
Аллах-Таала айтты:**"Жиндер менен инсандарды бир Өзүмө алар ибадат кылуусу (сыйынуусу) үчүн гана жараттым"** (51:56)[1]

Аллах Өзүнө гана сыйынуу үчүн сени жаратканын билген болсоң, анда билишиң керек:
"Намаз - даарaтсыз намаз деп аталбаган сыяктуу, **Ибадат** дагы **– Таухидсиз "ибадат" деп аталбайт**"

Ошондой эле даарaтты бузуучу себеп даарaтты бузган сыяктуу, **ибадатка да ширк кирген болсо, анда ибадатты бузуп, жараксыз кылат.**

Демек, ибадатка ширк аралашса аны (ибадатты) бузат, баардык (жакшы) амалдарды жок кылат жана адамды түбөлүк тозокко алып барат - мунун баарысын түшүнгөн болсоң, анда – **бул нерсени (ширкти) үйрөнүп-билүү бул сенин эң маанилүү, эң алгачкы, эң башкы милдетиң** экендигин билдиң! Балким, ошондо анан (бул милдетиңди аткарсаң) Аллах сени "Аллахка шерик кошуу"- деп аталган тордон, тузактан куткараар.

Бул тууралуу Аллах Куранда айткан :**"Акыйкатта, Аллах Өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан (ширктен) башка күнөөлөрдү кимге кааласа кечирет"** (4:48)

Мына ушул (ширкти билип, андан сактанып, алыс болушуң) үчүн Аллах -Таала Куранда айтып кеткен төрт эрежени окуп-үйрөнүшүң керек.

**<u>БИРИНЧИ ЭРЕЖЕ</u>:** Аллахтын элчиси ﷺ каршы күрөшкөн каапырлар: "Аллах - Жаратуучу, Ырыскы берүүчү, Өлтүрүүчү, Тирилтүүчү, баардык иштерди Башкаруучу" - экендигин билип тастыкташкан, бирок бул нерсе аларды исламга киргизбеди (мусулман болушкан жок).
Буга далил Аллахтын сөзү:
**«(Оо, Мухаммад, мушриктерге – Аллахтан башкага сыйынгандарга) айт:"Силерге асман жана жерден ырыскы ким берет? Угуу менен көрүүнү ким башкарат? Өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү ким чыгарат? Ким (баардык) амалдарды башкарат?" Алар (сага) дароо: "Аллах" деп жооп беришет. "Анда эмне үчүн (Аллахтан) коркпойсуңар?" –деп айт!». (10:31)** [2]

(1) Эмне себептен Таухидди окуп-үйрөнүшүбүз керектигин автор түшүндүрүп кетти.

(2) Аларга пайгамбар ﷺ жөнөтүлгөн каапырлар Аллахтын Рубубиясын (Жаратуучу, Башкаруу, Ырыскы берүүдөгү жалгыздыгын) тастыктап билишкен, бирок анысына карабай Аллахтын элчиси ﷺ аларга каршы күрөшкөн. Аллахтын элчиси ﷺ менен каапырлардын ортосундагы талаш-тартыш, душмандык, касташуу Таухиддин Улухия бөлүгүнүн негизинде болгон, б.а. Аллах жалгыз сыйынууга татыктуу экендиги боюнча. Аллахтын бар экендиги, Ал жаратуучу, ырыскы берүүчү экендиги боюнча эмес, анткени алар мунун баарысын моюнга алып, тастыктап, ырастап билишкен.

**Демек, ким гана болбосун Аллахтан бөлөк башка бир нерсеге сыйынган болсо, же Аллах менен бирге башка бирөөгө ибадат кылса – ал мушрик, каапыр (Аллахтын бар экендигине, Ал жалгыз ырыскы, шыпаа берүүчү, баардык нерселерди Башкаруучу деп билген болсо дагы).**

**ЭКИНЧИ ЭРЕЖЕ:** Алар (мушрик каапырлар) айтышат: “Биз аларга (бутпарастарга, идол, кудайчаларга) жөн гана бизди Аллахка жакындатышсын же Аллахтын алдында бизге шапаатчы болуп беришсин деп гана сыйынып, кайрылып жатабыз”

1) Аллахка жакындатууну эле (жалган кудайларынан) сурашкан, мунун далили:
Аллах-Таала айтат:
**“Андан (Аллахтан) башканы дос (кудай) кылып алгандар: "Биз аларга (кудайларыбызга) бир гана Аллахка бизди жакын кылышы үчүн эле сыйынабыз" (дешет). Алардын ортолорунда талашкан нерселер тууралуу албетте Аллах Өз өкүмүн чыгарат. Чындыгында, Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго салбайт!” (39:3)[1]**;

2) Аллахтын алдында шапаатчы эле болуп берсин деп (кудайларынан) сурашкан, буга далил:
Аллах-Таала айтат: **“Алар Аллахтын ордуна өздөрүнө зыян да, пайда да келтире албагандарга сыйынышат да: “Мына ушулар биздин Аллахтын алдындагы шапаатчыларыбыз”-дешет. Айткыныӊ: ”Асмандар менен жерде Аллахка белгилүү болбогон нерсени Ага кабар берип жатасыңарбы?! Ал силер Ага кошкон шериктериңерден аруу жана бийик» (10:18)**

Шапааттын эки түрү бар: Уруксат берилген жана тыюу салынган шапаат [2]
Тыюу салынган шапаат: Жалгыз Аллах гана бере алган нерсени Аллахтан башка бирөөдөн суроо.

Буга далил Аллахтын Сөзү:**“Эй, ыйман келтирген пенделер! Соода, достук, шапаат да болбой турган күн келгенче Биз силерге берген ырыскыдан (сооптуу иштерге) сарптагыла! Каапырлар болсо - адилетсиз заалымдар” (2:254).**

Уруксат берилген шапаат: Аллахтан гана суралчу шапаат.
Шапаат кылуучу – Аллах ага шапаат кылуу урматын белек кылган адам.
Ал эми шапаат кылынуучу - кимдин Аллах сөздөрү жана амалдары менен ыраазы болгон киши, бирок, Аллах уруксат бергенден кийин гана. Буга далил Аллахтын Сөзү:“ **«Анын алдында, Анын уруксаты жок эле, ким (жана ким үчүн) шапаат кыла алат?!» (2:255)**

[1] Каапырлар сыйынып жаткан жалган кудайлары боюнча: “Биз аларга кайрылган максатыбыз - жөн эле алар аркылуу Аллахка жакындоо жана алар Аллахтын алдындагы биздин шапаатчыларыбыз, колдоочуларыбыз, ортомчуларыбыз” – деп актанышат.

Дал ушул амалдары себептүү алар каапыр болушкан жана Пайгамбар ﷺ алар менен Исламга киргизиш үчүн күрөшкөн.

[2] Шапаат кылуу “аш-шафа'а”

Тилдеги мааниси “бириктирүү, кошуу”, “бирөөнү эки кылуу”.

Шарияттык мааниси - кандайдыр бир пайда жеткирүү же зыяндан тосуу максатында кимдир-бирөөгө ортомчу болуп, колдоп берүү.

## Шапааттын түрлөрү

**Тыюу салынган шапаат.**

Куран аркылуу тыюу салынган.

Бул Аллахтын гана кудурети, күчү жете турган нерсени башкадан суроо.

Ушул шапаатчылык чоң ширк болот.

**Адамдардын колунан келүүчү нерселерди суроо.**

**Бул төрт шарт менен туура болуп эсептелинет:**

1. Шапаатчы тирүү болушу керек.
2. Сурап жатканда жанында бар болушу керек
3. Аткарганга кудурети жетиш керек
4. Ал бир гана себеп деген ишеним болуш керек

**Уруксат берилген шапаат.**

Бул Аллахтан гана сурала турган шапаат жана төмөнкү шарттары бар:

1. Аллахтын уруксаты болуш керек.
2. Аллах ким менен ыраазы болгон болсо, ошол гана шапаатчы боло алат
3. Аллах ким менен ыраазы болгон болсо, ошого эле карата шапаат кылынат.

---

Жалпы шапаат: пайгамбарлар, периштелер, жалгыз Аллахка сыйынгандар, кичинекей кезинде каза болгон жаш балдар кыла алчу шапаат

- Аллахка шерик кошпой сыйынгандардын Бейиштеги даражаларын жогорулатуу үчүн болгон шапаат
- Жалгыз Алллахка сыйынгандардын тозоктон, ага кирбей эле куткарылышы үчүн болгон шапаат (Эгерде күнөөлөрү себептүү азапка татыктуу болуп калган болсо)
- Тозокко кирип калган жалгыз Аллахка сыйынгандарды тозоктон чыгаруу үчүн

Пайгамбарыбызга ﷺ гана таандык болгон шапаат

- Улуу шапаат
- Пайгамбардын ﷺ агасына, анын тозоктогу азабын жеңилдетиши үчүн болгон шапааты
- Бейиш эшиктери ачылышы үчүн болгон шапааты

**<u>ҮЧҮНЧҮ ЭРЕЖЕ:</u>** (1) Пайгамбар ﷺ ар түрдүү нерселерге ибадат кылган адамдардын арасынан чыкты. Алардын кээ бирлери күн менен айга, периштелерге, пайгамбарларга жана олуяларга сыйынышса, кээ бирлери таштарга жана дарактарга сыйынышчу.

Аллахтын элчиси ﷺ аларды эч айырмалап бөлбөстөн, баарына каршы туруп (Исламга киргизүү үчүн) күрөштү.
Аллах-Таала айткан:
**“Алар менен эч бир ширк (Алладан башкага сыйынуу) калбаганга чейин жана диндин баардыгы Аллах үчүн болгонго чейин каршы күрөшкүлө!”** (8:39).

(Ал учурда) **Күн менен айга** сыйынган мушриктер болгондугуна далил Аллах-Тааланын сөзү:
**«Күн, Ай, күндүз жана түн Аллахтын (кудуретинин) белгилеринен. Күнгө да, айга да сажда кылбагыла! Аларды жараткан Аллахка сажда кылгыла эгер Анын Өзүнө ибадат кылуучу болсоңор!»** (41:37)

**Периштелерге** сыйынгандар болгондугу тууралуу далил Аллах-Тааланын айтканы:

**«Ал (Аллах) силерге периштелерди жана пайгамбарларды өзүңөргө кудай кылып алууга буйрубайт. Силерди мусулман болгонуңардан кийин, кайра каапырлыкка буюрмак беле»(3:80)**

(1) Бул үчүнчү эрежеде “ширк бул буттарга, таштарга гана сыйынуу менен чектелет” дегендерге каршы ачык далил бар,

Пайгамбар ﷺ келген заманда жасалма кудайчалар (буттар) менен бирге эле көптөгөн башка дагы ибадат кылынуучу заттардын болгондугун шариаттык далилдер ачык баяндап берет. Демек, биз дагы азыркы күнү ошол нерселердин баарысынан өзүбүз биринчи ирет катуу сактанып жана башкаларды да Аллахтан башкага сыйынуудан кайтарышыбыз керек.

Аллахтын элчиси ﷺ ар түрдүү нерселерге сыйынуучуларды бири-биринен айырмалаган эмес, тескерисинче, мунун баарысын «тагутка» (шайтанга) сыйынуу деп атаган жана дин толугу менен Аллахка гана арналсын деп, Аллахтан башкага ибадат кылгандардын баарысы менен бирдей каршы күрөшкөн.

**Пайгамбарларга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын **айтканы:**
**«Мына Аллах айтты: «Оо Мариямдын уулу Иса сен адамдарга: “Мени жана энемди Аллахтан бөлөк эки кудай кылып алгыла!” - деп айттыңбы?» - дегенде, Иса айтты: «Сен Аруу-Тазасың! Менин акым жок нерсени айтууга мага туура келбейт. Эгер айткан болсом, сен аны билмексиң. Мендегини сен билесиң, мен болсо Сеникин билбейм. Акыйкатта сен кайып иштерди Билүүчүсүң” – дейт» (5:116)**

**Олуяларга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы:
**«Алар дуа кылып, кайрылып жаткандары өздөрү Раббисине жакындоонун жолдорун издеп, Аллахка кимибиз жакыныраак болот экенбиз деп, мээриминен үмүт кылып, азабынан коркушат. Чынында, Роббиңдин азабынын сак болуу зарыл».(17:57)**

**Дарактарга** жана **таштарга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы:
**«Аль-Лат менен аль-Узза тууралуу кабар бергилечи? Жана алардын үчүнчүсү Манат тууралуу дагы». (53:19-20**)

Ошондой эле Абу Вакид аль-Лайси деген сахабанын (Аллах андан ыраазы болсун) хадиси, ал айтты: «Пайгамбар ﷺ менен бирге Хунейн согушуна сапар алдык. Ал учурда биз каапырчылыктан эми эле чыгып, жаңы ыйманга келген мусулмандардан элек. Мушриктердин “Зат анват” **(1)** аттуу дарагы бар эле. Ал даракка мушриктер курал жарактарын (береке алабыз деп) илишчү. Биз ошондой дарактын жанынан өтүп баратып Аллахтын элчисине ﷺ айттык: “Оо Аллахтын элчиси! Бизге да алардыкындай болгон Зат Анват жасап бер!” - дедик. Аллахтын элчиси ﷺ айтты: “Аллаху акбар! Аллаху акбар! Аллаху акбар! Чындыгында бул (силерге чейинкилердин) жолдорунан. Менин жаным Анын колунда болгон Затка ант, силер так эле Бану Исраил Мусага айткандай эле айттыңар. (Алар айтышкан эле) **«Эй, Муса! Булардын кудайлары сыяктуу эле бизге да кудай жасап бер!» (7:138)**, (Ахмад:5/218; ат-Тирмизи: 2181)

(1) “Зату анват” – мушриктердин дарагы эле, ал даракка курал-жарактарын илип, береке алып, кийин согушта жеңишке жетебиз деген ишенимдери болгон жана ошондой эле береке алуу максатында ал дарактын жанында көп убакытка калышаар эле (итикаф).

Бүгүнкү күндөгү мазарлар, мүрзөлөр, чүпүрөк байлануучу дарактар, берекелүү деп адамдар атаган суу-дайралар сыяктуу.

Аларга, же алардан бөлөк дагы башка нерселерге барып сыйынуу, табынуу, береке алуу максатында бир нерселерди илүү, же дене менен сөйкөнүү, же ал жерлердин топурагын жеп, суусун өзгөчө деп ичүү, же алардан бир нерселерди тумар кылып үйгө алып кетүү, же өзүнө жана унааларга илүү, алардын жанында чогулуш уюштуруу, убакыт өткөрүү (итикаф), курмандык чалуу жана башка ушул сыяктуу иштердин баарысына шариатта эң катуу тыюу салынган, жана булар Аллах-Таала эң жек көргөн иштер болуп саналат. Мына ушул нерселерден кайтаруу үчүн Аллах-Таала пайгамбарларды жиберип, ыйык китептерди түшүргөн. Демек, бул иштердин эч кандай Исламга тиешеси жок, тескерисинче, булар исламдагы эң башкы тыюу салынган иштер, бул күнөөлөр адам өлтүрүүдөн да, зынаа (ойноштук) кылуудан да оор. Аллах-Таала баардыгыбызды билип-билбей кылган күнөөлөрүбүздү кечирген болсун, жана бизди туура жолго салып, кадамдарыбызды өзүнүн дининде бекем кылып, акыйкатты акыйкат кылып көрсөтүп, адашууну адашуу кылып көрсөткөн болсун! Акыйкатта, Ал Кечиримдүү, Боорукер, Кудуреттүү Зат!

**ТӨРТҮНЧҮ ЭРЕЖЕ:** Чынында, азыркы замандын мушриктеринин ширк амалдары алгачкы замандагы мушриктердин ширкинен да оорураак.
Анткени алгачкы замандын мушриктери тынчтык, жакшылык учурда гана Аллахка ширк келтиришчү, ал эми кыйынчылык, оор абалда жалгыз Аллахка, ыклас менен, ширк кылбай, түз кайрылышчу.

Ал эми азыркы замандын мушриктери дайыма Аллахка шерик кошушат, тынчтык жана жеңилчилик учурунда да, кыйынчылык жана оор абалында да.

Буга далил Аллахтын Сөзү: **«Качан алар кемеге отурушса (катуу толкун болуп, кеме чайпала башталса) Аллахка жалгыз түздөн-түз ыклас менен дуба (ибадат) кылышат. Качан аларды (апааттан) куткарып, жээкке чыгарып койсо, алар кайрадан Аллахка ширк кылышат». (29:65)** [1]

**Аллах жакшы билүүчү. Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салам-салаваттар болсун!**

[1] Бул эрежеде автор (Аллах ага ырайым кылсын) азыркы заманда кылынып жаткан мушриктердин ширк амалдары өтө коркунучтуу экенин баяндап кетти.

Биздин замандагы мушриктердин ширки алгачкы замандагы мушриктердин ширкине караганда коркунучтуу жана оорураак.

Анткени, бүгүнкү күндө мушриктер жамандык жана кыйынчылыкта, жыргалчылык жана тынчтыкта, баардык абалында ширк кылышат.

Ал эми алгачкы замандын мушриктери жакшылыкта гана Аллахка ширк келтирип, кыйынчылык учурунда Аллахтын жалгыздыгын моюнга алышкан.

Эгерде пайгамбар ﷺ жөнөтүлгөн алгачкы замандагы мушриктердин ширктери жеңилирээк болгон болсо, ал эми биздин замандагы, ар убакта, оор абалда да, жеңил учурда да Аллахка шерик кошуп жүргөндөр тууралуу эмне деп айтабыз?

Мындай адамдар каапыр деп аталууга көбүрөөк татыктуу.

Аллах жакшы билүүчү. Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салам-салаваттар болсун!

**Кириш сөз, бул жакта бактылуулуктун белгилери эскерилет.**

**Бактылуулуктун белгилери (3 белгиси)**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **(1) Ага жакшылык берилгенде шүгүр келтирет** | Берилген ырыскы сыноо болот. **«биз силерди жакшылык жана жамандык менен да сынайбыз»(21:35)** | Берилген ырыскыга шүгүр келтирүү | Таухид ар-Рубубия менен байланыштуу. | Бейишти Аллахтан гана суроо, анткени бейиштин Ээси Аллах. Ошондой эле ырыскыны да Аллахтан суроо зарыл. Аллахка жүрөктү байлоо керек, андан башкага эмес . |
| | | | Таухид аль-Улухия менен байланыштуу | Жүрөк менен шүгүр кылуу: Бул баардык жакшылык Аллахтан гана болот, андан башкадан эмес - деп жүрөк менен тастыктоо. |
| | | | | Тил менен шүгүр кылуу: **«Аллах мага Мээрим кылды, мени сынаш үчүн. Мен ыраазы боломбу же ыраазы болбоймунбу»(27:40)** |
| | | | | Дене-мүчө менен шүгүр кылуу: Ушул жакшылыкты берген Аллахка, Ал ыраазы болгон иштерди аткаруу. Байлык берилген болсо, Аллах ыраазы болгон иштерге жумшоо. Илим берилген болсо, аны башкаларга жеткизүү. |
| **(2) Сыноолор келгенде сабыр кылат** | Адамдарга сыноо келгенде алардын акыбалы төрт түргө бөлүнөт | | | Ачуулануусу, жүрөгү, тили жана денеси менен. Мындай кылуу чоң күнөө болуп эсептелет жана абалына жараша кичине ширк дагы болушу ыктымал. |
| | | | | Сабыр: сабырдын өкүмү милдет (парз) болот, Ислам аалымдары айткандай. Жүрөк, тил жана Дене-мүчө менен сабыр кылуу. Кыйынчылыкка сабыр кылуунун даамы ачуу, бирок акыры таттуу. (Сабырдын түбү – сары алтын) |
| | | | | Ыраазы болуу: бул акыбал Мустахаб жана жашообузда эмне болбосун баардыгы Аллахтан, жана тагдырыбызга кандай нерсени тартуулабасын биз үчүн жакшылык деген толук ишенимде билинет. |
| | | | | Шүгүр келтирүү: Эң жогорку жана толук деңгээли. Аллахтын шүгүр кылуучу пенделеринин сыпаты. |
| **(3) Качан күнөө кылса, кечирим сурайт.** | | | | |

<table>
<tr><td>«аль-Ханифиййа» Ибрахим пайгамбардын дини, сен Аллахка эч нерсени шерик кылбай сыйынууң, сени ушул үчүн жаратkan. Ибадат – Таухидсиз ибадат болуп эсептелбейт. Эгер ибадатка ширк аралашса, ибадатты бузат, амалды жок кылат, ким ширк кылган болсо түбөлүк тозокко кирет. Ошон үчүн муну үйрөнүү сен үчүн эң башкы милдет.</td><td>Таухидди окуп-үйрөнүүнүн себеби жана ширктин коркунучу.</td><td></td><td rowspan="5"></td></tr>
<tr><td colspan="2">Биринчи эреже: Пайгамбар ﷺ менен күрөшкөн каапырлар, Аллахтын Жаратуучу, Ырыскы берүүчү, Өлтүрүүчү (ар-Рубубияда жалгыз) экендигин кабыл кылышкан, бирок аларды бул ишенимдери мусулман кылган жок. Анткени алар сыйынууга татыктуу жалгыз Аллах экендигин (Таухид аль-Улухияны) кабыл кылышкан эмес.</td><td rowspan="4">Төрт эреже</td></tr>
<tr><td colspan="2">Экинчи эреже: Пайгамбар ﷺ доорундагы каапырлар жалган кудайларына Аллахка жакындатат жана ортомчу, колдоочу болуп берет деп сыйынышкан.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Үчүнчү эреже: Пайгамбар ﷺ ибадаттарында ар түрлүү болгон адамдардын арасынан чыкты, алардын баардыгы менен күрөшкөн жана алардын ширктерин айырмалаган жок</td></tr>
<tr><td colspan="2">Төртүнчү эреже: Биздин замандагы мушриктердин ширк кылуусу, алгачкы замандагы мушриктердин ширк кылуусунан коркунучтуу.</td></tr>
</table>

# Экзамендик суроолор

Атыңыз ............
«Китаб атТаухидтен» канча бөлүктү жаттадыңыз?...............
«Төрт эрежени» жатка билесизби? ...............

| | Куран жана Сүннөттөн далил |
|---|---|
| Берилген нээматтар - сыноо | |
| Каапырлар Таухид ар-Рубубияны тастыкташкан | |
| Аллахтан башка бирөөгө сыйынуу аркылуу Аллахка жакындоону максат кылуу | |
| Уруксат берилбеген шапаат | |
| Күн жана айга сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Периштелерге сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Пайгамбарларга сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Олуяларга сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Таштарга, дарактарга сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Мушриктер кыйынчылык учурда чын ыкластан жалгыз Аллахка сыйынып, саламаттыкта ширк кылышкан | |
| Ширк боюнча далил | |

Бул суроолорго жооп бер:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Эмнеге биз Таухидди окуйбуз? | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| Эмнеге “Төрт эрежени” окуйбуз? | 1 | 2 | | |
| 3 | 4 | | | |
| “Төрт эреже” китеби кандай бөлүктөргө бөлүнөт? | 1 | 2 | 3 | |
| “Төрт эреже” бул кайсы китептин кыскача баяндамасы? | | | | |
| Эмнеге биз “Күмөндөрдү кетирүү” китебин окубайбыз? | | | | |
| Бактылуулуктун белгилери | 1 | 2 | 3 | |
| *Аль -ханифиййя* - бул... | | | | |
| Төрт эрежени окуп-үйрөнүүнүн пайдалары | | | | |
| Аллахтын олуялары(жакындары) бул... | *Шейх аль-Ислам айткан*: | | | |
| Буга далил: | | | | |
| Нээматтарга шүгүр келтирүү эмне аркылуу болот (*мисалдарды келтир*) | 1 | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| Пенденин Аллах менен байланышы кандай болуусу зарыл | | | | |
| Кыйынчылык учурда адамдардын абалы. Исламда булардын өкүмдөрү кандай? | 1 | | | |
| | 2 | | | |

| | |
|---|---|
| 3 | 4 |
| Шапааттын «*Аш -шафа'а*» тилдик мааниси: | Шапааттын «*Аш -шафа'а*» шариаттык мааниси: |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Шапаат бөлүнөт... | 1 | 2 | 3 |

| | |
|---|---|
| Уруксат берилген шапаатын шарттары | 1<br>2<br>3 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Кабыл болуучу шапаат бөлүнөт... | | | | | |
| 1<br>Бул мынчага бөлүнөт: | | | 2<br>Бул мынчага бөлүнөт: | | |
| 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 3 |

| |
|---|
| Биринчи эреже: |
| Экинчи эреже: |
| Үчүнчү эреже: |
| Төртүнчү эреже: |

| | |
|---|---|
| Ширк аралашкан амалдын өкүмү: | Буга далил: |

# Исламды бузуучу амалдар

# Исламды бузуучу амалдар

**Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен**

**Билгинин, Исламды жараксыз кылып, буза турган он амал бар!**

**Биринчи**: Ибадатта Аллахка шерик кошуу. Аллах-Таала айтты: "**Акыйкатта, Аллах өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү, эгер кимди (кечирүүнү) кааласа, кечирет**" (4 : 48)
Жана Аллах-Таала айтты: **Ким Аллахка шерик кошсо, Аллах ага Жаннатты (Бейишти) арам кылды. Анын жайы тозок оту. Жана заалымдарга жардамчылар жок.** (5: 72)
Жана мунун мисалдары: Аллахтан башка бирөөгө арнап курмандык чалуу, мисалы жинге же кабырга арнаган сыяктуу.

**Экинчи**: Ислам аалымдарынын бир ой-пикири боюнча, ким эгерде Аллах менен өзүнүн ортосунда шапаатчы, ортомчу алса, андан шапаат тилеп, тобокел кылса – каапыр болот

**Үчүнчү:** Ким мушриктерди (Аллахтан башкага сыйынгандарды, бутпарастарды) каапыр деп эсептебесе, же алар каапыр экендигинен күмөн санаса, же алардын жолун (динин, ишенимдерин) туура деп эсептесе - каапыр болот.

**Төртүнчү**: Кимде-ким Аллахтын элчисинин ﷺ жолунан башка бирөөнүн жолу туура деп ишенсе, же башка бирөөнүн өкүмдөрү Аллахтын элчисинин ﷺ өкүмдөрүнөн жакшыраак деп эсептесе - ал каапыр.

**Бешинчи**: Ким Аллахтын элчиси ﷺ алып келген нерсенин негизинде амал кылса да, бирок ошол эле убакытта аны (амалдарды) жек көрсө - каапыр болуп эсептелет.

**Алтынчы амал:** Ким Аллахтын элчиси ﷺ алып келген диндин бир нерсесин шылдыңдаса, же болбосо Аллахтын сыйлыгын(сообун) же жазасын(азабын) шылдыңдап, мазактаса - каапырчылыкка (куфрга) түшүп калат. Буга далил Аллахтын айтканы: **“Эгерде алардан сурасаң, сөзсүз: " Биз жөн эле тамашалап, ойноп койдук", - дешет. Айткыныӊ: " Аллахты, Анын аяттарын жана Анын элчисин шылдыңдадыңарбы? Кечирим сурабагыла. Силер ыйманыңардан кийин каапыр болдуңар. Эгер Биз бир тайпаңарды кечирсек, башка бир тобуңарды күнөөсүнөн улам азаптайбыз."** (Ат-Тауба, аят 65, 66)

**Жетинчи амал:** Сыйкыр жана ошондой эле буга ысытма - суутма дагы кирет. Ким бул нерселерди аткарса же аны менен ыраазы болсо - каапырчылыка түшөт. Буга далил Аллах-Тааланын сөздөрү: " Алар (периштелер): " Биз сынообуз (азгыруубуз). Каапыр болуп калбагыла!" - деп айтмайынча, ал экөө эч кимге (сыйкырды) үйрөтүшкөн эмес." (2:102)

**Сегизинчи амал:** Мусулмандарга каршы мушриктерге жардам берүү жана колдоо. Алланын далил болчу сөзү: **"Силерден ким аларга дос болсо, анда ал ошолордон. Албетте, Аллах заалым коомду туура жолго баштабайт."**

**Тогузунчу амал:** Кимде - ким Хидр Мусанын шариятынан чыккан сыяктуу Мухаммаддын ﷺ шариятынан чыкса болот деген ишенимде болсо, каапыр болуп саналат.

**Онунчу амал**: Алланын双 дининен, аны окуп-үйрөнүүдөн, ага ылайык амалдарды кылуудан баш тартуу (бул дагы Исламдан чыгаруучу каапырлык). Муну Аллах-Тааланын сөзү далилдейт: **"Өз жаратканынын аяттары менен насыяттангандан кийин алардан жүз үйрүгөндөрдөн да заалым ким бар?! Албетте, биз мындай күнөөкөрлөрдөн өч алабыз."**

Бул иштерди тамашалап болобу, чындапбы же корккондон улам жасаган болобу, баарысында айырма жок. Бир гана мажбурланып, зордолгон абалда жасагандан башкасы.
Жана дал ушул иштер эң коркунучтуу жана эң эле көп кездешкен иштерден болуп эсептелет. Ошондуктан мусулман бул иштерден алыс болуп, буга түшүп калуудан сактанышы керек.
Аллахтан Анын каарына жана катуу азаптарга себеп болгон нерселерден сактоосун тилейбиз. Аллахтын салам жана салаваттары жаралгандардын мыктысы болгон Мухаммадка, анын сахабаларына жана аларды ээрчигендерге болсун.

# Баяндама

## Автордун киришүүсү

**Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен**
**Билгиниң, Исламды жараксыз кылып, буза турган он амал бар!**

Эмнеге аалымдар китептерин “бисмиЛлах” (Аллахтын ысымы менен) деген сөз менен башташат?

- Аллахтын Китебин, элчи-пайгамбарларын ээрчип
- Алгачкы аалымдарды ээрчип
- Бул сөз аркылуу Аллахтан береке тилеп
- *«Кайсы бир иш бисмиЛлах менен башталбаса”* деген хадиске жараша, бирок ал тастыкталбаган (даиф) хадис

Куран, Сүннөттөгү амалдар бир сан менен чектелгенби?

- Куран, Сүннөттүн башка жагында аталган сандан көбүрөөк келген болсо, анда бир сан менен чектелбейт. Мисалы хадис: *«Өлүмгө алып келүүчү жети күнөөдөн сактангыла...»*
- Ал эми Куран, Сүннөттүн башка жагында аталган сандан чыкчу эч нерсе келбесе, анда бир сан менен чектелет, Джебреилдин хадисиндеги Ислам менен Ыймандын түркүктөрү сыяктуу.

**Эмнеге анда бир сан аталат, эгерде ал сан менен чектелбесе?**

Бул пайгамбардын ﷺ өзүнүн сахабаларын эң жакшы түрдө окутуусу. Анткени бул сандар аркылуу алар бул хадистерди жаттап калышына жана убакыт өткөн соң унутуп калбай, эске түшүрө алганга жеңил болду. Мисалы пайгамбар ﷺ айткан сыяктуу: *"Мен силерге үч нерсеге касам айтам, андан соң үч нерсени айтам, а силер аны жаттап калгыла! Садака пенденин мүлкүн азайтпайт...»*, жана ушул ыкманы бул китептин автору да колдонот

**Эмнеге исламды бузуучу амалдарды окуп жатабыз?**

Муну үйрөнүүнүн пайдасы өтө чоң, а балким, мунун пайдасы эң башкы пайдалардан – (муну биз) окуп жатабыз, кийин булардан сак болушубуз үчүн. Дааратты бузуучу же намазды буза турган амалдарды үйрөнгөнүбүз сыяктуу эле.

Хузейфа айткан: "Адамдар Алланын элчисинен ﷺ жакшылык тууралуу сурап жатышты, мен болсо жамандык тууралуу сурап жаттым, мага ошол жамандыктын келип калышынан коркуп"

**«Науакыд аль-ислям»(Исламдан чыгаруучу амалдар) деген эмне?**

Бул адамдын исламын жараксыз кылып коюучу амалдар, жана адамды Исламдан чоң каапырлыкка чыгарып салуучу иштер. Ал эми Ислам - бул Аллахка Таухиддин негизинде багынуу, Ага баш ийип, моюн сунуу жана ширктен жана мушриктерден баш тартуу.

**Мааниси**

Мусулманды Исламдан чоң куфрга (каапырлыкка) чыгаруучу нерсе

Аллах бизди сактасын

**Аалымдардын бул иштер боюнча ой-пикири бирдейби?**

Ооба

**Эмнеге аалымдар кээде «бузуучу...»-деп, кээде «жараксыз кылуучу...»-деп айтышат?**

Илим алуучу тажап кетпеси үчүн эле, экөөнүн мааниси бирдей

**Ушул сан менен эле бул амалдар чектелеби?**

Жок

**Анда эмнеге автор аларды оноо деп айтты?**

Эң коолтууларын айтып кетти жана оңой эсте калышы үчүн дагы

Исламдан чыгаруучу амалдарды түрлөргө бөлсө болобу?

| Сөздөр | Амалдар | Ишеним | Шек-күмөн |
| --- | --- | --- | --- |
| Мисалы: Аллахты, анын элчисин же динди сөгүү | Мисалы: Сыйкыр | Мисалы, Аллахтан башка бирөө пайда алып келет деген ишеним | Аллахтын элчисинин ﷺ даавати кимге жетип, ал ыйман келтирбеген болсо, ошол адамдардын каапыр экендигинен шектенүү |

Пайгамбар ﷺ бул 10 амалды айтып кетти беле? Далил кандай?

Ооба, Аллахтын элчиси ﷺ айтып кеткен. Ал эле эмес, бул баардык амалдарга Куран, Сүннөттөн далилдер келген. Аллах айткан: **«Биз ушинтип аяттарды баяндап беребиз, күнөөкөрлөрдүн жолу анык болушу үчүн»**

Кимдир бирөө бул амалдардын бирин кылган болсо каапыр болгондугу боюнча баардык адамдар өкүм чыгара алабы?

Жок, тескерисинче, кайсы бир адамдын каапыр болгондугу боюнча ишеничтүү аалымдарга жана шариаттык казыларга кайтуу керек. Аллахтын элчиси ﷺ айткан: *«Ким гана өзүнүн бир тууганына "Эй,каапыр"- деп айткан болсо, ал сөзсүз экөөнүн бирөөсүнө кайтат»*

Исламдан чыгаруучу иштер боюнча дагы кимдер эмгек, китеп жазышкан?

Фикх илими боюнча китеп жазган аалымдардын баарысы эле бул амалдарды Ридда (динден чыгуу) бөлүмүндө эскерип кетишкен. Ал эми бул автор биринчи болуп бул амалдарга гана арнап өзүнчө китеп жазган.

Амал менен ошол амалды кылган адамды айырмалашыбыз керекпи?

Ооба, сөзсүз. Анткени, баардык эле куфр кылган, каапыр болуп калбайт. Бир адамды каапырдыкка чыгарыш үчүн ага далилдерди жеткирүү керек жана андагы күмөн-шубхаттарын арылтуу керек. Адамдарды куфрга чыгаруу автордун, Аллах ага ырайым кылсын, максаты болгон эмес, тескерисинче, үммөткө чын жүрөктөн мамиле кылып, аларды динден чыгара турган амалдардан кайтаруу анын максаты болгон.

Бул амалдарды үйрөнгөн мусулман эмне кылганга милдеттүү?

Мусулман булардан абдан катуу сак болушу керек, бул иштерди кылуудан өзү коркуп жана башкаларды да кайтаруу керек. Ал эми кайсы бир адамдын каапыр болуп калгандыгы тууралуу өкүм чыгаруу маселесин чоң аалымдарга жана шариаттык казыларга кайтаруу керек. Аллах-Таала айтты: **"Өзүңөрдүн араңардан силерге элчи келди, силердин кыйналганыңар ага оор. Силер үчүн ал аракет кылат. Момундарга карата ал кайрымдуу, мээримдуу. А эгер алар баш тартса, айт: "Мага Аллах жетиштүү! Андан башка сыйынууга татыктуу зат жок. Жалгыз Ага тобокел кыламын, Ал улуу Арштын Кожоюну."**

## Биринчи амал

Ибадатта Аллахка шерик кошуу. Аллах-Таала айтты:
**“Акыйкатта, Аллах өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү эгер кимди ( кечирүүнү) кааласа кечирет”** (4 : 48)
Жана Аллах-Таала айтты: **Ким Аллахка шерик кошсо, Аллах ага Жаннатты (Бейишти) арам кылды. Анын жайы тозок оту. Жана заалымдарга жардамчылар жок.** (5: 72)
Жана мунун мисалдары: Аллахтан башка бирөөгө арнап курмандык чалуу, мисалы жинге же кабырга арнаган сыяктуу.

## Ширктин түрлөрү

| Чоң ширк – автор ушул тууралуу китепти жазган | Кичине ширк |
| --- | --- |
| Кимдир бирөө бул ааламда кандайдыр бир жашыруун түрдө башкара алат, же пайда алып келүү жана зыяндан сактоо анын колунда деп ишенүү – чоң ширк. | Аллах себеп кылбаганды себеп деп билүү. Жана чоң ширкке алып бара турган иштердин баарысы – кичине ширк. |
| • Адамды динден чыгарат;<br>• Баардык амалдарды жок кылат;<br>• Падыша үчүн анын каны-малы адал болот;<br>• Түбөлүк тозокко алып барат;<br>• Шариат контексттеринде “Чоң” деген аталыш менен келет;<br>• «Ширк» же «куфр» деген сөздөрдүн башында «аль» деген кошумча болсо, демек ал иш чоң ширк. | • Адамды динден чыгарбайт;<br>• Кайсы ишке аралашса – ошону жок кылат, бузат;<br>• Каны-малы адал болбойт;<br>• Түбөлүккө тозокко алып барбайт;<br>• Шариатта “Кичине” деген аталышта келиши мүмкүн;<br>• «Ширк» же «куфр» деген сөздөрдүн башында “аль” деген кошумча келбесе, демек ал иш кичине ширк. |

### Чоң ширк кечирилеби?

Муну кылып жүрүп адам бул дүйнөдөн кайтса - кечирилбейт, Аллах-Таала айткан **“Акыйкатта, Аллах өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү, эгер кимди (кечирүүнү) кааласа, кечирет”** (4 : 48 ) Эгерде адам тирүү кезинде тообо кылып, ширкти таштаган болсо – анда кечирилет, Аллах-Таала айткан: **«Өзүнө зулумдук кылган (күнөө кылган) пенделериме айткыныӊ: “Аллахтын мээриминен үмүт үзбөгүлө, акыйкатта, Аллах күнөөлөрдүн баарысын кечирет. Ал Кечиримдүү, Ырайымдуу»**. Бирок, сөзсүз күн батыштан чыккан убакытка чейин тообо кылган болсо, анткени Аллахтын элчиси ﷺ айткан: “Хиджрат (каапыр өлкөдөн мусулман өлкөгө көчүү) тообо кабыл болбой калганга чейин улана берет, а тообо болсо күн качан батыштан чыкканга чейин кабыл боло берет”. Жана сөзсүз тообону өлүмдүн алдындагы кырылдоого чейин кылып калыш керек, анктени Аллах-Таала айткан: **“Жамандыктарды кыла берип, качан өлүм келгенде “мына азыр тообо кылдым” дегендердин тообосунан пайда жок”**

## Арам иштердин түрлөрү

**Кичине күнөөлөр**

Баардык Аллах-Таала тыйган иштер, бирок эч кандай буларга жаза чектелген эмес

**Чоң күнөөлөр**

Баардык кандайдыр бир азап же жаза убадаланган амалдар, же каргыш, наалат айтылган иштер, же бул күнөөнү кылган адамдан баш тартуу келген. Же бул ишти кылган адамды ал каапырлардан, мушриктерден же момун эмес деп сыпаттаган болсо, же бир ыплас айбандарга окшоштурулса. Мунун баарысы чоң күнөөлөр болот.

**Кичине ширк**

Чоң ширктен жеӊилирээк, бирок, чоң күнөөлөрдөн оор

**Чоң ширк**

Эӊ катуу тыюу салынган

**Чоң күнөөлөрдүн өкүму**

Булардан тообо кылуу парз, Аллахтын элчиси ﷺ айткан: *«Кошокчу аял өлумүнө чейин тообо кылбаса...»*, жана башка хадисте: *«...эгерде чоң күнөөлөрдөн сактанса...»*

**Даражалары барбы?**

Ооба, оордугуна карай айырмаланат. Пайгамбар ﷺ айткан: *«Чоң күнөөлөрдүн эӊ оору...»*

**Чоң күнөө кылуучу адамдын өкүму**

- Ыймана кем болгон мусулман. Жана Ыйманына жараша момун, күнөөсүнө жараша фасик (күнөөкөр) болот.
- Ыйманы үчүн аны жакшы көрүп, күнөөсүнө жараша жек көрүү керек.
- Чоң күнөө кылып жаткан учурда жанында чогуу болууга тыюу салынат.

**Чоң күнөөлөрдүн саны:**

Саны чектелген эмес, бирок жогоруда айтылган сыпаттар менен чектелген.

## Мал союунун түрлөрү

### Аллах үчүн

Бул уруксат берилген ибадат. Мисалы ажылыкта, курман айт майрамда жана садака кылып, таратуу үчүн мал союу.

### Аллахтан башка бирөөгө, сүйүү жана таазим менен (автор ушуну айтып жаткан)

Бул чоң ширк, жинге же мүрзөгө арнап курмандык чалган сыяктуу

### Уруксат берилген

Этин жеш үчүн, конок тосуу үчүн же сатуу үчүн кой союу.

## Экинчи амал

Баардык Ислам аалымдарынын бир ой-пикири боюнча, ким эгерде Аллах менен өзүнүн ортосунда шапаатчы, ортомчу алса, андан шапаат тилеп, тобокел кылса – каапыр болот. (Ибадатта Аллахка кимдир биреөнү ортомчу кылуу, ошо ортомчуга Аллахка кайрылгандай кайрылуу, жалынып сыйынуу, андан жардам тилөө, ага тобокел кылуу, андан үмүт этүү, ушул амалдардын баарысы куфр (каапырлык) иштер болуп эсептелет.)

### Шапааттын түрлөрү

#### Аллахтын гана колунан келген шапаат

**Кыбыл болбогон шапаат (автор ушуну айтып жаткан)**

Куран аркылуу бул жокко чыгарылган; Аллахтан гана сурачу нерсени Аллахтан башкадан суроо – бул чоң ширк болуп эсептелет

**Кабыл болгон шапаат**

Аллахка гана тастыкталган шапаат, Аллахтан гана суралат. Үч шарты бар:

- Аллах уруксат берүүсү;
- Ким шапаат кылса, ал менен ыраазы болушу;
- Ким үчүн шапаат кылынса – ал менен да ыраазы болуусу.

#### Жаратылгандардын колунан келген нерсени суроо

Төрт шарт менен уруксат берилет

- Тирүү болуусу;
- Жанында, бар болуусу;
- Сураганын аткара алгандай болуусу;
- Бул бир гана себеп деп ишенүү.

**Жалпы шапаат элчилер, пайгамбарлар, периштелер, мусулмандар кылышат**

- Бейиштеги даражанын көтөрүлүшүнө;
- Тозоктук болгондордун куткарылуусу үчүн;
- Тозокко түшкөндөрдүн ал жактан чыгуусу үчүн.

**Пайгамбарга ﷺ гана уруксат бериле турган шапааттын түрү**

- Улуу шапаат;
- Каапырлардан арасынан жалгыз Абу Талиб агасы үчүн жана бир гана анын тозоктогу азабы жеңилдеши эле үчүн;
- Бейиш эшигинин ачылышы үчүн.

"Мен үчүн дуа кылып койчу" – деп айтып, адамдан сураса болобу?
Эгерде бул суроосунда ал кишиге муктаж болгондугун көрсөтүп жатса – анда бул кичине ширк. Ал эми эгерде тирүү, жанында бар, сураганын аткара алган, жана ал адам бир гана себеп деп кайрылган болсо – анда шариатта уруксат берилет, бирок таштап коюу жакшыраак.

Тобокел кылуу, таянуу (тауаккуль)
Бул качан инсан чыныгы, бекем ишеним менен Аллахка таянып-тапшырылуусу жана аны менен бирге сөзсүз шариатта уруксат берилген себептерди аткаруу.

Урускат берилген түрү

Бул качан адам бир адамга иш тапшырган болсо, ага таянып, ал адамга эч кандай муктаждык сезбей эле ишенгени.

Мисалы адам бирөөгө кайрылып, бир нерсенин ал адам сатып берүүсүн тапшыруу.

Тобокелдеги кичине ширк

Качан инсан бирөөгө таянып, ишенип, ал менен бирге ага болгон муктаждык, зарылдык сезген болсо.

Мисалы, адамга бирөө бир маяна же үлүш берген болсо, ал берген адам жөнүндө жөн эле себеп дегенден да жогору ишеними болсо.

Тобокелдин чоң ширк түрү (автор ушул жөнүндө айткан)

Ибадат жана моюн сунуу менен коштолгон таянуу, ишенүү, тобокел кылуу.

Бул качан адам толугу менен кимге таянган болсо, ага тапшырылуусу, жана ал менен бирге ал адамдын колунда пайда жеткирүү же зыяндан тосуу бар деп ишенүүсү.
Мисалы арбактарга, өлгөн адамдарга таянуу сыяктуу.

"Мен баланчага тобокел кылып таянам" же "Аллахка тобокел кылып таянамын, андан кийин баланчага" деп айтса болобу? Бул маселеде туура ой-пикир кандай?
"Мен баланчага тобокел кылып таянам" – деп айтканга болбойт. Ошондой эле "Аллахка тобокел кылып таянамын андан кийин баланчага" – деп дагы айтуу болбойт. Анткени тобокел кылуу, таянуу бул Аллахтан башка бирөөгө арноого болбогон жүрөктүн амалдарынан. Бирок: "баланчага ишенип, бир ишти тапшырдым" – деп айтса болот. Анткени Аллахтын элчиси ﷺ кээ-бир сахабаларына өзүнүн жеке же коомдук иштерин тапшырчу.

## Үчүнчү амал

Ким мушриктерди (Аллахтан башкага сыйынгандарды, бутпарастарды) каапыр деп эсептебесе, же алар каапыр экендигинен күмөн санаса, же алардын жолун (динин, ишенимдерин) туура деп эсептесе - каапыр болот.

### Мушриктердин (Аллахка шерик кошкондордун) Исламдагы абалы.

Пайгамбарыбыздын ﷺ даваты жеткен, бирок ага ыйман келтирбеген ар бир жин же инсан - чоң куфр кылуучу каапыр.
Аллах-Таала айтты: **" Кимде - ким Исламдан башканы дин катары тутунса, анын дини кабыл кылынбайт. Ал акыретте зыянга учуроочулардан."** (3:65)

### "Китеп ээлери"(иудей, христиандар) мушриктерге киреби?

Ооба, пайгамбарыбызга ыйман келтирбеген китеп ээлери бул аяттарга карай мушриктерге кирет:
**"Китеп берилгендерден Аллахка, акырет күнүнө ыйман келтирбегендер жана Аллахтын, Анын элчисинин арам кылган нерселерин арам катары таанывагандар, ошондой эле Чыныгы Динди тутунбагандар менен өздөрүн кор тутуп, салык төлөмөйүнчө согушкула!"** (9:29)
Аллахтын элчиси ﷺ дагы айткан:
***" Менин жаным Анын Колунда болгон Затка ант, кайсы бир иудей же христиан болбосун, мен жөнүндө угуп, мага ыйман келтирбестен өлсө, сөзсүз Тозок элдеринен болот!"***

### Бул нерсе биз менен алардын ортосундагы келишимдерге бекем болбой эле койсок боло берет дегенди түшүндүрөбү?

Жок, Аллахтын сүйүүсүнө жетиш үчүн, алардын кимиси менен келишимибиз бар болсо, аны сакташыбыз зарыл. Анткени Аллах-Таала айтты:**" Аллах жана Анын элчисинин алдында мушриктер менен кандай келишим болушу мүмкүн?! Бирок аль-Харам Мечитинде силер менен келишим түзгөндөрдөн башкалары менен. Алар силерге (келишимде) бекем болушса, силер да аларга (келишимде) бекем болгула. Чындыгында, Аллах такыбаларды сүйөт."** (9:7)

Каапырлар менен болгон мамилесинде адамдар бул топторго бөлүнөт:

1) Алар менен кошо алардын майрамдарында, салтанаттарында жана ар кайсы ырым-жырымдарына катышкандар.

2) Аларга болгон мамилесинде чектен чыккандар. Аларды өлтүрүп, тоноп, алдагандар.

3) Ортоңку жолду кармангандар. Булар болсо Сүннөттү ээрчигендер.
Алар тиги каапырлардын ырым-жырымдарына жана ар кайсы майрамдарына катышышпайт, бирок ошону менен бирге аларга каршы чектен чыкпай, ортодо болгон келишимдерди бузуудан алыс. Биз аларды Таухидке чакыруубуз керек жана алар менен соода-сатыкта иштешүү уруксат.

## Төртүнчү амал

Кимде-ким Аллахтын элчисинин ﷺ жолунан башка бирөөнүн жолу туура деп ишенсе, же башка бирөөнүн өкүмдөрү Аллахтын элчисинин ﷺ өкүмдөрүнөн жакшыраак деп эсептесе - ал каапыр.

### Аллах-Таала түшүргөн нерсеге ылайык соттобогон иштердин түрлөрү:

1) Аллах-Таала түшүргөн мыйзамдар менен өкүм жүргүзүү жарабайт деп ишенип, Аллахтын мыйзамдарынан тагуттардын сотун жана ар кайсы ойлоп табылган сот ыкмаларын ыраа көргөндөр. Булар динден чыгара турган чоң каапырлыкты кылып жатышат. Аллах-Таала айтты: " Алар илимдүүлөрүн жана кечилдерин Аллахтан башка Эге (Кудай) кылып алышты." (9:31)

2) Аллах-Тааланын мыйзамдарын ишке ашыруу керек экенине бекем ишенип, мамлекетке дагы, элге дагы жакшы болот экенин билип туруп, бирок ошону менен эле өзүнүн каалоосун ээрчип, же бийликте калууну эңсеп, тагуттун мыйзамдарын ыраа көргөн болсо - анда бул динден чыгарбаган, кичи каапырлык (куфр дуна куфр) жана чоң бузукулук. Эгер ал бул мыйзамдарга баш ийип, мусулмандардын акысын бузса, анда ал заалым. Мындай адам чон каапырлыктын кырында турат.

## Бешинчи амал

Ким Аллахтын элчиси ﷺ алып келген нерсенин негизинде амал кылса да, бирок ошол эле убакытта аны (амалдарды) жек көрсө - каапыр болуп эсептелет.

### Ушул нерсе динден чыгараары тууралуу далил

Аллах-Таала айтты:
"Бул себеп: алар (каапырлар) Аллахтын жибергенин жек көрүшкөндүгүндө! Ошондуктан, Ал алардын амалдарын текке кетирди." Жана айтты: "Оо, жок! Сенин Эгеңе ант, алар өздөрүндөгү талаш-тартышка сени калыс кылмайынча момун боло алышпайт. Андан соң алар сен кылган өкүмгө каршы болушпайт, ага толугу менен моюн сунушат". Жаны дагы: "Аллах кимди туура жолго салгысы келсе, анын көкүрөгүн Исламга ачып коет. Ал эми кимди адаштыргысы келсе, анын көкүрөгүн көккө көтөрүлүп бараткан адамдыкындай кылып кысып салат. Аллах ишенгиси келбегендерди дал ушинтип жазалайт".

### Аллах ыраазычылык негизиндеги сүйүү жана жек көрүү.

Аллах ыраазычылык негизиндеги сүйүү жана жек көрүү милдет болуп эсептелет, ал турсун ыйман бутактарынын эң бекемдеринен болуп саналат.

### Аллах ыраазычылык үчүн эмнени сүйүш керек?

| | | | |
|---|---|---|---|
| Аллах ыраазы болгон амалдар, буга шариятта келген баардык амалдар кирет, мисалы, Таухид. | Ушул амалдарды кылган адамдарды. Мисалы: пайгамбарлар, элчилер, периштелер, сахабалар жана баардык жалгыз Аллахка сыйынгандар. | Аллах сүйгөн убакыттар, мисалы: Кадыр түн же түндүн үчүнчү бөлүгү. | Аллах сүйгөн жайлар, мисалы: Мекке, Медина... |

Эмнени Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жек көрүү керек?

| | | | |
|---|---|---|---|
| Аллах нааразы болуп жана ачуусун келтирген нерселер. Буга шариятта тыюу салынган нерселер кирет, мисалы, ширк(Аллахка сыйынууда шерик кошуу). | Ушул амалдарды жасаган адамдарды. Мисалы: Мушриктер (көп кудайчылар), мунафыктар (эки жүздүүлөр) жана шайтандар. | Аллах жек көргөн убакыттар, Күнгө сыйынып жаткан убакыт сыяктуу. | Аллах жек көргөн жайлар, ширк кылынып жаткан жайлар сыяктуу. |

Көп аял алуу сүннөтүн жек көргөн аял каапырчылыкка түшөбү?

Чындыгында, аял көп аял алуу шарият өкүмүн четке какпаса, бирок күйөөсү андан башка бирөөнү алышын каалабаса (ага болгон сүйүүдөн же кызганычтан), бул амалы үчүн аны жемелөөгө уруксат берилбейт.

## Алтынчы амал.

Ким Аллахтын элчиси ﷺ алып келген диндин бир нерсесин шылдыңдаса, же болбосо Аллахтын сыйлыгын(сообун) же жазасын(азабын) шылдыңдап, мазактаса - каапырчылыкка (куфрга) түшүп калат.
Буга далил Аллахтын айтканы: **" Эгерде алардан сурасаң, сөзсүз: " Биз жөн эле тамашалап, ойноп койдук", - дешет. Айткының: " Аллахты, Анын аяттарын жана Анын элчисин шылдыңдадыңарбы? Кечирим сурабагыла. Силер ыйманыңардан кийин каапыр болдуңар. Эгер Биз бир тайпаңарды кечирсек, башка бир тобуңарды күнөөсүнөн улам азаптайбыз."** (Ат-Тауба, аят 65, 66)

### ШЫЛДЫҢДОО, МАЗАКТОО

**Мунун мааниси жана шылдыңдап жатканга карата өкүм.**
Бул жерде шылдыңдоонун мааниси - мазактоо, келекелөө.
Динден болгон бир нерсени шылдыңдап же кемсинтип жаткан кишиге карата токтом төмөндөгүдөй:
Мындай киши, Исламга каршы күрөшүүнү өзүнө камтыган жана аны динден чыгара турган, чоң куфрга түшкөн каапыр болот. Мындай киши Тозок элдеринен болот, жана ал жакта түбөлүккө калат. Аллахтан мындай абалдан сактоосун суранабыз.
Динден болгон нерселерди кемсинтип, мазактап жатышканын угуп калган адам сөзсүз аларга каршы сөз айтууга, же болбосо ал жерден кетип калууга милдеттүү.
Ал эми ким алардын динди мазактап жатканын көрүп, аларды токтотпой, кайтарбай алар менен кошо отура берсе – ал дагы тигилер сымал өкүмгө кабыл болот.
Аллах-Таала айтты:
**" Эгер силер Аллахтын аяттарына каршы чыгып жана шылдыңдап жаткандарын уксаңар, алар башка сөзгө өтмөйүнчө алар менен бирге отурбагыла деп силерге Аллах Өз Китебинде түшүрдү эле. Антпесеңер, силер (да) алар өңдүүсүңөр." Албетте, Аллах эки жүздүүлөр менен каапырлардын баарысын тозокко жыйнайт!"** (4:140)

**Шылдыңдагандын тообосу төмөнкү шарттар менен кабыл кылынат.**

- Аллах-Таалага, Анын Улуулугуна ылайык мактоо - алкыш айтуусу керек.
- Шылдыңдап жаткан кездеги сөздөрүнөн кайтышы керек.
- Ал кишиде тообонун белгилери көрүнүп турушу керек. Жана биз анын чындап эле тообо кылганын билишибиз керек.

Ким Аллахтын элчисин ﷺ кемсинтип, мазактап алган болсо, кийин чын жүрөктөн Аллахтан кечирим сурап, тообо кылса - тообосу кабыл болот. Ошентсе да, падыша андай кишини бул кылыгы үчүн өлүм жазасына тартуусу керек.

**Эгерде инсандын сөздөрү көп маанилүү болуп, ичине мазактоо маанисин камтып калса, каапырчылыкка түшүп калабы?**

Мындай кишиге андай сөздөргө тыюу салынгандыгын түшүндүрүп, жеткириш керек. Эгерде тообо кылса, анда күнөө жок. Эгерде кайтпаса, бул нерсе менен казыларга (шариаттык сот) жана чоң аалымдарга кайрылыш керек.

## Жетинчи амал.

Сыйкыр, жана ошондой эле буга ысытма - суутма дагы кирет. Ким бул нерселерди аткарса же аны менен ыраазы болсо - каапырчылыкка түшөт. Буга далил Аллах-Тааланын сөздөрү: **" Алар (периштелер): " Биз сынообуз (азгыруубуз). Каапыр болуп калбагыла!" - деп айтмайынча, ал экөө эч кимге (сыйкырды) үйрөтүшкөн эмес."** (2:102)

### Сыйкыр.

**Сыйкырчынын белгилери.**

• Уруксат берилиши үчүн коюлган шариаттагы рукйанын (дем салуунун) шарттарын бузат б.а. аларга каршы иш кылат;
• Өзүнчө, айрым тамгаларды жазат, жана ачык эмес ( даана эмес, түшүнүксүз ) сөздөр менен сүйлөйт.
• Астрология менен алектенет, алаканга карап же кофенин тунмасына карап төлгө салат.
• Түйүндөрдү байлап аларга түкүрөт.
• Ысытма жана суутма деген иштерди кылат.
• Оорулуу адамга шариатка каршы иш жасоону буйруйт. Мисалы арам ишке барууну, намазды таштоону, же мал сойгондо Аллахтын ысымын атабоону.
• Энесинин ысымын сурайт.
• Өзүн кайыптан кабардармын дейт.

**Сыйкырдын орду (жобосу).**

Аллах-Тааланын сөздөрүнө карай, сыйкыр - бул чоң куфр (каапырчылык): "Алар (периштелер): " Биз сынообуз ( азгыруубуз, кызыктыруубуз ). Каапыр болуп калбагыла!" - деп айтмайынча, ал экөө эч кимге (сыйкырды) үйрөтүшкөн эмес." (2:102)

**Сыйкырчыга келген инсандын абалы.**

Бул жерде айтылып жаткан киши, мисалы: аны менен (сыйкырчы, көзү ачык, төлгөчү менен) чогуу отурган киши, же ага бирөөлөрдү жиберип турган киши, же ага кат жөнөтүп турган киши. Же болбосо жылдыз төлгө (гороскоп), же алаканга карай төлгө ачуу, же сандарды же календардын даталарына карап (мисалы туулган күн датасы), же кофе тунмасына карай төлгө ачуулар бар болгон гезит-журналдарды, телеберүүлөрдү жана сайттарды көргөн киши... Хадисте келгендей, жөн эле сыйкырчыга барган болсо, гороскоп окуган болсо буларга ишенбей эле (кызык үчүн мисалы) мындай адамдын намазы кырк күн бою кабыл болбойт.
Ал эми ким сыйкырчынын (көзү ачыктын, төлгөчүнүн) айткандарына ишенип алса, андай киши жөнүндө Аллахтын элчиси ﷺ мындай деди: **" Ким көзү ачыкка (же төлгөчүгө) келип, ага ишенген болсо, Мухаммадка түшүрүлгөн нерсеге каапыр болду."**
Бул жерден өзүнчө бөлө турган нерсе: эгерде адам компетенттүү болуп, ал сыйкырга тиешелүү тараптын анык жүзүн ачып, аларга жооп берип, амалдарын жалганга чыгаруу үчүн келген болсо, жогоруда айтылганга кошулбайт.

НУШРА. (Сыйкырдан дарылануу)
Бул сыйкырланып калган адамдан сыйкырды кетирүү.
Нушра экиге бөлүнөт:

**Уруксат болгон нушра.**
Бул шариаттык рукйа (дем салуу) менен, уруксат берилген дары-дармектер менен жана Аллахтан суронуу менен кетирүү.

**Харам болгон түрү.**
Бул сыйкырды башка сыйкыр менен кетирүү. Нушранын мындай түрү жөнүндө Аллахтын элчиси: **" Бул шайтандын иштеринен"**,- деп айткан.

**"Сыйкырды башка сыйкыр менен кетирүү боло берет", - дегендердин сөзүн жокко чыгаруу:**

• Бул иш Куранга, Сүннөткө жана бул үммөттүн алгачкылары болгон сахабалардын кылган иштерине каршы келет.
• Бул иште, Сүннөттө келгендей: Куран менен даарылануунуу жана Аллага кайрылууну таштоо бар.
• Бул иште сыйкырды жана сыйкырчыларды колдоо бар. Жана ошондой эле алардын мусулмандардын чөйрөсүндө жайылуусуна жардам берүүгө барабар.
• Жана бул иште Сүннөттө келген шексиз, ырасталган себептерди таштап, күмөндүү иштер менен даарылануу.
• А эгерде сыйкырланган адам сабыр кылып, чыдаса, хадисте келгендей - Бейиш менен сыйланат.
• Бул иш кишиде бар болгон сыйкырды кайра көбөйтөт.

## Сегизинчи амал

Мусулмандарга каршы мушриктерге жардам берүү жана колдоо. Алланын далил болчу сөзү: **"Силерден ким аларга дос болсо, анда ал ошолордон. Албетте, Аллах заалым коомду туура жолго баштабайт."**

**Мусулмандарга каршы мушриктерге жардам берүү**

Мусулман мушриктердин динине тиешеси жок экендигин жана алардын динине каапырчылык көрсөтүүгө милдеттүү, таухидди жолдоочулардан болуп, алардын динине сүйүү менен мамиле жасашы керек. Кимде - ким каапырчылыкты сүйсө, ага ыраазы болсо, ага же мушриктерге жардам берсе, ал адам каапыр болот жана анын иши динден чыгарып жиберүүчү чоң каапырчылыкка кирет.

**Каапырчылыкка жардам берүү экиге бөлүнөт:**

**Куфр менен ридда (динден кайтуу)**

Мусулмандарды жек көрүп, мушриктерди сүйүп, ошол эле убакытта мусулмандардын үстүнөн мушриктердин жеңишин каалап жардам берсе.

**Динден чыгарган каапырчылыкка кирбейт**

Эгерде берилген жардам мушриктерди сүйүп, мусулмандарды жек көрүүдөн эмес, кандайдыр бир дүнүйө пайда маселесинен болсо.

## Тогузунчу амал

Кимде - ким Хидр Мусанын шариятынан чыккан сыяктуу Мухаммаддын ﷺ шариятынан чыкса болот деген ишенимде болсо, каапыр болуп саналат.

Илим ээлеринин бир ооздон айткан чечимине ылайык кимде - ким Мухаммад ﷺ дын шариятынан жана дининен чыкса болот деген ишенимде болсо, адамды исламдан чыгарган чоң каапырчылыкка кирет. Андай адамга далилдерди келтирип, тообо кылууга чакырыш керек. Эгерде ал тообо кылбаса, бийлик ээси аны өлүм жазасына тартат.

Аллах-Таала айтты: "Айткын, о адамдар, албетте мен силердин баарыңарга жиберилген Алланын элчисимин" жана Алланын элчиси айтты: "Эгер боордошум Муса тирүү болгондо, жолумду жолдоого аргасыз болмок."
Мунун алдында көрсөтүлгөндөй ислам чыкырыгы жеткен Китеп ээлери да мушрик болгондуктан, ушул топко кирет.

**Хидр Мусанын ﷺ шариятынан чыкканбы?**

Хидр Мусанын ﷺ шариятынан чыккандыгын так көрсөткөн эч нерсе жок, а эгерде болгон болсо, ал Мусанын коомунан болгон эмес болгон.

Анткени буга чейинки ар бир пайгамбар өз элине гана жиберилген болсо, пайгамбарыбыз ﷺ баардык адамдарга жиберилген жана анын шариятынан чыгууга эч кимдин акысы жок.

## Онунчу амал

Алланын дининен, аны окуп-үйрөнүүдөн, ага ылайык амалдарды кылуудан баш тартуу. Муну Аллах-Тааланын сөзү далилдейт: **"Өз жаратканынын аяттары менен насыяттангандан кийин алардан жүз үйрүгөндөрдөн да заалым ким бар?! Ал бетте, биз мындай күнөөкөрлөрдөн өч алабыз."**

**Алланын дининен баш тартуу**

Алланын элчиси ﷺ айтты***: "Кимге Аллах жакшылык кааласа, динден түшүнүк берет",*** а кимге Аллах жакшылык каалабаса, динди изилдөөдөн, окуп-үйрөнүүдөн жүзүн бурат. Аллах-Таала айтты: **"Өз жаратканынын аяттары менен насыяттангандан кийин алардан жүз үйрүгөндөрдөн да заалимирээк ким бар?! Албетте, биз мындай күнөөкөрлөрдөн өч алабыз."** а күнөөкөрлөр - тозок жашоочулары,

Динден баш тарткандардын абалы

Эгерде адам Алланын элчисинен кулагын жана жүрөгүн бурса, аны жалганга чыгарбай, бирок, ыйман да келтирбей, аны сүйбөй, же жек көрбөй, ал эмне менен жиберилген болсо эч бирине таптакыр баш ийбесе - динден чыгарчу чоң каапырчылыкка түшөт. Алла-Таала айтты: **"Качан аларга: "Алла түшүргөн нерсеге жана пайгамбардын үгүттөрүнө келгиле делинсе, бул эки жүздүүлөрдүн сенден катуу баш тартканын көрөсүң."** жана да **"Кимде - ким өз Жаратканынын эскертүүлөрүнөн баш тартса, Ал аны катуу азапка салат."**

## Автордун чыгарган жыйынтыктары.

Бул иштерди тамашалап болобу, чындапбы же корккондон улам жасаган болобу, баарысында айырма жок. Бир гана мажбурланып, зордолгон абалда жасагандан башкасы.

Жана дал ушул иштер эң коркунучтуу жана эң эле көп кездешкен иштерден болуп эсептелет. Ошондуктан мусулман бул иштерден алыс болуп, буга түшүп калуудан сактанышы керек.

Аллахтан Анын каарына жана катуу азаптарга себеп болгон нерселерден сактоосун тилейбиз. Аллахтын салам жана салаваттары жаралгандардын мыктысы болгон, Мухаммадка болсун. Жана анын сахабаларына жана аларды ээрчигендерге болсун.

Бул иштерди төмөндөгүдөй акыбалдарда кылса баарысынын өкүмдөрү бирдей

**Коркуу (Коркоктук)**
Эч ким зордоп, кыйнабаса деле, " менин акыбалым, же менин мал-мүлкүм зыянга учурап калбасын" деген жалган актануулар менен бул иштерге баруу.
Аллах-Таала айтты: " Адамдардын ичинде: " Биз Аллахка ишенебиз", - дегендер бар. Качан аларга Аллахтын жолунда зыян жетсе, адамдардын сыноосун Аллахтын жазасындай көрүшөт. А Эгеңден жеңиш келген кезде алар: "Биз силер менен болгонбуз" - дешет. Чын эле Аллах адамдардын көкүрөгүндө эмне бар экенин жакшы билбейби?!"

**Чындап, атайлап кылса**
Эгерде кимдир - бирөө бул иштердин бирөөсүн атайлап, ниеттенип кылса - анын актана турган эч нерсеси жок.

**Тамашалап**
Булардын бирин кылган соң, тамашалап эле кылгам деген болсо – бул актануусу кабыл болбойт.

**Мажбурлануу**
Динден чыгара турчу амалдардын бирөөсүн кылууга кыйнап-зордоо менен мажбурланган болсо, мындай киши каапырчылыкка түшүп калбайт.
Зордук-зомбулук себептүү каапырчылыктан актала турган төмөнкү шарттар бар:
1) Ал чындап эле кыйналып-зордолгон болуусу. Ошондуктан зордолбогондон башкасы акталбайт. Мисалы ал жөн эле корккондон улам, же сактык максатында кылган болсо.
2) Зарылчылыктын чегинен чыкпоосу. Мисал үчүн, бирөөнү кемсинтүү (мисалы: пайгамбарлар же периштелер) каапырчылык болуп эсептелген амалды бир жолу аткар деп мажбурланган болсо, анын ордуна бирден ашык жолу кемсинтип салса - бул каапырчылык (куфр). Анткени ал бир гана жолу кемсинтүүгө мажбурланган.
3) Ал колунан келишинче ачык каапырчылыкты айтуудан качуусу керек.
4) Анын жүрөгүндө бекем ыймандын болуусу. Башкача айтканда, ал каапырчылык сөзүн тили менен гана айтуусу, ал эми жүрөгүндөгү ыйманы бекем бойдон калуусу.
5) Ал мажбурланып жаткан иштин башкаларга зыяны тийбеши керек, же башкалардын адашуусуна себеп болбошу керек.

## Маанилүү эскертүүлөр

**Биринчиден:** бул китепти жазууда, китептин автору мусулмандарды каапырчылыкта айыптоону максат кылган жок. Тескерисинче, анын максаты элдерди үйрөтүү. Алар бул иштерди окуп-үйрөнүп, андан соң бул иштерден сактануусу үчүн.
Эгерде алар бул иштерден сак болушса, алардын ыймандары ырас болуп, катуу азаптан кутулушат.
Жана ошондой эле мусулмандар өздөрү дагы бул иштерден башка мусулмандарды алдын ала сак болууларын эскертүүлөрү керек, анткени бул өтө кооптуу иштер. Аларды изилдеп, андан кийин аларга түшүп калуудан абайлоо зарыл.

**Экинчиден:** Ширктен чындап сактануу үчүн ар бир мусулман диний илим алууга милдеттүү. Аллахтын элчиси ﷺ : " Кимге Аллах жакшылык кааласа, динден ага түшүнүк берет", - деп айткан. Динди түшүнүү бул эң маанилүү жана улуу милдеттерден. Анткени, адам баласы ушул түшүнүү менен ширктен, бидааттардан жана күнөөлөрдөн коргонот. Адам баласы өз Жаратканын көбүрөөк тааныган сайын, ошончолук деңгээлде өз амалдарында жана акыбалдарында Аллах аны карап турганын (муракаба) сезип турат. Илиминин деңгээли канчалык жогорулаган сайын, ошончолук Аллахтын астында ыкластуу болот. Жана ыйманы дагы ошончо толукталат.
Кээ бир илим ээлери мындай деп айтышкан: "(Илим алуунун башында ыкластуулук болбогондугу үчүн) илим алуубуз Аллах үчүн болгон эмес, убакыт өтүп (илим көбөйгөн сайын ыкластуулукту түшүнүп) эми илим алуубуз бир гана Аллах үчүн болуп калды”

**Үчүнчүдөн:** Кайсы бир инсандын каапыр болгондугу жөнүндө, ал киши чын эле динден чыгара турчу амалды кылгандыгын тастыктамайынча, ага далилдерди жеткирмейинче жана бул чечимге тоскоол болгон тоскоолдуктарды кетирмейинче, чечим чыгарганга уруксат эмес (болбойт). Мындай токтом чыгарууга мусулмандардын арасындагы эл башчы, же болбосо шариаттык соттор (казы) жана алардын деңгелине жеткендер гана укуктуу. Жөнөкөй мусулмандардын бул маселелерди талкуулоосунун кереги жок.

**Төртүнчүдөн:** Автор өзүнүн эмгегин: " Аллахтан Анын каарына жана катуу азапка себеп боло турчу нерселерден сактоосун тилейбиз" , - деген сөздөр менен аяктады. Бул нерсе анын ак ниетин жана окурманга жакшылык каалаганын көрсөтүп турат. Бул анын баардык китептеринде кездешкен адаты. Аллах-Таала аны Өз мээримине алсын, күнөөлөрүн кечирсин. Жана аны көптөгөн сыйлыктар менен кубантсын.

## Өзүңдү текшер!

**Бош орундарга жазып төмөнкү суроолорго жооп бер!**

1.Эмнеге китеп жазуучулар китептерин "бисмиЛла" менен башташат?
1) ..........
2) ..........
3) ..........
4) ..........

2. "Исламдан чыгаруучу амал" деген эмне?
..........
..........

3. Эмнеге аалымдар кээде "Исламдан чыгаруучу амал", а кээде "Исламды бузуучу амал" дейт?
..........
..........

4. Бул амалдар боюнча аалымдар бир ой-пикирдеби?
..........
..........

5. Ушул эле амалдар менен чектелеби?
- Ооба, чектелет - Жок, чектелбейт - Бир сан менен чектелбейт, бирок жалпысынан бир нече түргө бөлүнөт

6. Эмнеге автор булардан оноо деди?
..........
..........

7. Куран-Суннөттө кайсы бир сан менен амалдар чектелип аталса, ушул менен эле чектелет экенин билебизби же андан деле көп болушу мүмкүнбү?
..........
..........

8. Эмнеге анда амал чектелбеген болсо, бир сан менен аталып келет?
..........
..........

9. Бир сан менен келип жана ал менен чектелген амалдын мисалын келтир
..........
..........

10. Бир сан менен келип жана ал менен чектелбеген амалдын мисалын келтир
..........
..........

11. Исламды бузуучу амалдар ондон дагы көппү? Автордун ой-пикири кандай?
..........
..........

12. Автордун кайсы сөзүнөн алынат?
..........
..........

13. Бул амалдарды кандайдыр-бир чектесе болобу?

..........
..........

14. Жалпысынан кандай түрлөргө бул амалдарды бөлсө болот?
1) ..........................................................................................................
2) ..........................................................................................................
3) ..........................................................................................................
4) ..........................................................................................................

15. Эмнеге биз мынча “Исламды бузуучу амалдарды” үйрөнүп жатабыз?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

16. Автордон башка дагы бирөө бул темада китеп жазды беле?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

17. Амал менен амалды кылуучуну айырмалашыбыз керекпи?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

18. Бул айырмалоонун себеби эмнеде?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

19. Адамдарды каапырлыкта айыптоо автордун максатыбы?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

20. Бул иштерди билген мусулман эмне кылганга милдеттүү?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

21. Бул китепте ширктин кайсы түрү боюнча автор айтып жатат?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

22. Чоң менен кичине ширктин айырмалары?
..........................................................................................................
..........................................................................................................
..........................................................................................................
..........................................................................................................
..........................................................................................................

23. Чоң ширк кылгандын тообосу кабыл болобу? Жана качан кабыл болбойт?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

24. Кайсынысы оорураак: Чоң күнөө же кичине ширк?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

25. Бир амал чоң күнөө экенин кантип билебиз?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

26. Чоң күнөөлөр белгилүү бир сан менен чектелүүбү?
..........................................................................................................
..........................................................................................................

27. Чоң күнөө кылган адамдын өкүмү кандай? Аны сүйүү керекпи же жек көрүүбү?

..........................................................................................

..........................................................................................

..........................................................................................

..........................................................................................

28. Чоң күнөөлөргө батып жүргөн менен чогуу отуруу уруксатпы?

..........................................................................................

..........................................................................................

29. Чоң күнөөлөрдүн ар кандай даражалары болобу? Болсо, далили кайсы?

..........................................................................................

..........................................................................................

30. Чоң күнөөлөр жакшы амалдарды кылса кечирилеби же аларга өзүнчө тообо кылыш керекпи?

..........................................................................................

..........................................................................................

31. Арам амалдардын канча түрү болот?

..........................................................................................

..........................................................................................

32. Мал союунун түрлөрүн атап берсеңиз

1) ..........................................................................................
2) ..........................................................................................
3) ..........................................................................................

33. Кандай учурда малды союу чоң ширк болот?

..........................................................................................

..........................................................................................

34. Шапааттын түрлөрүн атап бериниз

1) ..........................................................................................
2) ..........................................................................................
3) ..........................................................................................

35. Тобокел кылуу (тауаккуль) деген эмне?

..........................................................................................

..........................................................................................

36. Тобокел кылуунун түрлөрүн атаңыз?

1) ..........................................................................................
2) ..........................................................................................
3) ..........................................................................................

37. "Мен баланчага тобокел кылам", же болбосо " мен Аллахка, андан кийин баланчага тобокел кылам", - десе болобу?

- Уруксат - Уруксат эмес

38. Мындай учурда кантип айтуу уруксат?

..........................................................................................

..........................................................................................

39. Мушриктер каапыр экендигине далил кайсы? Жана аларга китеп ээлери киреби, жокпу?

..........................................................................................

..........................................................................................

40. Алар мушрик болсо, биз алар менен биздин ортобуздагы келишимдерди аткарбай койсок болобу?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

41. Адамдар каапырлар менен болгон мамилесинде үчкө бөлүнөт:
1) ..........................................................................................................................................
2) ..........................................................................................................................................
3) ..........................................................................................................................................

42. Аллах түшүргөн нерсе менен соттобогон сот иштеринин түрлөрү:
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

43. Аллах-Таала үчүн эмнени сүйүп, эмнени жек көрүү керек?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

44. Аллах үчүн болгон сүйүүнүн өкүмү кандай?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

45. Аллахтын актын динин бир нерсени шылдыңдап, кемсинтүүчү каапырлыктын кандай түрүн кылып жатат?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

46. Ал шылдыңдап, мазактоочунун тообосу кабыл болобу? Кабыл болсо, кандай шарттар менен?
1) ..........................................................................................................................................
2) ..........................................................................................................................................
3) ..........................................................................................................................................

47. Аллахтын элчисин ﷺ шылдыңдагандын өкүмү кандай?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

48. Мындай шылдың, мазактарды уккандын өкүмү кандай?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

49. Сыйкырчылардын каапыр экендигинин далили кайсы?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

50. Сыйкырчынын белгилери кандай?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

51. Сыйкырчыга же "көзү ачыкка" келген кишинин өкүмү кандай?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

52. "Сыйкырчыга келүү" сөздөрү өзүнө дагы эмнелерди камтыйт?
..........................................................................................................................................
..........................................................................................................................................

53. Нушранын (сыйкырды кетирүү) түрлөрү кандай болот?
1) ..........................................................................................................................................
2) ..........................................................................................................................................

54. Сыйкырды башка сыйкыр менен кетирсе боло берет дегендердин сөздөрүнө кантип жооп беребиз?
1) ..................................................................................................................................
2) ..................................................................................................................................
3) ..................................................................................................................................
4) ..................................................................................................................................
5) ..................................................................................................................................
6) ..................................................................................................................................
7) ..................................................................................................................................
8) ..................................................................................................................................

55. Мушриктерге жардам берүүнүн өкүмү кандай?

..................................................................................................................................

..................................................................................................................................

56. Мухаммаддын ﷺ шариатынын чектеринен кимдир - бирөө чыгып кете алабы?

..................................................................................................................................

..................................................................................................................................

57. Хадыр Мусанын шариатынын чегинен чыкты беле?

..................................................................................................................................

..................................................................................................................................

58. Динден баш тартуунун ( жүз буруунун ) өкүмү кандай?

..................................................................................................................................

..................................................................................................................................

59. "Коркконунан улам" деген автордун сөздөрүнүн мааниси кандай эле? Ал "кыйнап-зордолгон" деген мааниде айтып жатты беле?

..................................................................................................................................

..................................................................................................................................

60. Кайсыл шарттарды аткарса, кыйналып-зордолгон адам ошол себептүү акталат:
1) ..................................................................................................................................
2) ..................................................................................................................................
3) ..................................................................................................................................
4) ..................................................................................................................................
5) ..................................................................................................................................

61. Автор өз китебин эмне себептен дуа менен бүтүргөн?

..................................................................................................................................

..................................................................................................................................

62. Мусулман кандай жол менен ширктен качып, сактануусу керек?

..................................................................................................................................

..................................................................................................................................

## КИТЕПТИН МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| 1 | **Үч негиз (Кабырда бериле турган суроолорго жооп)** | 3 |
| | Эмне үчүн Таухидди үйрөнөбүз? | 4 |
| | Ширктин коркунучу | 5 |
| | Таухид деген эмне? | 6 |
| | Төрт маселе | 10 |
| | Дааваттын шарттары | 11 |
| | Үч маселе | 14 |
| | Мусулман эместерге болгон мамилебиз | 17 |
| | Үч негиз. Биринчи негиз | 19 |
| | Ибадаттын түрлөрү | 21 |
| | Экинчи негиз. Ислам | 28 |
| | “Ла илааха илЛаллах” (туура мааниси) | 29 |
| | “Мухаммад расулуЛлах” | 31 |
| | Ыйман | 33 |
| | Ихсан | 37 |
| | Үчүнчү негиз | 41 |
| | Акыр сөз | 46 |
| | Китептин таблицасы жана экзамени | 49 |
| 2 | **Төрт эреже (Ширк менен Таухидди айырмалоочу)** | 54 |
| | Бактылуулуктун белгилери (Киришүү) | 58 |
| | Сабыр кылуу | 61 |
| | Төрт эреже | 62 |
| | Китептин таблицасы жана экзамени | 68 |
| 3 | **Исламды бузуучу амалдар** | 72 |
| | Өзүңдү текшер! | 95 |

الطَّبعة الأولى
Биринчи басылма (2019 ж.)

جميع الحقوق محفوظةٌ

Баардык укуктары сакталган

إلا من أراد طبعة أو ترجمة لتوزيعه مجَّانًا بعد مراجعة المؤلف

Ким бул китепти басып чыгарууну жана кийинки бекер таратуу үчүн которууну кааласа автордун текшерүүсүнөн кийин гана кылса болот.

الرجاء التواصل على:

Автор менен байланышуу үчүн бул почтага жазыңыздар:

islamtorrent@gmail.com

- Sarhaan.net - шейх Хейсам Сархан жетектеген сайт (араб тилинде);
- telegram.me/attasseel_kyrgyz – Кыргыз тилиндеги шейх Хейсам Сархандын «Telegram»-дагы каналы.
- attasseel-alelmi.com/ru–"Ключи Знания" аттуу шейх Хейсам Сархандын орус тилиндеги сайты;

Эгерде каталар табылган болсо биздин электрондук почтага жазып коюуңузду өтүнөбүз:

kamchybek93@gmail.com


IMAM ABU AL-HUSAYN MUHAMMED IBN ABDI AL-WAHHAB, IBN SULAYMEN TAMIMMI
Gratuit
CELE TREI PRINCIPII FUNDAMENTALE
ترجمة شرح الأصول الثلاثة للشيخ هيثم سرحان حفظه الله
باللغة الرومانيّة
Explicarea Celor Trei Principii Fundamentale de către
Sheikh Haytem bin Muhammed Jamil Sarhan
fost profesor la școala de la Masjid Al Nabawi
www.attasseel-alelmi.com
وقف لله للتوزيع المجّاني


وقف برای الله تعالی
فروش جایز نیست
مترجمة
باللغة الفارسية
شرح سوال‌های
سه‌گانه قبر
قواعد چهارگانه
نواقض اسلام
درس‌های مهم برای عموم امت
شرح دهنده شیخ
هیثم بن محمد جمیل سرحان
مدرس سابق دانشکده حرم مسجد نبوی


شرح ثلاثة الأصول والقواعد الأربع
والدروس المهمة لعامة الأمة
باللغة الروسية
РАЗЪЯСНЕНИЕ ПОСЛАНИЙ
«ТРИ ОСНОВЫ»
«ЧЕТЫРЕ ПРАВИЛА»
«ВАЖНЫЕ УРОКИ ДЛЯ ВСЕЙ МУСУЛЬМАНСКОЙ ОБЩИНЫ»
ШЕЙХ ХЕЙСАМ ИБН МУХАММАД ДЖАМИЛЬ САРХАН
Да сохранит его Аллах
ВАКУФНОЕ ИМУЩЕСТВО
НЕ ДЛЯ ПРОДАЖИ
1437 г. х. (2016 г.)


وقف لله وللتوزيع المجاني
FREE DISTRIBUTION ONLY
مُذَكِّرَة
في علم العقيدة والفقه والسيرة والتفسير
GATEWAY TO UNDERSTANDING AQĪDAH, FIQH, SĪRAH & TAFSĪR
Shaykh
Haytham ibn Muḥammad Sarḥān
TEACHER IN AL-MASJID AN-NABAWĪ, PROPHETIC CITY OF MEDINA
Compiled by
Abul Abbaas Naveed Ayaaz
GRADUATE FROM THE ISLĀMIC UNIVERSITY OF MEDINA
النشاطات السلفية ببريطانيا
SalafiEventsUK



وقف لله تعالى
INTERDIT A LA VENTE
اللغة الفرنسية
LE FRANÇAIS
L'EXPLICATION DES
TROIS QUESTIONS
DE LA TOMBE
شرح أسئلة القبر الثلاثة
Suivi de
L'EXPLICATION
DES QUATRE REGLES
شرح القواعد الأربع
Cheikh Haytham Mohammad Jamil Sarhan
لفضيلة الشيخ : هيثم محمد جميل سرحان




La spiegazione di
"I Tre Fondamenti e le
loro p
Shaykh Haytham Sarĥān
A suffragio di `Abdi Llāh Ibn Khālid Al Hail,
che Iddio abbia di lui misericordia.
Copia gratuitata, non è consentita la vendita.
في ثواب عبدالله بن خالد الهيل" رحمه الله تعالى"




مُتُونُ
طَالِبِ الْعِلْمِ
اعتنى بها فريق موقع التفريغ
http:// www.attafreegh.com
بإشراف فضيلة الشيخ
هيثم بن محمد جميل سرحان حفظه الله




De Tre Grunderna
Shaykh-ul-Islam Mohammed Ibn Abdil-Wahhab (d. 1206 H)
&
Viktiga Lektioner för den Muslimska Nationen
al-Imam Abdul Aziz Ibn Abdillah Ibn Baz (d. 1420 H)
I Allahs namn, Den Nådrike, Den Benådande


তিনটি মূলনীতি ও তার প্রমাণপঞ্জি
এবং
চারটি নীতির ব্যাখ্যাগ্রন্থ
মূল লেখক
শাইখুল ইসলাম মুহাম্মাদ বিন আব্দুল ওয়াহহাব
(রহিমাহুল্লাহ)
ব্যাখ্যাকার :
শাইখ হাইছাম বিন মুহাম্মাদ জামিন সারহান
শিক্ষক: মা'হাদুল হারাম,মাসজিদ নাববী, মাদীনা
বাংলা ভাষান্তর :
কাওসার এরশাদ
অধ্যায়নরত
মাদানী ইসলামী বিশ্ববিদ্যালয়


شرح
ثلاثة الأصول وأدلتها
والقواعد الأربع
لإمام الدعوة الشيخ
محمد بن عبد الوهاب بن سليمان التميمي
رحمه الله وأسكنه فسيح جناته
شرح فضيلة الشيخ
هيثم بن محمد جميل سرحان
المدرس بمعهد الحرم بالمسجد النبوي سابقًا
المشرف على موقع التأصيل العلمي
http://attasseel-alelmi.com
غفر الله له ولوالديه
ولمن أعانه على إخراج هذا الكتاب


Makalah Akidah dan Tauhid
Penyusun:
Syaikh Haitsam bin Muhammad Jamil Sarhan
Pengajar di Ma'had al Haram Masjid Nabawi
Penerjemah :
Ahmad Laode, Lc
Wakaf di Jalan Allah ta'ala
www.attasseel-alelmi.com


Libri i
Teuhidit dhe Akides
Shejkhu i nderuar:
Hejthem Serhan
Gjurmet e Dijes
Tri parimet
الأصول الثلاثة
Katër rregullat
القواعد الأربع
Mësime të rëndësishme
الدروس المهمة
Mblodhi dhe përktheu:
Firdeus Ilir Çorja
www.attasseel-alelmi.com